Siyasal bir organizasyon olarak devletler; yasama, yürütme ve yargı organları ile devletin siyasi, sosyal ve ekonomik hayatını düzenleyen usul ve esaslara göre kurulur. Ayrıca devleti oluşturan temel unsurlardan; *millet, ülke ve egemenliğin* olmaması halinde siyasi manada bir teşkilattan da söz edilemez. Türklerde Teşkilat fikrinin doğması, gelişmesi milat öncesi devirlere kadar uzanır. Atlı-göçebe kültür hayatının gereği olarak, sürülerini besleyebilme, koruyabilmek için yaylak-kışlak arasında sürekli hareketlilik esastır. Bu yüzden gerek sürülerin sevk- idaresi, otlaklara ulaşabilme çabaları ve gerekse can-mal emniyeti endişesiyle erken çağlarda aralarında dayanışma ve işbirliği yanında mücadeleler de eksik olmamıştır. Bu durum, Türk halklarını erken tarihlerde, dayanışma, işbirliği yanında hükmetme ve emretmeye de hazırlamıştır. Bilhassa Türk halklarının *at'ı* ehlileştirme ve binit olarak kullanmaları, onları diğer toplumlardan avantajlı konuma taşımıştır. Türk devletlerinin geniş bir coğrafyaya ve farklı halklara hükmedebilmeleri güçlü bir siyasi teşkilatlanma ile mümkün olabilirdi. İlk örneğini Büyük Hun Hakanı Mete'de gördüğümüz bu uygulama, bir gelenek halinde değişerek-gelişerek süregelen bir devlet geleneğinin ifadesidir. Eskidünya olarak adlandırılan Asya-Avrupa coğrafyasında birçok toplumlar henüz devlet düşüncesinden habersiz olduğu çağlarda Türk halkları arasında ilk örneğini Mete Han'da gördüğümüz sağlam, tutarlı ve sürekli gelişen ve değişen bir devlet düşüncesinden söz edilebilir. Böyle bir devlet düşüncesi, Türk devletlerinin hayatında bir gelenek halinde ve töre halinde binlerce yıldan beri süregelen bu uygulamayı *Türk devlet geleneği* olarak tanımlıyoruz.

Türk devlet düşüncesinin, evrenselliği konusunda Göktürk Kitabelerindeki ifadeler ne bir destanî bilgi ve ne de bir yabancı kaynak değil, doğrudan doğruya Türk halklarının bugüne kadar bilinen en eski yazılı milli kaynağıdır. Göktürk Devleti'nin kuruluşu ile ilgili olarak Bilge Kağan kitabesinde;"*Gök Tanrı Türk milletinin adı sanı yok olmasın diye babam kağan ile anam Hatun'u yükseltmiş; şimdi ben de tahta çıktım. Aç ve çıplak halkın kağanı oldum, Türk milleti için gündüz oturmadım; gece uyumadım; ölesiye çalıştım."*Aynı şekilde,"*Gök Tanrı yardım ettiği için ölgün halkı diriltim. Çıplak halkı giydirdim; yoksul halkı zengin ettim. Nüfusu az milleti çoğalttım"*, sözleriyle yüksek bir milli şuur sahibi olduğunu göstermektedir. Türk devlet düşüncesinin semavi kaynaklı olduğuna dair kitabede; *"Gök Tanrı istediği için tahta oturdu; dört yandaki ulusları düzene soktum"* ifadesiyle de egemenliğin Gök Tanrı'dan geldiğini ifada etmiş oluyordu. Göktürk Kağanı;"*Ben Tanrı gibi gökte yaratılmış, Türk Bilge Kağan, tahta oturdum*(Aslan 1984: 98).Egemenliğin Gök Tanrı ile ilgili ve kaynağının da yine gökte olduğu yönündeki düşünce ve bu doğrultudaki uygulamalar, zaman ve zemine bağlı olarak gelişerek devam etmiştir. Nitekim Türkiye Cumhuriyeti Devleti'nin kurucusu Gazi Mustafa Kemal Atatürk'ün "Atatürk İlkeleri olarak XX. Yüzyılda uygulamaya koymuş olduğu esaslar da söz konusu devlet geleneğinin çağdaş manadaki bir yorumu olarak değerlendirilebilir.

Türk devletlerinin bir diğer ortak paydası da, Cihan hâkimiyeti düşüncesi olarak tanımlanmaktadır. Zira tarihî Türk devletlerinin birçoğundadestanlara yansıdığı gibi, Selçuklu ve Osmanlılarda olduğu gibi tarihî rüya veya menkıbelerle dünden-bugüne devam etmiştir. Selçuklulardaki *cihan hâkimiyeti* düşüncesi; Selçuk Bey'in babası Dukak, rüyasında göbeğinden üç ağacın çıktığını, her tarafı saran dallarının göklere yükseldiğini görmüştü. Korkut Ata da bu rüyayı, evlatlarının cihan padişahı olacağı şekilde yorumlamış ve müjdelemişti. Aynı durum, Osmanlı Devleti'nin kurucusu Osman Gazi'nin rüyası da Türklerdeki *cihanhâkimiyeti* düşüncesi ile ilgilidir. Rivayete göre, Osman Gazi, şeyhi Edebalı'nın zaviyesinde konuk olduğu bir sırada, rüyasında şeyhin kucağından çıkan bir ay kendi koynuna girer. Bunun üzerine Osman Gazi'nin göbeğinden bir ağaç yükselir ve dalları dünyayı sarar, Rüyayı dinleyen Şeyh Edebali Osman Bey'e: *Padişahlık sana ve nesline mübarek olsun ve kızım Mal-hatun da seninhelalin olsun* der. Böylece Osman Gazi Şeyh'in damadı olur ve Osmanlı Devleti'nin de cihana hâkim olacağı düşüncesi gönüllerde yer eder (Köprülü, 1935: 32). Türk halklarının tarihî süreçte kurmuş oldukları siyasi teşekküllerin *evrensel bir hâkimiyet düşüncesi* merkezli olmaları bir tesadüfün sonucu değildir. Zira siyasi teşekküllerin yapısı ve hâkimiyet düşünceleri, devletlerin banisi olan milletlerin kültürleriyle de doğrudan ilgilidir.Türk halkları için kültürel bakımdan, *atlı-göçer evli kültür*

ortak payda konumunda olduğu için,Türk halklarının farklı zamanlarda ve zeminlerde kurmuş oldukları siyasi teşekküller bakımından *evrensel hâkimiyet düşüncesi* benzer özellikler taşımaktadır.Türk tarihinin farklı zaman dilimlerinde,değişik coğrafyalarda kurulmuş olan Türk devletleri arasında, tarih bakımından en eski olan Hun devletinde hakanın unvanı Gök Tanrı'nın tahta oturttuğu *Tanrı Kut'u=Tan-hu* -Şan-yu'su iken Avrupa Hunlarında da Attila'nın,Tanrı tarafından dünyanın hükümdarı olarak gönderilmiş olduğuna inanılırdı (Turan, 1988: 83).Göktürk hükümdarı Bilge Kağan'ın, *Tanrı yarlıkverdiği için özüm tahta oturdum,...Tanrı'ya benzer,Tanrı'da olmuş Türk BilgeKağan,Babam kağan ile anam hatunu Tanrı tahta oturttu*. (Orkun, 1987:I D 25). Mealinde taşa vurulmuş olan bu sözler Göktürk kitabelerinin ağırlıklı olarak konusudur. Türk devletleri arasında Uygur hakanlarının unvanlarında söz konusu evrensel hâkimiyet düşüncesi daha da net olarak görülmektedir.Uygur Türk Devleti'nin önde gelen hükümdarlarından Bayan-Çur Kağan tahta geçince *Tengri de bolmuş,il itmiş Bilge Kağan*=Gökte doğmuş,devlet idare etmiş bilgili kağan= unvanını almıştı. Aynı şekilde Uygurlara ait Karabalasagun Yazıtı'nda, Uygur kağanlarının unvanları, *Tengri de kut bulmuş=hükümdar olma şansını ve buyruğunu gökte bulmuş* sözleri ile başlamaktadır. (Ögel, 1987: 181). Avrupa Hun Devleti'nin dağılmasından sonra, Orta Avrupa özellikle de Tuna havzasında kurulmuş olan Tuna Bulgar Türk Devleti'nin hükümdarları için *Tanrıya benzer, Tanrı tarafından tahta oturtulmuş Melemir,* sözleri de diğer Türk hakanları için söylenmiş olan sözlerle örtüşmektedir (Ögel, 1998: 164–170). Cengiz Han'ın kurmuş olduğu devletin kurucu ve üst düzey -*askerî, hukuki*- alandaki yöneticilerinin genelde Moğol olduğu devletin de karakteristik özelliği Türk devlet geleneği merkezli bir yapılanma olmasıdır. Bu yüzden bu devlet için *Moğol-Türk İmparatorluğu* ifadesi kullanılmaktadır. Burada da *hâkimiyetin evrenselliği* ve kaynağının semavi olduğunu *Mengü Tengri Küçündür=Ebedi Tanrı'nın gücüyle* sözleri açıklamaktadır (Moğolların Gizli Tarihi, 1948*:* 136). Bu tabir için "Cengiz Han'ın besmelesi" ifadesi kullanılmış, Moğol devletine ait mühürlerde ve vesikalarda, Moğol hanlarının unvan olmuştur.

Nitekim Büyük Hun hakanı Mete Han, vatan toprağı konusunda, "*Atalarımdan kalan toprağı, kimseye veremem"* demiştir. Zira Devlet ve Kağan*, "Türk'ün yer ve sularının sahibi, sorumlusu*"idi. Devlet'in dağılması, kağanların basiretsizliği Türk'ün yer ve sularının dağılmasına sebep olabiliyordu. Tonyukuk'un yazıtında; "*Türk birleşik milletinin yerinde, ben olmasaydım, ne boy, ne millet, ne kişi ne de hakan kalmış olacaktı*" sözleriyle Göktürk Devleti'nin baş veziri söz konusu kutsalların koruyucusu, sorumlusu ve hatta sahibi olarak görülmektedir. Kültegin yazıtında da, "*Devleti idare edecek yer*, *Ötügen ormanı imiş*", sözleriyle Ötügen'in Göktürkler için kutlu olduğunu, Türk halkının Ötügen merkezli olarak yaşaması konusu sık sık vurgulanmaktadır. Göktürk kitabelerindeki kayıtlara göre, Altay, Tanrı ve Köğmen vb. dağların kutluluğu ve vatan toprağının ulu temsilcileri olarak görülür (İnan, 1968: 404, 417). Bilge Kağan kitabelerindeki sözler de aslında kağanın milletine bir tür vasiyeti niteliğindedir. Kitabede de*; "Türk kağanından, beylerinden, bu yerinden bu suyundan ayrılmazsan! Türk milleti! Kendin, iyilik göreceksin! Evine döneceksin, gireceksin! Sıkıntısız, bunalımsız olacaksın"* sözleri ile Türk halkının yaşayabilmesi, ayakta kalabilmesi ve özgür olabilmesi için evi, yurdu yani vatanının olmazsa olmazı olduğu ifade edilmektedir (Ögel, 1987: 418, 419). *Tanrı, buyurduğu için, devletim, kısmetim var olduğu için, ölecek milleti diriltip besledim. Çıplak milleti elbiseli kıldım. Az milleti çok kıldım, değerli illiden, değerli kağanlıdan daha iyi kıldım. Dört taraftaki milleti hep tâbi kıldı, düşmansız kıldım. Hep bana itaat etti"* (Ergin, 1999: 43). Sözleriyle Türk kağanının görevleri doğrultusunda hayata geçirmiş olduğu hizmetleri zikredilmiştir.

Tarihî Türk devletlerinde, *Kağan* unvanını Tanrı tarafından kutlu kılınmış yani seçilmiş bir soydan gelenler kullanabilirlerdi. Bu yüzden hakanlık konumundaki bütün Türk ve Moğol hanedanları meşruiyetlerini sağlayabilmek için kendilerine gerçek, bazen de gerçek olmayan bir soya bağlama ihtiyacı duymuşlardır. Nitekim Hunlarda *Tu-ku,* Göktürklerde *Aşina*, Oğuz Türklerinde Oğuz Han'a bağlayan hanedanlar kendilerini müşterek bir ata'ya bağlamış oluyorlardı. Zira Oğuz Han destanının aslında Mete Han'ın hayatı, devlet adamlığı ve savaşlarından ibaret olduğu, böylece tarihî şahsiyet Mete Han, destan kahramanı Oğuz Kağan ile aynı kimse olduğuna dair görüşler mevcuttur (Turan, 1998: 81). Moğol imparatorluğunun kurucusu Timuçin, uzun ve çetin bir mücadelenin sonunda Merkezi Asya'da kurmuş olduğu devlet, Türk devlet geleneği temelinde olmasından dolayı *Moğol-Türkdevleti* adını aldığı gibi, Cengiz'de soyunu Oğuz Han'a bağlamıştır. Aynı şekilde Çağatay Devleti'nin dağılmasından sonra hâkim olduğu topraklar üzerinde bir devlet kurmuş olan Emir Timur ve oğulları *Emir, Bey, vb.* unvanlar kullanmışlar, yanlarında Cengiz soyundan *Han* unvanlı göstermelik yöneticilerin bulunmasına özen göstermişledir. Emir Timur döneminde kendisi için hazırlanmış şecerelerde Timur'da kendisini Cengiz soyuna bağlamıştır. Oysaki Emir Timur'un Cengiz soyu ile ilgisi, Çağatay ailesinden *Saray mülk Hatunla* evli olmasıdır. Bu özelliğinden dolayı Çağatay ailesine "*küregen=damat*" olmanın ötesinde bir bağı yoktur.

İlk örneğini Mete Han ve Göktürk Kitabelerinde gördüğümüz, Türk devlet düşüncesi; insan ve toplum merkezli bir özelliğe sahiptir.Göktürk Kitabelerinde *Türk Budu,* yani *Türk Milleti* kavramı ile Ötügen merkezli Türk devletinin sınırları dâhilindeki bütün halklar kastedilmektedir. Ancak devleti kuran ve devletin sürekliliğini devam ettiren Türk unsur da ihmal edilmemiştir. Zira devlet, güçlü olduğu sürece, diğer unsurlar da devlet için hizmet vermişler, devlet hayatında üst düzey görevlerde bulunmuşlar, devlete saygılı ve yararlı da olmuşlardır. Ancak tarihî Türk devletlerinin dağılmasında, etkili olan faktörler arasında söz konusu çevrelerin aidiyet merkezli yaklaşımları da göz ardı edilmemelidir. Tarihî Türk devletlerinin kuruluşunda; Gök, Yer ve İnsan unsuru adeta saç ayağı konumunda olmuştur. Nitekim Göktürk kitabelerinin girişinde*" Üze kök Tengri, asra yağız yer kılındıkta: iki ara kişioğlu kılınmış. Kişioğlunda üze eçüm apam Bumın Kağan İstemi Kağan olurmuş. Olurupan, Türk budunung ilin törüsün tuta birmiş, iti birmiş.* Günümüz Türkçesiyle; *Yukarıda mavi gök ve aşağıda yağız yer yaratıldığında, ikisinin arasında insanoğlu yaratılmış İnsanoğlunun üzerine atalarım Bumin Kağan ve İstemi Kağan (kağan olarak) oturmuşlar (yani tahta çıkmışlar).(kağan olarak) oturduktan sonra, Türk milletinin devleti ile töresini idare etmiş ve düzene koyu vermişler* (Orkun, 1987: I D I). Göktürk yazıtlarının girişinde; *göğü ve yeri yaratan bir güç veya bir tek Halik* vardı. Zira *gök*

kendi kendisine Tanrı değildi (Öğel, 1987: 9). Göktürk kitabelerindeki söz konusu edilen devlet anlayışında; Devletin, hâkim olduğu coğrafyada yani Göktürk Devletine gücünü, emeğini vermiş olan insanların ırkları, dinleri, kültürleri ve hatta ülkeleri arasında herhangi bir ayırım söz konusu değildi. Ayrıca Türk devlet düşüncesindeki *evrensellik* boyutuna bağlı olarak, yeryüzünde yaşayan insanların yönetimi, bir başka ifadeyle, o günkü dünyayı yönetme yetkisi doğrudan Gök Tanrı tarafından *Göktürk kağanına* verilmiş olduğuna inanılıyordu. Böylece Türk hakanları, Tanrı bağışı olarak tanımlanan *kut* sahibi idiler ve *töre* mucibince dünyayı yönetmişlerdi. Bu tür bir yönetim anlayışı temelinde, Türk kağanları ve yönetimleri altındaki insanlar arasında; dil, din, renk, kültür bakımından hiçbir fark gözetmemişlerdir. Bu özelliğinden dolayı ilk örneği Mete Han döneminde görülen *Türk devletgeleneği* en geniş manada inanç özgürlüğü temelinde Türk toplumunda hayata geçirilmiştir. Bu yönüyle, Batı dünyasındaki laiklik anlayışından yüzlerce yıl önce *Türk devlet geleneği* temelinde uygulanmıştır. Türkler, İslam dünyasına girdikten sonra, Sultan Tuğrul Bey ile Bağdat Abbasi Halifesi arasındaki mülakata bağlı olarak din işleri ile devlet işleri Halife ve Sultanın şahsında ve bizzat onlar tarafından yürütülmüştür. XI. Yüzyılda, tarihte İlk Müslüman Türk Devleti olarak bilinen Kararanlılar da bu husus, Yusuf Has Hâcib'in kaleme almış olduğu Kutadgu Bilig'de açık bir dille ifade edilmiştir (Doğan, 2002: 127–158). Türk devletlerinin farklı kültür, inanç ve değerlere mensup insanları, toplumları ve milletleri bir arada tutabilmeleri ve gerektiğinde onları mevcut devletlerinin hizmetlerinden yararlanabilmeleri yönündeki uygulama, yaşadıkları çağın ötesinde yüksek bir düşünce ve inanç ile izah edilebilir. Türklerin, İslâm dini ile tanışmaları ve kaynaşmalarının neticesinde yeni bir süreç başlamıştır. Türklerin, Müslüman olarak yaşamaya başlamaları ve takip eden süreçte, evrensel hâkimiyet düşüncesinde ciddi manada bir değişme olmamış, aksine daha uzun ömürlü devletler tarih sahnesine çıkmış ve insanlık tarihinde yeni bir medeniyet-*Türk-İslam*- doğmuştur. İslâmî Türk çağında, evrensel hâkimiyet düşüncesi konusunda en güvenilir kaynaklardan birisi Kutadgu Bilig'dir (Yusuf Has Hacib: 1947; Arat: 1959). Bu eserde, Türk hükümdarının hâkimiyetinin meşruiyetini doğrudan Allah'tan aldığı ifade edilmekte, bu görevin kendisine Allah tarafından bahşedildiğine inanılırdı. Karahanlı, Gazneli ve Selçuklular dönemi ile beraber hükümdarların genelde Türk isimleri yanında İslâmî isim ve unvanlar kullanmışlar, geleneksel hâkimiyet sembollerine ilave olarak; hükümdarlığın Halife tarafından onayı, Halife adına hutbe okunması, darp edilen paralarda Halifelerin adlarının bulunması vb. hâkimiyet sembolleri ihdas edilmişti. Selçuklu Devleti'nin Abbasi Halifesi ile yapmış olduğu mülakatın sonunda, Sünni İslâm dünyasının dünyevî yetkileri Selçuklu sultanında, dinî yetkileri de Halifede toplanmıştı. Oysaki daha önce dinî ve dünyevi yetkilerin tamamı halifelerde idi. Din ve dünya işlerinin biri birinden ayrı ve iki yüce makamca temsil edilmesi gibi anılan yüzyıl için ileri bir adım olmuştur. Din ve devlet işlerinin ayrı merkezlerde yoğunlaşmış olması, İslâm dünyasında bilim, düşünce alanında büyük ilerlemeler kaydedildiği gibi, siyasî olarak da İslâm dünyası tarihinin en mutlu ve güvenli bir sürecini yaşamıştır. Yusuf Has Hacib, Kutadgu Bilig adlı eserinde; din ve devleti, bir ağacın iki ayrı dalı gibi görmekte ve bunlardan biri diğerine baskı yapamaz ve birbirlerinin varlık sebebi olarak görülüyordu.

Türk devletleri, İslâmî Türk devirlerinde, yetkilerini geleneksel Türk hâkimiyet anlayışına uygun olarak, doğrudan Allah'tan aldığına inanıyordu. Anılan yüzyılın, devlet adamı ve meşhur siyasetname adlı eserin yazarı Nizâmü'l-Mülk ile dönemin büyük bilim insanı İmam Gazali'de, eserlerinde mevcut duruma yer vermişlerdir. Nizâmü'l-Mülk, konuyla ilgili olarak*;Allah her asırda halk arasından padişahlık vasıfları ve övülmeye değer hasletleriyle bezediği birini seçer ve dünya işlerini halkın sulh ve sükûn içinde yaşamasını kendisine tevcih eder* mealindeki sözleriyle, Türk hükümdarının otoritesini doğrudan doğruya Allah'tan aldığını ve Allah adına saltanat sürdüğünü açık bir şekilde ifade etmektedir. Şu halde Türk halkları Müslüman olduktan sonraki devirlerde de kurmuş oldukları devletlere *evrensel hâkimiyet düşüncesini* taşımışlar ve bu düşünceyi hayata geçirmeyi de kendilerine verilmiş kutsal bir görev olarak bilmişlerdir. Tarihî devirlerde, farklı coğrafyalarda devletler kurmuş olan Türk hükümdarları arasındaki hâkimiyet mücadelesi ülke ve kişisel çıkarların ötesinde evrensel bir düşünce ile izah edilmektedir. Türk devlet geleneği, ilk olarak Mete Han döneminde Büyük Hun devletinde uygulanmış ve töre halinde günümüze kadar gelişerek devam etmiştir.

Kaynaklar

ASLAN, Mahmut, *Step İmparatorluklarında Sosyal ve Siyasal Yapı*, İstanbul 1984.
DOĞAN, Nejat, "Kutadgu Bilig'in Devlet Felsefesi", *Erciyes Ün. Sosyal Bilimler Enst. Der.,* Sayı 12, Kayseri 2002.
DONUK, Abdulkadir, *İbrahim Kafesoğlu*, İstanbul 1989.
ERGİN, Muharrem, *Orhun Abideleri*, İstanbul 1973.
GENÇ, Reşat, *Karahanlı Devlet Teşkilatı*, İstanbul 1981.
İNAN, Abdulkadir, *Makaleler ve İncelemeler*, Ankara 1968.
KAFESOĞLU, İbrahim, *Türk Milli Kültürü*,5.baskı, İstanbul 1988.
KÖPRÜLÜ, M.Fuad, "Oğuz Etnolojisine Dair Notlar",*Türkiyat Mecmuası,* I, İstanbul 1925.
KÖPRÜLÜ, M.Fuad,*Les Orgines de l'Empire Otoman*, Paris 1935.
KÖYMEN, M.Altay, "Selçuklularda Devlet",*Belleten*,(1978),LT, Sayı 201.
Monghol-un Niuça Tobça'an-Moğolların Gizli Tarihi, trc. Ahmet Temir, Ankara 1948.
ORKUN, H.Namık, *Eski Türk Yazıtları*, Ankara 1987.
ÖGEL, Bahaeddin, *Türklerde Devlet Anlayışı*, Ankara 1982.
ÖGEL, Bahaeddin,*Dünden Bugüne Türk Kültürünün Gelişme Çağları*, İstanbul 1987.
ÖGEL, Bahaeddin,*İslamiyetten Önce Türk Kültür Tarihi*,2. baskı, Ankara 1998.
TURAN, Osman, *Türk Cihan Hâkimiyeti Mefkûresi Tarihi*,11.baskı, C.I,İstanbul 1998.
Yusuf Has HACIB, *Kutadgu Bilig*, neşr. Reşid Rahmeti Arat, I (Metin), İstanbul 1947.
ARAT Reşid R., *Kutadgu Bilig II* (Tercüme),Ankara 1959.

БИЙЛИК, БИЛИМ, АКЫЙКАТ: ТҮРК ТАЖРЫЙБАСЫ

Жамгырбек БӨКОШОВ*

Түрк элдериндеги мамлекеттик башкаруунун тарыхы узак мезгилди кучагына алат. Ар кайсы доордо ар кандай түрдө, кейипте жашап, бирде биригип, достошуп, бирде ажырап, жоолошуп, бирде империяга айланып, бирде башка империянын курамына жутулуп түрк мамлекеттери элди башкаруунун, саясат жүргүзүүнүн бай каада- салтын калыптаган. Албетте, башкаруунун каада- салттары бизге жеткен маалыматтарда толук жана так сыпатталган деп айта албайбыз. Мамлекеттик башкарууга тиешелүү маалыматтарды ар кыл булактардан жыйноого жана иреттөөгө туура келет. Ошентсе да бул саясий- маданий жана метафизикалык мурас ар тараптан иликтөөгө татыктуу. Биз кыргыз- түрк рух мурасына таянып бийлик менен билимдин (чындыктын, акыйкаттын), падыша менен акылмандын, бек менен акындын карым- катышына байланышкан айрым маселелерге токтолмокпуз.

Жусуп Баласагын түрк элинин атактуу акыны- ойчулу. Анын «Кут билим» аталган чыгармасы дүйнөлүк поэтикалык- философиялык ойдун сонун үлгүлөрүнө кирет. Бул чыгармага арналган иликтөө- изилдөө эмгектери аттуу- баштуу окумуштуулардыкынан бери эсептегенде чоң- кичинеси болуп бир топ эле. Биз бу жерде мурунтан маалым нерселерди кайталап, кепти чоё бербей маанилүү бир маселеге басым жасашка аракет кылалы. Кеп мында. Менимче, али күнчө «Кут билимди» философиялык тутум, система катарында жетишерлик баалай элекпиз, тарырак- тайызырак түшүнүп келебиз. Мунун себеби, менимче, төмөнкүдөй: биринчиден, бул чыгарманы негизинен поэма, көркөм түзүм таризинде гана караганыбыз; экинчиден, байыркы түрк маданият- адабияты тиешелүү деңгээлде изилдене электиги; үчүнчүдөн, байыркы түрк тилин чечмелеп- түшүнүш ишиндеги кемтиктер, өксүктөр,байыркы түрк сөздөрүнүн маани- мазмунун так- таамай аныкташтагы кыйынчылыктар. Эми ушул ойду ачыкташка аракет этейин.

«Кут билимдин» баш каармандары төртөө:

1. Күнтогды (Күнтууду) илик - падыша, ал Адилет, Акыйкат, Калыс.
2. Айтолды (Айтолду)- Күнтуудунун вазири, ал Дөөлөт, Кут, Бакыт.
3. Өгдүлмиш – Айтолдунун уулу, атасынын ордуна кийин вазир болот, ал Акыл, Эс.
4. Одгурмыш- Айтолдунун бир тууганы, ал Канаат, Акыбет, Нысап.

Поэманын сюжетин алардын ич ара карым- катышы, сүйлөшкөн кеп- сөздөрү, жазышкан кат- кабарлары түзөт. Ал эми мазмуну жагынан көптөгөн маселелерди камтыйт…

Эмне үчүн ушул төрт каарман? Эмне үчүн автор аларга ушундайча ат берди? Ар кимиси эмненин белгиси, жышааны, символу? Бул суроолорго Жусуп Баласагын өзү чыгармасынын үч жеринде атайлап жообун берет. Биринчиси «Кириш сөзүндө», кара сөз менен берилген: «бу азиз китаб төрт улуг агыр ул өзе бина кылынмыш турур. Бир адил, икинчи девлет, үчүнчи акыл, төртүнчи канаат. Йана тегме биринге түркче бир ат бирмиш турур. Адилка күн тогды илиг ат бирип падишах орнынга тутмыш турур. Девлетка ай толды ат бирип везир орнынга кодмыш турур. Канаатка одгурмыш ат бирип везирнинг карындашы тип аймыш турур. Такы анлар ара муназара суали жевабы кечер тег сөзлер сөзлемиш турур. Окыглынынг көнгли ачылып мусанлифны едгү дуа бирле йад кылсун тип». Бул түп нускадан (Yusuf Has Hacib, 2007:А3В2С3-бет). Азыркы кыргыз тилине которгондо мындай болот: «Бу азиз китеп төрт улуу , баалуу негиздин үстүндө турат. Бири- адил, экинчи- дөөлөт, үчүнчү- акыл, төртүнчү- канаат. Жана ар бирине түркчө бир ат берилди. Адилге Күнтууду Илиг ат берилип, падыша ордуна коюлду. Дөөлөткө Айтолду ат берилип, вазир ордуна коюлду. Акылга өгдилмиш ат берилип, вазирдин уулунун ордуна коюлду. Канаатка Одгурмыш ат берилип, вазирдин иниси деп айтылды. Андан кийин алардын ортосунда суроо- жооп иретиндеги сөздөр айтылды. Себеби, окугандардын көңүлү ачылып, жазган кишини жакшы дуба менен эстесин деп…» Байыркы түрк тили боюнча мыкты адистин жардамы менен мен ушинтип котордум. Эми эмне үчүн түп нускасын кошо берип, котормосун баса белгилеп жатам? Эки жагдайга окурман назар төшөсө дегеним. Биринчиси- Жусуп Баласагын чыгармасын поэма түрүндө жазган. Демек, кыргызчагабы, орусчагабы которгондо көркөм чыгарманын бул түрүнө тиешелүү ченөлчөмдөр, белги- касиеттер (уйкаш, ыргык, сап эни ж.б.) сакталышы абзел. Натыйжада түп нусканын маани- мазмунуна доо кетиши, кайсы бир түшүнүктөрдүн маани- мазмуну так- таамай берилбей калышы ыктымал. Бул котормо ишине тиешелүү жалпы маселе болгону менен азыр муну ошо китептин орусча, кыргызча котормолорун түп нускага салыштырып окуп, анан айтып жатам. Ошондуктан изилдөө- иликтөө ишинде поэтикалык котормого гана эмес, түп нусканын маанилик котормосуна таянышыбыз кажет. Экинчиси- менимче, «Кут билимди» азыркы түрк тилдерине таржымалашта да орчундуу маселер бар. Башкасын билбейм, мен кыргызча котормолорун окуп алып, ушундай ойго келдим. Албетте, байыркы түрк тили менен азыркы кыргыз тилинин айрымасы чоң. Бирок, кээде сөзмө- сөз дал келип турса деле, маанилеш болуп турса деле башка сөздөр менен которгон учурлар кезигет. Натыйжада түп нускада айтылган ойду так- таамай түшүнүшкө кедерги болот. Маселен, «Кутадгу биликтин» түп нускасында «Кишике кишилик кишинин белгиси» деп турат. Азыркы кыргыз тилинин орфографиясына ылайык бир гана тыбышты өзгөртсөк бул «Кишиге кишилик- кишинин белгиси» болот. Баары кыргызча эле болуп турбайбы. Анан биздин котормочулар аны ойкутуп- кайкытып башкача сөздөр менен бергени кайсы зарылдыктан улам экенин айтыш кыйын. Кээде бул өзгөчө

* Проф. докт., Кыргыз-Түрк Манас университети, Гуманитардык факультет, Философия бөлүмү, Бишкек, Кыргызстан.

мааниге ээ болушу мүмкүн. Маселен, поэманын баш каармандарынын аталышын алалы. Түп нускада Айтолду- бул Дөөлөт деп турат. Кийин текстте «Кут» деп кошумчаланып айтылганы бар. Анда эмне үчүн орусча котормосун ээрчип («Счастье») Бакыт деп которушубуз зарыл? Албетте, «дөөлөттө» «бакыт» да бар. Бирок, байыркы түрк тилинде деле, азыркы кыргыз тилинде деле «дөөлөттүн» мааниси кең. Жусуп Баласагын Дөөлөт деп жазып жаткан соң, аны ошондой эле атаганыбыз оң эмеспи. Же Одгурмыштын аталышына кайрылалы- Канаат. Ошол сөз азыркы кыргыз тилинде ошол эле маанисинде бар эмеспи: «канааттанып» же «канаат кылбай» деп эле сүйлөп- жазып жүрбөйбүзбү. Эмне үчүн аны ошо Канаат бойдон калтырганга болбосун. Бул автордун оюн, көзкарашын так- таамай түшүнгөнгө тикеден тике тиешелүү болуп жатпайбы. Баш каармандардын аталышы туурасындагы маселеге кайра кайрылып келебиз. Эми мурунку сөздү улайлы.

Экинчиси «Кириш сөзүнүн» аягында, ыр түрүндө.

Йана бу китабнынг бейанын айур
Бу төрт ник шерифлер өзеле кылур.
Бириси ме адл ол көнүлүк өзе
Икинчи бу девлет кут икбал түзе.
Үчүнчи хиред ол улуглук биле
Төртүнчи канаат ве афийет биле
Бу тегме биринге ат урмыш өнгин
Бу йанглыг атыны атамыш кидин (64- 67- түрмөктөр).

Кыргызчасы:

Жана бу китептин баянын айтат.
Китеп бул төрт керемет баалуктун үстүндө курулат.
Биринчиси- адилет, адилеттүүлүктүн үстүндө.
Экинчиси бу дөөлөт, кут- жакшылыкты түзүүдө.
Үчүнчүсү акыл, ал улуулук менен.
Төртүнчү канаат жана топук менен.
Булардын ар бирине ар башка ат бериптир.
Кийин мындай аттарды атаптыр.

Үчүнчүсү поэманын негизги мазмунун баш жагында, «Бул китептин аталышы жана карылык жөнүндө баяндаган» 11- бөлүгүндө.

Китаб аты урдум кутадгу билиг
Кутадсу окыглыка тутсу елиг.
Сөзүм сөзледим мен битидим битиг
Сунуп ики ажунны тутгу елиг.
Киши ики ажунны тутса кутун
Кутадмыш болур бу сөзүм чын бүтүн.
Бу күн тогды илиг тидим сөз башы
Йөрүгин айайын ай эдгү киши.
Баса айдым эмди бу ай толдыны
Анынгдын йаруйур ыдук кут күни.
Бу күн тогды тигли төрү ол көни
Бу ай толды тигли кут ол көр аны.
Баса айдым эмди көр өгдүлмисиг
Укуш аты ол бу бедүтүр кишиг.
Анынгда басасы бу одгурмыш ол
Муны акибет тип өзүм йормиш ол.
Бу төрт ненг өзе сөзледим мен сөзүг
Окыса ачылгай йитиг кыл көзүг. (350- 358- түрмөктөр).

Кыргызчасы:

Китепке Кутадгу билик атын бердим.
Окугандардын колун тутуп кут берсин.
Сөздөрүмдү айттым, китебимди жаздым
Колдорун сунуп, эки дүйнөнү тутсун.

Эгер киши эки дүйнөнү тутса,
Бул сөздөрүмдүн баардыгы кут берген болот.
Сөздүн башы Күнтууду өкүмдар дедим.
Эй жакшы киши, анын жоруктарын айтайын.
Андан кийин бул Айтолдуну айттым.
Андан жаркырайт ыйык кут күнү.
Бул Күнтууду деген- адилет мыйзам.
Бул Айтолду деген- кут, аны көр.
Андан кийин өгдүлмүштү айттым, аны көр.
Ал акылдын аты, бийиктетет адамды.

Андан кийинкиси- бул одгурмуш.

Муну акыбет деп өзүм жорудум.

Мен сөзүмдү бул төрт нерсенин негизинде айттым.

Окуса көз ачылат, көздү жетик кыл.

Бул үч үзүндүнү кыргызчасын түп нускага салыштыра карап, мындай жагдайларга окурмандын зээнин бурмакчыбыз. Биринчиден, поэманын чыныгы каармандары: Адилет, Дөөлөт, Акыл жана Канаат. Ал эми Күнтууду, Айтолду, өгдүлмиш жана Одгурмыш алардын шарттуу аты, символу, сыягы, кейиптештирилген (персонификацияланган) элеси. Демек, киши кейпинде сыпатталганы менен, адамча сүйлөп, адамча басып-турганы менен, кеп дүйнөдөгү, адам жана коом турмушундагы белгилүү бир маани- маңыз, касиет- көрүнүш, шарт- байланыш туурасында. Экинчи нерсе, аларга социал макам- статус, коомдук- маданий даража ыйгарылып жатат: падыша, вазир, вазирдин уулу жана вазирдин бир тууганы. Үчүнчүдөн, аларга кошумча ат, синоним- ат берилип жатат: Күнтууду- Адил менен катар Илиг (өкүмдар), Мыйзам, Айтолду- Дөөлөт менен катар Кут, өгдүлмиш- Акыл менен катар Улук, ал эми Одгурмуш болсо- Канаат менен катар Акыбет, Топук. Албетте, поэмада бул жагдайлар дагы такталат, аныкталат, кеңейтилет.

Эми сөз улап, кеп жалгасак, бул жагдайларга атайлап токтолуп отурганыбыздын жөнү мындай. Албетте, мындан миң жыл илгери жазылган «Кут билимди» иликтеп- изилдөө ишинде илимпоздор, тюркологдор, адабиятчылар жамааты чоң кызмат өтөдү. Алардын мээнети макташка арзыйт, эмгеги жогорку баага татыйт. Деген менен бул чыгарманын философиялык маани- мазмунун түшүнүүдө дале болсо баамдап- баалаштын кыйырын тар алкакка камап, баркын тиешелүү деңгээлде биле албай, баасын так- таамай жана бийик сыпатта аныктай албай келе жатабыз деген ойдомун. Бери болгондо эки өксүктү белгилегим бар. Биринчиси- «Кут билимдин» баа- баркын, маани- маңызын негизинен мамлекетти башкарыш,бийлик жүргүзүштүн жол-жоболоруна гана такап, чыгармада айтылган ой- идеяларды ушу тегеректе гана чечмелеп келе жатабыз. Экинчиси- Адилет, Бакыт (Дөөлөт дешибиз эп), Акыл жана Токпейилге келгенде алардын биримдиги, бүтүндүгү, түпкү байланышы көз жаздымында калып, көбүнчө алардын маани- мазмунун өз- өзүнчө аныкташка оойбуз; байланышын карасак да коомдогу бийлик, башкаруу маселесине камап, тар жана тайыз түшүнөбүз. Ал эми иш жүзүндө биздин оюбузча Жусуп Баласагын кеңири алкакта ой толгоп, терең маани жайын айтып жатат.

Тактап айтканда, кеп дегеле адам баласы жашап жаткан дүйнөнүн түзүлүшү, куруму, туруму жөнүндө болуп жатат. Жогоруда (350- ыр түрмөгүндө) белгиленгендей, Жусуп Баласагын «эки дүйнөнү» тең бирдей алып сөз кылат. Ал эки дүйнө кайсы? «Бу дүйнө», «жалган дүйнө» , адам баласы өмүр сүргөн дүйнө жана «а дүйнө», «чын дүйнө», адам өмүрүн өтөп бүтүп, өлгөн соң түбөлүк жай тапчу дүйнө, бу дүйнөдө кылган-эткенине сурак берчү дүйнө. Айтмакчыбыз, демек, кеп бүтүндөй дүйнөнүн маани- маңызы туурасында бара жатат. Бизче айтканда, Жусуп Баласагын «саясат философиясы» же «этика» боюнча эмгек сунуштап отурган жок, ал Аристотелдин тили менен айтканда түрк элинин «биринчи философиясын» же «метафизикасын» түптөп отурат. Өзү атайлап баса көрсөткөндөй «Кут билим» бу түрк тилиндеги алгачкы ушундай кейиптеги эмгек, чыгарма, осуят- насаат, акыл- кеңеш. Анан ошондой эмгек чекене бир маселелерди козгомок беле. Жөнү, жүйөөсү (логика) боюнча ал адам баласы жашап жаткан жалпы дүйнөнүн болуш, жашаш, өнүгүш мыйзамдары, тартиби, ырааты жөнүндө болуш керек эле. Биздин айтып жатканыбыз- чынында да ошондой. Албетте, Жусуп Баласагын өзү белгилегендей бу тараптагы кытай, араб, перс ж.б. элдердин тажрыйбасына таянган. Албетте, ал чыгармасын түрк элдерине, кыргыздарга арнап жазган, башкача айтканда, ошолордун тили менен, ошолор түшүнө турган элес- образ, кеп- сөз, ой- түшүнүк аркылуу өз ниетиндегисин баяндаган. Бирок, негизги максаты элге жетерлик образ- элестер аркасында, белгилүү бир окуялардын тизмегинен сюжет куруп, жалпы дүйнөнүн турум- турпатын чулу көргөзүш, анын жашашынын, өсүп- өнүгүшүнүн башкы мыйзамдарын аныкташ, адам баласынын болуму кандай таризде- ушуну айкындаш болгон.

Эмне үчүн Адилдин аты Күнтууду? Түрк элинде, анын ичинде кыргыздарда «күн тууду»- бул таңдын атышы, жер жүзүнө жарыктын келиши, күндүн чыгышы. Бу дүйнөнү дүйнө кылып турган- Күн. Дүйнөнүн бир аты- Жарык. Ошон үчүн «бу жарыкчылыкта» деп айтылат. Күнтууду 824- 835- ыр түрмөктөрүндө өзүнүн эмне үчүн ушундайча аталганын минтип түшүндүрөт: Менин маани- маңызыма, кылган кызматыма карап, акылмандар атымы ушундайча койгон дейт. Күндү карачы- нурун төгөт, жарыгын чачат, бул түбөлүк. Менин ишим да түбөлүк. Күн элге, адам баласына жарык чачат. Мен да, менин мыйзамым да- адам баласы үчүн белек, тартуу. Күн жарыгын чачкан жер гүлдөйт. Менин бийлигим да ошондой- мыйзам күчтүү жерде ташка да гүл өнөт. Күн баарына- жакшыга да, жаманга да- бирдей тиет. Менин адилеттигим да баарына тегиз. Күндүн асмандагы орду, Зодиактагы орду- козголгус. Мен да өзгөргүсмүн. Биз Күнтуудунун айтканын сөзмө- сөз дээрлик кайталадык. Демек, Адилет- Күнтууду- бул Күн, күндөй. Адилет- бул Акыйкат, Чындык. Ушул мааниде ал Болумдун (Бытие) өзү, болумдун мыйзамы, маани- маңызы. Анткени, болум- бу чындык, акыйкат. Онтология ушундай аныктайт. Анан дагы Хайдеггердин тили менен айтканда, болум, биринчиден, барнерсенин баарын башкарат, бийлейт; дүйнөдө баары болумдун мыйзамына баш ийет; экинчиден, болум- бул адам баласына берилген белек, тагдырына жазган тартуу. Күнтууду да өзү жөнүндө сөзмө- сөз ушинтип айтып жатпайбы. Дагы терендесек: көптөгөн башка элдер сыяктуу эле түрктөр, кыргыздар да Күнгө сыйынгын. Күндү Кудай көргөн. Күн чыгып, дүйнөнү жарыкка бөлөп, асманды айланып барып, анан батат, уясына кирет. Күн- бул Асман. Ошондон- Көк Теңир. Айрым эмгектерде Теңирдин атын «тең», «теңчилик» дегенден чыгарып жүрүшөт. Менимче, бул натуура. Кудайдын аты- Теңир ошол айланма, тегерек Асмандан чыккан. Түбү барып «таң» менен киндиктеш болушу ыктымал. Элдик ырларда «Агарып таңдын атканы, кызарып күндүн батканы» деп кайталанат эмеспи. Ал эми Кудай- бул Болум. Жалаң теология жаатында гана эмес философиялык

окууларда да илгертен Кудай менен Болум жанаша аталат. Философия экөөнө тең кызыгат. Себеби, акыл- эстүү жан алар жөнүндө ойлонбой коё албайт, адамдын жашоо- турмушу ушул экөөнө жараша өтөт. Демек, биз Күнтуудунун образын Болумдун сыпаты деп айтып жатабыз. Эгер жогорто биз кыргыз онтологикасы тууралуу жазганыбызда болумга берилген сыпаттамаларды эске салсак, анда Адил- Күнтуудуда ошондой эле касиеттер барын көрөбүз. Арийне, «Кут билимдин» баш каарманын болумга теңештирип, болумдун символу, мыйзамы катары карап жатканда, ала качма, апыртма ой- кыялдан да сак болушубуз абзел. Маселен, С. Н. Ивановдун орусча котормосунда автор Теңирге жалынып- жалбарып, мындай дейт:

«Единство твое- вне бытийных начал,

Но сущее ты бытием увенчал» (Юсуф Баласагуни. 1990. 68- бет).

Онтологиядан анча- мынча кабардар окурман Жусуп Баласагын Мартин Хайдеггерче эле сүйлөп жатат го деп таң калышы мүмкүн. Анткени, немец философу болум (бытие) менен барнерсени (сущее) ажырата билишибиз зарыл деп, бул философияда «онтологиялык айрыма» деген ат алып, билген кишиге бул онтологиялык ой- түшүнүктүн мыйзамы эсептелет. Болум барнерседен тыш, андан ашып турат, бирок, барнерсе болумдун аркасында гана, анын жарыгында гана ошол нерсе катары бар деп ырастайт Хайдеггер. Албетте, «Кут билимдин» метафизикасы мынчалык болгон эместир. Албетте, биз котормочуга сын тагып отурган жерибиз жок. Тескерисинче, анын онтологиялык интуициясын, туюмун макташыбыз ылайык. Биздин айтайын дегенибиз, Күнтуудунун образын Болумдун мыйзамы, символу катары чечмелегенде, ошол доордун метафизикалык чен- өлчөмүн эске алышыбыз кажет, ашыкча «азыркылаштырып», модерндештин зарылдыгы жок. Бирок, ошол эле учурда Жусуп Баласагын тек гана бир адилет падышаны даңктап- даңазалап жазып жатпагандыгын, ал бийлик, башкаруу маселелери менен чектелбегендигин, «Кут билим» - бу метафизикалык трактат экенин, анда бир бүтүн, туташ дүйнөнүн туруму (модели) берилгенин, ошондой бир ойдогудай, талаптагыдай, бардык жагы шайма- шай жашоо- турмуштун турпаты сыпатталганын, анда фундаментализмдин, рационализмдин, гуманизмдин, утопизмдин жышаандары бар экенин баамдап- баалап билишибиз абзел.

Айтолдуга келсек. Поэманын 15- бөлүмү «Айтолду эликке өзүнүн Дөөлөт экенин айтып берет» деп аталат. Айтолду өзүнүн маани- маңызын ачат. Бут басыш үчүн жаралгандай, мен да тынбай баса берем дейт. Ким мени жетелесе, ошонун артынан ээрчийм дейт. Менин кулк- мүнөзүм кубулуп турат дейт. «Акар сув йорык тил бу кут турмады, ажун тезгинүрлер йорып тынмады» (669- ыр түрмөгү). Кыргызчасы: «Бу кут Аккан суу,кызыл тилдей бир орунда турбайт. Дүйнөнү кезип, айланып тынбайт». Бул кепти түрк акылманы айткан деп белгиленет. Кыргыз макал «Дөөлөт- тоголок, мээнет- жалпак» деп ырастайт. Дөөлөт дөңгөлөнүп качып кетиши мүмкүн, мээнет жармашып жатып калат. Кеп ошол Дөөлөттүн, Куттун кубулма касиети жөнүндө, такай өзгөрүп турушу жөнүндө. Демек, аны кармай билиш керек, күтө билиш зарыл. Муну Күнтуудуга Айтолду өзү айтып берип жатат. Кыргыздар «Жигитке дөөлөт өмүрдө үчжолу келет, аны качырбай кармап калышы керек» деп коёт. Айтолду да падышага өзү келет. Анан өзүнүн ким экенин түшүндүргөндө буларды белгилейт: байлык да, бийлик да, бакыт да, бардык жакшы нерсе Дөөлөттөн. Мен жок нерсе- өлүк дейт (677- ыр түрмөгү). Жакшылык мени менен келет, мени менен кетет. Ошентип, Дөөлөт айга окшош. Толот, кемийт. «Айдын он беши жарык, он беши караңгы». Турмуш ушундай. Ай толгондо күндөй нурун чачып, баарын жаркытат. Айлана сулуу, дүйнө көрктүү. Ай толгон түндүн өзүнчө шааниси, касиети, сыйкыры бар. Бекеринен кыргыз илгертен бери «Айдын бир толгон түнүндө» деп, муңканып, жыргап ырдабайт.

Эмки суроо- өгдүлмиш ким? Ал- Акыл. Атасы Айтолдунун керези боюнча анын ордун басып, Күнтууду падышага кеңешчи болот. Көптөгөн нерселер Акылдын элегинен өтөт. Акыл ар нерсени өз- өз ордуна коюп, кандай болушу керек, кандай турушу керек- баарына өз баасын берет.

Өгдүлмиш- Акыл падышага- Адилетке, Акыйкатка кызмат кылышка атасынын бир тууганы Одгурмышты чакырат. Одгурмыш- ким? Ал- Канаат (Канагат). Одгурмыш- элбезер, Теңирге сыйынып, тоо арасында жапжалгыз жашайт. Күнтууду мага кызмат кыл деп, эки жолу кат жазып чакыртса келбейт. Үчүнчүсүндө келип- кайра кеткенге макул болуп, падышага жолугуп, кеп- кеңешин айтат да, кайрадан тоого чыгып кетип, кийин бу дүйнө менен кош айтышат. Одгурмуштун сөзмө- сөз мааниси байыркы түрк тилинен которгондо «ойготуш». Бу да тегин жерден эмес. Күнтууду да, өгдүлмиш да Одгурмуш менен маектешип, акыл- насаатын уккан соң, «көзүм ачылды», көп нерсени «эми түшүндүм» деп моюнга алат. Башкача айтканда Канаат аларды «ойго+тот», мурун көрбөгөн нерсени көргөзөт, мурун баамдабаган нерсе тууралсында «ойлон+тот».

«Кут билимдин» баш каармандары жөнүндөгү ушундай кыскача маалыматтан кийин жогоруда айтылган пикирди бышыктаганга кайрадан киришсек. Арийне, Жусуп Баласагынга чейин да Адилет (Акыйкат), Дөөлөт (Кут, Бакыт), Акыл, Канаат (Нысап, Токпейил) жөнүндө көп айтышкан, көп жазышкан. Муну Жусуп өзү дагы «арабча, тажикче китеп көп экен» деп белгилейт. Алардын поэтикалык, логикалык, этикалык тажрыйбасына таянганы шексиз. Бирок, биздин оюбузча «Кут билим» бу түрк метафизикасын түзүштүн, түрк тилинде философиялык тутум (система) куруштун олжолуу тажрыйбасы. Бүтүндөй дүйнөнүн жашашы, турушу мыйзамга баш ийет. Бул мыйзам адилеттиктин, акыйкаттын, чындыктын мыйзамы. Башкача айтканда, кеп юридикалык мыйзам, укук мыйзамдары жөнүндө гана эмес, ири алдыда онтологиялык мыйзам, дүйнөнүн курулуш жана жашаш мыйзамдары тууралсында болуп жатат. Мындай мыйзамдын символу- Күнтууду. Калганы ошонун айланасында. Деген менен, чыгарма «Кут билим» (Кут берчү билим) аталат. Ал эми «Кут» китепте «Дөөлөттүн» түгөйү, экөө бир. Демек, Адилетке Дөөлөт керек. Адилет- Акыйкаттын өзү башкы дөөлөт, кут. Бирок ар нерсенин куту болушу керек, ар кандай иш дөөлөт күтүшү зарыл. Кут кетсе, дөөлөт качса, ал иш кыйрайт, жагдай жаман болот. Дүйнөдө баары түбү келип жакшы болушу керек. Түрктөрдүн «куту» орусчалап айтканда философияда байыртан ой- санаанын бутасы болуп келе жаткан «добро», «благо», метафизикалык

маанидеги «жакшы». Ал англис тилинде «гуд», немис тилинде «кут». Байыркы гректер (окурманды түйшүккө салбай орусча айтканда) «добро и истина одно, вместе» десе, түрк- кыргыздар да Адилет менен Кут бирге деп түшүнөт, ушундай болуш керек деп эсептейт. Албетте, метафизика муну менен бүтүп калбайт. Адилет (Акыйкат) Акылга таянат. Бардык иш акыл- эстин негизинде болушу керек. Адам баласы Акыл аркылуу Акыйкатты ачып, таанып- билет, Кутту баамдап- баалап түшүнөт, Жакшыны Жамандан айрып билет. Ал эми Акылдын теги- кут. Кут акылды жаратат. Бирок, Акыл дүйнөдө Адилет орноп, Акыйкат бийлик кылышы үчүн адам баласы Канаат кылышы керек, барга ыраазы болушу шарт, напсисин тыйып, нысап кылышы зарыл деп табат. Башкача айтканда, ар нерсенин чен- өлчөмү бар. Ошону билсең, ошону сактасаң, «канаат кылсаң», барга ыраазы болсоң, гармонияга жетесиң. Бирок, бул оңой эмес. Эмне үчүн Одгурмыш падыша сарайына түн жамынып келип- кетти? Биздин оюбузда бул бекеринен эмес. Автор бул сюжеттик окуяга сыр каткан. Балким, көрүнө дүйнө азгырат, алдайт, Канаат (Топук) кылыш үчүн, жарык дүйнөнүн жалгандыгын билиш керек, чыныгы дүйнөнүн, караңгы дүйнөнүн шарт- жагдайына көнүш керек дегенидир.

«Кут билимде» төрт саны сырлуу. Төрт баш каарман бар. Одгурмыш падышага жазган катында төрт өтүнүчүн баса белгилейт(3757- 58- ыр түрмөктөрү). Дененин бири- бирине карама- каршы төрт негизи бар дейт (5866- 68). Акыл Адилетке төрт милдет коёт (5903- 07). Бирок, Күнтууду өзүнүн маани- маңызын айтып бермек болуп Айтолдуну алдына чакырганда үч буттуу күмүш такта отурат. Айтолду «эмне үчүн үч?» деп сураганда, төрт бут олку- солку, үч бут ар кандай жерде бекем турат деп жооп узатат(801- 804). Ушундан улам Жусуп Баласагын өзүнө өзү каршы чыгып жаткан жокпу деген ой туулат. Жо-ок. Көрсө, андай эмес экен. Адилет ошол үч бекем тирөөчкө таянып турат экен: Дөөлөт, Акыл, Канаат. Бул үчөө тиреп турганда дүйнөдө Адилет-Акыйкаттын бийлиги өкүм сүрөт экен. Бирок, поэмада Айтолду менен анын бир тууганы Одгурмыш өлөт. Автор муну менен эмне айткысы келген? Дөөлөт (Кут, Жакшы) менен Канаат (Нысап, Топук, Ыраазы) мортпу, утурумдукпу? Туура, алар келиши мүмкүн, кетиши мүмкүн. Ал эми Акыйкат менен Акылчы? Аларды автор «өлүмгө ыраа көрбөй», аман алып калып жатпайбы. Мында да сыр бардай.

Кыргызда “Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол” деген кеп айтылат. Толубай сынчы тууралуу уламыш бар. (Ушундан улам белгилей кетчү бир жагдайга кайрылышты ылайык табам. Адабиятта “кыргыздын легендарлуу ойчулдары” деген түшүнүк колдонулуп жүрөт. Адегенде ким мындай аталышты сунуштаганы бизге белгисиз. Ким тапса да мунун, албетте, жүйөөсү бар. Бирок, мен кесиптештеримди бул түшүнүктү орду менен колдонушка чакырар элем. Анткени, “легендарлык” дегенде мындай мүнөздөмө чапталган нерсе жалган, чынында болгон эмес, уламышта гана айтылат кыязындагы ойго түртөт. Албетте, андайлар да болот. Ошентсе да, Толубай сынчы, Санчы сынчы, Кет Бука, Асан Кайгы ойдон чыккан образдар деп айтканга ооз барбайт. Алар тарых сүргөн инсан болушкан. Ошон үчүн алардын айткан- дегени, жорук- жоосуну, кылган иши эл ичинде аңыз кепке айланып, толук болбосо да, үзүк- кесиги сакталып, осуят- насаат катары баяндалып келген. Жазма тарыхыбыз жарды болгону менен оозеки маданиятыбыз бай экен, уламыш (легенда) кейпинде, аңызга айланып, бизге жетип отурат. Алардын тарыхый инсан экенинен шек кылганыбыз болбос. Ал эми “легендарлуу ойчулдар” деген сөз билбеген кишини адаштырат деп чочуганымды айтып жатам. Менимче, “легендарлуусу” жок эле аты аталган инсандарды кыргыз элинин “ойчулдары, акылмандары” деп билгенибиз ылайыктуу). Толубай сынчы туурасында Алыкул Осмонов айтылуу поэмасын жазып кеткен, ал эми белгилүү жазуучубуз Кубатбек Жусубалиев тамашачалыш көрүнгөн, бирок философиялык маани- мазмунга каньк татынакай чакан повесть жаратты.

Биз өз темабыздын айдыңында буларды белгилегибиз келет. Биринчиден, Толубай сынчы тек гана жылкы баласынын сырын билген, сынын тапкан саяпкер, сынчы эмес. Толубай- акылман, кыргыздын философу. Философиянын өзү- сын, кеп болуп жаткан нерсенин сын- сыпатын таамай- таасын аныктай билиш. Атактуу Канттын философиясы “сынчыл философия” аталарын, Кант философтордун философу экенин адистер жакшы билет. Кант “сынды” бир нерсенин айыбын ачып, кемтигин айтуу, “сын тагуу” маанисинде эмес, чындыкты таамай- таасын көрө билүү, тигил же бул нерсенин сын- сыпатын алаканга салгандай ачыктап- аныктап, жаңылыш ойго, жалган түшүнүккө алданбай, болгонун болгондой баамдап- баалаш деп түшүнгөн. Анын атактуу эмгектери- “Таза акыл – эске сын”, “Практикалык акыл- эске сын”, “Ой жүгүртүү жөндөмүнө сын”- ушундай таризде жазылган. Канттын жолун улагандардын учугу үзүлбөй,“сынчыл философиянын” деми азыркы философиянын өсүп- өнүгүшүндө кадимкидей көрүнүп турганы да бекеринен эмес. Ушу сыяктуу эле кыргыздар “сынчыны” тар маанисинде эмес, интеллектуалдык кең алкакта “акылман” деп эсептешкен. Кыргыздар жылкы гана сынатыш менен чектелген эмес. “Кийин кандай адам болот” деп балдарын сынатышкан. Башка нерселерди да билермандардын сынына коюшкан. Демек, Толубайды кыргыз философу деп караганыбыз толук жүйөөлүү. Менимче, кыргыз ылакабынын- “Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол”- куруму да буга күбө өтөт. Мында “ырчы” менен “сынчы” уйкаштык, коoздук үчүн эле катар коюлуп жаткан жок. Дүйнөлүк интеллектуалдык маданият мейкининде акын менен философ жанаша турган фигуралар. Экөө тең чыныгы болумду издегендер, дүйнөгө эки чокуда турушса да бир багытта баам салгандар, чындыкты сыпаттоонун эки башка шайман- жарактарын колдонушса да, тапкан маани- маңызы бир жерден чыккандар. Тажрыйба тастыктагандай, чыныгы акын философ болот, чыныгы философ сөзгө уста болот. Биз Толубай сынчынын аты акылман, ойчул кыязда Токтогул ырчы менен жанаша аталып жатканы ошондон деп түшүнөбүз.Экинчиден, бул кур сөз, ооз көптүргөн мактаныч эмес. Толубай жөнүндө бизге жеткен маалыматты териштирсек, эл аздектеген образды тигиле талдасак анын маани- маңызынкеңири алкакта караганга акылуу экенибиз айгине болот.

Бул чындык, бир болгон иш алда качан,

Эл түгөл, азая элек Чынгыш хандан.
Алтайдан Алай четин тегиз кымтып,
Ал кезде Азиз падыша хандык кылган.

Алыкул Осмонов поэмасынын башында тарыхый окуя жөнүндө кеп болуп жатканын айрым аныкталган жагдайларга байланыштырып, ушинтип сыпаттайт. Эл оозунда айтылып келген сюжеттин негизги түзүмүн, ыраатын сактап, поэзиянын тилинде сынчылык өнөр, акылман менен өкүмдардын, акыл менен бийликтин тиреши, көз менен көкүрөктүн айрымасы туурасында кызыктуу баян курат. Бул поэма кыргыз поэзиясынын мыкты үлгүлөрүнүн, жаркын берметтеринин бири.

Ал эми Кубатбек Жусубалиевдин чыгармасына кайрылсак, мен аны философиялык повесть деп атаар элем. Туура, жазуучунун өзгөчө баяндоо, сыпаттоо манерасы, стили бар. Башка чыгармаларындагыдай эле бул повестте да “өөн”учураган, “түшүнүксүз” көрүнгөн жерлер кездешет. Сөз кезеги келгенде белгилей кетчү нерсе- Жусубалиевдин шедеврлерин таамай түшүнүп, татыктуу баалагандар аз (биринчи кезекте адабиятчы, сынчыларды айтып жатканым). Улуу жазуучунун прозасын (мен аны “метапроза” деп баалайм, учуру келгенде бул маселеге атайлап кайрылам деген ниетим бар) мындай коёлу, “авангардические стишки” аталган чыгармаларын алигүнчө “түшүнө албай”, аларды көнүмүш адабий калыптарга камап, поэзиянын чен-өлчөмдөрүнө салып карап, “үтүр, чекити жок, грамматикалык каталар жайнайт, эмнелерди келжиреп жазып таштаган” деп кыйынсынган байкуш адабиятчылар четтен табылат. “Толубай сынчы” повести да Жусубалиевдин шедеврлеринин бири дээр элем. Азыркы кеп анын метафизикалык маани- мазмуну туурасында. Аңгемечи- окуянын күбөсү. Элдин атынан (“биз”, “эл”) сүйлөйт, баян кылат. Мартин Хайдеггердин “Man” атаган немесине окшогон жалпылама, ортоломо, жүзү бүдөмүк, бетин бекиткен образ тартылат. “Эл эмне дейт”, “элге кеп болобуз” деп коёт эмеспи кыргыз. Бирок, айтылуу окуяны аңгемелеген “эл өкүлү” болгон иштин жөн жайын “кийин түшүнсө” да, ишке сын көз менен карайт. “Осмо кетет каш калат, ооматы кетет баш калат- ов, бетеге кетет бел калат, бектер кетет бел калат- ов! Эл экенбиз, журт экенбиз- ов! Ортобуздан бирөө чыкса, жаш ордуна кан аккан көздөрүн колубуз менен аарчыбай тилибиз менен жалап, сооротуп алгандын ордуна ханыбыз менен кошо күлүппүз. Көз көргөндө кубанган, кулак укканга сүйүнгөн эл экенбиз, журт экенбиз- ов! Эпке келбеген, сөзгө келбеген, ортобуздан каяша айткан бирөө чыкса, анын сөзүн сүйлөбөй, хандын сөзүн сүйлөппүз, эл экенбиз, журт экенбиз- ов”.

Биринчи. “Көз алдайт. Көзгө ишенич жок”. Толубай жөнүндөгү аңыздын уютку мааниси ушунда. Жусубалиевдин текстинде да бул кашкайта белгиленет. Бул дүйнөлүк философиянын илгерки, өзөктүү темаларынан: көз жана көкүрөк, көз менен көргөн бир да, акыл менен тааныган башка, адам дүйнөнүн көрүнөр жана көрүнгүс жактарын ажырата албаса, нерсенин өзүн анын көлөкөсү менен чаташтырып алышы ыктымал. Платондун айтылуу “үңкүр жөнүндөгү аңызы”, философиялык метафорасы ушул маселеге байланышкан. Анда үңкүрдөгүлөр шам жарыгында нерселердин өзүн эмес, алардын көлөкөсүн чын көрүп, анан сыртка, жарыкка чыкканы көргөн көзүнө ишенбей, анан кайтып келип үңкүрдөгүлөргө көргөнүн айтып берсе, алар ишенбей, айтор, көлөкөлөр дүйнөсүндө жашагандар туурасында кеп болот эмеспи. Толубай да көрүнгөндү артында көрүнбөс барын эскертет, ошо көрүнбөстү ойго, эске алганда гана бет алдыбызда турган нерсени ошо нерседей көрө аларыбызды насааттайт. Падыша сынга тартып чубаткан күлүктөрдү карабайт, башын жерге салат (муну Осмонов да, Жусубалиев да баса белгилейт). Анан акырында күлүк аттуу калбай, жүк ташып жүдөгөн, чарчап-чаалыккан, аягын араң шилтеген чобурду алып келишкенде, тулпарды басыгынан таанып, “чыныгы тулпар ушу” деп, сүйүнүп- сүрдүгүп тура калат. Мени шылдыңдап жатат деп ойлогон падыша коюлган шартка такап, сынчынын эки көзүн ойдуруп таштайт. Дүйнө маданиятында бу да тааныш тема: акылман сокур болот же көзүнөн айрылат. Өзатасын өлтүрүп, өз апасына үйлөнгөн Эдип да, чындыкты көзүнөн айрылып, көр болгондон кийин билет (Байыркы гректердин трагедиясы, тагыраак айтканда, Софоклдун белгилүү чыгармасы тууралуу кеп баратат). Жусубалиев көз жана акылдын түбөлүк таймаш темасын дагы эки сюжеттик сызык менен күчөтөт. Бул- Сыдык көр бүркүтчүгө байланышкан окуя, балапандарын алдырып, ага өчөшкөн, кек кууган бүркүттөрдүн бири жыпжылаңач Толубайды көтөрө качат; жана Толубайдын аты аталбаган байбичеси, “жүз жылдан бери от жагам, бирөө басып келбейт”- деп ачууланат. Жүз жылдап жагылган улуу отту, караңгыны сүргөн жарыкты -Толубайдын насаатын, осуятын- эл көрбөйт, жакындап басып барбайт. Жарыктан көлөкөлөр дүйнөсүнө качышат. Ал эми от, жарык барды бардай көргөзгөн, ар нерсени орду- ордуна койгон болум (бытие). Муну Гераклит баштаган грек даанышмандары да, башкалар да айткан.

Экинчиси- бийлик менен акылдын, өнөрдүн кагышы, падыша менен Толубай. Жусубалиевдин өзү интервьюсунда минтип ырастайт: “Алыкулдун улуулугу ушунда- оо илгерки нукту таап, ошону калтырып кеткен. Мен Толубай сынчыны ушул Алыкулдан окугам. Бирок окуган бир башка да, түшүнгөн бир башка. Мен Толубайды өзүмдүн азап- тозогумдан кийин түшүндүм. Анда чоң идеялардын баары ичинде да, тышы кадимки эле кооз уламыштай эле болуп калган. Ичи чоң да.

Бул художник менен коомдун ортосундагы түбөлүктүү карама- каршылык турбайбы. Толубай сынчы деп коёт. Мунун маңызы – художник, акылман да, анын карама- каршылыгы илгертен бери эле келаткан коом менен художниктин ортосундагы бүтпөс конфликт. Бул улуу карама- каршылык”. Албетте, муну азыркы замандын жазуучусу, билимгөй, окумал интеллектуал айтып отурат. Бирок, айтылган маани Толубайдын аңызында катылып жаткан. Сыртына кептелип калбай, ичине кириш зарыл. Бийлик акылмандын көрөгөч көзүн ойсо, коом (эл) аны арачалагандын, коргогондун ордуна, бийликке кошомат (ооматына оомат кошуп, ооматын коштоп деген сөздөрдүн кыскарган кейпи) кылып, кошулуп күлөт. Андерсендин белгилүү жомогу эске түшөт. Падышанын кийимин мактай беришип, ал жылаңач калса да көрүшпөйт, кийгениң укмуш деп мактай беришет.

Элчи – Кыргыз каганатынын тышкы иштер маселесин тейлеген, ага көз салган мамлекет кызматкери, кагандын өзгөчө маселелер боюнча чабарманы, жакын жардамчысы, мамлекеттик ири чиновник. Бул термин *"бакшы", "шаман"* маанисин да туюнтушу ыктымал. Енисей кыргыздарынын түз мураскорлору болгон Фу-ю кыргыздарында жана сары югурларда бакшыны "элчи" деп аташары маалым. Кыргыз кагандарынын элчилери Кытай династиялары, Түрк (Батыш, Чыгыш, II Чыгыш Түрк каганаттары) Түрк, Түргөш, Уйгур каганаттары, Карлук, Тибет, Тангут мамлекеттери менен саясий-дипломатиялык үзгүлтүксүз алакаларды алып барышкан. Кыргыз каганаттарында *Inanch - «ишенимдүү адам», «ишеним жүктөлгөн чабарман»* маанисин туюнткан элчилик термин да колдонулгандыгын тарыхый булактар ырастайт. Дипломатиялык алакалар, өз ара мамлекеттик келишимдер түзүлгөн саясий кырдаалга карата өзгөрүп, өнүгүп турган. Өөк Тарлактагы (Тува) кыргыздарга таандык эстеликте: «*…Атым Эл Туган тутук (tutuk) мен теңри элимке (Теңир колдогон элдин элчиси) элчиси эртим, баг будунка (аймактык башкаруусу бар журтка) бек эртим (бек элем)…*» деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 144). Бул маалыматтардан аймак (баг) башчысы бек Эл Туган элчилик милдетти да аткарганын көрүүгө болот. Хакасиядагы Алтын-Көл аймагындагы Барс-бек каганга арналып тургузулган эстелик жазуудан алыс эмес жерден Тибетке ж.б. өлкөлөргө барган *Эрен Улук* аттуу кыргыз элчисине багышталган эстелик табылган: «…Большар уруусунан, күчтүү элден (кыргыздан) чыккан эр атым Эрен Улук…, Менин элим кайраттуу, мамлекетим (өлкөм) чоң (кубаттуу, күчтүү) болгондугу үчүн журт козголгон жок. Энем он ай көтөрдү, эр жеттим, дүйнөнү төрт кыдырдым (тегерендим), эрдигим үчүн *Ынанчу алп (*атагын) алдым. Большардан (байыркы кыргыз уруусунун аталышы) чыккан эрдигимен Эсин Алтын Капарга (Капкага ?) кирдим. *Эрдигим үчүн Тибет канына элчиликке бардым, олжо алып келдим…*» (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 171-172). Бул кыргыз эстеликтериндеги маалыматтардан дипломатиялык иерархияда (кызмат тепкичтери) «элчилик» («элчи») термини менен катар, Inanch - кызматтык титул наамы колдонулгандыгын көрүүгө болот. Мисалы, Ынанчу алп ж.б.Ал эми, Кыргыз кагандарынын өргөөлөрү жайгашкан Уйбаттагы (Хакасия) биринчи жазуу эстелигинде: «…Эрдигим, каармандыгым үчүн Кара ханга бардым, элчи болуп барып, келбедиңиз, бегим…» деген маалыматтар жазылган. Кыргыз элчилери жөнүндө Тан

Кытайынын императору кыргыздардын каганына мындай деп жазган: «*…Мына бул жоокерлик мөөнөттө (убакыт чеги) сөзсүз убадага бек бололу. Каган толук ишенимде, биз менен бир аракет, бир максатта болот деп ойлоймун. Дадас Инанч Чорду (Чоро) (кыргыз элчиси) өзүм Ли ды гу сарайында кабылдагамын, кадыресе аны конок алып, оюн-шоок менен күттүк. Ошону менен бир убакытта Сиз жазган каттын талабы боюнча аны (элчини) көпкө жүргүзбөдүк…*» Байыркы кыргыздарда доорлорунда «элчи» термини «бакшы» маанисин туюнткан. Себеби, бакшылар көбүн эсе кат-сабаттуу, өз мезгилинин билги, коомдун кадырлуу адамдарынан болушкан. Ошондон улам, каганга жакын болгон билги бакшылар (шамандар) мамлекеттик өзгөчө маанилүү диломатиялык-саясий тапшырмаларды да аткарышкан.

Ябгу (Jabgu) – Борбордук Азиядагы (Түштүк Сибирь ж.б.) түрк тилдүү мамлекеттердеги кагандан кийинки башкаруучу, вице-каган, мамлекеттеги кагандан кийинки экинчи таасирлүү адамдын титулу. Хазарларда, булгарларда, батыш түрктөрдө (Чыгыш жана Батыш Түрк каганаттары болуп бөлүнгөндөн соң) алгач «ябгу» өлкөнүн башкаруучусунун титулу (мисалы, карлуктар, огуздар) болгондугу маалым. Бул мамлекеттик титулду *Кыргыз Кагандыгында* да пайдаланышкан. Маалыматтарга таянсак, оболу ябгу Каган тарабынан өз үй бүлөсүнүн ичинен дайындалган. Ябгулук бийлик мансабы кагандын дайындалган жатындаш кичүү иниси же өз уулуна таандык болгон. Изилдөөчүлөр титулдун келип чыгышын өз кезегинде кушандыктардын кийинки мамлекеттик-саясий салттарын уланткан эфталиттерден келип киргендигин белгилешет. *Jabgu<iawuga* - «башкаруучу», «буйрук берүүчү» маанилерин туюнтат (Махпиров, 1997: 128). Орхондогу жазуу эстеликтердеТоңйокук «бойла бага тарган», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана ябгу» титулдарына ээ болгондуктары баяндалат.

Ынанчы (Inanch) - Кыргыз кагандарынын ишенимдүү жардамчылары, элчилери. Кыргыз жазма эстеликтеринде (V-XIII кк.), кытай жылбаяндарында бул термин энчилүү адам аттарына жалганып айтылат. Мисалы, *Inanchhan, InanchKairhan, DadasInanchChor, InanchiMengu, Inanchbek ж.б. Inanch - «ишеничтүү киши», «ишенич жүктөлгөн чабарман»* маанисин туюнткан. Демек, бул сөз (Inanch) дипломатиялык титулду, «элчи» термининин синонимин туюнтат. Абакан суусунун (Хакас-Минуса ойдуңу) оң жээгиндеги Ачура деген жерден табылган кыргыз жазуусунда: «…ил (эл) эгеси *Ынычу Билге ириг* өлүг ара…, улуңун аты Күч уры, өз атаңыз Уры бек (башкаруучу), өз элиңиз (мамлекетиңиз) үчүн жакшылык кылып, сиз (айрылдыңыз)…»-деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 166-167). Бул лексика бүгүнкү кыргыз тилинде «ынануу», «ынаным», «ынаным», «ынанымдуу», «ынанычтуу» формаларында сакталып калган.

Тутук (Tutuq) – Кыргыз каганатындагы (V-XIII кк.) аскердик-административдик титул. Изилдөөчүлөрдүн (Рамстедт, 1951: 75) тыянактарында терминдин келип чыгышы кытай тилиндеги *tutukchin* - «генерал» маанисиндеги берилиши илимий негиздүү (Махпиров, 1997: 131). Башка илимий булактарда *Tutuq*- «аймактын аскердик башкаруучусу» маанисинде чечмеленип жүрөт (ДТС: 593). Титул-компонент катары антропонимдерге (адам аттары) жалганып айтылат: *Abaktutuk, Alptutuk, Begututuk, TutukBeg*ж.б. Өөк Тарлак деген жерден табылган (Тува) кыргыз эстелигинде: «*…Атым Эл Туган тутук (tutuk) мен теңири элимке элчиси эртим, баг будунка бек эртим…*» деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей текстери, 1982: 144). Чаа-Көлдөгү (Тува) төртүнчү эстеликте: «…Мен Алп Уруңу Тутукмун, өргөөдөгү канышам, эки уулумдан, жалгыз кызымдан алыстадым (айрылдым), ал эми Означенная кыштагынын жанынан 1847-ж. табылган кыргыз эстелигинде: «*…Канышаман, курдашыман айрылдым, муңайып жоого кирдим. Күчтүү Күл Тутук сизден айрылдым, элим, каным сиздерден айрылдым, алтын кештен (кемер) айрылдым»* - деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей текстери, 1982: 165). Эң кызыктуусу, Барлыктагы экинчи эстеликте:«…Мен Күнү Тирик, үч жашымда атасыз калдым, мени даңктуу тутук *(Tutuq)* агам киши кылды, тарбиялады, өргөөдөгү канышамдан, өз энемден, эжелеримден айрылдым» – деген маалыматтар баалуу (аталган эмгек, 148-бет). Ал эми, Кежилиг-Хобудагы (Тува) эстеликте:«*…Эр атым Шубуш Инал, өз атым Күмүл Өгө*. Беш жашымда атадан, он тогузумда энемден айрылдым. Эр жетип, отузга толгондо мамлекеттик (каганга) кызматка кирдим. Кырк жыл мамлекеттик Тутук катары журтумду башкардым, тышкы душманды жоолодум, жеңдим…»-деп жазылганы илим үчүн маанилүү (аталган эмгек, 149-бет). «Өгө» - кадимки эле өгөнү туюнтат. Мисалы, «Күмүл өгөө» деген энчилүү кыргыз адам аты. Бул маалыматтар кыргыздардын мындай маанидеги атайын эскертүү жазуулары бар эстеликтер мамлекеттин (кагандын) алдында өзгөчө эмгеги сиңген адамдарга гана арналып тургузулгандыгын айкындайт.

Шад (Shad) – «улуу, башкы жетекчи» маанисин берген. Шад - Борбордук Азиядагы көчмөн элдерде кенен таралган мамлекеттик-башкаруу титулу. Шаддар көбүнчө мураскер ханзаадалардан дайындалып, мамлекеттеги эң жогорку административдик жана аскердик жооптуу функцияларды аткарышкан. Рун сымал жазуу эстеликтеринде Тоңйокук «бойла бага тарган», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана ябгу» титулдарына ээ болушкандыктары баяндалат (Кляшторный, 1964: 31).

Тегин (Tegin) - орто кылымдар доорундагы Борбордук Азиядагы түркий тилдүү мамлекеттердеги кагандык тактын мураскеринин, ханзааданын синонимдеш аталышы. Изилдөөчүлөр титулдун кытай тилинен келип киргендигин белгилешет. *Tegin<кытайчаtek* – “улуу урматтуу, тектүү, жогорку”,*him* – «адам» же «жогорку тектүү адам, киши» маанисин туюнтат (Махпиров, 1997: 139). Чаа-Холдогу (Тувадагы кыргыз эстелигинде «Жарук тегин» деген адам аты эсерилет.

Күлүк (Külük) – мамлекеттин маанилүү башкаруучуларынын, аскер башчыларынын, кагандардын жакын тууган-туушкандарынын энчилүү аттарына жалганып айтылган. Бул терминдин баштапкы мааниси *Kulug* - “атактуу”, “тектүү” деген маанини туюнтат (Баскаков, 1986: 53,65,80). Кемчик-Хая Бажыдагы (Тува) аскадагы жазууда ошол доордогу кыргыз *Анныӊ* аттуу битигчинин (тамгачы, жазгыч, сабаттуу адам) жазгандарынын мазмунунда: “…Ынанчу Күлүк Чигши Бек Кара Сеӊирдеги эрдигим үчүн алты баг (аймак) элди, кыштымдарды

(баш ийген элдердин аталышы) башкардым… Сангун Бөдбү бул аймактын мыкты башкаруучусу, *Кыргыз каганы* аркылуу жазылды…”-деген саптар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 164). Бул маалыматтардан аталган мамлекеттик ишмердин көзү тирүү мезгилинде алган мансап наамдарын, даражаларын да байкоого болот. Кызыл-Чыраадагы (Тува) экинчи эстеликте:“…Учүн Күлүг Тириг(к) уулумун, Күлүк Туганмын. Теңир колдогон өлкө (мамлекет) үчүн тогуз эр (баатыр) өлтүрдүм…”- деген саптар бар (аталган эмгек, 187-бет). Жазуу эстеликтеринен төмөнкү энчилүү аттарды (наамдарды) байкоого болот: *Az kulug, kulug Chigsi, Kuluk Inanch Sachu Sangun, Kuluk Tiriq, Kuluk Tutuk, Kuluk Urungu* ж.б. Маалыматтар титул-терминдин байыркы Кыргыз каганатынын аймагында кенен таралган мамлекеттик-башкаруу титулу, ошону менен катар мансап ээлерине түбөлүк ыйгарылуучу энчилүү ат, антропокомпонент болгондугун тастыктайт.

Тарган (Tarqan) - Кыргыз каганатындагы жогорку мамлекеттик-башкаруу титулу, үлкөн таасирдүү кызмат даражасы, наамы, коомдогу өзгөчө укуктарга ээ болгон аскердик сословиени (кыргыз коомундагы өзгөчө социалдык катмар) аныктаган. Таргандар (Тархан) кыргыз коомунда өзгөчө социалдык статуска ээ катмар. Бул термин же башкаруу институту кийинчерээк Чынгыз-хан жана анын мураскорлору түптөгөн мамлекеттик-башкаруу системасында (XIII-XIV кк.) да кабыл алынып, колдонулгандыгы маалым. Кыргыз тилинде: 1. Согуштук куралдарды жасоочу уста; өтм. Мааниде: Ардактуу, касиеттүү, ыйык, кадырлуу, сыймыктуу дегенди туюнтат (КТТС: 239). Монгол тилинде төмөнкү манилерде чечмеленет: Дархан. 1. Уста, устакана: Дархан 1. ыйык, аяр, кол тийбес; 2. тарых. Мамлекеттин алдында аткарылуучу ар кандай милдеткерликтерден бошотулган эркин адам (Монгол орос толь 1957: 143). Бул мамлекеттик-башкаруу титулу, бийлик мансабы кыргыздарда эрте орто кылымдардан эле белгилүү болгон. Сужи-Давандагы (азыркы Монголия) кыргыз жазуу эстелигинде:«…*Мен кыргыз баласымын, буйрукмун, Бойла Бага Тарганмын*…» – деген маалыматтар бар. Бул титул Түрк каганатында да (VI-VII кк.) белгилүү болгон. Кыргыз кагандарынын өргөөсү жайгашкан Уйбат өрөөнүндөгү (Хакасия) үчүнчү кыргыз эстелигинде: “…Теңирим жалгады (колдоду), калың журтуму, үч уулуму көрбөдүм, мен Тархан Сангунмун, мен Эл-Чур (Чор) элинин пайдасы үчүн күрөштүм…”-деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 176). Дархандар орто кылымдардагы монгол хандарынын сарайында «кол тийбес укугуна ээ болушкан (Чареков, 1990: 73; Жанузаков, 1982: 136). Байыркы түрк доорунда темир уста бир эле учурда шамандык жана кагандык милдетти аткаргандыгын аныктаган фактылар бар. Булл мисал темир устанын коомдогу ээлеген ордун чагылдырган. «Манас» эпосунда даркан деген эпизоддук кейипкер, белгилүү уста баяндалат. Эпостун айрым варианттарында Манас үчүн Даркан ак болоттон кылыч жасап берет («Манас». Энциклопедия, I: 177).*“Tarqan”* – таанымал чыгыштаануучу Э.Пуллиблэнктин пикиринде титул катары эзелки хунну доорунан эле белгилүү болгон. Чындыгында эле, Кытайдын Хань династиясынын доорундагы хуннулардын «шаньюй» титулу кытай транскрипциясындагы *«“tarqan*” маанисине дал келет. Демек, «тарган» *(“tarqan”)* термини оболу «уруу бирикмесинин башчысы», «мамлекеттин жетекчиси» деген маннини туюнтат. Терминдин кытай тилинен келип чыгышын изилдөөчүлөр *«ta-t-»* -«көп билген»,»көп окуган» маанисине байланыштырышат (Махпиров, 1997: 131). Башка түрк тилдүү эстеликтерде *ApaTarhan, AltunTamganTarhan, AlpTarhan, HazarTarhan, TonTarhan* ж.б. маалыматтар бар. Монголиядагы Кошо-Цайдамдагы түрк кагандарына багышталып тургузулган эпитафиялык таш эстеликтеринде Тоңйокук «бойла бага тарган», ал эми Мочжо жана Дусифу «шад жана ябгу» титулдарына ээ болушкандыктары чагылдырылат (Кляшторный, 1964: 31). Этностук жана топонимикалык аталыштар катары Дархан (Тархан) кенен аймактык ареалды кучагына камтыйт. Тарган (Тархан) деген аталыш адегенде байыркы булган (болгар) урууларынын курамынан, ошол эле уруулук конфедерациядагы аристократиялык уруу катары белгилүү болгон. Айрым изилдөөчүлөрдүн эмгектеринде этногенетикалык жактан «тархан» этнонимии дунай болгарлары, венгр, волгалык болгарлар, чуваш жана башкырлардын ортолугундагы этностук байланыштарды чагылдырат (Кузеев, 1974: 342-343). Этникалык аталыш «дархат» формасында ордостук монголдордо, казактарда жана туваларда, «дархан» вариантында бүгүнкү түркмөн жана башкырлардын уруулук курамынан кездешет (Потапов, 1965: 50). Ал эми чынгыз-хандын доорундагы монголдордо жана Алтан-хандардын тушунда таргандар өзгөчө сиңирген кызматы үчүн эркин көчүп-конуу укугуна ээ болушкан. Монгол чөйрөсүнө булл социалдык термин, мансап абалы кошуна жашаган кыргыздардан кабыл алынуусу толук мүмкүн. Жогоруда келтирилген айрым мисалдардан «дархан» сөзүнүн баштапкы мааниси «эркин», «кол тийбес», «милдеткерликтен бошотулгандар» дегенди түшүндүрөт деген тыянакка келүүгө болот. Демек, булл термин байыркы кыргыз коомундагы салыктан бошотулган, каганга жакын, эркин аскер адамдарынын өзгөчө катмарын (сословиесин), туруктуу аскер бөлүктөрүнүн мүчөлөрүн түшүндүргөн. Дархан – көл кылаасындагы айылдын аталышы катары да маалым.

Бага (Baga)- Кыргыз каганатындагы аскердик-административдик башкаруу титулу катары маалым болгон. Бул титул кыргыз жазуу эстеликтеринде “ƅaga” формасында кездешип (ДТС: 77), белгилүү бир аймактын акими, башчысы, кагандын наместниги, губернатору деген маанисин туюнткан Сужин-Давандан (азыркы Монголия) табылган кыргыз жазуу эстелигинде *«Мен кыргызмын,мен Бойла Бага Тарганмын*…»-деген маалыматтар катары илимде белгилүү. Өөк Тарлактагы (Тува) кыргыздарга таандык жазуу эстелигинде: «…Атым Эл Туган Тутук. Мен теңри элимке элчи эртим, алты баг будунгка бек эртим…»-деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982: 144). Мындан бек Эл Туган Тутук бир аймактын жетекчиси, кагандын элчиси экендигин байкоого болот. Барлыктагы (Тува, Элегест) эстеликте: «…Йигин Алп-Туран алты баг будунда үч жыйырма (23) жашымда адырылдым (айрылдым)…» - сыяктуу баалуу маалыматтар кездешет (аталган эмгек, 148-б.). Илтереш-кагандын өз амири менен Тоңйокукка («Юан-Чжэнь») «бойла бага тарган» деген титул ыйгарганы малым (Кляшторный, 1964: 31). Жазма ж.б. булактардан орто кылымдардагы Кыргыз мамлекети административдик-аймактык жактан алты бирдикке («баг») бөлүнгөндүгү тууралу даректүү

маалыматтар бар (Кызласов, 1965: 39). Бүгүнкү Өөк-Тарлактан (Тува. Е.1.) табылган кыргыз эстелигинде: «*…атым Эл туган Тутук бен (мен). ...алты баг будунгка (элге, журтка) эр(тим)* – деген саптар бар (Памятники… -Вып. III, 8-9). Багачы – кыргыздын мунгуш, моғолдор урууларынын курамдарындагы уруктар катары белгилүү.

Бойла - Кыргыз мамлекетинин байыркы жана орто кылым доорлорундагы мамлекеттик-башкаруу титулу. VII к. таандык түрк жазуу эстеликтеринде Тоңйокуктун (Тонюкук) демилгеси менен Кутлуг өзүн Илтериш-каган деп жарыялап, Тоңйокук “бойла бага тархан”, ал эми Мочжо жана Дусифу деген кенже инилери *“шад”, “ябгу” (“жабагы”)* наамдарына ээ болушкан.

Демек, *“бойла бага таркан”* кагандын башкы кеңешчиси, иш башкаруучу баш министр, бүгүнкү мамлекеттик-башкаруу аппаратынын жетекчиси титулуна дал келген. Арийне, Монголиянын Сужа-Давань деген жеринен табылган (Сужа жазуусу) рун сымал кыргыз жазуу эстелиги өтө баалуу тарыхнаамалык мааниге ээ. “*…Мен келдим, Уйгур жергесинде Яглакар-ханды жаа менен атып өлтүрдүм. Мен кыргыздын уулумун (перзентимин).Мен Бойла Кутлуг Тарганмын. Мен башкаруучу Кутлуг Бага Таркандын өкүмүн (буйругун) аткаруучумун. Менин даңкым күн чыгыштан күн батышка чейин угулду. Менин ондогон айылым, сансыз мал-жаным бар эле. Жети кичүү инилерим, үч уулум, үч кызым бар эле. Уулдарыма чарба, мал-жан, энчи бөлүп бердим, кыздарымы калыңсыз күйөөгө узаттым...* Демек, Кутлуг Ярган (таркан) - кыргыз аскер башчысынын энчилүү атын, ал эми “бойла” термини титулду аныктайт. Кыргыздын көрүнүктүү аскер башчысы Бойла Кутлуг Тарган (Тархан) кыргыз тартибинин Борбордук Азиянын аймактарына орношуна жетекчилик кылган. Бул жазуу эстелиги кыргыз тарыхын, анын байыркы тил маданиятын изилдөөсүнүн өтө баалуу булагы.

Инал (Энал) - байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын мамлекеттик-башкаруу системасындагы титул. Болжолу, XIII к. мамлекеттик бытырандылыкты (бир нече өз алдынча ээликтер) башынан өткөрүп жаткан кыргыздарда «каган» терминине синонимдеш сөз катары колдонулган. Азыркы Тувадагы (Оттук Даш, Е-5) кыргыздарга таандык жазуу эстеликтеринде (VI-X кк.) *“ынал” («инал»)* термини тууралу маалыматтар айтылат (Памятники др.-тюркской письменности Тувы, Вып. I-III, 1963: 23). Рашид ад-Дин (XIII к.) кыргыздар жөнүндө маалымат бергенде, алардын падышасы “инал” деп аталарын, кыргыздарды Урус-инал аттуу хан башкарарын жазат (Рашид ад-Дин, Т.I, Кн.I: 150). Чынгыз хан тарабынан жөнөтүлгөн Алтан жана Букра аттуу чабармандар менен бирге хандын өргөөсүнө (Чынгыз-хандын) кыргыз хандарынан расмий элчилер Урут, Уйгу, Элик Темир, Аткирактар келишти (көрсөтүлгөн эмгек, 150-б.). Бул маалыматтар кыргыздар жана алардын мамлекети кара кытай чабуулунан соң эки бөлүккө аргасыз ажырап калышкандыгын чагылдырары бышык. Абул Гази Бахадур-хан “Түрк санжырасында”(Шеджарай-и түрк) Кыргыз каганы Урус Инал Чынгыз-хандан келген Алтан жана Турамыш аттуу элчилери менен монгол өкүмдарына расмий элчилер тобун кошо жибергендигин жазат. Чынгыз-ханга тартуу кылынган белектердин ичинен эң кымбаты ак түстөгү алгыр куштар болуптур (Абул Гази, 1906: 76). Кыргыз-монгол согуштук саясий тыгыз мамилелери XIII к. баш чендеринен (1206-ж. кийин) жигердүү уланган. Чынгыз-хан такка мураскер уулу Огодойго (Угедей) Кыргыз каганынын Дачин деген кызын кудалагандыгы, ал эми Дачин-хатун хандын байбиче аялы болуп калгандыгы маалым (Бутанаев,Худяков, 2000: 123). МахмудКашгари “Сөздүктө” “инал” сөзүнө төмөнкүдөй аныктама берет: 1. Энеси хан тегинен, атасы карапайым жерден чыккан; тектүү, жогорку даражалуу. 2. Энчилүү ат, титул (Махмуд Кашгари, Индекс-сөздүк: 209). Ал эми ушул эле Туванын Көжелик Хову деген жеринде табылган [Е-45] кыргыздарга таандык жазуу эстеликте: “Баатырдык атым Шубуш-ынал, өз атым Күмүш өгө..., ...отуз жашка чыкканда акылым толду, мамлекетте тутуктук (башкаруучу) кылуу менен бирге, эл башкардым, тышкы душмандар менен согуштум, жеңдим...”-деп жазылат (Памятники..., Вып.II.: 44-46). Минуса музейинде (Тува эстелиги): «…Эр атым Ак-Баш атык, мен Ынал Өгө жетимиш жашымда кырк эки того (белги) менен сыйландым, жоодо отуз эрди өлтүрдүм»- деген маалыматтар бар (Орхон-Енисей тексттери, 1982, 194). Ак-Юс дарыясынын боюндагы жардагы таш бетинде: «…Алту Шанга келдим, менин мамлекетим, менин элим…, менин улуу эр (баатырдык) атым Өгдөм Алп Ынал…»-деген кыргыз жазуусу чегилген (аталган эмгек, 180-б.).

Буйрук (Buiruk) же буйруктар - Кыргыз каганатындагы административдик-башкаруу системасындагы кызматтык функцияны аткарышкан. Түрк каганаты үч «ичкерки» жана алты «сырткары» буйруктарга бөлүнгөндүгү маалым (Махпиров, 1997: 131). Кытай жыл баяндарында бул административдик-башкаруу мансаптары министрликтер, тутуктар же жер-жерлердеги мандаты бар башкаруучулар деп жазылган.

Бектер – байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардагы аскердик титул. Изилдөөчүлөрдүн басымдуу бөлүгү бул терминди мамлекеттик титул катары карашат. Ободу, байыркы түрк (кыргыз) коомунда (VI-X кк.) бектер каган менен карапайым элдин ортосундагы уруулук аристократияга кирген социалдык өзгөчө катмарды түзүшкөн. Бул титул байыркы айрым антропонимдерге жалганып жүргөнү маалым. Енисей кыргыздары бул титулду кечки орто кылымдарга чейин кеңии колдонушкан. Мисалга Алтысар улусунун жетекчиси, теги кыргыз Еренак “бек” титулун алып жүргөндүгү маалым. Еренак-бек кыргыз жоокерлерин жетектеп орустардын Түштүк Сибирге жылуусун узак убакыттар бою матап жылдырбай тургандыгы белгилүү.

VII-VIII кк. чектеринде Кыргыз каганатын атактуу Барс бек каган башкаргандыгы белгилүү. Мындан сырткары, эпитафиялык жазуу эстеликтеринен *Beg Arslan, Beg Bars, Beg Buqa, Urun beg, Bek Temur* ж.б. энчилүү аттарды жолуктурууга болот (Махпиров 1997, 132). “Бек” сөзү байыркы доорлордо эле “бекем”, “темирдей катуу, бекем” маанисин туюнтканын түркологдор белгилешет. Мисалы, *Irinchin beg, Nimasiri beg* ж.б. XVIII к. баш чендерине чейин энесай Кыргыз мамлекетинде бектер (бег) коомдогу өзгөчө аскердик башкаруучу катмарды түзүшкөн. Кемчик-Хая Бажы (Тува) аскасындагы жазуусунда Анның аттуу тамгачы (аскага жазуу түшүргөн) *кыргыз*:«…Сиздин улуу даражаңыз, Бул менин каганымын жана өлкөмүн

(мамлекетимин) Кара Сеңир тоосундагы түбөлүк калган эстелиги. Ынанчы Күлүк Чигши бек өлкөнүн (эстеликте - «үлкени») алты баг элине, кыштымдарына ээлик кылдым»- деп жазган (Орхон-Енисей тексттери, 1982, 164). Бек - “Манас” дастанында аскердик титул катары да эскерилери маалым (“Манас”.Энциклопедия. I: 142).

Адабияттар

Махпиров В.У., Имена далеких предков. Источники формирования и особенности функционирования древнетюркской ономастики. - Алматы, «Гылым», 1997.

Бутанаев В.Я.-Худяков Ю.С., История енисейских кыргызов. - Абакан, 2000.

Рамстедт Г.И., Введение в алтайское языкознание. –М., 1951.

Потапов Л.П., Алтайский шаманизм. -Л.:«Наука», 1991.

Каратаев О.К., Кыргыздардын теги, келип чыгышы, этностук-маданий алакалары. –Б., КТМУ, 2013.

Орхон-Енисей тексттери.-Фрунзе,1982.

Малов С.Е.,Язык желтых уйгуров. -Алма-Ата, «Гылым», 1957.

Монгол орос толь, М.: 1957.

Древнетюркский словарь (ДТС). - Л.: «Наука», 1969.

Кляшторный С.Г., Древнетюркские рунические памятники как источник по истории Средней Азии.-М., 1964.

Памятники др.-тюркской письменности Тувы, Вып. I-III, 1963.

Рашидад-Дин, Сборник летописей. Т.I. Кн.I. -М., 1952.

“Манас”. Энциклопедия. I-II томдору. - Бишкек, 1995.

Абул Гази,Родословное древо тюрков (пер. и предсл. Г.С.Саблукова). -Казань, 1906.

Махмуд Кошгарий, Девону лугат ит-тюрк. Индекс-словарь. -Ташкент, 1967.

Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү (КТТС). I-том, - Фрунзе, 1984.

КЫРГЫЗ КАГАНАТЫНДАГЫ БИЙЛИК АТРИБУТТАРЫ ТУУРАСЫНДА

Мурат КОЖОБЕКОВ*

Кыргыз мамлекетинин калыптанышында жана андагы саясий, потестардык мамиленин өнүгүшүндө бийлик атрибутикасы маанилүү роль ойногон. Бийлик атрибутикасы менен саясий ритуалдын кошулушу бийликтин тышкы антуражы катары кызмат өтөп, ошол эле убакта ал калктын ишеничин аныктаган идеологиялык көрсөтмөгө айланат. Атрибуттардын иштелип чыгышы аркылуу, бийликтин статусун аныктаган маркер пайда болот. Бийлик атрибуттары калктын мамлекетке болгон купуя ишеничин белгилөө менен бирге бийликтин сакралдык мүнөзүн аныктайт. Ошондой эле, ал бийлик өкүлдөрүнүн сакралдык статусун белгилөө менен бирге идеологиялык милдеттерди аркалайт. Бул жагынан алганда атрибуттур бийлик өкүлдөрү менен жөнөкөй калктын ортосундагы айырманы көрсөткөн белги катары кызмат өтөйт. Экинчи жагынан ал калк менен бийлик арасындагы байланышты көрсөтөт. Анын негизги себеби, бийлик белгилери коомдо иштелип чыгып, аны эки тарап тең кабыл алган байланыштан кабар берет. Белгилүү болгондой элита ар дайым коомдун катардагы өкүлөнөн сырткы көрүнүшү жана рухий баалулуктары менен айырмаланып туруш үчүн аракет жасаган. Башында ал ритуалдык – этикет тармагын камтыган. Мисалы, башкаруучунун башкалардан айырмаланган кийими же тышкы жасалгасында белгилүү бир өзгөчөлүк берилген тышкы келбет эсептелген. Башкаруучунун жашоо образы, коомдогу символдук белгилердин канчалык деңгээлде таасирдүү орун алгандыгын айгинелей турган көрсөткүчкө айланат. Социалдык жиктелүү күч алган сайын башкаруучунун сырткы келбети менен кийген кийими, анын жасалгасы, курал–жарагында айырмачылык тереңдей берет. Башкаруучуга карата өзгөчө мамиле системасы иштелип чыгып, анын жашаган жери сакралдык маани ала баштайт. Өлкө өкүмдары үчүн өзүнчө жашоо жайы жасалып, анын жүрүм–турумунан баштап, коом ичинде коштогон абал өзгөрөт. Башкаруучу үчүн өзүнчө тамак–аш жасалып, анын айрымдары табу абалына жеткирилет.

Башкаруучу үчүн айрыкча этикет формасы иштелип чыгарылган. Коомдогу идеалдаштырылган мамиледен улам, башкаруучунун статусу сакралдык мүнөз алат. Өкүмдар жалаң башкаруу бийлигин жетектеп, өз тегерегине башкаруу чөйрөсүндөгү адамдарды топтойт. Ал, өз кезинде башкаруу бийлик аппаратын жаратат. Өкүмдардын бийлик статусуна ылайык, анын карамагында жардамчылар, кызматкерлер, чоролор административдик аппарат пайда болот. Алар башкаруучуну катардагы коомдун өкүлдөрү менен жакындашуусун чектейт. Өкүмдардын карапайым калк менен жолугушуусу регламенттештирилиши үчүн атайын ритуалдык системалар иштелип чыгарылат. Мисалы, мамлекет башчысынын тагына эч ким отура алган эмес сыяктуу, табулар символдук маани алган. Бул өз кезинде коомдогу бийлик атрибуттарынын иштелип чыгышына түрткү берет. Аларга өкүмдар жашаган жер, так, өздүк тамгалар, туулар, кийимдеги өзгөчө белгилер, бийлик инсигниялары, титулдар, куралдардын түрлөрү, саясий ритулардар, ат жабдыктары сыяктуу атайын белгилер топтому кирет.

Аталган баалуулуктар кыргыз калкынын кылым түпкүрүнөн келе жаткан мамлекет куруу салтында орун алып, алар коомдук жана саясий талаптарга ылайык иштелип чыккан. Кыргыз калкынын мамлекет түптөө традициясы адегенде Енисей этабында башталган. Кыргыз каганатындагы мамлекеттик символ жана эмблемалары кыргыз элинин аалам аңдоо түшүнүгү менен дөөлөт куруу салтынын негизинде калыптанганын белгилөө зарыл. Атрибут жана символ демекчи, ал адам баласынын аалам аңдоо түшүнүгүнүн жана табият менен коомдо жүргөн кубулуш, өзгөрүштөргө болгон алардын мамилесинин, көз карашынын негизинде турукташат. Ушул өңүттөн караганда да 22 кылымдык кыргыз тарыхында мамлекет куруу жөрөлгөсү менен кошо, мамлекеттик символдор шайкеш пайда болгондугун байкоо мүмкүн. Кыргыз өлкөсү башында б.з.ч. 3-кылымдан – б.з. 5-к. чейин Чыгыш Түркстан аймагында орун алган[1]. Бирок жазма булак маалыматтарын тартыштыгына байланыштуу алардын мамлекеттик уюму жана белгилери туурасында жыйынтыктуу ой айтуу кыйын. Анткен менен айрым тарыхый фактылар Кыргыз өлкөсүндөгү мамлекеттик символдордун алар адеп тарых саптарында эскерилгенден баштап эле иштеп чыккандыгын айтууга негиз берет. Асыресе, символдор бир элди же кайсыдыр бир топту башкалардан айырмалаш максатында колдонулат. Жоокерчилик заманда калктардын кагылышы балким, күн алыс болуп тургандыктан согушкан тараптар өз адамдарын майдан талаасындагы калаймандан айырмалаш максатында да желек, тууларды колдонууга киргизишкен. Албетте, согуш аракетин кол башчы жетектегендиктен анын өзүнүн туусу, миң башчыныкы өзүнчө болуп, ал символдук системанын иштелип чыгышына түрткү бергендиги байклаат. Аскер жетекчилеринен өзгөчөлөнүш үчүн өкүмдар өзүнүн мамлекеттик белгилерин жараткан. Өлкө башчысынын жашаган жери, ордосу, туусу, тамгасы, кийими сыяктуу нерселер сакралдык маани алып, жүрө-жүрө алар жалпы коомдук түшүнүктөгү мамлекеттин символдоруна айланган.

Кыргыз тарыхына байланышкан айрым фактыларга сереп салсак биз, анда ушул өңүттөгү өнүгүү жүргөндүгүн байкайбыз. Б.з. 3-к. окуяларды чагылдырган кытайдын «Вэй лио» жазма булагына караганда

* т.и.к., доц., Кыргыз – Түрк Манас университети, Гуманитардык факультет, тарых бөлүмү, Бишкек, Кыргызстан.

[1] Боровкова Л. А. Запад Центральной Азии во II в. до.н.э. (историко – географический обзор по китайским источникам). – М., 1989. – Б. 61-62; Худяков Ю. С. Кыргызы в Восточном Туркестане// Источники по средневековой истории Кыргызстана и сопредельных областей Средней и Центральной Азии. – Б., 1991. – Б. 110.

Кыргыз өлкөсүнүн 30 миң аскери болгон[2]. Кыргыз калкынын өз аскерин күтүшү демек, анда жагоруда айтылган белгилердин колдонулгандыгын далилдейт. Мындан тышкаары, аскер өлкө чегин коргоп, ички бейпилдикти камсыз кылат. Аскер иши өлкө эркектери үчүн биринчи ыйык милдет саналган. Ар бир эресеге жеткен жигит «эр» саналып, колуна курал кармап, өлкө чегин коргогон[3]. Эрлердин башка калк өкүлдөрүнөн айырмасы тышкы келбети аркылуу белгиленген. Мисалы, эркектер кулагына сырга тагышкан. Кытай булактары алардын сыймыктуу жана туруктуулугун айрыкча белгилешкен[4].

Түштүк Сибирде Кыргыз каганаты курулгандан кийин мамлекеттик символдордун кадыресе иштелип чыккан. Жазма булак маалыматтары, археологиялык материалдар менен эпитафиялык эстеликтер көрсөткөндөй, Кыргыз каганатында татаал символдук система кабыл алынган. Енисей өрөөнүндө кыргыз ханы үчүн Кара тоонун этегинде өзгөчө ордо курулган. Ал жерге кагылган жоон кыска мамылар менен курчалган[5]. Мамлекет башкаруучусу үчүн өзүнчө обочолонгон территориянын бөлүнүшү, бийлик статусун эле белгилебезден, ал саясий бийлик иерархиясынын пайда болгондугунан кабар берет. Бийликтин мындай даражасына ылайык, мамлекеттин борбору сакралдык статус алган. Борбордук ордонун бекемделиши коргонуу жана коммуникациялык каражаттарга болгон муктаждыкты жаратkan. Ал биринчи кезекте, материалдык жана адам ресурстарына байланышкан объективдүү чыгым болсо, экинчиден–алардын ортосундагы байланышты камсыз кыла турган символдук системаларга болгон талапты пайда кылат. Ордонун өзүнчө орун алышы, атайын потестардык жана ритуалдык атрибуттардын иштелип чыгышына өбөлгө болгондугу байкалат. Мусулман авторлорунун белгилөөсүнө караганда, кыргыз каганынын көзүнчө жашы кырктан аша элек адамдар отура алган эмес[6]. Кытай булактарында: «Мамлекет жетекчиси Ажо аталгандыктан, Ажо деп чакырылат» деп айтылат[7]. Тарых илиминде Ажо термини туурасында ар кандай көз караштар бар. Айрым окумуштуулар, *ажэ* терминин кытай тилинен äńär түрүндө чечмелеп, аны байыркы түрк титулу ïnal менен жакындатышат[8]. Ал эми, кытайтаанычу Е. И. Кычановдун пикирине караганда, кыргыздардардын башкаруучу үйү, б.а. династиясы Ажэ аталган[9]. Балким, Ажо сөзү кыргыз коомчулугундагы бийликтин сакралдык мүнөзүн белгилөө максатында колдонулган термин болушу ыктымал. Ошондуктан, кыргыздар менен уйгурлардын мамилеси курчуган маалда, кыргыз Ажосу өзүн «каган», теги түргөш энесин ханыша, карлук ханынын кызы болгон аялын – ханайым деп жар салса керек[10]. Кыргыз калкы үчүн өкүмдардын бийлик статусу символдук маани алып, ага кадырлоо менен мамиле жасалгандыгы Ажэ терминининен байкалат. Мындан улам, башкаруучу бийлик өкүлү жана ал жашаган аймак кыргыз калкы үчүн ыйык символ катары эсептелген.

Башкаруучу орун алган ордонун обочолонтуп тигилиши бийликке болгон кадырлап урматто мамилесинин пайда болгондугунан кабар берет. Калк ордону бийликтин борбору катары кабыл алып, аны болгон күчү менен коргоого аракет жасагандыгы коммуникациялык курулуштан улам ачык байкалат. Кыргыз коому ордону бийлик атрибутуна айландырып, анда жашаган өкүмдардын бийлик ыйгарымын сакралдаштырган. Ажонун көзүнчө адамдардын отура албашы, жүрүм – турум этикетинин иштелип чыккандыгынан кабар берет. Мындай көрүнүш кыргыз коомундагы бийлик менен калк ортосундагы алаканын регламенттешкен мүнөзүн айгинелейт.

Ар бир символ өз мезгили үчүн маанилүү дегендей, Кыргыз мамлекетинин ордосу кагандык регалийге кирет. Регалий башында падышалык бийликтин атрибуту эсептелсе, кийин ал өзүнчө комплекстик символдук системага айланат. Алардын бири, өкүмдардын көзүнчө отурбоо этикети бийликтин иерархиялык негизде бөлүнгөн мүнөзүн көрсөтөт. Кыргыз коомунда өкүмдар үчүн өзүнчө орун камдалса керек. Балким, ал так болушу да толук ыктымал. Так элитанын айрыкча абалына аныктаган бийлик символу эсептелет жана ал байыркы мезгилден бери колдонулган бийликтин универсалдык мүнөзүн аныктаган белги болгон. Так коомдогу эле эмес, элита ичиндеги иерархиялык мамилени регламенттештирген. Өкүмдар атайын жасалган орундук же болбосо бир бийиктикте отурган. Мындай көрүнүш аны башка коом өкүлдөрүнөн эле айырмалабастан, тактын символдук атрибутикасы аркылуу бийликтин жогорку статусу аныкталган. Өкүмдардын тагы коомдогу кандайдыр бир жүрүм – турум этикасынын иштелип чыгышына түрткү бере турган объект болгон. Ал адегенде статустук мамилеге байланышып, так алдында жүгүнүү, таазим кылуу, тикесинен туруу, такка жакындабоо же өкүмдарга түз кайрылууга тыю салынуу сыяктуу нормативдик этикеттин кабыл алынышына негиз болуп берет. «Тайпин хуаньюй цзи» булагында карапайым калктын каган бар жерде баш кийимин ала тургандыгы кабарланат жана ал сарай этикетинин далили боло алат[11]. Өкүмдар үчүн жасалган так кыязы, кыргыз өкүмдары жашаган ордодо орун алган шекилди. Кыргыз ордосу Мидичжи аталып, ал тышы кийиз менен курчалган бир канча чатырлардан куралган[12]. Кыргыз элитасы бийликтин потестардык жана сакралдык мүнөзүн толугу менен кабыл алганы байкалат. Мисалы, кыргыздардын калган бийлик төбөлдөрү хан

---

[2] Супруненко Г. П. Некоторые источники по древней истории кыргызов// История и культура Китая (Сборник памяти академика В. П. Васильева). – М., 1974. – Б. 237.

[3] Кар.: Малов С. Е. Енисейская письменность тюрков. – М.; Л., 1959.

[4] Бичурин Н. Я. Собрание сведений о народах, обитавщих в Средней Азии в древние времена. – М.; Л., 1950. – Б. 351.

[5] Ошондо эле. – Б. 352; «Худуд ал-Алам» кол жазмасында «Хакан турган жерден башка аймактарда шаарлар да, кыштактар да жок» экендиги белгиленген// МИКК. К. 1. – Б., 2002. – Б. 64.

[6] Йакут ал-Хамави. «Муджам ал-булдан»// МИСЦА. Ташкент, 1988.. – Б. 82.

[7] Бичурин Н. Я. Ат. эмгек. – Б. 352.

[8] Яхонтов С. Е. Древнейшие упоминания названия «киргиз» // СЭ, 1970. - № 2. – Б. 119-120.

[9] Кычанов Е. И. Аппарат управление у енисейских кыргызов (по китайским сведениям) // ИСИКСОСЦА. – Б., 1991. – Б. 54.

[10] Бичурин Н. Я. Ат. эмгек. – Б. 355.

[11] Кюнер Н. В. Китайские известия о народах Южной Сбири, Центральной Азии и Дальнего Востока. М., 1961. – Б. 58.

[12] Бичурин Н. Я. Ат. эмгек. – Б. 352.

ордосунан обочолонгон жерге жайгашып, алар жашаган чатырлардын санжыргасы хандыкынан жупуну жасалган. Мындай көрүнүш кыргыз элитасынын бийлик таңуулаган сценарийге көнгөндүгүн көрсөтөт. Бийлик символу эсептелген ордо менен калган элита өкүлдөрү теңата болуп атаандашкан эмес. Байлык жана бийлик функцияларынын жетиштүү ресурстарына карабастан, элита мамлекеттин атрибуту саналган ордого аздектеп мамиле жасаганы анын сакралдык деңгээлге жеткирилгендигинен кабар берет.

Кыргыз коомунда өкүмдар менен мамлекттик бийлик бирдей даражада кадырлап–баркталган. Мисалы, мамлекетте кыргыз өкүмдары гана буудайдан жасалган шарап иче алган. Тамак – ашка киргизилген табу адам коомундагы архаикалык түшүнүктөргө жараша иштелип чыккан. Тыю салуу магиялык ритуал менен байланышат. Кыргыз коомундагы буудайдан жасалган шарапка табунун киргизилиши, каган колдонгон өсүмдүккө байланыштуу гомеопатикалык формадагы магиялык ритуалдын колдонулгандыгын айгинелейт. Анын негизги себеби, коомдо кабыл алынган магиялык элементке ылайык, ар кандай формадага тыю салуу жана табу эементтери иштелип чыккан[13].

Кыргыз каганы кышкысын киштин терисинен жасалган тумак, жайкысын төбөсү бийик, уч жагы бүктөлүп, кыры алтын менен кыргакталган калпак кийген[14]. Калган адамдардын кийизден жасалган жөнөкөй калпак колдонушу, кыргыз коомундагы ырааттуу иерархиянын киргизилгендигинен кабар берет. Кыргыз каганы үчүн атайын ордо тигилип, анын кийген кийими менен ичкен тамагынан тарта жүрүм – турум нормасына чейинки чектөөлөрдүн киргизилиши, мамлекетте сарай этикети орун алгандыгын билдирет. Калпактын жасалышы жана анын жасалгалык түрү кыргыз каганын башка калк өкүлдөрүнөн айырмалап турган. Калпактын бийик формасы бийлик статусун аныктаган жана анын ээсинин карапайым калктан жогору турган ордун көрсөткөн. Башка коом өкүлдөрү үчүн мындай баш кийим кийүүгө тыю салынышы, каган кийген калпактын мамлекеттик символдук маани алгандыгын айгинелейт.

Кыргыз каганатындагы негизги мамлекеттик символдордун бири – албетте туу эсептелген. Кыргыз туусунун түсү туурасында илимде ар кандай маалыматтар айтылып келет. Балким ал мамлекеттин этносаясий тарыхынын өнүгүү этаптарын да чагылдырышы мүмкүн. Руникалык эстеликтерде кыргыздардын туусу кызыл болгондугу белгиленет. Элегеш эстелигинин карманы «Köpт äl kan ал уруңу[15] – Мамлекетимдин кызыл кооз туусу», деп сыймыктануу менен туунун түсүн белгилейт.

Кытай булагында Ажонун туусу сайылгандыгы кабарланып, Н. Я. Бичуриндин эмгегин басмага даядаган Н. В. Кюнер менен А. Н. Бернштам шилтемеге «туу ак сарайдын эшигинин оозуна орнотулган» деген тактоо киргизишкен[16]. Кыргыз руникалык эстеликтериндеги кыргыз өкүмдарынын туусу кызыл түстө деген маалыматты кытайдын «Тайпин хуаньюй цзи» булагы да тастыктайт. Кытай авторлору кыргыз мамлекетинде желектер менен туулар колдонулгандыгын жана Ажэ штандарт орнотуп, анын алды кыпкызыл түстө экендигине көңүл бурушкан[17].

Араб автору Абу Дулефтин «Рисале» эмгеги X кылымда жазылып, автор анда кыргыздардын туулары жашыл түстө экендигин кабарлаган[18]. Айрым изилдөөчүлөрдүн пикирине караганда, туунун өңүнүн өзгөрүшү кыргыздардын IX к. экинчи жарымында Чыгыш Түркстанга чыгышына байланышкан саясий окуянын жыйынтыгы болушу мүмкүн[19].

Мында эки нерсеге айрыкча көңүл буруу зарыл. Биринчиден, кытай авторлорунун маалыматтары кыйла эрте мезгилге тиешелүү болсо; экинчиден, Абу Дулефтин жазганы IX-X кк. кыргыздар башынан кечирген окуяларды чагылдырган. Кытай авторлорунун кабарынан байкалгандай Кыргыз мамлекетинин туусуунун түсү асты кызыл, ал эми үстү жагы кандай түстө экендиги белгисиз. Балким, туунун өңүн сүрөттөлүш кабарына караганда, Кыргыз каганатынын мамлекеттик туусунун жогорку бөлүгү ак болушу да мүмкүн.

Анткен менен кыргыздар өздөрү жазган руникалык эстеликтерде өлкөнүн туусу чымкый кызыл болгондугу кабарланат. Жогоруда белгиленген Элегиш менен Чакуль эстеликтеринин каармандарынын эскерүүлөрү бири – бирине үндөшүп кетет. Акыркы карман өзүнүн бийлик статусун: «Ал уруңу тутуk bän» - «Мен кызыл туунун тутугу элем»[20] деп көрсөтөт. Демек, кыргыздар өз мамлекетинин туусун кызыл деп белгилешет жана буга кандайдыр бир деңгээлде кытай авторлорунунун маалыматтары да үндөшүп кетет. Кытай хронисттери жазган асты кызыл кыргыз туусу балким, өлкө өкүмдарынын хандык штандарты болушу толук ыктымал. Ал эми Абу Дулеф жазган жашыл түстөгү кыргыз туусу болсо, IX-X кк. өткөн саясий окуяларга жана кыргыз коомунда жүргөн кескин бурулушка байланыштуу болсо керек. Кыргыздар IX к. ортосунда Уйгур каганатын талкалагандан кийин, алардын бир бөлүгү мурдагы ата-бабаларынын жери деп эсептелинип келген Чыгыш Түркстанга жер которушкан.

Элдердин Улуу көчү жана кыргыз коомунда орун алган олуттуу өзгөрүүлөр туурасында Тахир ал Марвазинин «Табаи ал-хайаван» эмгегинде кабарланат. Чыгарма XII к. башталыш мезгилинде жазылып, анда кыргыздардын мусулман дининин таасирине кабылгандыгы көрсөтүлөт. Тахир ал-Марвази кыргыздардын байыркы ишениминдеги өзгөрүү жүргөндүгүн ачык жана так көрсөткөн. Анын айтымында, кыргыздар

[13] Фрезер Дж. Дж. Золотая ветвь. Исследование магии и религии. – М., 1980. – Б. 39-40.
[14] Бичурин Н. Я. Ат. эмгек. – Б. 352.
[15] Малов С. Е. Енисейская письменность. – Б. 26.
[16] Бичурин Н. Я. Ат. эмгек. – Б. 352.
[17] Кюнер Н. В. Китайские известия. – Б. 60.
[18] Григорьев В. В. Об арабском автору X века, Абу-Долефе, и странствовании его по Средней Азии// ЖМНП, 1872. – Б. 34.
[19] Худяков Ю. С. Кыргыз туулары// Мурас, 1993. – № 5-6. – Б. 10.
[20] Малов С. Е. Енисейская письменность. – Б. 38.

«мусулмандарга коңшу жашагандан тарта өлгөн адамдарын көмө башташкан»[21].

Мамлекеттин символдорунун бири болгон туу хандык бийликтин негизги көрсөткүчү эсептелген жана ал Ички Азия калктарында кеңири колдонулган. Махмуд ал-Кашгаринин «Диван Лугат ат-турк» чыгармасында «түг - تُوغ - желек» дегенди билдирген. Айтылуу аалымдын айтымында, алар үчүн тогуз деген сан куттуу эсептелгендиктен, ээлик жана жогорку даражалар арбын болсо да туунун саны тогуздан ашкан эмес[22].

Академик В. В. Бартольд тууну хандык бийликтин тышкы белгиси катары көрсөткөн. Ошондой эле, ал Махмуд ал-Кашгаринин маалыматына таянып, тогуз туулу хандыкты эң кубаттуу бийлик деп эсептеген[23].

Туунун түсүнө байланышкан маалыматтарга караганда, Кыргыз каганатында алардын бир канча түрү колдонулган же болбосо, түстүк семантика кыргыздардын этносаясий тарыхындагы өнүгүү этаптарын чагылдырган көрүнүш болушу мүмкүн. Түстүк семиотика темасына кайрылган изилдөөчүлөр, калктын жашоосунда өң символикалык роль ойной тургандыгына көңүл бурушат. Казакстандык окумуштуу А. Ж. Мухатаева өң - туу, герб жана аскердик белгилерде чагылдырыла тургандыгын белгилейт. Окумуштуунун оюна караганда, казак эпосунда айтылган туунун түсүнө байланышкан маалыматтардын символдук мааниси бар. Мисалы, ак туу менен ак желек – «тынчтык жортуул», жашыл туу – «мусулмандардын тилектештиги», кара байрак – «чечкиндүү согуш» же «аза күтүү» белгисин билдирет[24].

Кыргыз тууларынын башында кызыл өңдө жасалганы байыркы мезгилден келе жаткан түстүк түшүнүккө байланышса керек. Алсак, байыркы перстер, скифтер менен массагеттер кызыл түстү аскердик каармандыктын белгиси катары санашкан. Римдик полководецтер болсо, триумф маалында денесин кызыл түскө, б.а. жеңиштин өңүнө боёшкон[25].

Кытай авторлорунун кыргыз туусунун алды жагы кызыл деп, үстүңкү тарабын белгилебей койгондугун биз, ал ак түстө болушу мүмкүн деп белгилеген элек. Байыркы кытайлыктар ак өңдү аза күтүүнүн түсү деп санашкан[26]. Балким, мындан улам кытай авторлору түстүк семантикага байланыштуу кыргыз туусунун бир жагынын өңүн көрсөтбөй коюшкан чыгаар.

Кыргыз туусунун кийинки өңүнүн өзгөрүшү кыргыздардын этносаясий тарыхына байланышкан көрүнүш. Казак окумуштуусу белгилегендей, Түркстан калктарында жашыл түс «мусулмандардын тилектештигин» белгилеген. Ошондуктан Тахир ал Марвазинин «Табаи ал-хайаван» эмгегиндеги маалыматты биз кыргыздардын Чыгыш Түрстандагы этникалык тарыхы менен байланыштыраар элек.

Мисалы, ушул мезгилде Чыгыш Түркстанда жашап жана жергиликтүү калктардын түстүк түшүнүгүн мыкты билген Махмуд ал-Кашгари, кызыл, сары өңдөгү туунун жакшылык жышааны деп саналаарын белгилейт[27]. Кыргыздардын кызыл түстөгү жакшылык белгини туюнткан туусун жашылга өзгөртүшү, күтүүсүз саясий кысым же атайын жасалган идеологиялык таасир болушу мүмкүн. Андай таасир тууурасында Тахир ал Марвази жетиштүү деңгээлде маалымат бериши биздин ойду бекемдей алат.

Кыргыздар тууну мамлекеттик символ да, аскерди башкаруу белгиси катары да колдонушкандыгын Түштүк Сибирдеги петроглиф эстеликтерден билсек болот[28]. Кыргыздар булл мезгилде туну кездемеден жасашкандыгы байкалат. Мисалы, Махмуд ал-Кашгари да туунун парча же жибектен жасалышына көңүл бурган[29].

Айрым окумуштуулар туу терминин кытайдын *tuγ* << *duk* сөзүнөн монгол-халхасчага *түг* «желек» болуп кабыл алынган деп эсептешет[30].

Кыргыз каганатынын бийлик атрибутикасына байланышкан суроолор топтому терминологиялык жана семантикалык проблемаларды камтып, ал этникалык жалпы маданиятты чагылдырат. Бийлик атрибуттарынны иштелип чыгышы менен башкаруу бийлигинин легитимдеши ортосундагы тыкыз байланыш бар. Ар бир саясий өнүгүү баскычында коомдун талабына ылайык ал өзгөрүп турушу ыктымал. Мындай кубулуш Кыргыз каганаты үчүн да мүнөздүү көрүнүш болгон.

---

[21] Sharaf al Zaman Tahir Marwazi on China, the Turks and India/V Minorsky - Arabic text (circa AD 1120) with an English translation, London 1942. – Б. 30.

[22] Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-турк. Алматы, 2005. – Б. 835.

[23] Бартольд В. В. Двенадцаь лекций по истории турецких народов Средней Азии. Т. V. М., 1968. – Б. 101.

[24] Мухатаева А. Ж. Этнолинвистическое изучение лексики казахского эпоса (сфера материальной культуры). Автореф. кан. дис. – Алма-Ата, 1989. – Б. 23.

[25] Будаева Д. Р. Цветообозначение в политическом дискурсе // Лингвокультурология, 2011. - № 5. – Б. 16.

[26] Немыкин. Символика цвета // Вестник АлтГТУ им. И. И. Ползунова, 2010. - № 1-2. – Б. 48.

[27] Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-турк. – Б. 835.

[28] Кар.: Худяков Ю. С. Вооружение енисейских кыргызов VI-XII вв. – Новосибирск, 1980. – Б. 134-135.

[29] Махмуд ал-Кашгари. Диван Лугат ат-турк. – Б. 835.

[30] Владимирцов Б. Я. Сравнительная грамматика монгольского письменного языка и халхаского наречия. Введение и фонетика. – Л., 1929. – Б. 159; Малов С. Е. Памятники древнетюркской письменности. – М.; Л., 1051. – Б. 433; К. К. Юдахин тарабынан даярдалган сөздүктө да туу термини кытай тилинде желек дегенди туюнтаары көрсөтүлөт. Кар.: Кыргызча – орусча сөздүк. – М., 1965. – Б. 771.

BİR KEZ DAHA "ACO" ÜZERİNE,
YENİSEY KIRGIZLARININ HÜKÜMDAR UNVANI 阿熱 = İNÄL MIYDI?

RISBEK ALİMOV•

Если историю народа пишет историк, рожденный этим народом, пишет на родном языке, которому соответствует каждая буква и знак письменности, эта история, надо думать, не будет искажена. Если же историю одного народа пишет другой народ, то эта история уподобляется невольнику, связанному по рукам и ногам. От недостаточного знания языка, от несоответствия и отсутствия некоторых букв искажаются имена, слова, а, следовательно, и сам смысл. Много непоправимых нелепостей появляется при переписке»

(Из древней истории кыргызов. В кн.: Кыргызы. Источники. История. Этнография. Бишкек, 1996)

1. Giriş

Çağdaş Kırgızcada "devlet başkanı, devletin lideri" anlamında kullanılan aco (ажо) sözcüğü özellikle bağımsızlıktan sonra Kırgızcada yaygınlık kazanmış ve son yıllarda yayımlanan Kırgızca sözlüklerde de "1. Erken Ortaçağda Kırgız Kağanlığı hükümdarının unvanı; 2. Cumhurbaşkanı" anlamlarıyla kendine yer edinmiştir. İlkin Abdullayev ve İsayev'in (1969: 21) Kırgız Tilinin Tüşündürmö Sözdügü'nde ажа [aca] şekliyle "тар. башкаруучу" [(tar.(ihî terim) hükümdar"] anlamında yer alan sözcük, daha sonra Karasayev'in (1986: 19) Özdöştürülgön Sözdör'ünde ажа/ажоо [aca/aco:] şekliyle görülür. Sözcük bilahare Krippes'in (1998: 14) Kyrgyz–English Dictionary'sinde, son olarak da Kırgızistan Bilimler Akademisi Dil ve Edebiyat Enstitüsü heyeti tarafından yayımlanmış olan akademik Kırgız Tilinin Sözdügü'nde (2010: 32) ажо [aco] imlası ve mezkûr anlamlarla kaydedilmiştir.

Konuyla ilgili bir önceki yayımımızda aco'nun Kırgızcayla ilgili leksikografik çalışmalarda yer edinmiş bir hayalet sözcük (ghost word) olduğunu yazmıştık (bk. Alimov 2011: 43-50). Söz konusu yazımızda bu durumun Tang dönemine ait Çin kroniklerinde Kırgız hükümdarlık unvanı olarak geçen 阿熱 (Pinyin: ā-rè; IPA: á-ʐɛ̂/á-ʐɤ) sözcüğünün bu kaynakları Rusçaya kazandıran Biçurin'in, çevirilerinde Rusçaya uyarlayarak benimsediği ажо (IPA: aʐo) transkripsiyonunun Kırgızcaya ажо (IPA: adʒo) olarak keyfi uyarlanmasından kaynaklandığını ifade etmiştik Bununla birlikte aynı sözcüğün bazı Kırgız sözlüklerinde Kırg. aca/aca:(< ET. eçi) "hısım akraba, köy kasaba halkı arasında sözü geçer kimse, eşraftan bir kimse" sözcüğüyle de karıştırıldığı görülür.Halbûki Kırg. aca/aca: < ET. eçi (IÇ) "yaşça büyük kimse, ağabey, amca vd." (bk. EDPT 20ab). Üstelik Kırgızcada içseste ç>c ötümlüleşmesine hiç rastlanmaz, bu yüzden Kırg. yalnızca kuzey ağızlarında görülen aca/aca: sözcüğünün (bk. Mukambayev 2009: 79) diğer Türk dillerinden alıntı olmalıdır, krş. örneğin, Kaz. aca "id." (bk. Januzakov 1999: 17), Tuv. aca/aca: (bk. Tatarintsev 2000: 155-156).

Bu yazıda Çin kroniklerine göre Erken Ortaçağ Kırgız hükümdarının unvanı olarak gösterilen mezkûr sözcük ele alınacaktır. Yazar ajo/aco'nun yalnızca sözlük değil, aynı zamanda tarih araştırmaları açısından da bir fantom olduğu üzerinde duracak ve ilgili Çin kroniklerinde bu unvanı karşılayan 阿熱 karakterlerinin Orta Çinceye göre fonetik rekonstrüksiyonuna dayanarak onun Eski Türkçe hangi unvanın Çince transkribe edilmiş hali olduğunu ispatlamaya çalışacaktır.

2. Konunun Geçmişi

Tang dönemi Çin kroniklerinde 阿熱 olarak yer alan bu sözcüğün Kırgız tarihiyle ilgili Rusça kaynaklarda ajo şeklinde yer almasını Biçurin'e borçluyuz. . Biçurin, yukarıda da değindiğimiz gibi, Orta Asya halklarıyla ilgili Tang dönemi Çin kroniklerinden derlediği çevirilerinde Kırgız hükümdarının unvanını ajo olarak gösterir (bk. Biçurin 1851: 445).

Tarihî Çin kronikleri açısından Rus dilli tarihçiler için başlarda yegâne kaynak olmasının etkisiyle de olsa gerek, Biçurin'in Rusçaya olabildiğince uygun hale getirerek ajo olarak verdiği transkripsiyon Rusça ve büyük ölçüde Rusça yazılmış bilimsel kaynaklardan beslenen diğer dillerdeki tarih araştırmalarında artık "Çin kaynaklarına göre VII-IX. yy.da Kırgızların hükümdar unvanı" olarak yerini almıştır (örneğin, bk. Barthold 1963: 18; Butanayev-Hudyakov 2000: 71).

Tang dönemi Çin kronikleri dışında başka tarihî kaynaklarda görülmeyen bu unvan çok sayıda araştırmacının dikkatini çekmiş, bu yüzden de söz konusu sözcüğün kökeni ve anlamı üzerinde çeşitli görüşler ortaya atılmıştır. İlk olarak Schott (1865: 434) sözcüğü ET. ata ile bağdaştırmaya çalışmış ve anlamının muhtemelen "baba" (ülkenin babası) olabileceğini iddia etmiştir. Tarihçi onu aynı anlamdaki Samoyedce (bugünkü Nenetsçe) ässe ve aetsea, Lappça (bugünkü Saami dili) aćće ve Moğolca eći (> ećige) "baba" sözcüklerinin bir farklı varyantı olduğu görüşündedir. L. Kızlasov da çeşitli zamanlarda (örneğin, 1992: 213-219) aynı sözcüğün Samoyedce ässe'den geldiğini ve anlamının da "ülke babası" olduğunu savunmuştur. Aslında onun bu görüşü Schott'un önerisinin bir tekrarıdır. Diğer yandan L. Kızlasov (1994: 29-48) ajo sözcüğünün Hakaslar arasında son zamanlara kadar kullanıldığını ve delil olarak da 1701 tarihli Rusça kaynaklarda geçen Hakasların Yezer boyuna mensup mahkeme hakimi Boti-ajo adını gösterir. Ancak daha Barthold'un (1963: 18) belirttiği gibi, bu görüşü ilk dillendiren N. N. Kozmin olup, onun kullandığı Rus arşiv kayıtlarında sözcüğün ilk imlası ojo (ожо; diğerleri ajo (ажо) ve oca (оджа) biçimindedir (bk. Kozmin 1925: 29-30). Üstelik Butanayev'in de (bk. Hudyakov-Butanayev 2000: 126) de belirttiği gibi XVIII. yüzyıla ait Hakaslarla ile ilgili

---

• Yrd. Doç. Dr., Mardin Artuklu Üniversitesi, Mardin, Türkiye, alimoff@gmail.com

tarihî kaynakların hiçbirinde böyle bir unvana rastlanmaz. Tarihçi ayrıca Boti-ojo adındaki ikinci unsurun Çin kroniklerindeki ajo'dan değil, ET. eçi'den geldiği görüşündedir.

«Орто Азиялык» көчмөн кыргыздар убак-убагы менен жашаган жерлерин которуп турушкан. Мухаммед Хайдердин «Тарих – и Рашиди» эмгегинде «Орто Азиялык» кыргыздар азыркы жайгашкан жерлеринде XVI к. эскертилгендиги жөнүндө маалымдайт. Бирок мурунку убактагы ар кандай көчүп-конуулар жөнүндө автор маалымат бербейт[28]. Н.Н.Тумановичтин жазганына караганда, Монголистандын алгачкы тарыхында кыргыздар эскертилбейт. XVI к. биринчи чейрегиндеги болуп өткөн окуяларда алар (кыргыздар) моголистандын негизги калкы катары – Талас өрөөнүнөн тартып батышка карай чыгышка чейин жана чыгышта Турфанга чейин, түштүктө Кашкар, түндүктө болсо «иле» чөлкөмдөрүндө жайгашкан. Негизги жашаган аймагы катары Ысык-Көл эсептелинет. Бирок кыргыз уруулары ар кандай шарттарга байланыштуу батыш жакта Талас жана чыгышыраак жакта Турфан аймактарында көчүп-конуп жүрүшчү. XVI к. башында кыргыздар моголдордун жеринде үстөмдүк кылып аларды Кашгар жакка сүрүп чыгарышат. Саид-Хандын аскер жоокерлери пайда болуп жиберилген убакта кыргыздар чачырап жана моголистандын эң ыраак аймактарында кайрадан пайда болушкан[29].

«Орто Азиялык» кыргыздар бул жерлерде XV кылымдын экинчи жарымында көчүп жүрүшчү эле. Мунун бирден-бир себеби болуп калмактар менен кагылышуусун божомолдойт.

Кыргыздарды Мухаммед Хайдер «Моголистандын токой (жапай) жолборстору»[30] деп атаган. Мындай айтылгандын себеби мүмкүн «Орто Азиялык» кыргыздар Тянь-Шандын тегерегиндеги токой аймактарында жашагандыгын көргөзгөн.

«Орто Азиялык» кыргыздардын Моголистандын ички аймагына жана батыш-чыгыш жака көчүшү кандайдыр-бир деңгээлде уруу, уруктардын баш ийиши эле. XVI кылымда же кийинчерээк болжолу менен «алгачкы ичкилик» тобу пайда болгон, жана кийинчерээк «ичкилик» деп аталып, кыргыздын бир бөлүгү катары таанылган. Бул бирикменин негизин Бул(а)гачы түзүшү мүмкүн.

Шараф ад-Дина Йездинин «Зафар-наме» китебинде (XV к. биринчи жарымы) «Тимурдун жоокерлерин моголистандын бардык тараптарына жиберилиши, Джете улусун жоготконго багытталган» Худайд Хусайин менен Мубашшир-бахадурдун жоокер башчылары «Кумартакуну жол көргөзгүч кылып, Уручку аркылуу 20 миң курама жоокери менен жолго түшкөн. Бикут деген жерге жеткенде алар Бул(а)гачы–вилкар эли менен

---

[20] Рашид ад-Дин. Сборник летописей. М.-Л. 1952.Т.1. Кн. 1, с. 135-136.
[21] Ошол эле эмгекте...150-б.
[22] Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973. с. 155.
[23] Ошол эле эмгекте...с.155.
[24] Ошол эле эмгекте...с. 207-208.
[25] Ошол эле эмгекте...с.208.
[26] С. М. Абрамзон. Киргизы и их этногенетическиеикуль-ые связи. Ф. 1990. с. 61-62.
[27] Ошол эле эмгекте...62-б.
[28] Н.Н. Туманович. Сочинение мирзы Мухаммеда-Хайдер "Тарих-и Рашиди" - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркски народах. Ф. 1973. С.75.
[29] Н.Н. Туманович. Сочинение мирзы Мухаммеда-Хайдер "Тарих-и Рашиди" - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркски народах. Ф. 1973. С.84-85.
[30] Н.Н. Туманович. Сочинение мирзы Мухаммеда-Хайдер "Тарих-и Рашиди" - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркски народах. Ф. 1973. С.79.

жолугуп чоң согуш болду»[31]. Ушул маалыматтарга таянсак Бул(а)гачы Или дарыясынын аймактарында жайгашкан, жана ушул эле булактарда айтылгандай Тимурдун буйругу мененанын Эмирлери «Или дарыясын кечип өтүп», бул(а)гачы элин издешкен, «ошол аймактардын бардыгын карап чыккыла»[32]-деген талап койгон. «Маджму ат-таварих» бир нече ирет бул(а)гачи урусун эскертет, көбүнчө уруунун аттарын: бостон, тейит, жоо-кесек, дөөлөс, кыдырша жана кан(г)ды. Бул кыргыздардын урууларынын негизин түзөт. Кийинчерээк бул топ «ичкиликтер» деп аталган[33].

«Маджму ат-таварихте» Бул(а)гачиндердин уруу башчысы Салус-бек Бул(а)гачы (Ак-Огуланын) Ак-уулдун баласы катары сүрөттөлөт. Мүмкүн, Бул(а)гачы өзүнүн келип чыгышында кыргыздардын оң канаты менен байланыштуу б.а. ошолордон келип чыккан. Же Бул(а)гачы урусунун топтору кыргыздардын оң канатынын карамагында болуп ага баш ийишчү.

Дагы бир нерсени эскерте кетсек бул(а)гачы кытай булактарында белгиленген моуло урусу болушу мүмкүн, алар болсо VII к. Тянь-шань тоо тизмегинин Боро-Хоро тоосунун аймагында турушчу[34]. Моуло кытай булактарында булаг деп берилет. «Матла» «ас-са» дайн ва маджма аль-бахрайн» Абу ар-раззака Самарканди» белгилегендей «Тимурдун могулистанга аттангандагы (болжолу менен 1388-89-жж) аңгемесинде «бул(а)гачы-викале»[35]мүмкүн булагалар менен согушкандыгы жөнүндө айтылат. «Маджму ат-таварихте» бул(а)гачиндин уруу башчысы болуп Салусбек бул(а)гачи аталат. Ошону менен бирге VII к. орто ченинде карлук бирикмесинин ичинде, кытай булактарына таянып: чжисы же пофу уруулары эскерилет. Алар болсо булагтар менен ташлыктардын ортосунда жайгашкан «түштүк жакта Джунгардын чөлдүү аймактарына чейин». Чжисы же пофукытай булактарында чигил же себек[36] деп берилет.

Дагы «Зафар-наменин», «Тимурдун Тохтамышка чабуул салган» аңгемесинде бул(а)гачи менен катар салучи эли жөнүндө маалымат берилет. Мындай деп айтылат: Тимурчулар «жолго түшүп бул(а)гачи жана салучи жөнүндө маалымат угалы дешкен[37]. «Матла ас-са дайн ва маджма аль-бахрайн», «Тимурдун моголистанга жортуулу (1388-89 жж) деген аңгемесинде, бул(а)гачи-салучи»[38].

Салус же салу (же Салусбек) болушу мүмкүн, Себек менен Салучи мааниси бир байыркы этникалык аты же сөз, жана жогоруда белгиленген уруулардын топтору, анын ичинде булаг, бул(а)гачи бири-бири менен байланыштуу. Булгаджи (мүмкүн, бул(а)гачи), Мухаммед Хайдердин («Та рих-и Рашиди») эскертилет, Ысык-Көл жакка жакын жерде[39] деп.

«Ичкилик» деген аталма, байыркы түрктүн «ичик» - салмактуу (ортого) сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн жана «народ» - эл, б.а., ичик – эл (иль)-лик, ичкилик, кыргыздардын оң жана сол канатына) эль. Жана ушул уруулардын мындай аталышы алардын ички аймакта жайгашып, кыргыздардын оң жана сол канатынын ортосунда ичкиликтерден түндүккө, чыгышка, чыгыш-түштүккө карай жайгашышкан. Жыйынтыгында, ички эл ичкилик деп аталышы мүмкүн эле, кыргыздардын оң жана сол канаты (ичкиликтер тарабынан) – аркалыктар деп, б.а. тышкы эл деп (ичкиликтерге).

Б.Солтоноевдин жазганына караганда, кыргыздардын оң жана сол канатына бөлүнүшү жөнүндө бабалардын айтканы боюнча Сатыке (Сатука ?) эки балалуу болот. Улуусунун аты Агул (Ак уул), кичүүсү Кубул (Куу уул)[40].

Биринчи варианты боюнча «Агул оң жагында жаткандыктан анын тукуму оң болуп аталсын» Кубул сол жагында жаткандыгы үчүн сол жана анын тукуму сол аталсын» деп энеси айткан.

Колдонулган адабияттар

Рашид ад-Дин. Сборник летописей. М.-Л. 1952.

Сборник летописей. История монголов. Соч.Рашид ад-Дина. Введ.: о тур. и монг. племенах. Перев.с перс. И. В. Березина. Труды Вост. отд. И.А.О., часть пятая. Спб. 1858.

Н. В. Кюнер. Новые китайские материалы по этнографии кыргызов (хакасов) VII-VIII вв. // Хакасский научно-исследовательский институт языка, литературы и истории. Записки. Выпуск II. 1951

В. В. Бартольд. Туркестан в эпоху монгольского нашествия. Соч. Т. 1. М. 1963.

Материалыистории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973.

С. М.Абрамзон.Киргизыиихэтногенетические икультурные связи. Ф. 1990.

Н. Н. Туманович. Сочинение мирзыМухаммеда-Хайдер "Тарих-и Рашиди" - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркски народах. Ф. 1973.

История Киргизской ССР. Т. 1. Ф., 1968.

Белек Солтоноев. Казак-кыргыз тарыхы. (Рукопись отдела истории. 1057).

[31] Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973.с. 140.
[32] Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973.с. 140-141.
[33] История Киргизской ССР. Т. 1. Ф., 1968. с. 204.
[34] История Киргизской ССР. Т. 1. Ф., 1968. с. 204.
[35] Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973. с. 156.
[36] История Киргизской ССР. Т. 1. Ф. 1984. с. 250.
[37] Материалы истории Кыргызы, Кыргызыстана. Ф.1973.с. 109.
[38] Ошол эле эмгекте... 156-б.
[39] Н. Н. Туманович. Сочинение мирзы Мухаммеда-Хайдер "Тарих-и Рашиди" - как источник по истории кыргызов Киргизии. В сб.: Арабо-персидские источники о тюркски народах. Ф. 1973. с. 96.
[40] Белек Солтоноев. Казак-кыргыз тарыхы. (Рукопись отдела истории. 1057). 122-123-бб.

XIX КЫЛЫМДЫН ОРТОСУНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН БОРБОРЛОШТУРУЛГАН МАМЛЕКЕТИНИН БАШКАРУУ СИСТЕМАСЫ

Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ*

XIX кылымдын биринчи жарымында кыргыз элинин бирдиктүү мамлекети жана анын саясий абалы жөнүндө көбүнчө орус архив документтеринен ынанымдуу маалыматтарды алабыз. Анда эмесе жаңы табылган жана мурдатан эле жарыяланган, бирок жаңыча талданган документтердин маазмундарына назар салалы.

1847-жылы 22-августа түзүлгөн архивдик маалымат боюнча «бүткүл кыргыз эли оң менен сол деп аталышат. Оң уруулар эки негизги сарыбагыш жана солто урууларынан турат... . Бул кыргыздар Или дарыясынын ары жагындагы Ала-Тоо тоолорундагы ***эч кандай (башка - Д.С.) өкмөткө таандык эмес*** жерлерди ээлешет жана аларды ата бабаларынын менчиги катары эсептешет. Эч кимдер менен (саясий көз карандылык - Д.С.) алакалары жок жана эч кандай алым (дань) төлөшпөйт, ***эч кимге көз-каранды эмес (ни от кого не зависимы)***. Сол уруулары - 10 уруудан турат: саяк, бугу, черик, басиз, адигине, багыш, кушчу, саруу, кытай. Бул кыргыздар кытай мамлекетине тиешелүү жерлерге маал-маалы менен барып көчүп конушат. Ал үчүн (арендага – Д.С.) акы төлөшөт. ***Бирок алар кытай төбөлдөрү эмес, эч кимден көз каранды эмес»***[1].

1851-жылы Императорлук орус география коомунун баяндамалары деген расмий журналында жарыяланган дарексиз автордун «Жапайы тоолук кыргыздар деген» макалада алардын саясий коомдук ахвалы (статусу – «орда») «ордо»[2] деп аныкталган, бул көптөгөн орус архив документтеринде 1848-1859-жылдар аралыгында такай,[3] кийиичерек 1863-1865-жылдарда сейрек жолугат[4]. 1856 - жылы кыргыздардын арасында болгон окумуштуу Шокан Уалихановдун «Кыргыздар жөнүндө» деген эмгегинде да ушул аныктама берилген[5]. Ошол эле жылдары дагы бир орус аскер адамы, котормочу Иван Бардашев (1831-1868-жж. жашаган) тарабынан жазылган маалыматында да ал жолугат[6] экен.

Махмут Кашгаринин XI кылымда түзүлгөн сөздүгүндөгү аныктамада «орду» бул «каган отурган шаар»[7]. XX кылымда түзүлгөн байыркы түрк сөздүктөрдө ал «хан турган жер» (орусча – резиденция хана)[8] делет. Белгилүү чыгыштаануучу Вениамин Юдинин (1928-1983-жж.) аныктамасында «орда» сөзүнүн орус тилиндеги бир мааниси «талаа көчмөн бирикмеси жана көчмөн мамлекти» («степное кочевое объединение, кочевая держава»)[9]. Ал эми белгилүү болгондой Борбордук Азияда орто кылымда көптөгөн көчмөн мамлекеттер ордо деп аталганы баарыбыздарга белгилүү, маселен Алтын ордо, Ак ордо, Көк ордо, Ногой ордосу, Чоң (Большая), Орто (Средняя), Кичүү (Малая) ордолор[10], Казак (Казачьи) ордосу[11].

Жогоруда айтылган «Жапайы тоолук кыргыздар деген» макаладагы маалымат боюнча "негизинен карталарда **жапайы тоолук кыргыз ордосунун** аймагынын чек араларын Ысык-Көл көлүнүн жээгиндеги карлуу кырлары менен тегерек келген жерлерди белгилейт. Бирок кыргыздар ал чектерди таанышпай, тоскоолсуз көчүп жүрө беришет. Ысык-Көл көлүнүн батышынан Кытайдын Кулжадан Аксууга кеткен чеп турган жолго чейин, түштүктө Бадахшан менен Каратегин көз карандысыз ээликтерине чейин, батышта Кокон менен Ташкентке карай, ал эми түндүктө бийик Ала-Тоонун күнгөй тарабында Чарын дарыясынын башталышына чейин»[12].

XIX кылымдын биринчи жарымында бытырандылыктын азабын тартып жаткан кыргыз элинин башын кайрадан бириктирип, алардын байыркы мезгилдегидей борборлоштурулган бирдиктүү мамлекетин калыбына келтирүү жараянын өткөрүп официалдуу түрдө легитимдештирүү талабы пайда болгон. 1841–жылы күзүндө Бухара эмирлиги да борбордук бийликти бекемдеш максатында, көп жылдар бою атаандашып келген Кокон хандыгын басып алып мамлекетин жоюп, өзүнүн тууганы Ибрагим датканы башкарычуу (наместник) кылып дайындаганы белгилүү[13]. Ушундай окуя кийин 1866-жылдын жазында да болгонун билебиз[14]. Ал эми, 1837-

---

* Проф. докт., Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультет, Тарых бөлүмү, Бишкек, Кыргызстан. saparalievd@mail.ru

[1] Караңыз: Республика Казакстан Борбордук Мамлекетттик архиви (Мындан ары кыскартылганы : РКБМА). Ф. 374. Оп.1. Д. 1669. Л. 129-133.

[2] Сведения о дикокаменных киргизах // Записки императорского русского географического общесства. Т. 5. Спб.,1851. С.141.

[3] Джамгечинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века (первая половина). Фрунзе,1966. С.115, 140, 143.; Кыргызстан – Россия: история взаимоотношений (XVIII-XIX вв.). С.142, 145, 146.161,-163,176; КРБМА. Ф. 3. Оп. 1. Д. 3. Л. 35; РКБМА. Ф. 3. Оп. 1. Д. 11. Л.14-37; Өзбек Республикасынын Борбордук Мамлекетттик архиви (Мындан ары кыскартылганы : ӨРБМА). Ф. И. 715. Оп. 1. Д. 12. Л. 142, 147

[4] Кыргызстан – Россия: история взаимоотношений (XVIII-XIX вв.). С. 287, 299; РКБМА. Ф. 3. Оп. 1. Д. 86. Л.38; РКБМА Ф. 44. Оп. 1. Д. 562. Л.23; ӨРБМА. Ф. И. 715. Оп. 1. Д. 25. Л. 329; ӨРБМА. Ф. И. 715. Оп. 1. Д. 27. Л. 3. 202, 204.

[5] Валиханов Ч. Записки о киргизах // Собр. соч. в 5-ти томах. Вып. 2. Т. 2. Алма- Ата. 1985. С. 7-82.

[6] Сведения о Дикокаменных киргизах, собранные толмачем Бардашевым // Россиянын Мамлекеттик борбордук Аскер тарыхий архиви. Ф. Аскер Окумуштуулар Архиви. Оп. 1. Д.18551. Л.1, 15, 19. 20, 25.

[7] Beşim Atalay Divani Lugatit-Turk. C. 1. Ankara, 1939. S. 124.

[8] Древнетюркский словарь/Ред.: *В. М. Наделяев, Д. М. Насилов, Э. Р. Тенишев, А. М. Щербак.* Ленинград: наука, 1969. С.170; Севертян Э. В. Этимологический словарь тюркских языков: Общетюркские и межтюркские основы на гласные. Москва, 1974. С.470-471.

[9] Юдинин В.П. Орды: Белая, Синяя, Серая, Золотая...// Казахстан, Средняя и Центральная Азия в XVI- XVIII вв. Алма-Ата, 1983. С.119.

[10] Юдинин В.П. Орды: Белая, Синяя, Серая, Золотая...С. 106-165э

[11] Россиянын Мамлекеттик байыркы актылар архиви. Ф. 214. Оп. 3. Д. 1155. Л. 3, 15; Жана башкаларда да жолугат.

[12] Сведения о дикокаменных киргизах // Записки императорского русского географического …. С.141.

[13] Халфин Н. Россия и ханства Средней Азии. Москва, 1974. С. 301; Сапаралиев Д.Б. Этнополитическая история Оша и его окрестностей с XVIII до середины XIX вв. Бишкек, 1999. С.123-124.

[14] Джамгечинов Б. Очерки политической истории Киргизии XIX века. Фрунзе, 1966. С.265.

жылдан бери Россия империясынын баскынчыл саясатына каршы көтөрүлүштү жетектеп келген Кенесары Касым уулу 1841-жылдын июль айынан даярдыктарды жүргүзүп ошол жылдын октябрь айларында казак жүздөрүнүн (ордолорунун) уруу башчыларынын Иргиз дарыясынын башатындагы Кара Тоонун этегинде өткөрүлгөн курултайында ак кийизге отургузулуп бүткүл казактардын ханы деп жарыяланган эле[15].

Ушундай, бул региондо жалпы жүрүп жаткан саясий жараяндын ыргагына жараша, кыргыз эли да 1841–жылы күзүндө Ысык-Көлдүн батышындагы Кызыл-Токойдо (Тармал-Сазда) кыргыз элинин элитасынын Курултайын өткөзүшүп Ормон хан Ниязбек уулун (1792-1855) бүткүл кыргыздардын ханы деп жарыялашкан. Тарыхчы Саул Абрамзондун маалыматы боюнча ал курултайда Жангарач Эшкожо уулу (солто уруусунан), Медет Байтүгөл уулу (саяк, кыргыз уламыштары боюнча ал 1839-жылы курман болгон[16]), Балбай Эшкожо уулу (бугу), Жантай Карабек уулу (сарыбагыш) жана Кыргызстандын түштүгүнөн (Кокон ханынын өкүлү катары) да бийлик ээлери катышышкан[17], профессор Кушбек Усенбаев буларга кошумча Боронбай Бекмурат уулу (бугу), Муратаалы Пирназар уулу (бугу), Аалыбек Кетрекей уулу (саяк), Шорук бий, Ажыбек Алчыкен уулу (саруу-кушчу), жана Алымбек Асан уулунун (адигине - Алай, Анжыян тараптан) да катышканын белгилейт.[18] Элдик уламыштардын маалыматында бул аземге дагы Качыке Түлкү уулу (саяк), Ажыбек баатыр (черик), Медербек (жетиген)[19], Тогуз-Тородон Карбоз Манаке уулу (саяк) катышышкан.[20] Тарыхчы Осмонаалы Сыдыковдун маалыматында Ормон хан “убагында хандык кылып, Ысык-Көл, Чүй, Ат-Башы, Нарын, Иле, Олуя-Ата, Наманган жакта болгон калкты сурап турган”[21].

1852-жылы 23-мартта Россиянын падышасы Николай I ге Ормон хандын жазган катында анын өз таасириндеги кыргыздардын жер аймактары жана ал ээликтин аталышы жөнүндө төмөндөгүдөй таасын маалыматтарды келтирген, “ Ысык-Көлдүн Күнгөй, Тескейи жана Чүй өрөөнү, ошондой эле Жумгал, Кочкор, Нарын жана Кетмен-Төбөдөгү кара кыргыздары менен карым-катнаштарым бар..., биз кара кыргыздарбыз...”[22]. Демек, мындан биз Ормон хандын бийлиги бир топ эле кенен аймакка тараганына жана мамлекетиннин аталышы ***Кара кыргыз хандыгы*** экендигине ынанабыз. Анткени анын башында расмий жол менен тандалып, шайланган хан турган.

Кызыл-Токойдогу хан котоРуу аземи байыркы көчмөн элдеринин салттарына ылайык Ормонго кызыл тебетей кийгизилип, ак кийизге отургузулуп, «хан» деп жарыяланган. Аземге катышуучулардын ант берүүсү (С. Абрамзондун маалыматы боюнча-чырпык кесүү) менен 9 ак боз жылкы курмандыкка чалынып, бүткүл кыргыз ханынын жогорку бийлиги мыйзамдаштырылган эле. Ошол мезгилдеги түзүлгөн орус архивдик документтерде Ормон Ниязбек улуун бул даражасы алардын баамында “Главный манап кара кыргызский” – “Кара кыргыздардын башкы манабы,”[23] деп сыпатталыптыр. Ошол эле учурда Жантай Карабек уулу “главный манап кара кыргызского рода”[24] – “Кара кыргыздардын уруусунун башкы манабы”, башкача айтканда сарыбагыш уруусунун башчысы делет.

Жакында, Ормон Ниязбек уулунун хандык бийлике келиши тууралуу архивдик документтен өтө маанилүү маалыматтар табылды. 1861-жылы 15-сентябрда сарыбагыш уруусунун өкүлдөрү Ормондун инилери орус генералы Г.А. Колпаковскийге жазышкан каттын түп нускасын которуп окуганыбызда, төмөндөгүдөй сүйлөмдөр келтирилген: «Йене де Сизге айткаман, **ханыкылыни** (б. а. кыргыздарды башкарып хан бийлигин жүргүзүүнү – Д.С.) бизге берингиз. Кече амирни вактинде (сөз Бухара эмири Насрулла 1841-жылдын күз айларынан 1842-жылдын жаз мезгилине чейин Кокон хандыгын басып алып турган учуру жөнүндө болуп жатат – Д.С.) хэм сураб алганмыз, кече кыпчакни вактынде (Кокон хандыгынын башчылыгында жаш хан Худаярдын кайынатасы кыпчак уруусунун өкүлү Мусулманкул 1844-1853 жылдарда аталык даражасында башкарып турган учур - Д.С.) хэм сураб алганмиз. Сиздан хэм сурадым. Көнглүмүз йакындан **ханыкылыни** бизге берингиз»[25] Мындан көрүнгөндөй, жогоруда айтылгандай ошол мезгилде, Бухара мамлекетинин эмири Насрулла Кокон ханы Мадалинин (1822-1841 жж. бийликте болгон) башын алып, жазалоо менен бул мамлекетти өзүнө каратып, убактылуу жойгону белгилүү.[26] Мүмкүн ушундай кырдаалда, Бухара эмири бул аймактагы мусульмандардын лидери катары чыгыштагы кыргыздардын өз алдынча борбордоштурулган мамлекетинин кайра жаралып, чыңдалышына колдоо көрсөткөн.

Пишкек уездинин башчысы Александр Талызин 1898 –жылы жарык көргөн “Пишпек уезди” деген макаласында, Ормонду эки жерде хан титулу менен эскерип, анын кокондуктардан «кыргыздарды өз алдынча

[15] Россиянын Мамлекеттик борбордук Аскер тарыхий архиви (Мындан ары кыскартылганы : РМБАТА). Ф. Аскер Окумуштуулар архиви (Мындан ары кыскартылганы : АОА). Оп. 1. Д. 1201 .Л. 5-8; РКБМА. Ф. 4. Оп. 1. Д.1997. Л. 2-3; Абджанов Х.М. Казахское ханство и мировое историческое пространство// Отан тарыхы. Гылыми журналы. 2015. № 3. С.15
[16] Кенчиев Ж. Медет датка. Бишкек, 1996. С. 69.
[17] Абрамзон С. У истоков манапства/Экспидиционный очерк//Советская Киргизия. 1931. 1 апреля. С. 2-3.
[18] Караңыз: Усенбаев К. Ормон хан. Бишкек, 1999. С. 30-31
[19] Караңыз: Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу жана орду (XIX кылымдын ортосу-XX кылымдын башы). Бишкек, 2003. С.40.
[20] Орунбеков Б. Карбоз ата жана бабалары. Бишкек, 2014. 3-б.
[21] Сыдыков Осмонаалы «Муктасар тарых Кыргызия», «Тарых кыргыз Шадмания». Бишкек, 2014. 41 – б.
[22] Караңыз: Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. Москва, 1959 С. 139-140; Плоских В., Усенбаев К., Сапаралиев Д. Кол беришүү//Ала Тоо.1989. №1. 109-111-бб.
[23] Караңыз: РКБМА. Ф. 374. Оп. 1. Д. 2920. Л.46.
[24] Караңыз: РКБМА. Ф. 374. Оп. 1. Д. 2920. Л.42.
[25] РКБМА. Ф. 3. Оп. 1. Д. 484. Л. 7.
[26] Караңыз: Сапаралиев Д.Б. Этнополитическая история Оша … С.123-127

башкаруучулук кылгандыгын» баса белгилейт[27]. Орус аскерий дипломатиясында кызмат өтөгөн, белгилүү казак окумуштуусу 1856 – жылы эле Шокан Уалихановдун “Ормандун башкаруу доорунда сарыбагыштар Орто Азиядагы уруулардан күчү жагынан эң алдынкылары болгон”[28] деген корутундусун эске алсак, Ормон хандын (1841-1855 жж.) башкаруучулук мезгили өзүнчө доор деп баса белгилениши биз үчүн өтө маанилүү, анткени бул кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн өнүгүш жолундагы дагы бир өзгөчө монархиялык баскычы экендигин ырастайт. Орус окумуштуусу Пётр Румянцевдин баамында “ак кийизке көтөрүлгөн хан, салыштырмалуу чоң согуш аракет учурунда гана реалдуу түрдө бийликке ээ болгон, калган мезгилде элди аксакалдар, бийлер менен баатырлар башкарышкан”[29]. Бул жагдай архив дакументи менен ырасталат. Казактардын Улуу жүзүнүн султаны Камбар Аланов орус генералы Вишневскийге 1847-жылы жазган катында: “кара кыргыздардын оң жана сол канаттын көптөгөн жоокерлери чогулушуп 100000 (бул, алыбетте өтө апыртылган сыяктанат – Д.С.) жакындаган санда Кенесары менен эки же үч күн мылтыктар менен атышышып, жеңишке ээ болушту,[30]” делген.

Ормон хандын негизги саясий ишмердүүлүгүнөн багыты – уруулар арасындагы ынтымакты бекемдөө жана күчтүү борборлоштурулган кыргыз мамлекетин кайра түзүүгө багытталган эле. Ал эң оболу кыргыз коомундагы мыйзамдуулукту орнотууга киришип, бекем тартипти сактоо иретинде байыркы үрп-адатка негизделген жаңы мыйзамдарды иштеп чыгып, чоң түшүндүрүү иштерин жүргүзгөн. Ал элдин эсинде «Ормон окуу» деп сакталган.

Ушуга ылайыктуу мамлекеттик башкаруу аппарат жаңыча түзүлүп, анын атрибуттары жанданган эле. Ормондун негизги кеңешчиси болуп кыргыз элинин белгилүү акылман ойчулу Калыгул Бай уулу дайындалган. Хандын алдында чоң жана кичи кеңеш курамы уюшулган. Биринчисинде: Калыгул Бай уулу, Жангарач Эшкожо уулу, Жантай Карабек уулу, Шамен Куттуксейит уулу, Миңназар, Ажыбек, Жаманжээн жана башкалар болгон. Кичи кеңеште: Медербек менен Миңназар туруктуулукта көбүнчө сот иштери менен алектенип, аткаруучулук багытта иш алып барышкан. Аскер башы, ички жана тышкы иштерди тейлөөчү башкаруучулар (бүгүнкү министрлер) дайындалган. Алардын бири, алгачкы аскер башчылыгына (Коргоо министри) Алыбек баатыр Кетирекей уулу (Ормондун бир тууган жездеси[31]), кийин Ормондун жакын инилеринен Адыл, Төрөгелди баатырлар дайындалган. Тышкы иштер министринин милдетин Байсерке аткарган. Атайын ыйгарымдуу элчилери катары, Чал Түлөберди (архив документинде - Түгөлбай[32]) уулу, Саза молдо Калча уулу жана сабаттуу Байгабыл Мышыкбай уулу деген адамдар эле.[33]

Мыйзамдарды бузган адамдарды жазалоочу жайы – даргасы болуп, анда ар убакта күнөөгө тартылгандардын денелери илинип турганын тарыхый булактар ырастайт[34]. Ормон хандын жасалгаланган хан тахтысы, өздүк мөөрү жана туусу[35] болгон, булар эгемендик мамлекеттин атрибуттары экендиги белгилүү.

Кыргызстандын чек араларында бажы кызматчыларын дайындап келген соодагерлерден мамлекет аймагына киргизилген же алынып өтүлгөн буюмдарынан бажы үстөктөрүн (таможенная пошлина) чогултууну колуна алган.

Ормон хан мамлекетти башкарууда элибиздин түпкүрлүү бай тарыхый традициялуулугуна зор маани берип, атайы билимдүү адамдарга кыргыздардын өткөн тарыхын «Жооп-наме» деген эмгекке түшүрткөн. Өзү да элинин өткөн тарыхын терең билүүгө умтулган жана элдик нарктуу каада-салтты бекем туткандыгы менен айырмаланып, олуя - көсөмдүк сапаттарга да ээ болгондугу элдин эсинде айкын сакталган.

Көбүнесе өзүнүн бийлигинин мыйзам ченемдүүлүгүн жана кыргыз элинин биримдигин камсыз кылуу максатында элибиздин санжырасын жаңы нукта түздүргөн. Бул «Жооп-нааме» аталыштагы чыгарманын толук мазмуну жоготулган. Мүмкүн ушул чыгармада Ормон Ныязбек уулу кыргыздардын хан болуу бийлигин өзүнүн уруусуна жеке таандык (династиялык) кылуу аракетин жасаган сыяктанат. Бул багытта ал монголдордун Чыңгыс ханына таандык «алтын урук» (б. а. Төрөлөр - чыңгыситтер), Казак хандарынын тукуму (б. а. султан[36] – ак сөөк, чынгыситтер), кокондуктардын Шахрух бийинин тукумдары – мингдер (б. а. сейиддер), Россиядагы Романовдун тукумдары царлар (б. а. князьдар) сыяктуу XVII кылымда жашап өткөн, сарыбагыш уруусунун өкүлү өзүнүн түздөн-түз жетинчи атасы, өкүмдар адам Манап Дөөлөс уулунун тукумдарына жаңыдан кайра борбордоштурулган кыргыз мамлекетиндеги жогорку бийликти биротоло ыйгарууну самаган окшойт.

Казак окумуштуусу Шокан Уалиханов XIX кылымдын ортосунда кыргыздардын арасынан чогулткан

---

[27] Караңыз: Талызин А. Пишпекский уезд. Исторический очерк (1855-1865)//Памятная книжка Семиреченского областного статистического комитета на 1898 г. Т. 2. Верный, 1898. С. 26, 29.

[28] Валиханов Ч. Записки о киргизах//Собр. соч. Т. 2. Алма-Ата, 1985. С.81.

[29] Румянцев П.П. Материалы по обследованию туземного и русского старожильческого хозяйства и землепользавания в Семиреченской области. Петроград, 1911. Т.1. С. 40.

[30] ӨРБМА. Ф. И. 715. Оп.1. Д. 40. Л. 154.

[31] Караңыз: Хасанов А. Экономические и политические связи Киргизии с Россией. Фрунзе, 1960. С.35.

[32] РМБАТА.Ф. 38. Оп.8. Д.19.Л.43.

[33] Караңыз: Жолдошев Р. Ормон хан бааны//Аалам. № 9 (май). 1992. 4-б.; Усенбаев К. Ормон хан. Бишкек, 1999. С. 27; Өмүрбеков Т.Н. Улуу инсандардын Кыргызстандын тарыхындагы ролу. С. 47-55.

[34] Валиханов Ч. Записки о киргизах // Собр. соч. в 5-ти томах. Вып. 2. Т. 2. Алма- Ата, 1985. С. 38.

[35] Россиянын Мамлекеттик Борбордук Аскерий тарых архиви. Ф. ВУА. Оп. 1. Д. 18551. Л. 16.

[36] Айтмакчы, ушуга байланыштуу Россия империясынын Сенаты 14 март 1776 ж. кабыл алынган чечим боюнча Түрк султаны, Крым ханы, Хива, Бухара жана Казак хандарынын балдарын жана туугандарын аталган элдердин тилинде «султанати» деп аталгандар орустардын «князь» урматына теңелген экен (Караңыз: Зиманов С.З. Общественный строй казахов первой половины XIX века. Алма-Ата,1958. С. 188-189).

маалыматтары боюнча: «Биринчи манаптар, жергиликтүүлөрдүн түшүндүрүлүшүндө, күчтүү кол жеткис зулумдар, жакында эле жана да алгачкылардан болуп сарыбагыштардан чыккан. Сарыбагыштардын Манап ысымдуу бийи эң алдыңкы зулум болгон. Манапчылык бөлөк урук (тагыраагы – уруу – Д.С.) бийлерине жаккандыктан, манап азыр кыргыздардын ар бир урук башчысынын жалпы аталышы болуп калды"[37]. 1869 - жылы ысыккөлдүк кыргыздарда болгон чыгыштаануучу Василий Радлов да манап аталышы сарыбагыштардын бийинин ысымынан тараган деген маалыматты калтырган экен[38]. Ал эми 1847-жылдагы архивдик документте «бий Ормон Ниязбеков манап..., бий Джантай Карабеков манап..., бий Төрөгелди Абайдуллин манап..., бий Калыгул Надырбеков манап...»[39] деп кош аталышта (биринчиси - бийлик же кызмат даражасы, экинчиси - социалдык абалы) берилиши да, жогорудагылар менен бирге, Ормон хандын өз үй-бөлөсүнө манапчылык аркылуу хандык бийликти тукум куумалык (династиялык) ахывалга алып келип, монархия мүнөздөгү 1841-1867 жж. - 26 жыл өмүр сүргөн борбордоштурулган кыргыз мамлекетин түзгөндүгүн ырастайт.

Ормон хандын чечкиндүү борборлоштуруучулук саясаты өз алдындачылыкка көнгөн уруу башчыларынын каршылыгына алгач тымызын, кийин ачыктан ачык кабыла баштады. Албетте, ал ар кандай өзүнүн дооруна жараша башкаруу, көбүнчө традициялуулук ыкмаларды колдонгон, кээде катуу кыяматтыкка барганы да эл оозунда «Ормон опуза» деген ылакапка айланганы белгилуу.

Ормон хандын саясий ишмердүүлүгү тууралу орус окумуштуусу Александр Бернштам 1945-жылы эле жазган эмгегинде: «Ормон хандын тартынбай адепсиздике баруу менен тоскоолдуктарды жеңиш үчүн баардык ыкмаларды колдонуп кыргыз урууларын борборлоштуруу аракети жекирүүгө эмес, аны алкоого арзыйт, анткени, ал Россия тарыхындагы Иван Грозныйдын заманындагы ахывалды чакан мерчеминде кайталады»[40], деп белгилеген. Ошентсе да, мындагы окумуштуунун “борборлоштуруу аракети”, деп бул жараяндын өтөсүнө чыккан эмес, деген сыяктуу оюна, биз макул боло албайбыз. Анткени, кыргыздардын борборлоштурулган мамлекетин калыбына келтирүүдөгү формалдуу жагы, жогоруда көрүнгөндөй 1841-жылы эле аягына чыгарылган. Бул кыргыз мамлекетининин өзүн өзү сактоого жөндөмдүүлүгүн 1845-1847 жылдардагы казак ханы Кенесары Касым уулунун Кыргызстанга жасаган жортуулдарынын мизин кайтарып, алардын жоокердик күчтөрүн жеңиши менен ырастаганы көпчүлүккө белгилүү[41]. 1847-1848 - жылдары Ормон хандын жоокерлери Кыргызстанга жортуулга келишкен Кокон ханынын аскерлерин эки жолу жеңилүү ызасын тарттырышкан[42]. Кашгарда көтөрүлүш аркылуу жаңы бийликке убактылуу келишкен “Жети кожолор” мамлекети менен саясий байланышта болушкан.[43]

Ошол мегилдеги татаал эл аралык ахывалдын ыргагында Ормон хан өзү түптөгөн кыргыз мамлекети коңшу мамлекеттер менен теңтайлаш саясат жүргүзүүгө жөндөмдүүлүгүн көрсөткөн. Ал 22-август 1847-жылы Копал шаарында, Россия империясынын өкүлдөрүнүн ортомчулугунда, кыргыз-казак тынчтыкта достошуу келишимин иш жүзүнө ашырып, алар менен чек ара маселелерин чечүүнүн үстүндө болду.

Жогорудагы келишимде түзүлгөн докумунттерди баамдасак алар ошол кездеги эл аралык мамилелерде колдонулган укук нормаларына толугу менен жооп берет. Келишим эки бөлүктөн турат, биринчиси - кыргыздарга таандык, экинчиси - казактарга. Өзгөчө биздин көңүлдү бурганы, бул келишимдердеги биринчи жана экинчи беренелеринин маазмундары. Анын кыргыздарга тийешелүүсүндө, «1. Россия мамлекетинин төбөлдөрү болгон Улуу жана Орто жүз казактары менен достукта жана тыччылыкта барымта, каракчылык жана өлүм жаратуучулукту жасабоого милдеттенебиз, ортобуздагы маанилүү эмес талаштарды, биздин талаа мызамдарыбыздын негизинде, экитараптык макулдашуулукта чечишип канааттандырышабыз.

2. Бул келишимдердеги шарттарды ыйык сактоого кепилдик беребиз жана аны биз бузбайбыз, эгер биз кичине эле жерден аларды аткарбасак, анда Кудайдын каарындагы жоопкерчиликте болобуз»[44], деп аяктайт. Демек, бул жагдай, мындан башка да тарыхый маалыматтардан көрүнгөндөй эле, кыргыз элинин ошол тапта, кудайдан бөлөк эч кимге көз каранды эмес, эгемендүү көчмөн мамлекетке эгедер экендигин айдан ачык күбөлөндүрөт.

Сөз болуп жаткан келишимдин демилгечиси жана анын иш жүзүнө ашырылышына ортомчулукту аткарган Россия империясы, кыргыздардын Ормон хан Ниязбек уулу башкарган эгемендүү борборлоштурулган мамлекетинин болгондугун жана алардын Борбордук Азиядагы эл аралык мамилелерде толук кандуу субъектиси катары дааналап тааныгандыгын ачык айкындайт.

1852-жылы 23-мартта Ормон хан Кыргыз мамлекетинин жер аймактарын тактоого аракеттенип, казактар менен чектеш Или дарыясынын оң тарабын ээлеп, байтактысын ошол тарапка көчүрүүгө аракеттенип Россиянын падышасы Николай I ге кат менен кайрылганы да бизге маалым[45].

Кыргыздардын борбордоштурулган мамлекети Ормон хандын башкаруучулугунда 14 жыл толук кандуу

---

[37] Валиханов Ч. Записки о киргизах//Собр.соч.Т.2.Алма-Ата,1985.С.38.
[38] Караңыз: Радлов В.В. Из Сибири. Страницы дневника. М.,1989.С.359.
[39] Караңыз: КРБМА. Ф.374. Оп.1Д.1669.Л.129.
[40] Бернштам А.Н. Из истории международных и военных отношений кыргызского народа// Избранные сочинения. Бишкек, 1997. Т. I. С. 445.
[41] Караңыз: Сапаралиев Д. Кыргыз–казак элдеринин 1847-жылдагы достошуу келишими//Кыргызстан жана Казакстан: достуктун жана ынак коңшулаштыктын чек арасы. Бишкек, 2004. С. 6-8
[42] Караңыз: Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик материалдарда. Бишкек, 2002. 70-71-б.
[43] Караңыз: Ормон хан илимий эмгектерде жана архивдик материалдарда.. 69-б.
[44] Сапаралиев Д. Мир испытанный временем//Ормон хан илимий эмгектерде …106-10-б.
[45] Караңыз: Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. Москва, 1959 С. 139-140; Плоских В., Усенбаев К., Сапаралиев Д. Кол беришүү//Ала Тоо.1989. №1. 109-111-бб.

өкүм сүргөн, андан соң, анын уулу Үмөтаалынын жетекчилигинде дагы 12 жыл болгон. Ормон хандын уулу Үмөтаалынын атасынын хандык бийлигин мурас катары ээлегендиги жөнүндө мурдагы изилдөөлөрдө эле белгиленген, алсак 1856 – жылы Ш. Уалиханов[46], 1856 - жылы П. П. Семенов[47]. Жакында архивден табылган анын ысыккөлдүк кыргыздардын башчыларына 1861 – жылдын башталышында жазган катынын мазмунунан да мунун растыгын билсек болот. Анда, Үмөтаалы өзүнүн замандаштарына, «**Дөөлөтимүз (б. а. мамлекетибиздин – Д. С.)** журт жакшылары көчмөндөргө алекиме дувай салам» айтып, мындайча буйрук бериптир: «Мусулман уулу болсо Кудай бар, Расул Пайгамбарды ак билсе, анда кошуун жигитлерине жигиңизди бузбай камчы болуп, аспап жана жарагыңды түзөдтүп туруп, мусулман кылычын чабып, кафырга ок атып, **хан хазретиме чын көңүлүң менен өзгөчө кылып кызмат кылгын**. Эгер жок десең улуу бахарда ислам лашкерлерин үстүңдө көруп алгын. Орус кафырыны коюп сага казат кылармын.... Эл болсоң, элчиңи жибер **урдага мага хан хазретимизге алып берип арысыхлас пенделик сөзүн айтсын.** Эгер жок десең мага дайын болсун» делген.[48]

Кара кыргыз хандыгынын аймагын жаңы келген орус баскынчылардан согуштук акциялар аркылуу бошотууну ушул Үмөтаалы Ормон уулу уюштуруп аракеттенгени белгилүү[49]. 1863-жылы 18-июнда ал жоокерлери менен Нарын тарапка бара жаткан орус почто кызматчыларына кол салып, бирөөсүн опат кылган[50] ал эми анын эртеси 19-июнда Уметаалы өзүнүн туугандары жана саяк уруусунун манабы Осмон Тайлак уулунун жана башка уруу башчыларынын колдоосу менен Нарын суусунун боюнда Курткага жакын Экичат деген жерде, миңдеген жоокерлерди топтоп кыргыз байрактарын желбиретип, добулбстардын коштоосунда подпоручик Зубарев кол башчылык кылган ок-дары, тамак-аш алып келе жаткан 40 солдаттан турган орус жоокерлерин үч күн курчоого алып аткылашып жатканда, орустарга капитан Проценконун кошууну жардамга келиши менен курчоого алгандар чегинип кетишкен[51]. Ушул кагылышуусунда орус кошуунунан бир офицер, жети солдат жарадар болуп, эки адамы курман болгон[52]. Кийин Үмөтаалы Россия империясынын бийлигин таанып, өз жайыттарына келиш максатында, 1867-1881 - жылдардагы Туркестан генерал-губернатору жарым падыша атанган Константин Петрович Фон Кауфмандын (1818-1882 жылдары жашаган) 20-октябрь 1867-жылкы буйругу менен, ал орус өкмөтү тарабынан мунапыс бериш үчүн, ошол окуяда жапа чеккендерге кун (штраф, тагыраагы - контрибуция) төлөөгө мажбурланган. «Эки өлгөн орус үчүн – ар бирине 75 жылкыдан, жарат алгандарга: офицерге – 100 жылкы, беш солдатка – ар бирине 25 жылкыдан. Баардыгы 375 жылкы, же болбосо жылкынын баасы 20 рублдан эсептегенде 7500 рубль төлөйсүң» деп губернатор өкүм кылыптыр[53]. 1868-жылы Үмөтаалы кундун 5231 рубль 42 копейкасын берген, калган суммасы кийинчерээк өндүрүлгөн[54].

Демек, баардыгы болуп 26 жыл бою өмүр сүргөн кыргыздардын борбордоштурулган мамлекети, 1867-жылы гана Россия империясынын басып алуусуна мойун сунган, Үмөтаалы Ормон уулунун орус бийлигинин өкүлдөрүнө тил кат берүүсү менен жоюлганга шарт түзүлгөн[55]. Ошондо да 1868-жылдын май айында Россияга каратылган Токмок уездинин башчысы майор Загряжский Г. С. Нарын боюндагы Тогузторого волосторду уюштуруу иштери боюнча барганда анын кошуунуна Үмөтаалынын досу жана өнөктөшү Осмон Тайлак уулу кол салып, биртоп мүлкүн тоноп, жанындагылардын кээ бирөөлөрүн туткунга алып, Көкартты ашып Андижанга кетип каршылыктарды уланткан[56].

Кыргыздардын борборлоштурулган мамлекетинин башчысы Ормон хан Казак, Кокон, Бухара хандыктары жана Россия, Цин (Синьцяндагы бийлик) империялары менен ымалага кирип тең даражадагы мамиле түзүүгө жетишкен. Демек, бул жагдай да кыргыздардын эгемендүү борборлоштурулган мамлекети - Кара кыргыз хандыгы Борбордук Азиядагы эл аралык мамилелерде толук кандуу субъектиси болгон экендигин даана жана ачык айкындайт.

---

[46] Валиханов Ч. Дневник поездки на Иссык-Куль // Собр. соч. в 5-ти томах. Вып. 1. Т. 2. Алма- Ата. 1985. С. 324

[47] Семенов П.П. Поездка из укрепления Верного через горный перевал у Суюк Тюбе и ущелье Буам к западной оканечности Иссык-Куля в 1856 году// Записки русского географического общества по общей географии. СПб., 1867. Т.1. С. 207.

[48] Караңыз: РКБМА. Ф.3. Оп.1. Д. 365. Л.10-12.

[49] Караңыз: Хасанов А. Экономические и политические связи Киргизии с Россией. Фрунзе, 1960. С. 75; Джамгерчинов Б. Присоединение Киргизии к России. …. С. 259-260.

[50] Караңыз: РКБМА. Ф. 44. Оп.1. Д. 5463. Л.120об-122об

[51] ӨРБМА. Ф. И. 715. Оп. 1. Д. 26а. Л. 32-36.

[52] РКБМА. Ф.44.Оп.1. Д. 5463. Л.8.

[53] РКБМА. Ф.44.Оп.1. Д.5463. Л.8об.

[54] РКБМА. Ф.44.Оп.1. Д.5463. Л.49

[55] Караңыз: Хасанов А.Х. Избранные труды. Очерки по истории Киргизии. Москва, 2004. С. 97.

[56] Караңыз: РКБМА Ф. 44. Оп. 1. Д. 29125. Л. 47-60.

КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ БИЙЛИКТИ МЫЙЗАМДАШТЫРУУ МАСЕЛЕСИНИН ИЗИЛДЕНИШИ

Жээнбек АЛЫМБАЕВ[•]

Дүйнөлүк тарыхта бийликти легитимдешдирүү маселеси ар дайым актуалдуу, ошол эле учурда опурталдуу маселелердин бири болуп келгендиги талашсыз. Бийлике келген адам өз бийлигин эл таанып, легитимдүү кылып, ошол эле учурда анын урпактары мураскор болууга укуктуу экендигин закондоштуруу аракетин жасаган. Мындай көрүнүш монгол баскынчылынан кийин XIV-XVIII кк. Орто Азия аймагында пайда болгон мамлекеттерддин көпчүлүгүнө (азыр деле айрым өлкөлөрдө кайталанып жатат)таандык көрүнүш. Ошол эле учурда, мамлекет башчысына (падыша, хан, эмир, князь ж.б.) элдин ички биримдигин, мамлекеттин тышкы бейкутчулугун сактоо үчүн идеология да зарыл болгон. Тарыхый маалыматтарга таянсак, кырдаалга жараша, бийликти лигитимдештирүүнүн диний жана тарыхый (салттуу) нормалары колдонулган.

Дүйнөлүк тарыхты карасак бийликти легитимдештирүү системасы татаал жана оор эволюциялык жолду басып өткөнүн байкоого болот. Биринчи жолу немецтик окумуштуу М.Вебер легитимдештирүүнүн үч негизги формасын атап өткөн:салтуу, харизмалык, жана рационалдык[1]. Легитимдештирүүн салтту формасына диний мүнөздөгү, жеке инсанга, элдин, уруунун, социалдык катмардын арасында калыптанган, салтка айланган көрүнүштү айтууга болот. Харизмалык лигитимдештирүү болсо жеке инсанга байланышкан. Рационалдык лигитимдештирүү болсо, акыл-эске негизделген: калк бийликти колдойт, жэ колдобойт. Легитимдештирүүнүн негизи лозунгу куру сөз берүү эмес, мамлекеттик органдардын элдин жыргалчылыгы үчүн иштөө, закондордуу сактоо ж.б.

Ал эми маңгытттардын тарыхын изилдеген немецтик чыгыштаануучу Анке фон Кюгельген өз изилдөөсүндө бийликти легитимдештирүүнү 6 катагорияга бөлөт: а) кудайга байланыштырып бийликти легитмдештирүү; б) генеологиялык жактан легитимдештирүү; в) электоралдык легитимдештирүү; г) бир образды үлгү катары туурап карап легтимдештирүү; д) нормаларды сактоо жолу аркылуу легитимдештирүү;ж) өзгөчөлөнгөн күчтүн жардамы аркылуу легитимдештирүү[2]. Бийликти легитимдештирүүнүн өзөгүндө, коомдун материалдык жана руханий жыргалчылыгы мамлектеттеги өкүм сүргөн тартипти сактоого байланыштуу, ал тартип элдин кызыкчылыгына шайкеш келет, мамлекеттеги тартипти жеке инсандар, коомдук ишмерлер гана камсыздандыра алат деген ишеним жатат.

Орто Азиянын тарыхында 167 жыл өкүм сүргөн Кокон хандыгынын тарыхында бийликти легитимдештирүү маселеси кандай жүргөн. Фергана өрөөнүндөгү көчмөн жана отрукташкан калк тарабынан түзүлгөн хандыкта, хан тактысы ар дайым талаш болуп келгени белгилүү. Эки атаандаш тараптын (үчүнчү тарапта болгон) так талашуудагы саясий күрөшүндө чагымчылдык, кутумчулдук ыкмалар колдонулуп, ордо төңкөрүшү талап-тоноочулук, кандуу кагылышуу менен бүткөнү белгилүү. Бийлике жетүү үчүн өз жакындарын (бир тууганын, куда-сөөктөрүн ж.б.) курмандыка чалуу кадимки көнүмүш адат катары бааланган. Так талашуу процессинин натыйжасында Кокон хандары "ордо оюндарына" кабылышып, "сарай төңкөрүшүнүн" курмандыгы болушкан. Маселен, хандыктын тарыхында 18 хан бийлик жүргүзгөн болсо, анын айрымдары 11 күн, 3 ай, 1 жыл гана башкарашып, буйрутма өлүмгө кабылышкан.Үч ирет бийликке келген Кудаяр хан гана чет мамлекеттке качып кетүүгө аргасыз болгон.

Демек, сартиййа менен иллатиййанын ортосундагы тынымсыз күрөштө мамлекеттин бейпилдигин, туруктуулугун сактоо, эң башкысы бийликти легитимдештирүүнүн идеологиясын иштеп чыгуу актуалдуу маселе болгон. Хандар үчүн өз бийлигин сактап калуу гана эмес, мураскорлук маселеси да маанилүү болгон.Демек, бийликти легитимдештирүү үчүн кандайдыр бир элдик ишенимди жаратуу тарыхый зарылдык болгон.

Кокон хандыгындагы бийликти лигитимдештирүү маселеси бир катар окумуштуулар тарабынан изилдөөгө алынган.Революцияга чейинки доордогу белгилүү чыгыштаанучулар В. Бартольд, В. П. Наливкин Н. И. Веселовскийдин[3] эмгектеринде "Алтын Бешик" туурасындагы легенда чагылдырылган. "Алтын Бешик" легендасына байланышкан бийликти легитимдештирүү маселеси азыркы белгилүү окумуштуулар Т. Бейсембиев, Б. Бабаджановдордун[4] эмгектеринде чагылдырылган. Акыркы эки окумуштуу жергиликтүү кокон тарыхнаамасына кеңири анализ жүргүзүшүп, бийликти закондоштуруудагы тектик (генеологиялык) мифологиялык идеологиянын ролуна кеңири токтолушкан.

Өз үчүрүнда Түркстан тарыхына кайрылган В. Бартольд Ортоазиялык династияларда монгол баскынчылыгынан кийин бийликти закондоштууруун: чыңгызиддер жана сайиддер (сайиддер- мусулман дүйнөсүндө Мухаммед пайгамдардардын кызы Фатимадан жана пайгамбардын аталаш тууганы Али ибн Абу

• Доц., докт., Кыргыз-Түрк "Манас" университети, Гуманитардык факультет, Тарых бөлүмү, Бишкек, Кыргызстан.

1 Вабер М. Политика как призвание и профессия. //Избранные произведения.-М., 1990.

2 Анке фон Кюгельген Легитимация среднеазиатской династии мангитов в произведениях их историков (XVIII–XIX)-Алматы, 2004.-с.54 - 58.

3 Бартольд В. Теократическая идея и светская власть в мусульманском государстве || В. Бартольд. Соб соч.Т.6.; Наливкин В. Краткая история Кокандского ханст ва. -Казань., 1886; Веселовский В. Новые материалы для истории Кокандского ханства. // Журнал Министерство народного просвещения.-СПб., 1886.

4 Бейсембиев Т. К Кокандская историография. Исследование по источниковедению Средней АзииXVIII–XIX веков.- Алматы., 2009; Бабаджанов Б. М. Кокандская ханство: власть, политика, релегия.-Токио-Ташкент.-2010.

Талибтен таргандар сайиддер деп аталган) менен туугандык байланышта болгон эки булагы колдонулуп келгендигин белгелеген[5]. Орто Азиядагы ири мамлекеттерден болгон Бухара, Хива, жана Кокон хандыктарынын башкаруу чөйрөсүндө "чыңгызиддердин" салтуу укуктары менен катар шариаттын нормалары да отурукташкан, көчмөн калктардын арасында сакталып келгендигин көп тарыхый булактар тастыктап турат.

Жогорудагы тарыхнаамалык булактарга таянып Кокон хандыгында бийликти легитимдештирүү маселеси кандайча ишке ашырылгандыгына салыштырма анализ жасап көрөлү.

Хандык бийликти легитимдештирүүдө миң династиясына байланышкан "Алтын Бешик" жөнүндөгү легенда, андагы башкы фигуралар Чыңгыз хан, Амир Тимур туурасындагы тектик мифология башкы ролду ойногон. Кокон хандыгы боюнча көлөмдүү эмгек жараткан чыгыштаанучу В. Наливкиндин эмгегинде "Алтын Бешик" туурасындагы легенданын мазмуну кеңири сүрөттөлөт. Легенданын негизги мазмуну төмөнкүдөй: 1709 жылы Кокон хандыгын негиздеген Шахрух бий генеологиялык жактан Бабур, Тимур менен туугандык байланышта болгондугу сүрөттөлөт. Шейбаниддерден качкан Бабур Самарканддан Фергана аркылуу Индияга жол тарткан. Ходжент менен Канибадамдын аралыгында баратканда аялы Сейдафакдын толгоосу кармап, Бабур балалуу болот. Наристени жанындагы баалу буюмдары менен (алтын бешик, куру ж.б.) жолго жолго таштап кетүүгө аргасыз болот. Бул аймакта *кыргыз, кырк, кыпчак, миң* уруулары жашап тургандыгы эскертилет. Наристени жергиликтүү тургундар асырап алышат. Баланын жанындагы калтырылган баалуу буюмдар анын тектүү жердин баласы экендигинен кабар берип турган. Наристеге *Алтын Бешик* ысымын беришип, миң урусуундагылар тарбиялай баштаган. Жетилгенде ага төрт уруудан төрт аял алып беришет. Алтын бешиктин миң уруусундагы аялы уул төрөп, атын Теңир Яр коюшат.Теңир-Ярдын урпактары Кокон хандарынын династиясын негиздөөчүлөр болот[6]. Тарыхый легенданын кыскача мазмуну ушундай.Легендада белгиленгендей өзбектердин миң уруусу Алтын Бешик жана анын урпактары менен никелик жактан гана туугандык байланышта болгондугун белгилеп жатат.

Мусулман авторлорунун эмгектерине тарыхнаамалык анализ жүргүзүшкөн Т. Бейсембиев, Б. Бабаджановдор "Алтын Бешик" туурасындагы легенданын бир канча варианттары бар экендигин белгилешет.

Тарыхый фактыларга кайрылсак, бийликти легитимдештирүү маселеси Кокон доорунда эле жарала калган эмес, монгол чабуулунан кийин түптөлгөн бир катар мамлекеттерге таандык көрүнүш экендигин байкоого болот. Алгач, Чыңгыз хан, Тимурга байланышкан генеологиялык айрым бир фактыларга токтолуп көрөлү. Монгол доорундагы тарыхый булактардын бири Рашид ад-диндин эмгегинде Чыңгыз хандын теги туурасында, төмөнкүдөй легенда айтылат: Алангоа(Чыңгыз хандын түпкү чоң энеси) түндүктөн түшкөн нурдан боюна бүтүп, нурдан Бугу-хадаги, Бухату-Салджи, Боданчар аттуу үч уул төрөгөн. Түндүктөн түшкөн нур "кудайдын нуру" катары эсептелип[7], Чыңгыз хандын уругу "алтын урук" (*золотой род*) катары бааланып, "алтын уруктан" таргандар гана хан тактысына укуктуу деген түшүнүк салтка айланган.Чынгызиддердин урпагы болуу, хан тактысына ээ болуу укугунун кепили эле. Кандай гана башкаруучу болбосун ал чынгызхандын тегинен таркаган болуш керек деген ишеним коомдук аң-сезимде бекем калыптанган. Т. Бейсембиев белгилегендей Осмон башкаруучуларынын бийлиги кулаган соң, Гирейлер династиясынын урпактары,(Хаджи Гирей Крым хандарынын династиясын негиздөөчү, бул династия XVк. -1783 жылга чейин Крым мамлекетинде бийлик жүргүзүшкөнү белгилүү) Чыңгыз хандын улуу баласы Джучинин урпактары деп эсептелген Крым хандары такка келет деген ишеним Осмон империясында гана эмес, Европада кеңири таркаган[8]. Өзүнун тегин Чынгыз хандын урпактары менен байланыштырган генеологиялык бутак жаратып, бийлике келүү, бийлигин закондоштуруу салты монгол чабуулунун кийин түзүлгөн көп мамлекеттерге таандык көрүнүш экендигин байкоого болот.

Ушундан улам өзү чынгызиддерге жезде "*гурхан*" катары бааланган Амир Тимурдун түпкү тегин да Чыңгыз хан менен байланыштырган тектик мифология да жаралган. Маселен, Амир Тимур доорунда жазылган тарыхый булактардын бири Шараф ад-дин Али Йаздинин "Зафар-нама"- аттуу эмгегинде, Тимурдун тегин Алангоа аркылуу Чыңгыз хан менен байланыштырат. Анын пикири боюнча Алангоанынаалыскы урпактары болгон бир туугандар Каджули жана Кабул хандан Амир Тимур жана Чыңгыз хандын ата-теги тараган[9]. Ушуга үндөш версияны казактын белгилүү санжырачысы Шакирим Кудайберди уулунун санжырасын байкоого болот. Алсак, анын санжырасы боюнча Боданчардын урпагы Түмендин Кажул, Кабул атуу эки эгиз баласы болгон. Кабулдан Чыңгыз хандын, Кажулдан Тимурдун теги тараган[10]. Демек барластардын теги Кажулдан, Чыңгыз хандын теги Кабулдан, Кабул жана Кажул Тумандын эгиз балдары болушкандыгы жөнүндөгү тектик легенданы Тимур доорундагы башка булактардан да кездештирүүгө болот. Ошентип,Чынгыз хандын тегинен болбогон Амир Тимур, өз бийлигин легитимдештирүү үчүн, ата-тегин Алангоадан тараган деген версия жаралганын белгилеп кетүүгө болот.

Бирок, кийин Амир Тимурдун кабыр ташындагы (эпитафия) жазууга маанилүү өзгөртүү киргизилип, жаңы версия жаралган. 1941 жылы Самарканддагы Амир Тимурдун, анын балдары Мираншах, Шахроха жана неберелери Улукбек жана Мухаммед султандын көрүстөнүн ачуу боюнча мамлекеттик комиссия түзүлүп, комиссиянын курамында чыгыштаанучуу А. А. Семенов болгон. А. А. Семенов Тимурдун анын урпактарынын

---

[5] Бартольд В. Теократическая идея и светская власть в мусульманском государстве || Сочинение. Т.3-М., 1965., - с. 262-266.
[6] Наливкин В. В. Краткая истори Кокандского ханства - с. 48-51
[7] Рашид ад-дин Сборник летописей-Т.1.кн.2.-М.,1952.- с. 145.
[8] Бейсембиев Т. К Кокандская историография. Исследование по источниковедению Средней АзииXVIII–XIX веков- с. 222.
[9] Бабаджанов Б. Кокандское ханство: власть,политика, религия.- с. 308.
[10] Шкрим Кудайберды- улы Родословная тюрков, казахов, киргизов.Династии ханов.-Алма-Ата., 1990.- с. 90-94.

кабыр таштарын ачуу мезгилинде, мүрзө таштагы Тимуриддердин генеологиясына байланышкан араб тилинде жазылган тектсти көчүрүп алып, аны жарыялоого жетишкен.[11] Кабыр таштагы жазууда Тимур менен Чыңгыз хандын ата-теги бир болгон төмөнкүдөй версия келтирилген: көрүстөн- Амир Тимур “гургендин” көрүстөнү. Тарагайдан Баргул, андан Айлангир, андан Иджил, андан Караджар Нойон, андан Сугуджиджин, андан “барлас” Ирдамчи, андан Качулайдын баласы Туман тараган. Мүрзө таштагы жазуу ушул жерден ажырап, Чыңгыз хандын генеологиясы уланат. Есукейден тарган Чыңгыз хандын урпактары Бартан, Кабул, Туменай, Байсунгур, Кайду, Тутумтин, Бука, Бузанджирдин аттары аталат. Боз үйдүн түндүгүнөн нур аркылуу кирген адамдын аты белгисиз болуп, аялдын аты Алан Кува (Алангоа) аталып, ал нур “арстан Аллахтын” нуру болгон, тагыраак айтканда Али ибн Аби Талибандын нуру болгон деп жазылат.[12] Демек, Тимурдун тегин энелик тараптан чыңгызиддер менен байланыштырса, аталык тараптан пайгамбардын теги менен байланыштырып, тимуриддерди шейиттер кылып көрсөтүүгө аракет жасагандыгы көрүнүп турат. Экинчиден, көрүстөндөгү жазуу Чыңгыз хан менен Тимурдун түпкү ата-бабалары бир тууугандар Качулдан, Кайдудан тараган- деген генеологиялык версияны ырастап жатат.Демек, бийликти легитимдештирүүдө чыңгызиддик жана исламдык моделдин колдонула баштаганын байкоогго болот.

Постсоветтик Борбордук Азияда Ж. Баласагындын дүйнөтаанымы О. Козубаев, А. Нарынбаев, С. Мукасов ж.б. окумуштуулар тарабынан изилденген. Бул философтордун илимий эмгектеринде Ж.Баласагындын дүйнөкараштык позициясы тигил же бул аспектиде ачылып берилет. Белгилеп кетүүчү жагдай, бул маселени А. Нарынбаев абдан көп илимий эмгектеринде иликтөөгө алып Ж.Баласагынды уйгур элинин урпагы катары көрсөтүүгө аракет жасап, дүйнөтаанымын ачуу аракетинде болгон.

Жусуп, чыгармасында маалым болгондой, XI-кылымда жашаган (кээ бир изилдөөчүлөр анын жашаган мезгили катары 1018-1086-жж. алышат)[2], ал эми “Куттуу билим” поэмасы XI кылымдын 70-жылдарында жазылган, б.а. Ж. Баласагын бул эмгегин 18 ай ичинде жараткан, бул убакта өзү 50 жашка чыгып калаган. Бул жөнүндө өзү мындай дейт:

Он сегиз ай ичинде жазып бүттүм,
Терип сөздүн асылын келсе жөнү!...
Карып калдым, элүүдө мененжашым,
Кап-кара кузгун эле, аккуу башым...[3]

Чагармасын жазып болгондон кийин аны карахандардын ханына белекке тартуулаган, ага мамлекет башчы сый урмат көрсөтүп, Хас-хажиб (карахандын атайын кеңешчиси) деген наам ыйгарган. Чыгарманын өзү күбө болгондой Жусуп билимдүү, интеллекти жогору ойчул болгон, анын саясий, философиялык, этикалык, эстетикалык, диний жана табигый илимдерге байланыштуу көз караштары чыгармада орун табат. Буга байланыштуу А. Н. Бернштам мындай дейт: “Кутадгу билиг – поэтикалык эле чыгарма болбостон, ал мамлекетти кантип жакшы башкарса боло тургандыгы жөнүндөгү насыяттарды камтыйт. Ушуга байланыштуу жалпы философиялыксанаттар менен бирге (“Саясат-Намэ” же “Кабус-Намэ” сыяктуу) социалдык мүнөздөгү ойлорду берет. Айрыкча маанилүү жагдай дыйкандарга, соодагерлерге, кол өнөрчүлөргө карата ар кандай колдоолордун зарылдыгын көрсөтүү менен, “Кутатгу билиг” көчмөндөргө карата өзгөчө кылдаттык менен мамиле жасоону кеңеш катары берет. Анткени аларда карахандар мамлекетинин төбөлдөрүнө каршы көтөрүлүштүн мүмкүн болгон күчүн адилеттүүлүк менен көрөт”[4]. Эң негизгиси бул чыгармада ойчул өзү жашаган социалдык чындык чагылдырылат. Карахандар мамлекетинде башкаруучу кагандан сырткары өз ара социалдык-экономикалык карым катнашты түзгөн бир нече социалдык катмар жашоосун уланткан, дыйкандар болсо көз каранды бойдон кала берген.

Эмгекте адамга тиешелүү антропологиялык-экзистенциалдык маселелер өзгөчө чагылдыруу табат. Негизги каармандар аркылуу философиялык ой толгоолор берилет. Адам элестөөлөрү аркылуу Адилет (Күнтууду), Бакыт (Айтолду), Акыл (Акдилмиш), Каниет (Өткүрмүш)негизги каармандар катары берилип бытиенин маңызы ачылат. Башкача айтканда ушул төрт каармандын аңгеме-маеги аркылуу Жусуптун социалдык-философиялык көз караштары ачылып берилет. Мында адам жана аны жашоосунун маңызы жөнүндөгү маселе чыгарманын өзөгүн түзөт. Адилет – Кунтууду Элик – дүйнөгө атагы ашкан, бактылуу, бардык жакка даңкы чыккан, түз сүйлөгөн, оюу бийик, акылдуу, ар кыйынчылыкты жеңе билген баатыр өкүмдар эле. Айтолду – жаш, акылдуу, көп өнөрдү билген, бирок элден алыс акылман, дөөлөт болчу. Ал

[2] Нарынбаев А.И., Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров. – Бишкек, 1994. – С. 110.
[3] Баласагын Ж., Куттуу билим: Дастан / Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков. – М.: НИК,1993. – 73-б.
[4] Бернштам А.Н., Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. В 2 т. – Т.2. – Б.: Айбек, 1998. – 294-б.

Күнтуудуга кызматка барууну чечет. Акдилмиш – Айтолдунун уулу, акыл менен билимди алып жүрүүчү. Ал эми Өткүрмүш – Акдилмиштин алыскы тоодо жашаган бир тууганы, ал жалгыз жашап напсисин тыйган, кудай жолун тутунган, каниет кылган жан. Бул тууралу акын өзү минтип айтат:

Баянын кабар этти, түшүнөбүз:
Төрт өзөк – бул китепти түзгөн негиз.
Адилет – анын бири, чындык жолу,
Дөөлөт – дейт экинчиси, бакыт ою.
Негизги үчүнчүнүн – акыл ойлук.
Төртүнчү – каниет делет, кылуу топук[5].

Чыгармада Күнтүүду менен Акдилмиштин ортосундагы маек аркылуу бек кандай адам боло алат, ким вазир дегендин милдети, аскер башынын орду, хас-хажибдик орунга кимдер татыктуу, ордо башы боло алчулар жөнүндө, элчи жана анын катчысы жөнүндө, казыначы, башкы ашпозчу кандай адам боло алат, суусун башы адам тууралуу философиялык ойлор берилет.

Жусуп антропологиялык көз карашында адамдын төрөлүшү, калыптанышы, жана алын өлүшү – табигый көрүнүш, жаратылыштын мыйзамы катары кабылданат. Анткени баары өзгөрөт, жаңы эски болот, эски өлүп жок болот. Адамдын жашоосу да ушул сыяктуу өзгөрүлүү абалында болот, бытие сыяктуу эле жалпы мыйзамдарга баш ийет. Балалык – жаштыкка жол бошотот, ал улгайган куракка, андан кийин карылык келет. Бул жөнүндө айткан ыр саптарын көрөлү:

Жаштык өтөт көз ирмемде – баалай бил,
Кармасаң да өмүр бүтөт – билип жүр.
Жаштыгыңды болбос ишке коротпо
Тобо кылып, жаман ойду жолотпо.
...Жаш кетти карылыкка берип кезек,
Бул үлүш менден өтүп,сага жетет[6]

Жаштык курак адам экзистенциясынын маанилүү мезгили, ал турганда кор кылбай бардык жакшылыктарды жаратканга умтулуу абзел, антпесе жаштык көз ирмемде эле өтүп кетет, анын ордун жашоонун кийинки этабы ээлейт.

Өмүрдү, жашоону алмаштырган анын каршысы – өлүм. Анткени “Төрөлгөн соң өлөсүң аргаң барбы, кайсы күнү өлөрүн билген барбы? Агарса сакал-мурут – өлүм келет, өлүмгө даба болор күч жок демек” – деп, Жусуп өмүр менен өлүмдүн диалектикалык байланышын көрсөтөт жана кудурети күчтүү кудай болсо да анын тиешеси жоктугун, кезеги келгенде өмүр адамдан качып, ажал болсо аңдып аларын белгилейт. Бул аркылуу ойчул “өмүр” жана “ажал” деген түшүнүктөргө философиялык анализ жүргүзөт. Өмүр – бул адамдын бытиесинин экзистенциалдык көрүнүшү, ал эми ажал болсо өлүмгө алып баруучу кубулуш, андан кутула албайсың:

Төрөлгөн соң өлүм бар, ажал табар,
Мейли бек, мейли кул, же пайгамбар.
Баарыбызды шум өлүм күтүп турат,
Тырмагынан ажалдын ким кутулат![7]

Төрөлгөндүн баары өлөт, жашоо, өмүр – шамал сыяктуу токтолбой өтөт, аны оздуктоого эч кимдин кудурети жетпейт.

Адам бытиесиндеги эң кымбат нерсе “өмүр”, ал турганда пайдасыз ишке барбастан аны барктап, “кутмандык” менен жашоо өткөрүү адам экзистенциясынын маңызын түзөт.Жашоо өмүр аркылуу берилет, өмүр болгон үчүн адам бар болуп турат. Ал мындай дейт: “Жолоочусуң, бул өмүр – аялдама, үмүт кылып жол карап көпкө турба. Өз өмүрүң өзүңө энчи келет, эмне берсең өмүргө, кайра келет”[8]. Адам өз өмүрүндө жалаң гана жыргал жашоону самайт, бирок адам бытиесинин мыйзамы андай эмес, жашоодо көптөгөн “буйткалары” бар, “куурал” турмуш да күтүп турат.Ал эми өлүмгө алып барчу жол катары Ж.Баласагын ооруну айтат да “сыркоолоп калуу – ажалдын чабарманы” катары белгилөө менен эскертет: “Канчалык таттуу болсо өмүр сүргөн, ошончолук катаал да өлүм деген!”. Ошентип ойчулдун көз карашында адам – бул рухий жактан жан берилген, сезим аракеттери активдүү түрдө жашаган, акылы менен айырмаланган, сөз чеберчилиги бар жандык.

Ж.Баласагын гносеологиялык маселелерге да өзгөчө түс берип, философиялык көз караштары аркылуу бул маселени орто кылым деңгээлинен алда канча алдыга жылдырган. Хас хажиб боюнча адам акыл эстүү, жаратуучу жан, ал акылы, билими менен айырмаланат. Таанып билүү маселесинде ал “укмуштардын эң укмушу – билим менен адамдын оюу” – дейт. “ Билим деңиз түбү да, чеги да жок, Канча сузсаң азайбайт, толо берет!”

Акыл – адамдагы баалуулук. Акыл, ой аркылуу адам бардык баалуулуктарга жетет. Ж.Баласагын акыл менен окуп-билим алганды айырмалоону белгилейт. Ал төмөндөгүдөй суроолорду коет: акылдын милдети эмнеде?, акыл кайдан башталат жана кайдан чыгат?, акыл качан жетилет жана кайда тынат?Бул суроого ал минтип жооп берет: акыл мээде болот, ал эң чоң баалуулук, “адамды айбандардан айрыйт акыл,билими артык

[5] Баласагын Ж., Куттуу билим. – М., 1993. – 34-б.
[6] Баласагын Ж., Куттуу билим. – М., 1993. – 73-74-б.
[7] Баласагын Ж., Куттуу билим. – М., 1993. – 462-б.
[8] Ошол эле китепте. – 282-б.

болсо – ошол асыл. Б.а., акылдуу адам “асыл”деп белгиленет, билим алып, илимдүү болсо урмат-сый, даңкка татыйт. Акылдуу жан окуу, билим аркылуу табигат сырларын ачат жана түрдүү өнөргө ээ болот.

Ж.Баласагындын квинтэссенциясында адам акылы менен таанылат. Акыл менен билим адамдагы адамдыкты аныктайт. Ойчул айтат: “Адамзатты жаратты жандан артык, акыл, билим, өнөрдү берди калпып”. Бул айтылгандардан жыйынтык чыгарууга болот: бир гана адам акыл жөндөмдүүлүгүнө, ойлонуучу ишмердүүлүккө, тил аркылуу оюн билдирүү артыкчылыгына ээ; ал ар түрдүү өнөр, билим үйрөнө алган жан, бул аны аныктап турган негизги белги. Адам өздөштүргөн билим менен илимди тил аркылуу башкага берет, же билдирет. Ошондуктан, Жусуптун көз карашында тил – илим менен билимдин көпүрөсү, ал адамды бакытка бөлөйт же шорлотот. Акын тилди арстан менен салыштырып, “тил арстан босогоңдо комдонгон, бошоп кетсе өзүңдү да жеп койгон” дейт. Адамга кеңеш берет: “көп сүйлөбө, а көрөкчө так сүйлө, түмөн сөздүн – оң мааниси бир сөздө”. Тил маселесине карата ал көп сүйлөгөн адамды “Кур бабырак”, ал эми унчукпаган адамды “Дудук” деп атарын белгилейт. Бул аспектиде алып караганда тил маселеси мындан аркы изилдөөлөрдүн предмети болорун белгилей кетмекчибиз.

Жакшы сапаттар катары токтоолук, сабырдуулук, чыдамкайлык эсептелет, булар бакытка алып баруучу жол. Чыдамкайлар “көктөгү кууну кармайт”, сабырдуулар “асманга шаты салат”, “сапаттын эң кымбаты мээрмандык”. Дүйнөнү таанып, андан өз ордуңду тапкың келсек адилет, ак жаша деп кеңеш берет, адилеттик, акыйкаттык жыргалдуу турмуш алып келет. Жашоонун маңызы ушунда.

Адамдын калыптануусунда билим менен илимдин ролу чоң, жаратылыштын сырлары таанып билүүнүн негизинде ачылат, жана тааным процессинде адам инсан катары калыптанат. Билим болсо практикалык мүнөзгө ээ. Адам акыл-эстүү, билимдүү болуп төрөлбөйт, ал калыптанат. Анын натыйжасында дүйнө ар тараптуу иликтенет. Бул пикирлерди айтуу менен Ж.Баласагын гносеологиялык ойлорунда бир талдоого татырлык ойлорду айтат. Тааным – бул адамдын жаңы билимдерге ээ болушу, ал эми билим болсо чеги жана түбү көрүнбөгөн деңиз. Жусуп ошол чеги болбогон билимди үйрөнүүгө, илим жолун таанууга чакырат. Ал табигый жана гуманитардык илимдерди үйрөнүү мененмамлекетти башкаруу ишмердигине ээ болоруна үндөйт. Өкүмдар өзүнүн карапайым калыкын кантип башкаруунун жолун көрсөтөт, ошону менен бирге билимдүү өкүмдар мамлекетти адилеттүү башкарууга жетишет. Бул айтылгандардан улам жыйынтык чыгарууга болот: адам узак убакытка созулган окуп-билим алуу аркылуу калыптанат, натыйжасында акылдуу, ишмер, социалдык субьект боло алат. Окуп-билим алуу жаш мезгилден башталуусу зарыл, ал илимге кызыкдарлыкты, кайраттуулукту, түшүнүүчүлүктү калыптандырат. Адамдын негизги багытталышы, маңызы Ж.Баласагын тарабынан позитивдүү маанайда анализге алынат. Адам коом, социалдык нормалар, рухий баалуулуктар менен тыгыз байланышта каралат. Жалпы адамзаттык баалуулуктар болгон жакшылык, адилеттүүлүк, сонундук, көрктүүлүк, бакыт, сулуулук аркылуу баалуулук жагын көрсөтөт. Ал эми бул этикалык оң сапаттар анын антитезасы аркылуу чагылдыруу табат.

Адам жашоосунун маңызы адамзат баалуулуктарын өзүнө сиңирип алуу, өздөштүрүү, аны кийники муундарга өткөрүп берүү. Бул учурда адам баалуулук катары каралып, ал өлбөс болуп кабылданат. Б.а. адамдын өлбөстүгү ишмердигинен, рухий-нравалык кызматынан, жакшылык иштеринен, эмгектен көрүнөт. Эмгектин натыйжасы адамды аң сезимдүү жандык катары таанытат, жана да өзүн калыптандырат.

Ошентип, Ж.Баласагындын “Куттуу билим” чыгармасы поэтикалык жактан философиялашкан, аалам, дүйнө, кудай, жаратылыш, адам, анын дүйнөдөгү орду жөнүндөгү маселелерди чагылдырган эмгек. Анын адам жөнүндөгү философемасы жана этикалык, эстетикалык идеялары орто кылымдагы философиялык ой жүгүртүүнүн көрүнүшү. Жусуптун адам жөнүндөгү концепциясы антропо-этикалык окуу десек болот. Гносеологиялык, аксиологиялык, этикалык жана эстетикалык көз караштары агартуучулук-практикалык мүнөздө. Анын дүйнөтаанымында рационалисттик, прагматисттик көз караштар басымдуулук кылат жана энциклопедизм толук орун алат.

Адам – жаратылыштагы баалуулуктардын алып жүрүүчүсү, ал акылы, оюу, тааными, ой жүгүртүүсү, билими аркылуу айырмаланып, бакыттын, адилеттүүлүктүн, түбөлүктүүлүгүн даңазалайт.

Адам жашаган коом, мамлекеттик бийлик инсандын жакшы жашоосу үчүн багытталышы зарыл. Бийликте тургандардын баары коомдогу бейпил турмуш, ынтымак үчүн алектенүүсү коомдун өнүгүүнүн башаты деп билет. Башкаруу бир эле өкүмдардын колунда болбостон, элдин каалоосу менен, эркин эске алып,келишүү менен башкаруу коомдун өнүгүшүнө түрткү берет.

Мамлекеттеги бийликтин элге жана эл үчүн болушу коомду өнүгүүгө, стабилдүүлүккө алып келет.

Колдонулган адабияттар:

Абрамзон С.М., Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер. – Б.: “Кыргызстан - Сорос” фонду, 1999.

Алтмышбаев А., Очерк истории развития обөественно-политической и философской мысли в дореволюционной Киргизии. – Ф.: Илим, 1985.

Баласагын Ж., Куттуу билим: Дастан / Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков. – М.: НИК,1993.

Бернштам А.Н., Избранные труды по археологии и истории кыргызов и Кыргызстана. В 2 т. – Т.2. – Б.: Айбек, 1998.

Мукасов Ы.М., Философская мысль в контексте развития кыргызской культуры. – Б.: Илим, 2010.

Нарынбаев А.И., Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров. – Бишкек, 1994.

КАРАХАНДАРГА ТИЕШЕЛҮҮ ЖАЗМАЭСТЕЛИКТЕРДЕГИ МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ТЕРМИНДЕРДИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Кайрат БЕЛЕК*

А) Бурана Музей комплексиндеги карахандардын мезгилине тиешелүү уникалдуу жазма эстеликтердин катарына, ички мазмуну толугу менен мамлекеттик титул-наамдарды камтыган *Амир Кавшутбеги* эпитафиясы болуп саналат (Сүрөт: 1Б).

Аты аталган эпитафиядагы жазуулар жакшы сакталып, андагы жазуунун тартиби арабграфикасынын насх ыкмасында жазылган. Жазма эстеликтин мазмунунда перс тилинен кирген терминдер дагы орун алган.




Сүрөт 1Б: Буранадагы Амир Кавшутбеги эпитафиясынын графикалык жана оригинал көрүнүшү

Транскрипциясы:	**Тексттин жаңы окулушу:**
Хаза кабр Амир Кавшутбеги	هذا قبر امير قفشوتبكى
бин Амир Эжелл Кед-Худаи	بن امير اجل كدخداى
Инанч Беги неввера'ллааху	انانج بكى نور الله
мазджа'ху неввера'ллааху	مضجعه نور الله

Тексттин котормосу: «Бул кабр Амир Кавшутбеги уулу Амир Эжелл Кедхудаи Инанч-Бегинин. Алла жаткан жайын нурга бөлөсүн. Алла нурландырсын».

Комментарийлер:

Амир امير: уруу же шаар башчыларына берилген титул. Орто кылымда мамлекеттик башкаруучу тегинен чыккандарга берилген[1]. Бирок аты аталган титул карахандардын мамлекеттик системасында башка эпитет же титулдар менен биргеликте: *ал-амир ал-мумакин* (Мухаммед б. Али) деген сыяктуу жазылган[2]. Тагыраак белгилей турган болсок, бул титул энчилүү ысым катары карахандардын чөйрөсүндө сейрек кездешип, айрыкча *амир-и ахур, амир-и алем, амир-и жамехане, амир-и жаандар, амир-и силах* деген сыяктуу өкмөттүк институттарга гана ушундайча айтылган[3]. Чынында аталган эпитет энчилүү ысымдар менен биргеликте монголдордун доорундагы Орто Азияда жергиликтүү жана жогорку башкаруу чөйрөсүндө көп колдонула баштагандыгын байкасак болот.

Кавшутбеги قفشوتبكى: Карахандардын жана селжуктардын мезгилинде эркек кишиге берилген энчилүү ысым[4]. Аты аталган эпитет эки терминден куралып, анын ичиндеги «кавшут» сөзү Диван Лугат ат-Түрктө берилген мааниси боюнча: *«эки өлкө падышасынын бири-биринин бейпилдиги үчүн алынган тынчтык кепилдиги»* - деп берилет[5]. Ал эми «беги» дагы байыркы түрк башкаруучуларына берилген титул жана карахандарда кичи хандыктардагы төбөлдөргө ушундайча айтылган[6].

Эжелл اجل: бул эпитет араб тилинен алынган жана ал «атак-даңктуу» деген маани билдирет. Айрыкча аты

* Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Гуманитардык факультет, Тарых бөлүмүнүн кенже илимий кызматкери.

1 Ferit Develioğlu, *Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lûgat*, Ankara 2007. s. 218.

2 Б. Кочнев, *Нумизматическая история караханидского каганата (991-1209). Часть 1.* Источниковедческое исследование. Москва, 2006. с. 37, 70-71.

3 R. Genç, *Karahanlı Devlet Teşkilâtı (XI. Yüzyıl) (Türk Hâkimiyet Anlayışı ve Karahanlılar)*, İstanbul 1981. s. 219-229, 271-272, 318-320.

4 F. Sümer, *Türk Devletleri Tarihinde Şahs Adları*, I-II, İstanbul, 1999. s. 878.

5 ДЛТ. Диван Лугат ат-Турк. Перевод, предисловие и комментарии З.-А. М. Ауезоваой. Индексы составлены Р. Эрмерсом. Алматы: Дайк-Пресс, 2005. с. 422.

6 Б. Кочнев, *Нумизматическая история*, с. 245. Sümer I, 1999, с. 125.

атлаган эпитет XI-XIII кк. диний лидерлердин атына коюлган эпитафиялардын дээрлик бардыгында жолугат[7]. Арийне ошол эле мезгилде бул эпитетте карахандардагы мамлекеттик ишмерлер дагы аталгандыгы белгилүү[8]. Бирок карахандардын чөйрөсүндө кеңири таралган *ал-амир ал-жалил* же *ал-амир ал-жалл* же болбосо *ал-амир ал-эжелл* деген аталыштар эч убакта энчилүү ысым катары берилген эмес[9].

Кед-Худаи کدخدای: перс тилинен «кед» - *үй, айыл, такты, кана; ал эми* «хүда» - *ээси, кожоюн, төрө* деген сыяктуу түшүнүктөрдү билдирет. Бейхаки берген маалыматтардын негизинде мамлекеттик финансы жана чарба иштеринин башчысы. Айрым учурларда алар чакан падышачылыктардагы вазирдин ролун аткарышса, кээ бир бектиктерде кыймылсыз мүлктүн башында турушкан[10].

Инанч اانج: аты аталган эпитет алгач байыркы Орхон-Енисей жазма эстеликтеринде эскерилип, «ишенимдүү», «ынанымдуу» деген маанилерди билдирет[11]. Албетте бул эпитет карахандардын мамлекеттик системасында дагы колдонулуп, мындай титулдардын кишилерге жөндөн-жөн берилбегендиги Кутадгу-Билиг эмгегинде ачык байкалат[12].

Айрыкча *Инанч Беги* اانج بکی жогорку бащкаруучу амирлерге берилип (Genç 1981: 241), бул мамлекеттик номенкулатура жөнүндө карахандар менен селжуктардын саясий байланыштарынан дагы байкасак болот. Мисалы: XI кылымдын башындагы огуздардын өкүмдары *Селжук оглу Арслан Ябгунун* Газне мамлекетинин падышасы Султан Махмуд тарабынан кармалгандыгына байланыштуу, карахандардын Бухарадагы башкаруучусу *Али Тегин*, Селжуктардан *Муса оглу Юсуфка* «Амир Инанч Беги» титулун ыйгарып, Мавераннахрда өзүнүн пайдасына саясат жүргүзгөн[13]. Бул маалыматтардан ачык байкалгандай эле, *Амир Инанч Беги* карахандардын жогорку катмарында өтөгөн кызматы үчүн же бийлик бөлүштүрүүдөгү ыйгарым укуктарда пайдаланылган десек болот.

Б) Күнгөй Ала-Тоо жазма эстеликтери

Көрүнүп тургандай элеКүнгөй Ала-Тоо жазма эстеликтериндеги энчилүү аттардын жалпы мүнөзү жана таштардагы диний идеологияга багытталган тексттерди изилдей турган болсок, алардын идентификациясынын жергиликтүү болбогондугун байкайбыз. Ошондой эле мындай туулган маселеге эпитафиялардагы топономиялык жана диний багыттагы маалыматтар да далил бере алат. Албетте бул чөлкөмдө өз убагында Ферганадагы «Керк» шаарынан жана Түндүк Ирандагы «Сари» шаарынан келген дин таратуучулардын (суффийлер) салымы чоң болгон. Булардын ичинен айрыкча Керк шаарынан келгендердин көпчүлүгү түрк тектүү болушса, айрым суфийлердин диний лакаб, ысымдарына караганда араб, перс, согд тектүү (Суфи Камбар, Хасан Данишменд ж.б.) болушкандыгы да байкалып турат. Бул эпитафиялардын арасындагы айрым таштардын муундан-муунга өткөн туугандар арасында коюлгандыгын да көрөбүз. Демек сырттан келген дин таратуучулар аталган чөлкөмдү бир нече жылдар бою байырлап калышкан. Муну менен катар эле өтө сейрек болсо да жергиликтүү тургундардын атына коюлган эпитафияларды да кездештиребиз. Албетте алардын айрымдарындагы аты-жөнүнүн жазылышы «ибн» сөзү менен коштолсо, көпчүлүгүндө «оглу» термини колдонулган: мисалы *Кул Мухаммед оглу Гафур; Басыт оглу Ахмед ж. б.* сыяктуу.

Бул эпитафиялардын ичинде «Мухаммед бин Вазир Саййид ал-Мүлк» жана «Хожа Садр» сыяктуу мамлекеттик жогорку бийликтин өкүлдөрүнө коюлган эпитафияларды дагы кездештиребиз. Чынында эле Орто Азияга тиешелүү орто кылымдагы тарыхый жазма булактарда жана карахандардын тарыхына байланышкан маалыматтарда «Вазир Саййид ал-Мүлк» туурасында эч жерде жазылбайт. Бир гана XI кылымдын жарымында Багдаддагы Бувейхиддердин (Буиддер) династиясында (935-1055 жж) Абу Саййид аттуу вазир кызмат өтөгөндүгү туурасында маалыматтар бар[14]. Бирок анын түздөн-түз Күнгөй Ала-Тоо жазма эстеликтериндеги *Мухаммед бин Вазир Саййид ал-Мүлктүн* теги менен байланыштырыш өтө кыйын. Эгер «ал-мүлк» эпитетин орто кылымдагы мусулман өлкөлөрүндө көбүнчө вазир мансабындагыларга берилгендигин эске ала турган болсок[15], азырынча «Абу Саййид» жана «Саййид ал-Мүлк» ысымдарынын бир-бирине төп келиши түкшүмөөлдү гана жаратып, булар жөнүндө «туугандык байланышы бар» - деген бир өңчөй корутунду чыгаруу аша чапкандык болуп калат.

Карахандардын элитасындагы хандарга жана вазирлерге карата колдонулган «ал-мүлк» эпитети өз убагында Улуу Селжук мамлекетинде (1040-1157 жж) кызмат өтөгөн вазирлердин көпчүлүгү колдонушкан[16]. Демек карахандардын мамлекеттик чөйрөсүндө дагы байыркы Иран маданиятынын же тагыраак айтканда карахандар менен карым-катнаш болуп турган самани династиясынын (819-1005 жж) мамлекеттик башкаруу салтынын таасири өтө чоң болгон (Кочнев 2006). Ошону менен катар Күнгөй Ала-Тоо эпитафиясынан карахандардын тарыхында белгисиз болуп келген *Вазир Саййид ал-Мүлк* аттуу мамлекеттик жогорку

---

[7] В. Д. Горячева, В. Н. Настич, Эпиграфические памятники Узгена XII-XX вв. *Киргизия при Караханидах,*«Илим», Фрунзе. 1983. с. 140-193.

[8] Б. Кочнев, Нумизматическая история., с. 24.

[9] Ошол эле., с. 71.

[10] R. Genç, *Karahanlı Devlet Teşkilâtı (XI. Yüzyıl) (Türk Hâkimiyet Anlayışı ve Karahanlılar)*, İstanbul 1981, s. 24, 276; *Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана: Учеб. Пособие*: Т. I. сост. Т. Джуманалиев. –Б.: 2007. С. 692.

[11] F. Sümer, *Türk Devletleri Tarihinde Şahs Adları*, I-II, İstanbul, 1999. s. 10; T. Tekin, *Orhon Yazıtları*, Ankara 2010. s. 144.

[12] R. Genç, *Karahanlı Devlet Teşkilâtı*, s. 236.

[13] F. Sümer, *Türk Devletleri*, 123; Б. Кочнев, *Нумизматическая история*., с. 20, 183.

[14] A. Taneri, "Büyük Selçuklu İmparatorluğu'nda Vezirlik", *Ankara Üniversitesi Dil ve Tarih-Coğrafya Fakültesi Tarih Bölümü Tarih Araştırmaları Dergisi.* Cilt 5. Sayı, Ankara 1967. s. 122.

[15] Ошол эле., s. 185.

[16] Ошол эле., s. 185.

кызматтын өкүлү жашап өткөндүгүн билебиз. Бирок анын мамлекеттик ишмердүүлүгү жөнүндө тарыхый булактар болбогондуктан, азырынча так-кесе жооп бере албайбыз.

Ошол эле мезгилде тарыхый жазма булактардан «Хожа Садр» туурасында да маалыматтарды кездештирбейбиз. Бул эки саясий терминден куралган ысым бир эле мезгилде мамлекеттик жогорку титул, ошол эле убакта энчилүү ысым да болуп колдонулган[17]. Чынында «хожа» خواجه XI-XII кк мамлекеттик жогорку кызмат өкүлдөрүнө гана берилген эпитет болгон[18]. Албетте, аталган терминди карахандардын учурунда дин кызматкерлери да колдонушкан болсо, ал эми монголдордун доорунан тарта соода иштери менен алектенген көпөстөр[19], кол-өнөрчүлөр жана билимдүү адамдар дагы бул эпитетте атала башташкан[20]. А түгүл орто кылымда араб тилин түшүнүү менен Куран-ы Керимди жана ислам динин эң жакшы өздөштүргөн адамдарга «арабтардын тегинен» делинген *«хожа»* түшүнүгү келип чыккан[21]. Ошону менен Орто Азияда хожаларга өзгөчө мамиле жасоо салты пайда болсо керек. Булардын көрүнүктүү үлгүсү таанымал суфий Хожа Ахмад Ясави менен белгилүү[22].

Ал эми аты аталган жазма эстеликтердеги «çадр»түздөн-түз «көкүрөк», «алдыңкы бөлүк» же «ардактуу орун» деген маани билдирет. Орто кылымдагы Орто Азияда бул эпитетте аталгандар мусулмандардын жогорку өкүлдөрүнө жана сот иштерин жүргүзгөн адамдарга берилген титул болгон[23].

Күнгөй Ала-Тоо жазма эстеликтеринин арасындагы эпитафиялык маалыматтардан улам *«Акылдуу, ардактуу деп таанылган Хасан»* - аттуу мамлекеттик төбөлдүн болгондугун да билебиз. Өкүнүчтүүсү эпитафиянын толук мазмуну окулбай өчүп калган. Бул эпитафия мусулман эпитафиялардан диний текстерди камтыбагандыгы менен айырмаланып, бул жерде жарандын өзүнө гана тиешелүү «мактоолор» менен даңазаланып турат. Демек бул эпитафиянын мазмуну арбча жазылгандыгына карабастан байыркы Орхон-Енисей текстериндеги сыяктуу лозунгдар менен камтылып, маркум мактоого алынган.

Мына ушундай эпитафиялык маалыматтарга караганда, алар мусулманчылыкка өтө эркин жана үстүртөдөн ийкемдүү мамиле кылышкандыгы байкалат. Демек эпитафиялардын арасында мусулманчылыктан сырткары калыптанган байыркы салттуу маданияттын үлгүлөрү сакталып кала берген. Чынында белгилүү тарыхчы И. В. Можейко белгилеп өткөндөй эле, ислам арабдардын кошундарынын күчү аркылуу көптөгөн өлкөлөрдүн жогорку тепкичтерин ээлеп, коомчулукта мусулман идеологиясындагы Куран-ы Керимдин жана пайгамбардын окуусунун талашсыз кабыл алынуусуна карабастан – исламга чейинки үрп-адат, салт-санаа сакталып кала берген[24].

Мунун аркасында айрым эпитафиялык эстеликтерден урууулук тамгалардын белгилерин да көрөбүз (Сүрөт: Абдиев, 3). Бул тамгаларды биринчи жолу Н. Н. Пантусов өзүнүн изилдөөсүндө жазып калтырган[25]. Бул жазма эпитафиялык эстеликтердин баш жагында *чырым* сымал типтеги тамгалардын болушу, карахандардын учурунда бул тамганы колдонуп жүргөн уруулардын аталган чөлкөмдөгү үстөмдүгүн байкасак болот. Бирок карахандардын мезгилине таандык кайсы уруунун өкүлдөрү бул «чырым» тамганы алып жүрүшкөндүгү азырынча анык эмес. Аталган тамганы карахандардын учурундагы кандайдыр урууга таңуулоо жана анын этногенезин тактоо маселеси өтө опурталдуу.

Карахандардын Өзгөндөгү династиялык тамырына тиешелүү нумизматикалык маалыматтарда чырым сымал белгилери бар тыйындарды жолуктурсак болот (Кочнев 2006: 49). Бирок карахандардын учурундагы тыйындар жергиликтүү төбөлдөргө же болбосо карахандардын династиясынын атына басылып, аларга гана тиешелүү болгон. Чынында эле нумизматикалык маалыматтар жана Күнгөй Ала-Тоодогу эпитафиялардын авторлорунун көпчүлүгү Ферганадагы Керк шаарынан келгендигин эске ала турган болсок, бул эпитафияларда кездешкен «чырым» сымал тамгалардын кандайдыр негизде Ферганадагы карахандардын «кагандык» же жергиликтүү төбөлдөрдүн династиялык тамагасы болгонбу деген божомолдорду да белгилеп койгондугубуз абзел. Бул пикирлерибизге арабист В. Н. Настичтин изилдөөсүндө *«Кайрак 5»* аттуу эпитафиялык эстеликдеги «чырым» белгилер да далил боло алат[26]. Албетте аты аталган эпитафия Сафид-Булан мазарынан табылып, ал XI кылымдын таасирдүү диний өкүлү «Шейх Абу Са‘д Ас‘ад ибн Мухаммед Шараф аз-Заман ал-Бейхакинин» атына коюлган[27]. Бул эпитафиядагы «чырым» сымал белгилер жана андагы христианчылыктын издери сакталганы туурасындагы маалыматтарды алгачкы жолу Н. Щербина-Крамаренко өзүнүн изилдөөлөрүндө

[17] М. М. Дьяконов, Несколько надписей на кайраках из Киргизии. Эпиграфика Востока. II. Москва-Ленинград. с. 13; В. Д. Горячева, В. Н. Настич, Эпиграфические памятники Узгена., с. 145.

[18] М. М. Дьяконов, Несколько надписей., с.13.

[19] Ошол эле., с. 13.

[20] В. Н. Настич, К эпиграфической истории Баласагуна \\ Красная речка и Бурана. Изд. «Илим». Фрунзе, 1989. с. 175.

[21] A. Muminov, *Das Säkulare und das Religiöse in der Interpretation der ‘ulamâ’ im mittelalterlichen Zentralasien*. Islam Und Säkularer Staat. Ed. Z. I. Munawwarov und W. Schneider-Deters (Hrsg.). Taschkent. p. 232; Р. Я.Рассудова, Термин ходжа в топонимии Средней Азии // Ономастика Средней Азии. Москва, 1978. с. 116; 120-121; В. Н. Настич, К эпиграфической истории Баласагуна., С. 175.

[22] В. Д. Горячева, Городская культура тюркских каганатов на Тянь-Шане (середина VI – начало XIII в.). Бишкек, 2010. с. 166. А. Мокеев, Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане (Этапы этнической и политической истории кыргызского народа во второйпол. IX–сер. XVIII вв.). Б.: 2010. с. 166-167.

[23] В. Д. Горячева, В. Н. Настич, Эпиграфические памятники Узгена., с. 145.

[24] И. В. Можейко, 1185 год (Восток-Запад). Москва, 1989. с. 138.

[25] Н. Н. Пантусов, Протоколы заседаний и сообщения членов Туркестанского любителей археологии. Год одиннадцатый (1 января 1906 года – 1 января 1906). Типография штаба Туркестанского военного округа. Ташкент. 1906. с. 5.

[26] В. Д. Горячева, В. Н. Настич, Эпиграфические памятники Узгена., с. 155.

[27] Ошол эле., с. 155-157.

белгилейт[28].

Чынында, Күнгөй Ала-Тоо эпитафиялык жазма эстеликтердин жалпы формасын жана алардын ички мазмундарынын бир өңчөйлүүгүн талдоого алгандыгыбызда, алардын өтө татаал экендиги байкалат. Анткени аталган эпитафиялык эстеликтерден ислам динине байланыштуу гана маалыматтар алынбастан, анын ички катмарында жергиликтүү маданияттын терең сырлары камтылып калган. Албетте бул жазма булактардан – өтө жиктешкен сопулук-исламдын, көчмөн маданият менен алда-канча ийкемдүү кайнашуусу натыйжасында, жаңы маданияттын өрнөктүү издерин калтыргандыгын көрөбүз.

Муну менен катар эле Күнгөй Ала-Тоодогу эпитафиялык эстеликтердин авторлору Куран-ы Керимдеги аяттардын жардамы менен «исламды», жергиликтүү элге укмуштуудай пропагандалашып, ошол эле учурда мусулманчылыкка терс таасирин тийгизбеген жергиликтүү тилдик жана салттык өзгөчөлүктөрдү исламда колдоно билишкен. Булардын исламдагы көрүнүктүү үлгүлөрү тилдик же кандайдыр уруулук тамгаларды колдонуу менен эле чектелбестен, анын көчмөндөрдүн этногенезинин калыптанышында да маанилүү роль ойногондугун шейх Мансур ал-Халладждын жана көчмөндөрдүн арасында исламды жайылткан сопулук агымдын баштоочусу Хожа Ахмет Ясавинин тарыхы менен билебиз[29]. Демек Күнгөй Ала-Тоо жазма эстеликтери карахандардын маданий-идеологиялык тарыхын да терең изилденүүчү актуалдуу обьект болуп кала берет.

Жалпылай кете турган болсок, *Амир Кавшутбеги* эпитафиясынан карахандардагы мамлекеттик наамдардын аталышы жана андагы башкаруу номенкулатурасынын муундан-муунга мурас калгандыгын байкасак болот. Албетте бул жазма эстеликтен карахандарда канчалык деңгээлде араб-перстердин мамлекеттик башкаруу системасындагы таасир байкалгандыгына карабастан, байыркы көчмөндөрдүн мамлекетти башкаруу маданиятынын салттуу көрүнүштөрүнүн кайталангандыгын дагы көрө алабыз.

Демек карахандар өз убагында отурукташкан цивлизация болуп эсептелинген аббасиддерден жана айрыкча саманиддерден шаардын башкаруу системасын өздөштүрүп, аны көчмөнчүлүктүн салттуу маданияты менен айкалыштыра билишкен. Арийне мунун көшөгөсүнүн аркасында ислам идеологиясынын таасири дагы күчтүү болгондугун четке кага албайбыз. Ошондуктан карахандардын борбордошуусундагы мамлекеттик системасынын башкы булагында ислам жана суфий мусулмандарынын орду чоң болгон.

Колдонулган Адабияттар

Develioğlu F. (2007). *Osmanlıca-Türkçe Ansiklopedik Lûgat*, Ankara, s. 1195.

DLT. (1992). *Divanü Lûgati't-Türk Tercümesi*,(Çev. Besim Atalay). I.II. III. ve IV. cilt, Ankara.

DLT. Mahmud al-Kasgari. *Divan Lugat at-Turk. Compendıum of Turkıc Dialects*. Edited and translated with introducition and indices by Robert Dankoff in collaboration with James Kelly. Boston. Part I. 1982. Part II. 1984. Part III. 1985.

Genç, R. (1981). *Karahanlı Devlet Teşkilâtı (XI. Yüzyıl) (Türk Hâkimiyet Anlayışı ve Karahanlılar)*. İstanbul.

Genç, R., (1997). *Kaşgarlı Mahmud'a Göre XI.Yüzyılda Türk Dünyası*. Ankara.

Muminov, Ashirbek. (2003). *Das Säkulare und das Religiöse in der Interpretation der 'ulamâ' im mittelalterlichen Zentralasien*. Islam Und Säkularer Staat. Ed. Z. I. Munawwarov und W. Schneider-Deters (Hrsg.). Taschkent. P. 229-234.

Sümer, F. (1999). Türk Devletleri Tarihinde Şahs Adları. I. II. Ciltler, İstanbul, s. 878.

Taneri, A. "Büyük Selçuklu İmparatorluğu'nda Vezirlik", *Ankara Üniversitesi Dil ve Tarih-Coğrafya Fakültesi Tarih Bölümü Tarih Araştırmaları Dergisi.* Cilt 5. Sayı, Ankara, 1967. S. 75-186.

Tekin, T. (2010). *Orhon Yazıtları,* Ankara. S. 200.

Белек, К. *Тосор жазма эстелигинин изилдениши жана анын тарыхый мааниси.*Manas Sosyal Araştırmalar Dergisi. Vol: 1, No:3, s.17-51.

Горячева, В. Д. (2010). Городская культура тюркских каганатов на Тянь-Шане (середина VI – начало XIII в.). Бишкек. с. 302.

Горячева, В. Д., Настич, В.Н. (1983). Эпиграфические памятники Узгена XII-XX вв. *Киргизия при Караханидах.* «Илим», Фрунзе. С. 140-193.

ДЛТ. (2005). Диван Лугат ат-Турк. Перевод, предисловие и комментарии З.-А. М. Ауезоваой. Индексы составлены Р. Эрмерсом. Алматы: Дайк-Пресс, 1288 с. +2 с. вкл.

Дьяконов, М. М. (1948). Несколько надписей на кайраках из Киргизии. Эпиграфика Востока. II. Москва-Ленинград. С. 9-15.

Ислам Краткий справочник. (1986).2-е изд., «Наука», Москва.

Кочнев, Б. (2006). Нумизматическая история караханидского каганата (991-1209). Часть 1. *Источниковедческое исследование.* Москва. С. 344.

Массон, М. Е. (1956). Среднеазиатские намогильные кайраки. — ЭВ. 1956, II, с. 3-13;

Можейко, И. В. 1185 год (Восток-Запад). – М.: Наука, 1989.

Мокеев, А. Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане (Этапы этнической и политической истории кыргызского народа

[28] Н. Щербина-Крамаренко, По развалинам Средней Азии. Зодчий. кн. V. 1886. с. 37; М. Е.Массон, Среднеазиатские намогильные кайраки. Эпиграфика Востока. Москва, 1956. II, с. 6; В. Д. Горячева, В. Н. Настич, Эпиграфические памятники Узгена., с. 155.

[29] Крнз.А. Мокеев, Кыргызы на Алтае и на Тянь-Шане (Этапы этнической и политической истории кыргызского народа во второйпол. IX–сер. XVIII вв.). Б.: 2010. с. 166-167. В. Д. Горячева, Городская культура тюркских каганатов на Тянь-Шане (середина VI – начало XIII в.). Бишкек, 2010. с. 166.

во второйпол. IX–сер. XVIII вв.). Б.: 2010. - 280 с.
Настич, В. Н. (1989).К эпиграфической истории Баласагуна \\ Красная речка и Бурана. Изд. «Илим». –Фрунзе.
Пантусов, Н. Н. Протоколы заседаний и сообщения членов Туркестанского любителей археологии. Год одиннадцатый (1 января 1906 года – 1 января 1906). Типография штаба Туркестанского военного округа. Ташкент. 1906.
Рассудова, Р. Я. (1978). Термин ходжа в топонимии Средней Азии // Ономастика Средней Азии. Москва.
Хрестоматия по древней и средневековой истории Кыргызстана: Учеб. Пособие: Т.1. сост. Т. Джуманалиев. –Б.: 2007.
Щербина-Крамаренко Н. (1886). По развалинам Средней Азии. Зодчий. кн. V.

ЖУСУП БАЛАСАГУНДУН “КУТТУУ БИЛИМ” ЧЫГАРМАСЫНА ЫЛАЙЫК ЛИДЕРДИК САПАТТАРЫ

Сейил НАЖИМУДИНОВА*

“Эгерде бекте бардык сапат болсо,
Каалаганын кармайт ал кол толгончо.
Миң түрлүү жакшы сапат болсо,
Эр болот бүт дүйнөнү калтыраткан.”
(Куттуу Билим 3008-3009)

Кириш Сөз

Адамзаты кылымдар бою уюмдарды калыптандырып жана аларды өзгөртүп келген. Байыркы убактардан тартып, адамдар тобу уюшуп алып, орток максатка жетүү үчүн аракет кылган. Адамдардын биргеликте кызматташып, иш алып баруусунда адамдарды иш-аракеттери уюштурулуусу жана башкарылуусу керек. Башкаруу жана уюштуруу – бул тарыхый жана коомдук трансформациялардын продуктусу. Башкаруу теориясынын эволюциясы адамзаттын тарыхы менен биргеликте өнүгүп келген жана ар кайсы доорлордо ар кандай маданияттарда башкаруу жана лидердик жаатында консультативдик мүнөз ташыган чыгармалар болгон. Лидердик - кылымдар бою калыптанып, өзгөрүп келген дисциплина. Б.з.ч. 4-кылымда Байыркы Индия маданияты башкаруу дисциплинасына 15 бөлүктөн турган башкаруу методдору жана принциптерин,башкаруучулар ээ болуусу керек болгон кызмат инструкциясын системалык түрдө баяндаган Артхасаштра китебин тартуулаган. О.э. алгачкы эмгек мамилелери жана жумушчулардын минималдык эмгек акысы менен байланыштуу мыйзам жана тажрыйбалар Вавилондук падыша Хаммурапи тарабынан мындан б.з.ч. 1800-жылдарда киргизилген. Тарых боюнча бир топ окумуштуулар лидердик жана башкаруу темаларына көңүл буруп келген. Мисалга алсак, Платон лидерликтин негиздерине кайрылган болсо, Аристотель башкарууда ишендирүү коммуникациясын изилдеген. XV кылымда италиялык белгилүү философ Никколо Макиавеллинин эмгектери уюмдун күчү жана саясаттары сыяктуу ошол убактагы жаңы багытка негиз түзгөн. Башкаруу жана лидердик тууралуу эрте эмгектер башкаруу теориясын илимий иштеп чыгарууга аракет кылбаса дагы, өткөн чактан маанилүү билдирүү берет.

Лидер – мамлекеттик денгээлде болсун, уюмдук же группалык денээлде болсун маанилүү ачкыч ролго ээ. Лидердик теориясынын ичинде дал лидердин жеке сапаттары жана инсандык өзгөчөлүктөрү тууралуу илимий олуттуулук менен мамиле кылган алгачкы эмгектер Левинге (1939), Морфи (1941), Стогдилл (1948), Блэйк жана Моутонго (1964), Фидлерге (1967), Врумга (1973) таандык. Бул эмгектерде эффективдүү лидердик сапаттары тууралуу жазылган.

Өткөн чакта долбоорлонгон жана учурда интерпретацияланган билим – коомдо маданий жактан таандык болуу сезимин тарбиялап, массалык маданий аң-сезимди калыптандыруу жана өнүктүрүүдө таасирдүү фактор болуп саналат.

2. Жусуп Баласагын жана “Куттуу билим”

Түрк цивилизациясынын эң көрүнүктүү акын жана философторунун бирөөсү Жусуп Баласагын Караханиддер доорунда байыркы Баласагын калаасында (азыркы Токмок шаары) 1069-жылы (кээ бир булактарда 1015-ж.) жарыкка келген. Баласагын шаары – Караханиддер мамлекетинин маданий борбору болуп саналган. Жусуп Баласагындын үй-бүлөсү коомдо кадыр-барктуу жана беделдүү үй-бүлөлөрдөн болуп саналган. Болочок ойчул билим булагын Кашкар жана Букара сыяктуу шаарлардан алган. Араб жана фарс тилдеринде эркин жаза алган Жусуп Баласагын илимдин ар кайсы бутактарында философиялык жана илимий эмгектерин жаза алган (Dilaçar, 1995: 21). Адамзаттын жалпы тарыхында философия жана илимди, поэзия менен саясатты бирдей алып кете алган инсандар саналуу гана. Мына ушундай инсандардын катарында Жусуп Баласагын татыктуу орун алат.

Автор атактуу чыгармасын 50 жашында адамзатка тартуулаган. Бул куракта жашоо тажрыйбасы жана дүйнө таанымы толуп, жетилип турган учурда билимдүү адам пайдалуу кеп-кеңеш бөлүшүүгө даяр болот. Ар кандай кырдаалдарда кандайча мамиле кылуу керек экендиги тууралуу кеп-кеңештерге толуп турган “Куттуу билим” чыгармасы автордун жогорку интеллекти жана билими тууралуу маалымат берет. “Куттуу билим” чыгармасы 18 айдын ичинде жазылып бүткөн. Чыгарма 88 бөлүмдөн жана 6645 куплеттен турган чыгарманы аяктаган соң 1070-ж. Караханиддердин каганы Кара-Хакан Абу Али Хасанга (Сулейман Арслан) тартуу кылат. Адабият жана искусствону жогору баалаган акылман каган бул шедеврди татыктуу кабыл алат дагы, ойчул Жусуп Баласагынга “Улуу Хас-Жажиб” (сарай алдындагы штаттын башчысы, камергер) наамын берет (Стеблева, 1984; Arat, 1991).

Жусуп Баласагын жөн гана катардагы жүргөн адам болгон эмес, ал каганаттын ордосундагы жогорку кызмат орунун ээлеген, бийликтин ортосундагы жүргөн ишмер катары, кандайдыр бир деңгээлде окуялардынкатышуучусу болгондуктан, бардык “ички интрига жана жашыруун сүйлөшүүлөр” менен жакшы

* Доц. м.а., докт., Кыргыз-Түрк Манас Университети, Менеджмент бөлүмү. seyil.najimudinova@manas.edu.kg

тааныш болгон. Ойчул акылман көптү көрүп, көптү башынан өткөргөн (Токтоматов, Джаманкулов, 2011:167).

Белгилүү венгриялык чыгыш таанучу Арминий Вамбери"Куттуу билимди" түрк тилдүү калктардын ошол доорлордогу коомдук жана административдик жашоосун терендетип көрсөткөн жана Чыгыш өзгөчө түрк тилдүү маданияттар үстөмдүк кылган этикалык тарбия берүүчү чыгарма деп атаган (алып көрсөткөн Kafeşoğlu, 1980:5-6).

Жусуп Баласагындын трактаты эл аралык масштабда саясий бестселлер болуп калгандыгы кокустан эмес. Евразиялык мейкиндикте биринчи болуп, социология, саясат таануу, этика, эстетика, теология, социалдык психология жана менеджменттин проблемаларын камтыган иреттүү система сунушталган (Какеев, 2004:115).

«Куттуу билимде» автор негизги идеяларды төрт каармандын диалогу аркылуу берген жана булардын арасында лидерге таандык жеке сапаттар, башкаруу принциптери жана адамдарды башкарууга керектүү жалпы инструкциялар тууралуу ой бөлүшкөн жана талкуулаган.

Аты	Аткарган иши/миссиясы	Эмнени туюндурат?
Күнтууду	Өкүмдар	Адилеттик, ак ниеттик
Айтолду	Башкы Вазир	Дөөлөт, ырыс
Акдилмиш	Насаатчы/консультант	Акыл, акылмандык
Өткүрмүш	Календер	Каниет кылуу, жупунулук

Таблица 2.1. «Куттуу билимдеги» негизги фигуралар жана аларды персонификациялоо

3. Лидер кармануусу керек болгон башкаруу принциптери

Жусуп Баласагын өз чыгармасында лидерлер карманышы керек болгон принциптерди баса белгилеген. Бул принциптер лидерлерге маяк же жол көрсөтүүчү катары кызмат кылат жана туруктуулук (sustainability) берери жана узак мөөнөттүлүктү (long-term existence) камсыз кылары талашсыз. "Куттуу билим" чыгармасында 28 бөлүмдө лидердикке (бектикке) ылайыктуу инсан кандай болушу керектиги туурасында айтылат. Башкаруу принциптерин талкуулоо менен катар лидерди (жетекчини) лидер эместен айырмалап турган жеке сапаттар белгилүү болот.

1.Абийирдүүлүк (conscientiousness) жана чынчылдык (integrity)– башкаруу этикасынын негизги түзүүчүлөрү болуп саналат.Дал ушул факторлор туруктуулукту жана узак мөөнөттүүлүктү камсыз кылуучу факторлор.Абийирдүүлүк жана ак ниеттүүлүк – мамлекеттик ресурстарды туура жана орду менен пайдаланууну жоромолдойт.

Ач көз болбо, абийирди бийик карма,
Сөздө, иште, адилет болгун жанга. (К.Б. сап 2000)
А бектерабийир менен болот бийик,
Абийирдүү иш – ар дайым турат жүрүп. (К.Б. сап 2005)
Жаман иштен сактаса – абийир сактайт.
Жакшы ишти баштаса – абийир баштайт. (К.Б. сап 2008)
Ак болгун жүрөгүң да, сөзүн дагы,
Эл байлыгы, түркүгү мунун баары! (К.Б. сап 2010)

2.Лидердин адилеттүүлүк жана акыйкаттуулук. Башкаруу этикасынын негизги элементи – бул лидердин кол алдындагыларга карата адилеттүү, бирдей жана тең мамиле кылуусу зарылчылыгы.

Эл үчүн адилеттүү башчы керек,
Калкына көңүл, сөзү болсун жөлөк. (К.Б. сап 1963)
А эгер боло албаса бек адилет,
Калайыкка пайдасы жок да демек. (К.Б. сап 1987)
Бек билимдүү, адилеттүү, ак болсун,
Даңкы чыгат, ар бир ишке так болсун. (К.Б. сап 2165)

3.Лидерлер билимдүү жана акылдуу болуусу керек. Башкарууда билим жана акылды интеллектуалдык капитал катары колдонуу – эң негизги каражат. Лидер өзү дагы билимдүү болуу менен бирге дайыма өзүн акылдуу жана билимдүү адамдар менен курчашы керек.

Эл башкарган бек болсо, билими мол,
Ишин иштейт ой менен – орундуу, зор. (К.Б. сап 1952)
Бектердин өзү да бек, билими бек!
Бектердин көп нерсени билгени эп! (К.Б. сап 1954)
Кимде эгер акыл болсо, таасын билим,
Ошону адам дегин, мактап жүргүн. (К.Б. сап 1993)

4.Алдын ала көрөгөч лидер (visionary leader) – бул күтүүсүз терс тышкы факторлордун алдында даярдыксыз калып калбайт. Мындай лидер келечекке кам көрөт жана тиешелүү чечимдерди алдын ала кабыл алат. Бул лидердин узак мөөнөттүү жана стратегиялык ой жүгүртүүсүн баса белгилейт.

Бек болсун акылдуу да, кыраакы да,
Бөөдө кырсык кокустан кокустан баспайт дагы. (К.Б. сап 1956)
Ар иштин көзүн билип баштоо керек,
Андай иш натыйжалуу, оңой бүтөт. (К.Б. сап 1965)
Бек болсун такыбаа да, сарамжал да,

Камкор да,- келечекки урпактарга. (К.Б. сап 1985)

5. Бекитилген эреже жана нормалар, мыйзамдык база – эффективдүү башкаруу жана лидердикте баалуу болгон нерсе. Бул баалуулуктар лидерди күчтүү кылат. Дисциплина, тартип, ирээт – башкаруу принциптерининарасында маанилүү орун ээлейт. Тартипти такыбаа сактоо – күчтүү лидердин өзгөчөлүгү.

Бектерде эки нерсе болсун дагы:
Бири – заң, бири – сактык – өлкө камы. (К.Б. сап 2015)
Эгер бек жакшы тартип түзсө колдоп,
Ал жерде өлкө гүлдөп бейиш болмок. (К.Б. сап 2017)
Зомбулук – өрттөп кетчү кызыл жалын,
Заң болсо, жер көгөртчү суусу анын! (К.Б. сап 2033)
Эгер бектер заң, тартипти турса тутуп,
Анда элинде сакталат салмактуулук. (К.Б. сап 2111)
Бек сак болсун, жана да токтоо, кайрат,
Шалаакылык - кырсыкка такап салат. (К.Б. сап 2014)

6. Лидердин риторикалык жөндөмдөрү жана эмпатиялык жүрүш-турушу – кол алдындагылардын баш ийүүсүн, лидер катары таанылып, кабыл алынуусун жеңилдетет. Эффективдүү лидер күчтүү коммуникативдик жөндөмдүүлүккө ээ болушу керек, аларды ишендирүү күчүнө ээ болуусу керек.

Көңүл тили жөнөкөй баары менен,
Тил табышып, сый-сыпат иштей билген. (К.Б. сап 1695)
Бардыгын ширин сөзгө алгын анан,
Улуу, кичүү – муюшат баары саган. (К.Б. сап 2070)
Анан да жумшак болсун, ырайымдуу,
Бардык жерде кармасын так ушуну. (К.Б. сап 2072)
Бек болсун өзү сылык, турсун күлүп,
Орто бойлуу – анан да ою күлүк. (К.Б. сап 2083)
Жылдыздуу адамдарды баары сүйөт,
Баары карап, көз тоёт, бүт жүгүнөт. (К.Б. сап 2085)

7. Лидер эстүү жана оор басырыктуу чечим кабыл алуусу үчүн ага тоскоолдук жаратуучу ичкиликтен жана кумардан алыс болушу керек. Антпесе, кол алдындагылардын ишеним жана сый-урматына ээ боло албайт.

Бек качсын шарап менен бузуктуктан,
Бул экөө – бакытыңды कууп качкан. (К.Б. сап 2091)
Өкүмдар кумар ойноп кетсе дайым.
Элин бузуп, тилемчи болгону анын. (К.Б. сап 2093)
Ичип алсаң – адамдык унутулат.
Айбандыгың ачылып тушка чыгат. (К.Б. сап 2101)
Бузуктуктун чуусунан – бакыт качат,
Бек бузулса – өзүнө өлүм, уят! (К.Б. сап 2104)

8. Лидердин эмоционалдык жактан туруктуулугу, сабырдуулугу бааланат.

Шашмалык, акылсыздык, текебердик –
Буларды акмак, наадан жандан көрдүк. (К.Б. сап 1996)
Өжөрлүк – оор жүктөй артка тарткан
Өжөрдү ит деп коёт үрүп жаткан. (К.Б. сап 2066)
Бек болсун эң жөнөкөй токтоо кыял,
Жакынга кечиримдүү муюп турар. (К.Б. сап 2170)
Шашмалык – бышпаган иш, чийки талап,
Бышпаган аш адамды оору кылат. (К.Б. сап 1997)
Ач көздүк – кесел болот айыкпаган,
Дүйнөдө эмчи күчү жетпейт ага. (К.Б. сап 2002)
Сөзгө турбас бегиңден үмүт этпе,
Өмүрүң коркунучта, кырсык-бетте. (К.Б. сап 2013)
Кутман Элик! Баарынан да уят ушу,
Бектердин эң жаманы – жалганчысы. (К.Б. сап 2037)

9. Лидерден, эреже катары, патерналисттик жүрүш-туруш күтүлөт, б.а. баш ийүүчүлүк өз кезегинде кам көрүүлүнү күтөт жана жоромолдойт.

Ишенимдүү – ишке да эң жөндөмдүү,
Боорукерлер дайыма ишенимдүү. (К.Б. сап 2123)
Башчы бек элге болсун дайым камкор,
Боорукер өз элине болсун ошол. (К.Б. сап 2124)
Элине камкор болуу, бийлик камы,
Чечкиндүүлүк – чынында бийлик жаны. (К.Б. сап 2127)

10. Лидердин жоомарттык жана боорукердик сапаты анын айкөлдүгүнөн кабар берет. Бул сапаттар анын алсыз эмес, тескерисинче, күчтүү экендигин тастыктайт.

Элге жак, акыл-эстүү, жоомарт болгун,

Ардактуу айкөл деген атка конгун.(К.Б. сап 1964)
Угуп ал, айкөл жандын айтканы ушу,
Айкөлдүк – ар сапаттын туу чокусу. (К.Б. сап 2040)
Оң кол менен душманды алсаң талап,
Сол кол менен олжону кенен тарат. (К.Б. сап 2069)
Бек дайыма ак көңүл болгон жакшы,
Пейли актын иши дагы салабаттуу. (К.Б. сап 2049)

11. Лидердин дайыма ишенимдүү, ак ниет жана акылдуу жардамчысы болушу керек. Жардамчынын бар болушу лидерге коопсуздук жана ишеним сезимин берет. Жардамчы тандоодо анын профессионалдуулугуна, коммуникабелдүүлүгүнө жана эсеп бере алуу жөндөмүнө (accountability) маани берүү керек.

Ал киши эң жигердүү болуп анда,
Ишке арнасын пейилин, жүрөгүн да.(К.Б. сап 2184)
Болсун акыл, билими терең деңиз,
Аткарган мөөнөтүндө ишти тегиз. (К.Б. сап 2185)
Өңдүү-түстүү адамдар ишке жакшы,
Мүнөзү жумшак адам элге жакшы. (К.Б. сап 2213)
Ал болсун терең ойлуу жана да сак,
Илим менен жазууну билсин эң так. (К.Б. сап 2218)
Этиятсыз увазир жакшы болбойт.
Эсеп-чоту болбосо – иш оңолбойт. (К.Б. сап 2219)

12. Лидердин физикалык көрүнүшү дагы маанилүү. Лидердин бою өтө узун дагы эмес, кыска дагы эмес болуш керек. Келбеттүү, орто бойлуу, орто салмакттуу физикалык структура лидерлерге ылайыктуу деп сунушталган. Лидердин харизмага ээ болуусу, б.а. жылдыздуу болуусу анын физикалык жана эмоционалдык жагымдуулугун жогорулатат.

Бек болсун өзү сылык, турсун күлүп,
Орто бойлуу – анан дан ою күлүк. (К.Б. сап 2083)
Зуңкуюп узун болсо ал да болбос,
Корто болсо, анда да алып коёт. (К.Б. сап 2086)
Бойлордун эң жакшысы – орто бойлуу,
Андайлар көзгө толум, терең ойлуу. (К.Б. сап 2087)
Орто болсун бардыгы – дене боюң,
Ишиңди орто карма, болбойт ансыз. (К.Б. сап 2090)
Жылдыздуу адамдарды баары сүйөт,
Баары карап, көз тоёт, бүт жүгүнөт. (К.Б. сап 2085)

13. Лидердин кол алдындагы адам ресурстарына карата башкаруу стили жана тажрыйбасы белгилүү бир алкак жана принциптерге таянуусу керек. Заманбап менеджмент сунуштаган теория жана аспаптардын фундаменталдык негиздери дал Жусуп Баласагындын башкаруучулук ой-пикирлерине таянат жана башат алат. Лидердин адамдар аралык жөндөмдөрү (Interpersonal skills)

Бектин күчү – адилеттүү кызматчылар,
Бүт аймакты бек кармаар, шаар кураар. (К.Б. сап 2968)

Мамлекеттин болсун же уюмдун болсун, ээ болгон маанилүү жана стратегиялык ресурстары – бул лоялдуу, ишине так жана берилген функционалдык милдеттерди сапаттуу аткаран адам ресурстары экендиги талашсыз.

Бектери кызматкерин даана билсин,
Пайдалуу, пайдасызын талдай жүрсүн. (К.Б. сап 2973)

Эффективдүү лидер кол алдындагы адам ресурстарын жөндөмү, билгичтиги, квалификациясы, тажрыйбасы, таланты жагынан жакындан таанып билиши керек. Адам ресурстары тууралуу маалымат базасы дайыма жаңыланып туруусу керек. Адам ресурстарын эки типке бөлүүгө болот: 1) уюмга же мамлекетке пайдалуу жана салымы болгондор, 2) уюмга же мамлекетке карата тынчсыздануу булагын жараткан, пайдасы жана кошумча салымы болбогон типтер.

Кызматына жараша сыйлык берсин,
Акыны – ишке тете ченеп бөлсүн. (К.Б. сап 2974)
Бек ага ишин баалап, акы берет,
Бегинин урмат менен сыйын көрөт.(К.Б. сап 2965)

Аткарган ишке карата эмгек акы төлөө принциби сунушталган. Аткарган жумушуна, берилген тапшырмага жараша эмгек акы чегерүү принциби классикалык башкаруу мектебинин өкүлдөрү (Тэйлор, Гантт) тарабынан илимий жактан анализденип анан сунушталган.

Бектери кызматчысын турса мактап,
Анда алар эмгектенет жанын таштап. (К.Б. сап 2977)
Мээримдүү бол, кызматчыңдынжайын бил,
Ачты тоюндур, жылаңачты – кийиндир. (К.Б. сап 2982)
Эң алгач – ага кийим, тамак берет,
Милдетин жакшы өтөөнүн камын көрөт. (К.Б. сап 2958)

Эффективдүү лидердикте кол алдындагыларды мотивациялоо (материалдык жана материалдык эмес) – өтө таасирдүү аспаптардын бирөөсү. Мотивациялоодо адам ресурстарынын муктаждыктары, б.а. ички түртүүчү күчтөр аркылуу тигил же бул жүрүш-турушка тартуу XX кылымдын ортосунда Маслоу, Альдерфер сыяктуу психологдор тарабынан теориялык-методологиялык негиздери бекитилген.

Эки нерсе – шалаакылык жана эзүү,
Экөө менен бек элин бузат дечү. (К.Б. сап 2024)
Бийликти, зомбу, эзүү кармай албайт,
Күчтүүнүн зордугуна эл чыдабайт. (К.Б. сап 2030)

Кол алдындагыларга карата зулум-зомбулукка таянган мамиле уюмдагы же коомдогу микроклиматты бузат, психологиялык тең салмактуулуктун бузулушуна алып келет.




Диаграмма 3.1. Жусуп Баласагын боюнча башкаруу принциптери

"Куттуу билимде" лидерлер алыс болуусу керек болгон жеке сапаттар дагы орун алган. Бул факторлор эффективдүү лидердик үчүн деструктивдүү экендиги белгиленип, мыкты лидер боло алуу үчүн бул факторлордон алыстоо зарылчылыгы айтылган. Ошондой эле жогорудагы принциптерди эске алуу менен лидердин позитивдүү жеке сапаттары табл. 3.1.де көрсөтүлгөн.

Лидер ээ болуусу керек болгон позитивдүү жеке сапаттар	**Лидер алыс болуусу керек болгон негативдүү жеке сапатттар**
• Өзүнө ишенимдүү, өткүр, баатыр жүрөк**, чечкиндүү**	• Коркок, суу жүрөк
• Адилетт**үү, ак ниеттүү, чынчыл**	• Ырайымсыз, ташбоор, кара ниет, залим
• **Жоомарт**	• Сараңдык, ач көз
Кыргыз-түрк келишимдеринин алкагында Кыргызстандын бир катар шаарларында: Бишкекте, Ошто, Таласта, Нарында, Жалал-Абадда, Ысык-Көлдө кыргыз-түрк лицейлери ачылган. 1995-1996-окуу жылын аяктоого жана «Сема» лицейин биринчи бүтүрүүчүлөрүнө арналган салтанаттуу кече 22-майда уюштурулган. Түркиянын Кыргызстандагы «Себат» таалим-тарбия берүү фирмасынын Президенти Нахи Тосун Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы өз ара достук кызматташтыкты чыңдоодо республиканын түштүгүндө акыркы беш жылдын ичинде ачылып, иштеп жаткан алты кыргыз-түрк лицейлеринин салымынын чоң экендигин белгилеген. Лицейлерде окуп жаткан жаштар жалпы билим алуу менен бирге маалымат технологиясына байланышкан заманбап адистиктерди, ошондой эле англис жана түрк тилин окуп үйрөнүшөт.

Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарынан бери бардык тараптан алкоого алган Түрк жумуриятынын ишкерлери Кыргызстандагы саясий кырдаалдарга (2005-ж. 24-март, 2010-ж. апрель, июнь окуялары) карабай алгылыктуу жумуштарды үзгүлтүккө учураткан эмес. 1994-ж. негизделген “Себат” кыздар лицейи үчүн 2005-ж. 19-апрелде жаңы имараткурула баштаган [Алдакулов, 2005].Имараттын пайдубалын түптөө, таш коюу аземинин алдында мусулман салтына ылайык курмандык чалынган. Долбоордун жалпы өлчөмү 500 миң АКШ долларын түзүп, имараттын аянты 3200 чарчы м. түзөт. Эл аралык «Себат» билим берүү мекемесинин Президенти Орхан Инан, Түрк-Герман ишкерлер корунун өкүлү Наил Ад жана «Икбай» корунун Германиядагы башчысы Юсуф Дикбаштар кыргыз-түрк лицейлеринин эң башкы каржылоочулары катары бул аземге катышышкан. Бул долбоордун демөөрчүсүкатары Наил Адга көмөк көрсөтүүнүн максаты жөнүндө суроо берилгенде, ал: «Кыргызстан биз үчүн ата бабаларыбыз мекендеген кереметтүү жер, ошондуктан биздин кам көрүүчүлүк аракеттерибизди кыргыз эли жардам катары кабыл албашы керек. Жардамдашууну өзүбүздүн милдетибиз деп түшүнөбүз. Эгер Африкадагы мектептерге жардам кылганыбызда, анда башкача таасирленмекпиз» [Алдакулов, 2005] - деп жооп айткан.

Кыргыз-түрк лицейлеринен билим алган жаштардын деңгээли жалпы билим берүүчү мектептерге салыштырмалуу жогору экендигин белгилөө керек. Себеби, лицейди аяктаган окуучулар Кыргызстандагы, ошондой эле чет өлкөлөрдөгү алдыңкы жогорку окуу жайларынын студенттери болууга жетишип жатышат.

Түркиянын билим берүү тутуму, анын мамлекетке коомдук, социалдык, экономикалык жактан өр тартуусуна кошкон салымы, иш тажрыйбалары жөнүндө үйрөнүп келүү максатында Ош шаардык Кеңешинин депутаты А.Нурбаев ишкер жана чыгармачыл адамдардын тобу менен 2007-жылы ноябрь айында Түркияга иш сапары менен барып келген. Түркиянын билим берүү тутуму биздин коомчулукка али толук тааныш эмес менчик мектептердин өрнөктүү, демилгелүү иштеп жатышы менен айырмаланат. Менчик лицейлер «BASIAD» ишкерлер кору тарабынан каржыланат. Мындай лицейлердин бүтүрүүчүлөрү менен Түрк жумурияты сыймыктанышат. Себеби, бул лицейлерден окуган балдар жалпы окуу программасын мыкты өздөштүрүү

менен, кошумча бир нече чет тилдерди, компьютердик техниканы жана өздөрүнүн мүмкүнчүлүктөрүнө, кызыгууларына жараша кесиптик даярдыктан да өтүшөт. Лицейлердин бүтүрүүчүлөрүнүн көпчүлүгү дүйнөлүк атагы чыккан жогорку окуу жайларынан билим алышат [Жороева, 2007].

Түркиянын билим берүү тармагындагы дагы бир ийгиликтүү долбоору катары 2011-жылы 8-август күнү Ош шаарынын Ак-Тилек кичи районунда 850 окуучуга ылайыкташтырылган жаңы мектептин курулушун айтууга болот. Бул мектеп эң акыркы жаңы технологиясы менен курулган мектеп болуп саналат, себеби бир эле мектептин имараты эмес, аны жылытуучу тутуму натыйжалуу, башкача айтканда жылына 700 миң кВт/саатына энергияны үнөмдөйт да өзүн 8,8 жылда актайт.Энергияны сарптоо, жарык берүү, аба алмаштыруу, жылуулукту белгилүү бир абалда кармап туруу, иштетүү,булардын баары атайын башкаруучу жайынан көзөмөлдөнүп турат. Мектепте класс бөлмөлөрүнөн тышкары спортзал, конференц-зал, ашкана жана башка ыңгайлуу шарттары бар. Ысык суу ашкана, спорт залдын жуунучу жайына берилет. Ал күн батареясынын жардамы менен камсыздалып турат. Бул мектепти Түркиянын «Санбай Иншаат LTD» компаниясы курган [Ош шаардык мэриясынын Эл аралык байланыштарды,2011-ж.]. Бул мектеп Ош шаарындагы жаңы үлгүдө курулган имарат эле болбостон, облустун билим берүү тармагында окуу жараянын ыңгайлуу шарттарда уюштурууга чоң салымын кошууда. Оштуктар, айрыкчаата-энелер ыраазы. Жаңымектепте жогорку окуу жайын артыкчылык менен бүтүргөн бүтүрүүчүлөр, тажрыйбалуу мугалимдер, тагыраак айтканда атайын тандоонун негизинде тандалып алынган мыкты адистер билим беришет.

Учурда кыргыз-түрк мамилелери учурдагы жана келечектеартүрдүү чөйрөдө кызматташууну ичине камтыган 100дөн ашуун келишимдик-укуктук негизге ээ келишимдер жана протоколдор менен жөнгө салынып турат.Түркиянын өнөктөштүк байланышы Кыргызстандын улуттук кызыкчылыгына дал келет жана келечектүү өнөктөшүкатары эсептейт.

2011-жылы 26-апрелде Кыргызстан менен Түркиянын ортосунда түбөлүктүү кызматташтык Жогорку Кеңеши түзүлүп, биринчи отуруму өткөрүлгөн. Эки тараптуу кызматташтыктын өсүп-өркүндөшү эки өлкөнүн ортосундагы мамлекеттер, парламентер, өкмөттөр аралык байланыштардын улам күчөгөн мүнөздө болушу менен түшүндүрүлөт. Ошондой эле жогоруда белгилегендей облустар, провинциялар, шаарлар, жеке чарбалардын ортосундагы экономикалык, соода, маданий байланыштарын да кошууга болот.

Негизинен Кыргызстан менен Түркиянын ортосундагы экономикалык кызматташтык улам жогорулоодо. Кыргызстанга бөлүнгөн чет элдик инвестициялардын көлөмү боюнча экинчи орунда турат (450 млн. АКШ долл. жогору). Соода мамилелеринде түрк товарлары басымдуулук кылат. Кыргызстанда кичи жана орто ишкердикти өнүктүрүүгө ТИКА агенттиги чоң жардам берген. 1992-жылдан 2011-жылга чейин бул агенттиктин бөлгөн акча каражаты 29 млн. АКШ долл. түзөт. Ошондой эле 2010-жылы июнь окуясынын кесепеттерин жоюу иштерине 11 млн. АКШ долл. өлчөмүндө жардамын көрсөткөн.

Демек, Түркиянын билим берүүдөгү, экономикадагы, маанияттагы, саякат ишиндеги алгылыктуу иштери Кыргызстан үчүн үлгү боло алат. Соода-экономикалык, илимий-техникалык, маданий байланыштары, өнөктөштүк мамилелери эки тарапка бирдей өз пайдасын алып келүү менен, эки элди маданий да, руханий да жактан бириктирет.

Адабияттар

Алдакулов, Т. «Себат» камкордугун жаңы денгээлге көтөрдү [Текст]/ Т.Алдакулов// Заман, 22-апр., 2005-ж.

Бжезинский, З.,Выбор: мировое господство или глобальное лидерство[Текст]: монография/ З.Бжезинский. - М.:Международные отношения, 2005. С.287

Динамика добрых отношений[Текст] // Слово Кыргызстана, 4-мая, 2005

Жороева, Г., Ишкер жана чыгармачыл делегация Туркияда[Текст] /Г.Жороева // Ош жанырыгы,15-дек., 2007-ж.

Макиев, Ж., Мэр Стамбулга барып келди[Текст]/Ж. Макиев // Ош шамы,№ 44, 10-нояб., 2001-ж.

Макиев Ж., Мэр города Маниса побывал в Оше[Текст]/ Ж. Макиев // Ош шамы,№ 39, 25-май, 2002-ж.

Макиев Ж., Аккумуляторлор чыгарылат [Текст] /Ж. Макиев // Ош шамы, № 13.24-март, 2006-ж.

Матисаков Б., Германиянын бизнесмендери Ошто [Текст]/ Б.Матисаков // Ош шамы, № 40, 29-июнь, 2006-ж.

Ош шаардык мэриясынын Эл аралык байланыштарды өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу боюнча (мындан ары ОшЭАБӨИТ) комитетининучурдагы архивдик материалы. Турция, 1998-ж., 2003-ж, 2004-ж., 2005-ж., 2009-ж., 2011-ж.

Ошская делегация побывала в Манисе[Текст]// Ош шамы, №40, 20-сент., 2003-ж.

Түркия Республикасынын Амасья жана Кыргыз Республикасынын Ош шаарынын ортосундагы боордоштук байланыштарды түзүү жөнүндөгү макулдашуу. 6-декабрь, 2005-ж.: ЭАБӨИТ комитетинин учурдагы архивдик материалы.Турция. 2005-ж.

Материалы областного семинара-совещания по вопросам рыночной экономики, сентябрь 2005 г. Ош ОМА ТЭБКнин учурдагы архивдик материалы. Исходяшие документы за 2001-2005-гг. С.128, 201

ОшЭАБӨИТ комитетинин төрагасынын отчету, 2009-ж.

ОшМУнун эл аралык байланыш бөлүмүнүн учурдагы архивдик материалы, 2005-ж.

Омуров, М., Исаев,… Н. Кыргызстанга азыр инвестиция зарыл [Текст]:/М.Омуров, Н.Исаев… // Заман, № 48, 23-дек., 2005-ж.

Турция между Европой и Азией. Итоги европеизации на исходе XX в.[Текст]:/ Институт востоковедения РАН.- М., 2001. -С.128.

“BOZ-OK” KELİMESİNİN ANLAMI HAKKINDA

Anvarbek MOKEEV[*] -Taalay ABDİEV[**]

Bilindiği gibi Eski Türk boylarından Aşina Türklerinin dayandığı büyük boy birliği olan Oğuz boyları, iki kola bölünerek yerleşik yaşamışlardır. Yirmi dört Oğuz Boyu, “Boz-ok” ve “Üç-ok” diye iki koldan meydana gelen ikili etno-siyasi birliği kurmuşlardır. Coğrafi yönden bakıldığında ikili düzende “Boz-ok” teşekkülü sağ kanadı, “Üç-ok” teşekkülü ise sol kanadı vücuda getirmiştir. Günümüze kadar gelen tarihi kaynaklarda gösterildiği gibi “Boz-ok”lar, Oğuz Kağan’ın ilk hanımından olan üç oğlu Kün-Han, Ay-Han ve Yıldız-Han’ın soyundan; “Üç-ok”ların ise Oğuz Kağan’ın ikinci hanımından olan üç oğlu Kök-Han, Dağ-Han ve Deniz-Han’ın soyundan geldiği herkesçe bilinmektedir. Yazma eserlerde, özellikle Reşidüddin Fazlullah Hamedani'nin “Cami üt-Tevarih”inde ve Ebul Gazi Bahadır Han’ın “Şecere-i Türk”ünde, Oğuz Boylarının soyunun işte bu altı oğuldan geldiği geniş olarak anlatılmaktadır. (Bartold 1963:577; Eraslan 1986:6).

“Üç-ok” kelimesi, “üç oğlun soyundan gelen üç boy” anlamını vermekte ve biraz tartışma yaratmaktadır. Fakat anlamı net olmayan “Boz-ok” kelimesi, birçok tartışmayı beraberinde getirmektedir. “Boz-ok” ve “Üç-ok” adlarının en eski anlamları Reşidüddin Fazlullah Hamedani'nin *Cami üt-Tevarih* adlı eserinde verilmiştir. Reşidüddin kendi eserinde “Boz-ok” adına “kırık ok”, “Üç-ok” adına ise “üç ok” demiştir (Bartold 1963:577,578). Elbette bu anlamların, Moğol devrine kadar gelen Türkologların şecerelerindeki esas anlamı unutulmuş adlandırmaların halk etimolojisi yöntemi ile açıklandığı fark edilmektedir. Ne yazık ki günümüze kadarki bilimsel kaynaklarda “Boz-ok” adlandırmasının anlamı işte bu Reşidüddin’in halk etimolojisinde verdiği tahminî açıklaması vasıtasıyla çözümlenmiştir.

Kırgızca ve Türkçede bu adlandırmaların etimolojisine katkı sağlamış bazı malzemeler vardır. Çünkü -tarih biliminde de açığa kavuşturulduğu gibi- Kırgız halkının teşekkülünde bir hayli Oğuz kökenli boyların rol aldığı fark edilmektedir. Örnek verecek olursak Munduz, Noygut, Avat, Kayduulat, Cediger, Teyit gibi birçok Kırgız boyunun kökeni hakkında Oğuz boylarına dayandığı açıklığa kavuştu (Mokeev 2010). Ayrıca Manas Destanında, boy düzeninde on iki boyu bir araya getirerek, Oğuzların sağ kolunu teşkil eden “Boz-ok”lara, Kırgızların“Bozek” adındaki bir boyu olarak bakıldığı çok ilgi çekicidir. Bundan dolayı “Boz-ok” adının bilimsel etimolojisini açıklığa kavuşturmak için çağdaş ve eski Kırgızcanın tarihî leksikolojisinin imkânlarından yararlanmayı doğru bulduk.

Eğer “Üç-ok” adının ilk kısmını sayı sıfatı olarak kabul edecek olursak, o zaman “Boz-ok” adının ilk kısmını da sayı sıfatı olarak çözümlemek gerekir. Diğer Türk dillerindeki gibi (ESTYA 1978:172) günümüz Kırgızca ve Türkçe sözlüklerinde “boz” kelimesinin anlamları temelde renk ile ilgilidir. Konstantin Kuzmiç Yudahin’in hazırlamış olduğu Kırgızca-Rusça Sözlükte “boz” kelimesinin anlamları aşağıda verilmiştir:

1- parlak gri, kül gri, açık yeşil; kır rengi;

2- esmer;

3- sis, hafif sisli hava;

4- kuru bozkırda yetişen susuz bitki örtüsü (Yudahin 1965: 138).

Bu kelimenin Türkçedeki anlamı da bunlara benzemektedir:

1- toprak rengi, kül rengi; boz kahverengi;

2- tarıma açılmamış toprak, ham toprak (TRS 1994: 129).

Kırgızcada “boz” kelimesinin kullanıldığı bazı deyimler vardır fakat bu deyimlerde kullanılan “boz” kelimesinin anlamları yukarıda gösterilen anlamlarla o kadar da çok uyuşmamaktadır: “boz bala” - genç delikanlı; “boz baldar” veya “boz baş baldar” – yeşil gençlik (Юдахин 1965:138);“boz ulan” – evlenmemiş genç delikanlı; “boz baş” – henüz yetişmemiş, tecrübesiz, her şeyi henüz idrak edemeyen genç, toy (KTFS 2001: 111).

Bu kelimeye benzer anlamlar, Türk Dillerinin bazı lehçelerinde korunmuştur: “boz” – okumamış, henüz olgunlaşmamış, tecrübesiz adam (DS 1993: 748). Türk Dillerinin Oğuz grubuna giren Azericede bu kelimenin yukarıdaki anlamlarına benzer “arsız” anlamı da vardır (ESTYA 1978: 172).

Yukarıda gösterilen kelime gruplarının bazıları günümüzde Kırgızcada “boy” kelimesi ile birlikte kullanılmaktadır: “boy cigit” – bekâr delikanlı (Yudahin 1965: 139). Bu sözlükte “boy” kelimesinin aşağıdaki gibi anlamları vardır:

1- büyümek; oğlun kötü olsa da boyu uzun olsun.

2- endam, gövde;

3- uzunluk süreci boyu;

4- tek; yalnız; evli olmayan, bekâr; Kısırlaştırılmış, iğdiş edilmiş; “boy keldim” yalnız geldim (ailesiz);(Yudahin 1965:139).

Edhyam Rahimoviç Tenişev’in, Kırgızcanın tarihine ithaf edilmiş eserlerinde (Tenişev 1989; Tenişev 1997) eski Kırgızcadaki “z” sesinin, Ortaçağda ve günümüz Kırgızcasında “y” sesine döndüğünü dil malzemelerinin temelinde ispat edilmiş ve günümüz Kırgızcasındaki bazı kalıntı şekilleri bu duruma delil olarak verilmiştir. Verilen örneklerin arasında yukarıda bahsedilen “boz cigit > boy cigit” de vardır (Tenişev 1989: 15; Tenişev 1997: 26). Bunu hesaba kattığımızda yukarıda verilen anlamsal bağ anlaşılır olmaktadır. Bazı atasözlerindeki bu bağlardan çıkan bazı türemiş kelimelerin ortak anlamı sakladığı da fark edilmektedir:

“Bozdukta pende ölbösün, boz topurak kömbösün.” - Yalnızlıkta kul ölmesin, boz toprakla gömülmesin.

[*] Prof. Dr., Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Edebiyat Fakültesi, Tarih Bölümü, Bişkek, Kırgızistan.
[**] Doç. Dr., Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi, Edebiyat Fakültesi, Türkoloji Bölümü, Bişkek, Kırgızistan.

"Boylukta baylık cok" - Bekârlıkta zenginlik yoktur. (KM 2005: 140-141)

"Jaşçılık – bozçuluktun tübü." - Gençlik bekârlığın temelidir. (Yudahin 1965: 139).

Türkçede "boy" kelimesi, Kırgızcadaki gibi "yalnız" anlamında kullanılmamaktadır. Fakat Türkçenin ağızlarıyla ilgili malzemeleri içinde barındıran Derleme Sözlüğü'nde "boydak, (boydah, boycak)" kelimeleri var olup, anlamları aşağıda gibi gösterilmiştir:

1- yükü olmayan yaya;
2- bekâr, yalnız, serbest;
3- çocuksuz kadın;
4- başıboş, işsiz;
5- kötü kadın; (DS 1993: 745-746)

Kırgızcada "boydok" kelimesi ile aynı anlamda "bozdok" kelimesi de kullanılmaktadır: "bozdok" – evlenmemiş genç, delikanlı (KTS 2010:239). Bunu "boydok" kelimesinin önceki şekli diyerek düşünebiliriz: "bozdok" > "boydok".

Yukarıdaki dil malzemelerinden dolayı modern Kırgızcadaki "boy" kelimesinin diğer anlamlarına o kadar uyuşmayan dördüncü "calgız (yalnız)" adlı anlamı önce "boz" adlı kelimeyle ilişkili olmuştur diye tahmini bir fikir yürütebiliriz. Aynı şekilde bu kelime, "calgız (yalnız)" anlamında Oğuz grubuna giren lehçelerde kullanılmıştır. Eğer bu duruma dayanacak olursak, "Boz-ok" kelimesi "yalnız ok" veya "bir ok" anlamlarını bildirmektedir diyebiliriz.

Bu yöntemi doğru bulduğumuzda o zaman yirmi dört eski Oğuz boyunun ikili idari-askeri ve etno-siyasi teşekkülünün, yapısının adı olan "Boz-ok" ile "Üç-ok" kelimelerinin sayı sıfatından geldiklerini söyleyebiliriz. Aynı duruma benzer birçok eski Türk boylarının adlarının (Üç Kurıkan, Sekiz Nayman, Dokuz Oğuz, On Uygur, Otuz Tatar vb.) dahi sayı sıfatı bildirmesi boş yere olmasa gerek. Bundan dolayı "Boz-ok" kelimesinin Reşidüddin Fazlullah Hamedani'nin verdiği etimolojiden vazgeçmenin zamanının geldiğini söyleyebiliriz.

Kaynaklar

DS 1993 – *Derleme Sözlüğü* II. Ankara 1993.

Eraslan 1986 – Eraslan, Kemal,"Boz-Ok ve Üç-Ok Oğuz Kolu Adları Hakkında",*Türk Dili Araştırmaları Yıllığı Belleten*, 1986, Ankara, 1988.

ESTYA 1978 – Sevortyan E.V., *Etimologiçeskiy slovar tyurkskih yazıkov*, Moskova 1978.

KM 2005 – *Kırgız makal-ılakap, uçkul sözdörü*, Jıynagan Muhamed İbragimov. Kara-Balta 2005.

KTFS 2001: 111 – *Kırgız tilinin frazeologiyalık sözdügü*, Bişkek 2001.

KTS 2010: 239 – *Kırgız tilinin sözdügü*. Bişkek 2010.

Tenişev 1989 – Tenişev E.R., "K voprosu o proishocdenii kirgizov i ih yazıka",*Sovetskaya tyurkologiya*, № 4, Bakü 1989, 3-17-b.

Tenişev 1997 – Tenişev E.R., *Drevnekırgızskiy yazık,* Bişkek 1997.

TRS 1994 – *Turetsko-russkiy slovar*, İstanbul 1994.

Yudahin 1965 - Yudahin K.K., *Kirgizsko-russkiy slovar*, Moskova 1965.

ТҮРК ЭПОСТОРУНДАГЫ МАМЛЕКЕТ ЖЕТЕКЧИСИНИН ФУНКЦИЯСЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИНИН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ (“МАНАС” ЭПОСУНУН НЕГИЗИНДЕ)

Жылдыз АБДИЕВА•

Адилет улук Манастын,
Жан дүйнөсү касиет.
Арбагы тирүү саналып,
Кандыгын үлгү алалык,
Каадасын сактап калалык
(“Көк Асаба”, 2010ж).

“Манас” эпосу өзүнүн поэтикалык саптарында кыргыз элинин тарыхы жана маданияты жөнүндөгү маалыматтарын мезгилдин жана мейкиндиктин кенен диапазонунда кучагына камтып турат. Эпостун көркөм саптарында байыркы кыргыздардын көптөгөн тарыхый окуялары чагылдырылып, элдин тарыхый жолу баяндалат. Эпостун калыптануу процесси болжол менен гунн мезгилинен (б.з.ч. IIIк.) башталып, XX кылымдын башына чейин созулат. Бир гана нерсе, эпостогу берилген тарыхый-этнографиялык маалыматтардын ар доорлордун катмарларынатиешелүү экендигин ажырата билиш керек. “Манас” эпосу бир гана тарыхый – поэтикалык чыгарма болбостон, ал кыргыз эли табынып сыйынган, мамлекеттин өбөлгөлөрүн, улуттук биримдикти, өз элине берилген сүйүүнү жана адамдык айкөлдүктүн, гумандуулуктун, толерантттуулуктун идеяларын алып жүргөн булак катары кызмат кылат. Бабаларабыз бизге мурас кылып калтырган Кыргызстандын эң кооз жери менен бир катарга мамлекет-түүлүк идеясы сыяктуу улуу дөөлөтү азыр биз баарыбыз жашап жаткан көз каранды эмес мамлекетти куруууга өбөлгө түздү. Өз учурунда Ч.Валихановдун: “Манас” эпосун «…кыргыздардын бардык мифтеринин, жөө жомокторунун, уламыштарынын бир учурларга келтирилген…энциклопедиялык жыйнагы деп[1], академик В.В.Радловдун эпосту: «…элдин бардык турмушунун жана бардык умтулууларынын чагылышы»[2] - деп баса белгилеши эле, “Манас” эпосу - элибиздин, улуттук сыймыгы экенин, дүйнөлүк көркөм маданияттын казынасында баа жеткис баалуу байлык экенин айгинелейт.

Манас жашаган кыргыз коому жөнүндө сөз кыла турган болсок, алар уруу-уруу болуп жашашкан. Уруучулук деген бул кишилердин жамаатташ эмгектениши, жалпы кызыкчылыктарын чогуу коргошу, бир тил, бирдей каада-салт, менталитет менен байланышкан кишилердин алыс же жакын кандаш тууганчылык бирикмеси[3]. Кыргыз эли башка калктар менен коңшу жашашып, алардын тилин түшүнүшкөн, үрп-адаттарында, каада - салттарында жана жашоо турмуштарында да окшоштуктар көп болгон. Мындай окшоштуктар аздыр-көптүр социалдык-экономикалык, маданий-руханий жана жашоо образдардын алака катыштарынан түзүлгөн деп айтууга болот. Бул жагдай коңшулаш уруулардын ортосундагы кандайдыр бир деңгээлде бири-бирине көз карандылыкты жана маданий, социалдык-саясий байланыштарды туюнткан. Ошондой болсо да ар бир уруунун табигый чөйрөдөгү социалдык-экономикалык тиричилик өзгөчөлүктөрү - жашоо, ой жүгүртүү образдарын, менталитетин аныктайт[4].

Байыртадан тартып, орто кылымда да кыргыздардын коомдук турмуштагы идеалы белгилүү бир инсандын тегерегине биригүү болгон. Анткени, ошол мезгилде ата-бабаларыбыз чет душмандардан коргой ала турган атуулга муктаж болгон. «Манас» эпосунда адамзат турмушунун проблемалары, өлкөлөрдүн, этностордун жана адамдардын өз ара мамилелери жана коомчулугу, болуп жаткан учур менен келечеги жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүндө элди, жерди коргоо эң башкы милдеттерден болгон. Эпосто сүрөттөлгөн баатырдык доор, ар бир коомдук түзүлүш сыңары, өзүнө башчылык кылуучу, өз заманынын талаптарына жооп берүүчү жетекчиге жеткиси келген. Эпостун заманында жол башчылык жана кол башчылык ролдор өзү алптай күчтүү, элге бүт өмүрүн багыштаган өлчөөсүз баатырдын мойнуна жүктөлгөн.

Кыргыз эли өз башчысынан эр жүрөктүүлүктү, акылдуулукту, билимдүүлүктү, айкөлдүктү, гумандуулукту, толеранттулукту көргүсү келген. Бул аталган адам баласына тиешелүү сапаттардын баары Манас баатырда болгонун эпостун мазмунундагы окуялар бекемдеп турат.

Баатырдык доордо эл башчысында*эр жүрөктүүлүк, баатырдык,* күчтүүлүк сапаттардын болушу анын жетекчилик ишиндеги эң негизги функцияларынын бири болгон. Анткени ошол баатырдык доордо эл башчысы эр жүрөктүүлүк, баатырдыкменен гана элин душмандан коргой алат.Эл үчүн кандын эр жүрөк болгону аска – зоодой тирөөч болот. Эпикалык каарман Манастын эр жүрөктүүлүгү, тайманбастыгы Алтай жеринде көрсөткөн эрдик иштери аркылуу чагылдырылат. Акбалта менен Жакып Жолойдун зордугуна чыдабай, кыздарды, малдарды тартууга берип, аман-соо калалык дешкенде Манас душмангабагынгандан көрө согушууну, керек болсо өлүүнү артык көрөт:

Өлбөй тирүү жүргөндө
Не мураска жетейин,
Кырк үйлүү кыргыз журт үчүн

•Талас мамлекеттик университетинин ага окутуучусу, изденүүчү.
[1] Валиханов Ч. Избранные произведения. – Алма-Ата, 1958.-С.112.
[2] Абрамзон С.М. Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.Б.,1999.-С. 276.
[3] Бейшембиева А.Р. Менталитет кыргызского народа в условиях модернизации.Автореф.канд.философ наук-Б.: 2003-С.20.
[4] Алтымышбаев А.А. Очерк истории общественно-политической и филолсофской мысли в дореволюционной Киргизии.–Фрунзе. “Илим”, 1985.-С.65.

Курман болуп кетейин[5], - деген эпизоддо Манас элинин намысы, эркиндиги үчүн өзүн курмандыкка чалууга даяр экендиги баяндалат.

Ар бир тарыхта ыраттуу баалуулуктарын сактаган социомаданий мейкиндикте эркиндик, көз карандысыздык, мамлекеттүүлүк, биримдик үчүн күрөш элди жаңы мазмундуу турмушка, жаркыраган келечекке умтултат. Бул идея «Манас» эпосунда, анын мазмунунда баштан аяк тепчип өтөт. Ч.Айтматовдаана белгилегендей, «Байыркы доордо, дүйнөлүк маданияттын кербен жолунан алыста, обочодо, айрыкча тарыхый шарттар менен, өзүнчө бир аймак менен чектелген кырдаалда жаралган бул эпос бизге эмнеси менен баалуу дегенде, эпостун эң негизги идеясы, анын бүткүл «кан тамырын» аралап өткөн идея – бул эркиндик идеясы, көз каранды эместиктин идеясы. Жер, Ата-журт, Мекен жөнүндөгү асыл, бийик сезимдер да дал ушул идея менен бекем байланышкан»[6].

Кыргыз элинин көчмөндүү жашоосунун мазмунунан өзөк алган, салттуулукту ыраттуу уланткан Манастын атуулдук эң маанилүү сапаттары – өзүнүн тууган жерин коргоодо көрсөткөн эр жүрөктүүлүгү, ошондой эле жоокердик парзы жана ар-намысы, Манасты эл башчысы катары айырмалап турат[7]:

Атамдан калган жер үчүн
Аттанганы турамын
Намысты кыргыз санайбы
Алдырып коюп кытайга
Аңкайып кантип турамын,
Энеден не үчүн тубамын,
Эрлердин жолун кубамын,
Атамдан калган Нааманды,
Алты айга койбой албасам,
Айрып жерим албасам,
Атадан туубай калбасам[8]

Манастын каармандыгы нукура баатырдыгы, жекече эрдиги, майышпас кайраттуулугу анын Эсенкан жиберген калмак-кытай колу менен согуштарында ачык көрүнөт. Анын:

Тегерегин карабай,
Тегин жанын аябай,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Күрдөөлдүү башым барында
Күлүгүм кантип берейин,
Күчөгөн экен бул калмак,
Мен бир күлжүктөшүп көрөйүн[9] -деп Манастын кайраттанып турушу өз калкынын чыныгы патриоту, жеке керт башынын эмес, жалпы кыргыз элинин эркиндигин коргоого бел байлап чыккандыгы, ал үчүн өмүрүн да кыюуга даяр экендигин айгинеленип турат.

Байыртадан калкты *акылдуу* жана *билимдүү* башчы башкара алат деген идея жашап келет. Анткени акыл бардык ийгиликтин башаты, бардык жакшылык акыл аркылуу келет.Эл башчысы бийликти жана мыйзамды билим менен жөнгө салат, акыл менен башкарат. “Манастын” атуулдук акылы - бул көчмөндүү түрк элдеринин, кыргыздардын жашоосу, турмушу менен детерминацияланган практикалык (турмуштук) акыл, башкача айтканда, акыл-эстүүлүк менен адамдарды жакшылыкка, келечекке багыттаган иш-аракет жөндөмү, социомаданий мейкиндиктердин тутумундагы ой дүйнөсү, дүйнөтааным ченеми”[10]. Манастагы башкаруучулугундагы негизги сапат – жогоруда белгилегендей, темирдей бекем эрк, тайманбастык, чечкиндүүлүк, эр жүрөктүүлүгү. Ал өзүнүн оюндагысын дайыма эле жарыяга сала бербей, өз чечими бышып жетилгенге чейин сактай билет. Анын тобокелдиги өзүнүн практикалык, күнүмдүк, номаттык ой жүгүртүүсүнө негизделген. Манастын чечкиндүүлүгүндө башкы роль акыл ишине жана эрк күчүнө таандык. Атуулдук эрктүүлүктү, социалдык акыл-эсти, эл-жери үчүн жоопкерчиликти өзүнө камтыган Манастын патриоттук сезимдеринин ойгонушуна бөтөн жерде өткөн татаал турмуш, коомдогу карама-каршылыктардан өзөк алган жашоо менен катар ага алгач тарбия таалим берген акылман Акбалтанын ага эли-жерин туюнткан санжыргалуу накыл сөздөрү күчтүү таасир берет, сезимин курчутат, чечкиндүүлүгүн, жоодон кайра тартпаган тайбастыгын өркүндөтөт. Уюткулуу накыл кептерди, элдик мурастарды Манас Кошойдон, Бакайдан башка дагы көптөгөн кутман карыялардан да угат. Манас чачылган, азган жана тозгон элин ата-журтуна кайра ээ кылган акылмандыкты жана башка баалуу сапаттарды өзүнө сиңирген инсан. Калк үчүн мындан артык жыргал, эл башчысына мындан ашкан сыймык, нарктуулук болбосу белгилүү. Элдин акылмандыгынан жаралган «Туулган жердин топурагы алтын», «Ата журттун асылдыгы» деген ыйык сезим эл башчысы Манаста негизги орунду ээлейт. Мисалы анда «Мекен» деген түшүнүк жалпы эле кыргыз жери, Талас, Ала-Тоо аркылуу берилет да, Манастын ысымы жалпы эл-жерди сүйө, барктай билүүнүн символу катары эсептелет. Манас баатыр:

---

[5]Манас энциклопедиясы. Патриоттуулук. 2-том, 151-б.
[6] Акмолдоева Ш.Б. «Манас» ааламы. – Б.: 2003. 129-б.
[7] Садыков Б. «Манас» кыргыз элинин баатырдык эпосу // «Манас» эпосунун айрым маселелери. – Б.: 1995. -152-б.
[8] Манас. Эпос. С.Орозбаков. 2-китеп. 151-бет.
[9] Манас. С.Орозбаков. 4-китеп. 351-бет.
[10]Кудабаева Г.Б. “Манас” эпосундагы кармандардын инсандык сапаттары. Бишкек,2006,63 бет.

«Үзүлгөндү улаган,
Чачылганды жыйнаган,
Өчкөн отту күйгүзгөн,
Өлгөн жанды тиргизген», элинин келечегин, тагдырын ойлогон хан болуп, көчмөн кыргыз калкы үчүн көп улуу иштерди жасайт. Жогоруда айтылгандай эл башчысында болуучу бардык баалуу сапаттардын Манаста болушу ага калайык калк тарабынанишеним берилип: «өйдө бассак Манасты өбөк кылып алалы, ылдый түшсөк Манасты жөлөк кылып алалы», - деп бүткүл үмүт тилегин, мүдөөлөрүн, максаттарын биримдикте бейкут жашоолорун анын ысымы менен тыгыз байланыштырышат.

“Эл менен сен бийиксиң, элден чыксаң кийиксиң”-деп Арстанбек акын айткандай, адамдын бийиктигин эл гана баалайт. Эл-өлкөдө,аймакта,айылдажашаганкөпчүлүк,калкмаанисиндеайтылып жүрөт. Энесай доорундагы кыргыздар мамлекетти «эл» термини менен аташкан. Профессор В.Я.Бутанаев эл сөзүнө төмөндөгүдөй аныктама берет: 1. Мамлекетти башкарган ханга жана аны бийлеген бектерге тектик жалпылыгы бар калк. 2. Элитардык топ башкарганмамлекетжеуруусоюзу. Байыркы түрк доорундагы көп сөздөр “Манас” эпосунун текстинде сакталып келген. Мындай терминдерге эл, уруу, бек, кан, чоро, кул, күң ж.б. белгилөөгө болот. “Эл” деген термин байыркы мааниси сыяктуу эле эпосто бир нече мааниде (уруу, уруулар союзу, эл, мамлекет) колдонулат. Эпостун саптарына кайрылсак: “Ээрчишип экөө калыптыр, элге кирип барыптыр” - деп, уруу башчысынын ысымы аркылуу “Төштүктүн эли”, “Үрбүнүн эли”, же ”кыпчактын эли”, “нойгуттун эли”,”ногойдун ”элидеп уруунун аты менен аталган учурлар кездешет” -деп жазат Э.Абдылдаев “Манас” эпосунун историзми” аттуу илимий эмгегинде.[11]

Манас доорундагы кыргыз коому биздин заманга чейинки I миң жылдыктын экинчи жарымынан биздин замадын X кылымына чейинки кыргыз элинин жашап өткөн тарыхый окуяларына байланыштырылат. Бул мезгил дүйнөлөк тарых илиминин доорлорго бөлүштүрүү тили менен айтканда алгачкы коомдошуудан цивилизацияга башкача айтканда уруулар жана тайпалар “эл”деп аталуучу баскычка көтөрүлүп, ал эми алар жашаган коомдо мамлекеттүүлүктүн белгилери, башкача айтканда аймактык жана чарбалык бүтүндүк, экономикалык, тилдик жана идеологиялык жалпылык, социалдык жиктелүү, коомду уюштуруу жана башкаруу органдары жарала жана калыптана баштаган доор болгон деп билдирет тарыхчы окумуштуулар. Манас доорундагы кыргыз коомунун жана мамлекетинин негизги белгилери:

- Уруулардын жамааташ жашоосу жана “эл” жалпылыгы.
- “Баары бирөө үчүн, бирөө баары үчүн” болгон саясий жалпылык.
- Уруулардын, элдердин конфедеративдик биримдиги же чөлкөмдүк жалпылыгы.
- Мамлекеттик уюштуруу жана башкаруу органдары, куралдуу күчтөр (кошуун,кырк чоро, түмөндөр). Аскердик демократия.
- Чарбалык жалпылык элдин жыргалчылыгын камсыз кылуунун шарты
- Элдин социалдык жиктелиши жана реалдуу турмушу
- Руханий идеологиялык жалпылык[12], - деп билдиришет философ окумуштууТ.Тургуналив жана тарыхчы илимпоз Т. Кенесариев

Бир эл, бир мамлекет болуп калуу өзүнөн - өзү келген эмес. Белгилүү тарыхый шартта, алысты ойлогон, саясый эрки күчтүү башкаруучулардын бийликке келиши урууларды жалпы максатка баш коштурууга жардам берген. Алардын бийликке келиши гана бытыранды чачкын урууларды баш коштуруп, бириккен урууларпайда болуп, мамлекет түзүлгөн доор болгон. “Манас” эпопеясындагы негизги идея, кандай кырдаалда болбосун, мамлекет түзүлүшү чоңбу же кичинеби, көп түрдүү элдин курамыбы же бир түрдүү элби, дайыма көсөм журт башчылар элдин, жердин бүтүндүгү жөнүндө ойлонгон жана кам көргөн. Эпостогу баяндалгандай: “Курама жыйып журт кылдым, кулаалы таптап куш кылдым” – деп айтылат. Эпосто “эл” деген терминге паралеллель жогорку сапта байкагандай, “журт” деген сөз колдонулат. “Журт” деген термин орхон-енисей жазма эстеликтеринде “дом, владение, место жительства, земля, страна”[13] - деген мааниде учурайт. Демек бул термин өзүнүн маанисин белгилүү деңгээлде өзгөртүп “өлкө”, ”жер” дегентүшүнүктөр ошол жерде жашаган эл деген түшүнүккө алмашылгандыгы көрүнөт”[14] –деп жазат Э.Абдылдаев.

Байыркы түрк эли өз башчыларына тийиштүү билимдүүлүк, акылдуулук, эр жүрөктүүлүк сапаттарынын ичинен *айкөлдүктү* да жогору орунга коюшкан. Эл башчысы айкөл жана жоомарт болсо, атагы ааламга тарап, дөөлөтү артат. Эл башчысы айкөл болсо айланасына көп аскер топтолот, көп аскердин жардамы менен каалаган максатына жете алат. Айкөлдүк менен бирге канга тиешелүү негизги сапаттардын бири ток пейилдик. Жусуп Баласагындын: “Ач көз болбо, ач көз адамдан дүйнөнүн бардык ырыскысы качат. Ач көздүк дарысы жок дарт. Дүйнөнүн бардык байлыгы аны дарылай албайт”, -деген сөздөрү ток пейилдиктинмаанисин ачып берет[15].Манас баатырдын туруктуу маңыздуу касиеттердин ичинен Манастын айкөлдүгүн баса белгилөөгө болот[16]. Мисалга алып карасак, анын жеңилген душмандарга кечирим берип, айкөлдүк кылуусу андагы нравалык мотивдердин,

---

[11]Абдылдаев Э. “Манас” эпосунун историзми.Фрунзе.,1987.131-бет.

[12] КененсариевТ.,Т.Тургуналиев. Баатырдык доор жана “Манастын тарыхыйлыгы” деген макаласында. Төмөнкү китепте: Манастаануу. 2013. 206 бет.

[13]Древнетюркский словарь. Ленинград, 1969, 282 стр.

[14] Абдылдаев Э.”Манас” эпосунун историзми. Фрунзе,1987.131-бет.

[15] Решат Генч. Караханид мамлекетинин бийлик түзүлүшү. Бишкек,2004,68 бет.

[16] Кулманбетова А.С. Нравстенно-эпическое осмысление основных заповедей Манаса в творчестве акынов-заманистов // Материалы республиканской научно-практической конференции в КГУСТА. – Б.:1999. –С. 144.

гумандуулук, кайрымдуулук, адилеттүүлүк белгилеринин жаштайынан өнүккөнү байкалат. Бала Манастын жеңилген соодагерлерге кечирим кылып, жанын сактап, алтын-күмүш, дүр-дүйнөнү элге таратып бөлүп бериши айкөлдүктүн белгиси. Айкөлдүк – бул жакшылыктын көрүнүшү, атуулдагы бийик адамгерчиликтин бир бутагы.

Манас эпостогу мифоэпикалык жактан белгилүү деңгээлде идеалдаштырылган айкөл адам катары кайсы кырдаалда болсо да анын жашоосу тагдырына байланыштуу.

Мисалы, Манастын уруулар бирикмесинде кан шайлануусунун эволюциясын карасак, биринчижолу салбырынга чыккан 84 жолдошу тарабынан кан болуп көтөрүлүшү, экинчи жолу Алтай жеринде кан шайланышы, үчүнчү жолу уруулар бирикмесинде кан шайланышында анын төрөлүк кылган гумандуулугу, айкөлдүгү азыркы тил менен айтканда демократиялык принциптерди кабылдап турган жетекчи экенин эпостогу саптардан байкайбыз. Манас:

“Казак, кыргыз бир тууган,
Кан болуучу жан болсо,
Бирөө чыксын бел бууган.
Талаада бир ат сойдум деп,
Кан көтөрүп койдуң деп,
Өз напсиме тартпайын.
Тоодой токонаалатты,
Өз мойнума артпайын.
Калмагың бар Маңгул бар,
Казагың бар,Кыргыз бар,
Каңгай менен тыргоот бар.
Бел байлаган болсун деп,
Мени боштом койсун”-деп айтат. Бул Манастын кан болууну каалабагандыктан айткан кеби эмес. Анткени жыйында көп элдин өкүлдөрү олтурган, аларды сыйлоо менен алардын каалоосуна жараша иш кылуу болгон.

Манас хандыкка күч менен же атадан калган мурас катары эмес, элинин алдында сиңирген зор эмгеги, калктын мүдөөсүн орундатып, колдоосуна ээ болгондугу менен жетише алган.Анын хандык статусу дээрлик бүт өмүрү ат үстүндө өтүп, каны-жанын элдин кызыкчылыгына багыттаган, анын эрдиги, көз каранды эместиги, биримдиги үчүн күрөшкө башын сайып, бөтөнчө каармандык, баатырдык сапаттары менен айырмаланган чыныгы патриот инсандыгы менен шайкеш келип турат. Мындай жетекчини эл, өз заманынын тилин колдонуп, “кан”, “төрө”, “баатыр" жана “койкашка сыяктуу”[17] сыяктуу терминдер менен атаган.

“Манас, койкашка баатыр эле эмес, ал таланттуу саясий ишмер, акылман жетекчи, дипломат, эл үчүн башын сайган улук каган болгон”[18]- деп жазат Ж.Орозобекова “Манас” эпопеясынын түзүлүшү” аттуу макаласында. Бул макаладан, Манас баатырдын жетекчилик ишиндеги функциясына жана аткаруучу милдеттүү иштерине берилген баа катары кабылдасак болот. Ангдан ары “кашка” сөзүнө көңүл бурсак, түрк автору Сейфинин чыгармасында “кыргыздардын каны жок, бектери гана бар, аларды кашка” деп айтышат. “Кашка” калмактарда жыш кездешүүчү титул деген маалымат бар. Бул жагдай “Манастын” В.Радлов жазып алган вариантынан даайкын көрүнүп турат: “Койкашка” термини, мамлекет жетекчиси деген маанини түшүндүрөт. Кашка – уруу башкаруучусу же уруудан жоокерлердин арасынан чыккан мыкты жетекчи, билгич адам дегенди билдирет. “Кашка” калмактарда жыш кездешүүчү титул деген маалымат бар. Бул жагдай “Манастын” В.Радлов жазып алган вариантынанайкын көрүнүп турат: “Калакай кашка дегеним, Каның барбы дегеним” Ошону менен катар кашка XVIII- кылымда Энесайлык кыргыздарда (хакастарда-титул катары) кездешет. Орус жазма булактарында алардын бектерин кашкадеп айтышкандары белгилүү. Маселен, Барчык Магнай кашка, Алтын кашка, Матыр Магнай кашка, Курбан кашка, Айкан Юрукту кашка деп, Н.Н.Козьминдин “Хакастар”, - деген эмгегинде айтылат. Кашка кыргыздарда, хакастарда, “Манас” эпосунда титул, жетекчи маанисинде колдонулушу кыргыз жана хакас элдеринин түпкү тамырлары бир экендигин далилдейт[19]. “Маджму ат-таварихте” кашка сөзү кездешет, кыргыздарга байланыштуу окуялар Сейид Мир Жалил менен байланышта баяндалат. Мир Жалилдин кыргыздардын уруу башчыларына конокко баргандыгы туурасындагы баянда мындай деп жазылат: ”Болжогон жерге жеткенде Жети Кашка,Ур бахадур, жана Даулат-Йарлар тосуп чыгышып, түн киргенче чын көңүлдөрүнөн конок кылышты”[20] тарыхый булакта. Ал эми Саякбай Каралаевдын вариантында“Манас” эпосунда кашка мындайча баяндалат:

Ат семирип ык болду,
Ааламды бузган көйкашка
Чогулушуп кырк болду[21].

Эл, журт башчысынын эң негизги милдеттери – *элге бакубат турмуш куруусу, тартипти жана адилеттүүлүктү сактоосу, элдин ички жана тышкы коопсуздугун сактоосу, аскер күчтөрүн түзүү жана биримдикти сактап, кызматташтыкты түзүүсү.*

Элге бакубат турмуш куруу Манастын өзү жана элдин өмүр сүрүшү жөнүндө сөз болгондо алардын материалдык жетишкендиктери эпосто сүрөттөлөт. Көчмөндүү турмуштун контекстиндеги «Малдуу киши хан бо-

[17] ЮнусалиевБ. «Манас» эпосуна жазылган кириш сөз.// “Манас”кыргыз элинин баатырдык эпосу. Фрунзе,1958.
[18] ОрозобековаЖ. Манас” эпопоеясынын түзүлүшү. //Манастаануу. Бишкек,2013.-66-бет.
[19] Манас энциклопедиясы.1-т, Бишкек,1995,440 бет.
[20] Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары, Которгон М.Кожобеков,Т.Абдиев-Б.: 370-бет.
[21] Саякбай Каралаевдын варианты,Манас.Бишкек,1998.237-б.

лот», «Адамдын күчү мал болот» деген саптар бул ойду ырастан тургандай[22]. Бирок,байлык эпосто таасын чагылдырылгандай, байлыктын баалуулугу мал менен эле чектелбестен, малды багуу үчүн чоң эмгек керек экендигин белгилейт. Жакып кан баласын эмгектеги асыл-нарктуулукту сезе билүүгө тарбиялайт. Көчмөндүү калктардын жашоо маңызында эмгектин ролу чоң экендигин тарыхтын логикасы көрсөтүп турат. Ошондуктан эмгектин баалуулугу «Манас» эпосунда негизги идея катары берилген. Адамдардын аң-сезимдүү максатка ылайык иши, аракети, жумушу, дегеле эмгектенүүнүн жигердүүлүгү алардын негизги сапаттарынын катарына кирет. Эпосто ак калпак элибиздин бейкутчулукта жашаган турмушундагы кен эритип,устачылык кылып, төрт түлүк малды багып, аны аман асырап, жерди иштетип дыйканчылык менен аракеттенүү процесстери кеңири, ары таамай, таасын чагылдырылган. Эпосто берилген түрдүү эпикалык маалыматтар буга айкын мисал боло алат. Манастын атасы Жакып кан менен Акбалта кырк үйлүү кыргыз менен Алтайга жер которушат. Эрксизден айдалгандар бөтөн эл, бөтөн жерде эмне кылаар айласын таппай карайлап турганда кыргыз туугандарына Акбалта:

«Эмгек кыл балдар, эмгек кыл,
Арыганың - семирет,
Ачкан курсак тоюнат» - деп азып-тозгондорду эртеңки жакшылыктын болорунан күдөр үзбөөгө чакырып, өзгөчө жаштарды эмгек кылууга үндөйт. Жакып кан баш болуп сүрүлүп баргандар ак эмгектин аркасында алтын кенин казышып, эгин айдашып, сандыгын сары алтын мүлккө толтурушуп, төрт түлүк малынын түмөнү түрүлгөн атагы ай-ааламга тараган эсепсиз бай болушат[23]. Демек, элдин бакубаттуу бай жашоосу мамлекет башчысынын байыганына барабар. Анткени эл башчысынын кызыкчылыгы элдин кызыкчылыгынын ичинде. Эли ток, бакубат, жыргап – куунап жашаса, мамлекет башчысынын негизги милдети болгон элдин бакубат жашоосуна шарт түзүлгөндүгүн билдирет.

Адамзат тарыхында өнүгүп өсүүнүн кайсыл доорунда болбосун мамлекеттик жетекчинин милдети - мамлекеттик биримдикти түзүп жана аны чыңдоо үчүн, уруулардын башын бириктирүү, башкаруу аппаратынын курамын түзүү. Манас кан чачылып кеткен кыргызды чогултуп, кайра жыйнап эл кылып, эпосто баяндалгандай, кыраандардан кырк чоро курап, эл коргогон чеп куруп, кыргыздардын атамекени болгон Алатоону душмандардан боштондукка чыгаруу максатында жана анын коопсуздугун сактоодо Манас улуу кошун курат. Кыргыздын ондогон урууларын, хандыктарынын башын кошуп кыргыз элине кошулган тектеш элдердинбиримдигин, ынтымагын, коопсуздугун камсыз кылат:

“Күлдүр, Камбар, Чалыбай.
Бу да келди Таласка,
Чоро болду Манаска.
Кырктын башы Кыргыл чал.
Төлгөчү Кара Төлөгү,
Төрт тарап менен жооолашса,
Төрө Манас баатырга,
Төлгө тартып берери.
Чалышып адам жеңбеген,
Аксакалы бир кучак,
Буудайык кандын Музбуурчак.
Бу да келди Таласка,
Атка жеңил тайга чак,
Уйкусу жок, жолго сак.
Чыканактап калбаган,
Чырм этип уйку албаган.
Ааламды бузаар Сыргагың.
Чоро болду Манаска” [24] -деп, эпостун саптарындагы уруулардын башчыларынын биригишип, конфедеративдүү уруулардын бирикмесинин түзүлүшүнүн сүрөттөлгөндүгүн баамдайбыз. Айрым изилдөөчүлөр чоро эпикалык баатырдын максатташтары,чоролору экендигин маалыматтайт. Ойрот-калмак (жунгар) мифологиясында көптүк түрдө «чорос», «цорос» деген дербет жана жунгар княздарынын байыркы ата-бабалары катары айтылат. Ойроттордо -(жунгар калмактары) «цор», ортоңку кыпчак тилинде - «чора», «шора», «чоро» терминдери «баатыр» деген маанини билдирген. Чыгыштеги боюнча байыркы түрктөрдүн (кыргыздардын) аскердик-башкаруу титулу болуп эсептелген «чур» (чор), (чура) «чора» сөзү байыркы фарси тилинде «жоокер, «баатыр» деген түшүнүккө ээ экендиги, бирок кийинки түрк тилдеринде (байыркы түрк доору) титул катары (хан менен бектин ортосундагы) мансаптык даражаны аныктагандыгын билдиришет.[25]

Манас элин-жерин башкарууда, анын биримдигин, коопсуздугун сактоодо өз жанына эң алгач “өйдө чыкса өбөк болуучу, ылдый түшсө жөлөк болуучу” акылдуу, көсөм жан-жөкөрлөрүн топтойт, б.а. мамлекеттин ишин башкаруучу аппаратты түзөт. Эпостогу окуяларга көңүл буруп баамдасак, андай каармандардын бири-Кошой.

“Абам Кошой карыя,
Аксакалдуу олуя.

---

[22] АкмолдоеваШ.Б. «Манас» ааламы. – Б.: 2003. 129-б.
[23]Манас энциклопедиясы. Эмгек темасы. – Б.: 1995. 366-б.
[24]Саякбай Каралаевдын варианты, Манас,1-китеп. Фрунзе, 1984. 194- бет.
[25]Каратаев О.К., Эралиев С.Н., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк.Бишкек,2005.

Катагандын кан Кошой,

Касиеттүү ал Кошой"-деп баяндалат. Кошой жалгыз жүрүп көбөйгөн баатыр. Каракан өлгөн соң, кыргыздарды каракытай, манжу журт камчыга ченеп бөлгөндө, Кошой багынбай, кырк жигитин ээрчитип, душманга кол салат. Согушта жанындагы ээрчиген 41 алп курман болуп, өзү 70 жеринен жара жеп аман чыгат. Мына ошондон соң улуу тоолорду жамынып, Чеч-Дөбөнү мекендеп туруп калат. Алоокенин чапкынын тушунда качып кеткен кыргыздар Кошойдун дайынын угуп келе баштайт. Кошой алардын башын бириктирип, бооруна тартат.

"Жети өзөндөй кайран жер,
Эби менен жер кылып.
Жети өзөндө кыргызды,
Эптеп жүрүп эл кылып,
Жалгыз жүрүп көбөйгөн.
Кулаалы жыйып куш кылган,
Курама жыйып журт кылган.
Тели куш жыйып журт кылган,

Тентиген жыйып журт кылган" - деп Саякбай Каралаевдын вариантында Кошой канга элин туу туткан, мыкты инсан, эр азамат экендигине анын өмүрү жашоо жолу өрнөктүү экендигин айтат. Манас Алтайлык кыргыздарды көчүрүүдөн мурда Ала-Тоого өзү келип, абасы Кошойго жолугат, андан акыл-насаат сурайт. Жаш Манас:"Кытай – түмөн, Кыргызаз",- деп шекшине баштаганда, Кошой ашыкпай, ага акыл берет, калың жоону биргелешкен күч менен жеңип, максатка жетүүнүн амалын айтат, "Атбашынын Чеч-Төбөдө" турган Кошойдун кураган колунун жардамы менен Манастын кошууну жеңишке ээ болуп, кыргыздар өз жерине байыр алат. Карыя Кошойдун элеси жалаң жаш баатырга өз тажрыйбасын, акылын берүү менен гана кыргыз урууларынын башын кошуп, жоону жеңүүгө жардамдашуу менен гана чектелбейт. Ошону менен бирге Кошой – теңдеши жок алп, кол башкарган баатыр, эл бийлеген кан. Бирок ал менменсинип, Манастан тизгин талашпайт. Күчтүү, калың жоону жеңип, чилдей тараган элдин башын куроо максатында, журт башкаруучулук ролду Кошой карыя баласындай Манаска өз ыктыяры менен өткөрүп берип, "Күтүп алгын кулунум, Күрдөлүү кыргыз элиңди!" - деп, өзүнүн ыраазылыгын билгизет. Кошой Манас менен жолуккандан кийин эле ал Манасты милдеттендирет:

"Азган кыргыз журтуңа,
Качан караан болосуң?
Ээн калган ээсиз элиңди,
Качан ээлеп аласың?
Таап ал Талас жериңди,
Күтүп алгын кулунум,

Күрдөөлдү кыргыз элиңди"-дейт. Андан кийинки окуянын жүрүшүндө Манас чоролорду топтоп, кырк уруу элдин башын бириктире баштайт. Манас Бакай менен Ажыбайга жолугат. Эл баатырларынын бирибирине жолугуусу алардын жүрөгүн өйүгөн көйгөйлүү жалпы элдик маселени чечүү менен байланышкан. Манастын чоролордун адамдык сапатына жана иш билгилигине баа берүүсү өзүнүн ишиналып баруучу кадрларды тандоосу деп түшүнсөк болот. Ал эпосто төмөндөгүчө чагылдырылат: Эр Бакайдын акылмандыгы, элине, жерине бекем тутка болуп береерине ишенген Манас: Бакайга "Эки тизгин бир чылбыр.Эл бийлигин алыңыз" - деп кайрылат. Ажыбайдын жазы жаак, жалпак тил чечендиги бааланат.Ошондой эле эр Шууту, Ырамандын Ырчы уулу кыраан Манастынбашына мүшкүл иш түшсө "үзүлгөндө улашчу, чачылганды жыйнашчу"[26]чоролору, жоролору экендиги баяндалат. Бекеринен кыргыз элинде "Вазир жакшы, кан жакшы"- деген накыл кеп айтылбаса керек. Элдин биримдиги бекем болсо, тоодой күчкө ээ болоорун, эл башында акылдуу, келечекти көрө биген көсөм жетекчинин көздөгөн максаты элдики менен бир болгондо кандай тоскоол болсо да жеңээрин, элдин билгени бир түшүнүктө болсо, мындай элде тендик болоорун, мындай элдин дөөлөтү бийиктээрин, элдин тилеги бир болгондо, тоону омкоруп жиберүүчү күч болоорун,элдин ынтымагы бирдикте болсо, катылып келчү душманы болбосунМанас өз дилинде сактап түшүнгөн.

Кызматташтык – жалпы адамзаттык гуманисттик башталмалардын мыктыкөрүнүштөрүнүн бири. Бул кубулуш адамдардын рухий дүйнөсүн аныктоочу жогорку адеп-ахлактык принциптердин андан аркы өнүгүшүнө көмөк берет. Анткени адамдар биргелешкенде гана түшүнүшүүгө да, иш-аракет жасоого да жөндөмдүү. Ошол өңдүү эпикалык каарман Манас да өзүнө татыктуу, ишенимдүү кызматташ боло турган дос адамга муктаж. Чоң казатка аттанган колго Алмамбеттин башчылык кылышы кокустук көрүнүш эмес. Манас Алмамбетти кан шайлашынын себеби, анткени Алмамбеткытай элинин өкүлү, бул калктын жер шартын, менталитетин, психологиясын, жашоо образын жакшы билет. Мындагы түрдүү кырдаалдарды туура тандоо, элдин, жердин сырын, кытайлар менен кармашуунун жөн жайын мыкты билген Алмамбеттин гана колунан келеерин түшүнө билет. Алмамбет болсо, колго кан болгону аскердик тартипти күчөтүп, согуштук окуялардын жүрүшүнүн кыргыздар үчүн пайдалуулугуна айрыкча маани берет. Дегеле Манас аскердик кадрларды тандап шайлоодо, ар биринин жетишкендиктерин, ийгиликтерин, артыкчылыктарын иликтеп билүү жөндөмүнө ээ экендиги байкалат жана жалпы элдин кызыкчылыгы үчүн кандыктан да баш тартып, өзү катардагы эле жоокердин милдетин аткарат. Ал Алмамбетин койгон талаптарына өзү баш болуп толугу менен баш ийет. Мындай шартта анын демократиялуу лидер экендиги көрүнөт. Манас үчүн эң негизги максат бийлик, мансап эмес, баарынан мурда көздөгөн иштин натыйжасы, башкача айтканда, жеңишке жетүү, кыргыз элинин

[26]Саякбай Каралаевдын варианты,Манас. 1-китеп. Фрунзе,1984. 196-бет.

эркиндиги жана бейкуттугу. Кыргыздардын Атамекени болгон Алатоону душмандардан боштондукка чыгаруу максатында жана анын коопсуздугун сактоодо Манас улуу кошун курат. Кыргыздын ондогон урууларын, хандыктарынын башын кошуп кыргыз элине кошулган тектеш элдердин биримдигин, ынтымагын, коопсуздугун камсыз кылат. Эли-жерин көсөмдүк менен башкарып, элдин жашоо - турмушунун өнүгүүсүнө шарттүзүп берүүсү эпостун саптарынан ачык - айкын байкалат:

“Тонсуз келди бир чоро,
Тонсуз келген чорого.
Жакасы алтын, жеңи жез,
Кош бадана, торгой көз,
Келеме бото, кең жака.
Керишке кийсе ок өтпөс,
Тон кийгизди зор Манас.
Атсыз келген чорого
Аркар аяк жез билек,
Ат мингизди зор Манас”[27].Эпосто кыргыздар канатташ жашаган боордош элдер менен кандайча ынтымакта, достукта жашагандары төмөндөгү эпизоддо да чагылдырылган. “Калмак менен казактардын ортосунда жайыт талашып чатак чыгып Көкчө Манастан жардам сурап, кабар жиберет. Манас Көкчөгө барайын, көңүлүн алайындеп, камданып жөнөгөнү жатканда анын кабарын угуп, калмактар чырын токтотуп, талашкан жерин казактарга берип, эки эл жарашып калышат”[28]. Мында кыргыз менен казак эли башынан эле бир канатташ калк болуп, жамандык, жакшылыктарды тең көрүшүп, бири-бирине арка - бел болгон бир тууган эл экендиги көрсөтүлгөн.

Чыгармадагы бул өңдүү эпикалык окуялар Манастын элди биримдикке чакырып, калктын бүтүндүгүн, бейпилдигин сактоого умтулуусун көрсөтөт. Элди-жерди барктап, кыргыз калкы үчүн кам көрүп, өз элин биримдикке чакырып, аны чындыкка айландыруу үчүн атуулдук бүтүндөй табиятын арнайт.

Жыйынтыктап айтканда, “Манас” эпосун анда камтылган мамлекеттик идеялардын көз карашынан талдаганда, бул улуу дастан байыркы түрк уруулары менен уруктары үчүн ”бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдигин” сактап, мамлекеттин коопсуздугун коргоодо, улуттар аралык өз ара мамилелерди жөнгө салууда, улуттар аралык өз ара кызматташууларды уюштурууда, мекенчил идеяларын калыптоодо эпикалык каарман Манас баатырдын элди башкаруу ишинде жүргүзгөн негизги функция жана милдеттери ар мезгилде өз таасирин жоготпой, өрнөк, үлгү болуп, мыйзам менен адеп-ахлак өрнөктөрүнүн жана моралдык-этикалык нормалардын негиздүү булагы болуп бере алат.

Пайдаланылган Адабияттар:

Абрамзон С.М., Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.Б.,1999.
Алтымышбаев А.А., Очерк истории общественно-политической ифилолсофской мысли в дореволюционной Киргизии. Фрунзе. “Илим” 1985.-С.65.
Абдылдаев Э.,”Манас” эпосунун историзми.Фрунзе.,1987.131-бет.
АкмолдоеваШ.Б., «Манас» ааламы. – Б.: 2003. 129-б.
Бартольд В.В., Кыргыздар жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалма эмгектер.Бишкек., 1997. 456 бет.
Радлов В.В., Образцы народной литературы северных тюркских племен. СПб, 1895. С.13.
Валиханов Ч., Избранные произведения. – Алма-Ата, 1958. – С.112.
Молдобаев И.,Эпос “Манас” как источник по истории государственности кыргызов.Бишкек.,2004.174 стр.
Кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхый булактары, Которгон М.Кожобеков,Т.Абдиев, Б.: 370-бет.
Каратаев О.К., Эралиев С.Н., Кыргыз этнографиясы боюнча сөздүк.Бишкек,2005.
Кененсариев Т.,ТургуналиевТ., Баатырдык доор жана “Манастын тарыхыйлыгы” //Манастаануу.2013.206-бет.
Кулманбетова А.С., Нравстенно-эпическое осмысление основных заповедей Манаса в творчестве акынов-заманистов // Материалы республиканской научно-практической конференции в КГУСТА. – Б.:1999. –С.144.
Кудабаева Г.Б., “Манас” эпосундагы кармандардын инсандык сапаттары. Бишкек,2006,63 бет.
ОрозобековаЖ., ”Манас” эпопоеясынын түзүлүшү//Манастаануу. Бишкек, 2013. 66-бет.
ЮнусалиевБ. «Манас» эпосуна жазылган кириш сөз // Манаскыргыз элинин баатырдык эпосу.Фрунзе,1958.
Древнетюркский словарь, Ленинград,1969,282стр.
Манас энциклопедиясы,1-т, Бишкек,1995,440 бет.
Манас энциклопедиясы,2-т, Бишкек,1995,432 бет.
Манас, С.Мусаев –Ф.: 1986. 119-б.
Сагымбай Орозбаковдун варианты,Манас,4-китеп,Бишкек 1995. 115-бет.
Саякбай Каралаевдын варианты, Манас,1-китеп. Фрунзе,1984. 194- бет.
Саякбай Каралаевдын варианты,Манас,Бишкек,1998.237-бет.
Саякбай Каралаевдын варианты,Манас,1-китеп.Ф.,1984.196-бет.

[27] Саякбай Каралаевдын варианты,Манас, 1-китеп.Фрунзе,1984.196-бет.
[28] Манас. С.Мусаев –Ф.: 1986. 119-б.

БАЙЫРКЫ ТҮРКТӨР: МАМЛЕКЕТ ЖАНА ДИНИЙ ИШЕНИМДЕР (УМАЙ - ЭНЕНИН КУЛЬТУ)

Э.С. УМАРАЛИЕВ[•]

Байыркы түрктөрдөгү, алтайлыктардагы, кыргыздардагы Умай, якуттардагы Аисыт генетикалык жактан алганда бир эле образдын ар түрдүү көрүнүшү. Байыркы түрктөрдөгү, кыргыздардагы Теңир, Умай жөнүндөгү түшүнүк, биз билгендей, миң жылдыктарды башынан кечирген диний ишеним, мекени Борбордук Азия болгон эң байыркы культтардын калдыгы болуп саналат, ал эми азырынча белгилүү болгондой, анын таралышынын чектерине Алтай, Теңир - Тоо жана анын батыш тоо кыркаларына жакын жаткан Орто Азиялык отурукташкан дүйнө аймагы кирет. Бул түшүнүк коомдун энелик түзүлүшүнөн келип чыккан, аны мүмкүн, андан мурдагы доордо пайда болгон көз караштардын категориясына таандык кылсак болот. XV кылымга таандык эски уйгур тексттеринде «edqulug uma - gatun» (берекелүү Умай - ханышайым) - деп будда - түрк пантеонуна киргизилген [Кляшторный, 2006: 254-255]. Түрктөр өзүнүн кагандарынТеңирге окшоштуруп, алардынаялдарын Катун – Умайга теңешкен. Эне кудай Жогорку дүйнөдөналтын канаттар менен, элге жардам берүү үчүнтүшкөн сулуу аял деп элестетишкен. Белгилүү тарыхчы С.М. Абрамзон өзүнүн эмгегинде: «VII—VIII кылымдардагы байыркы түрк тексттеринде эскерилген кудай Умай асман кудайы Теңир жана Жер - Суу кудайы менен катар бизге күн культу менен болгон кээ бир байланышты билдирип турат» - деп белгилеп кеткен [Абрамзон, 1999: 198-200]. Умай Эненин монгол тилинде аталышы Этуген, Этуген-эхе – «жер-эне», «эне болгон» деп байыркы түрк Отюкен (Отюкан) этнониминен келип чыгат. IX кылымга чейин, ал учурларда Отюкан – мамлекеттин диний-улуттук идеясы, каганаттын саясий борбору болгон. Байыркы түрк каганатында – Отюкан ыйык аял, «мамлекеттин рухий колдоочусу», «жердин кудайы» жана Йыш-Отюкан (Тайга Отюкен) алардын ыйык мекени. Ошондой эле мамлекеттин диний борбору болуп, кут, жашоо жана каганга ыйык береке берген ыйык ишеним болгон. Бул болсо азыркы кыргыздар менен уруулардын жана конфедерациялардын байыркы түрк чөйрөсүнүн ортосундагы этногенетикалык байланыштардын учугун ишенимдүү чубап чыгууга мүмкүндүк берет. Өзгөчө түрк элдеринде Умай - аялдын башаты, балдардын коргоочусу, колдоочусу катары бүгүнкү күнгө чейинСаян-Алтай элдериндесакталып келет. Байыркы орток-түрк таш жазуу адабиятында Көк-Теңири менен параллелдүүлүктө айтылып, диний мифологиялык элестөөлөрдө аалам менен жердин жаралуусундагы баштапкы негизги архаикалык образдардын бири болгон Умай Эненин культунун жайылуу ареалы, Н. П. Дыренкованын аныктоолору боюнча, шаманчылыкты тутунган Саян-Алтай түрк тилдүү элдери менен ислам дининдеги Орто Азия түрк элдери болсо [Дыренкова, 1928: 198-200], бул маселени этнографиялык материалдардын негизинде кеңири изилдеп чыккан Л. П. Потаповдун эмгектеринде азыркы учурдун түрк тилдүү Сибирь элдери менен Орто Азиялыктардан сырткары, Волга боюндагы түрк элдеринде жана Түндүк Кавказда бул образдын реликттери көп кырдуу функциясы менен сакталып калган [Потапов, 1973: 265-286]. Дагы бир айтып кетүүчү далил катары «Бага» сөзү түркий тилдерде «таш бака» деп которулуп, байыркы түрктөрдө ыйык жандык катары эсептелип, улуулуктун, ыйыктуулуктун, түбөлүктүүлүктүн белгиси болгон. Ыйык таш бака башкача айтканда «Бага» Умай эненин белгиси болуп. Бүтүндөй улуу талаанын аймактарында, Улуу дүйнөнүн энесин түшүндүргөн көлөмдүү таштардан жасалган таш бакалардын эстеликтери коюлган. Таш бака ыйык болуп эсептелген жана көптөгөн байыркы элдердин ыйык атрибуттары катары таанылган. Таш бака жашоонун улануусу сыяктуу азиялык элдерде көп өмүр сүрүүнүн, туруктуулуктун жана тартиптин белгиси болуп саналган [История. Древний Атли-Багуан – город Умай и Тенгри, 2007]. Ал ошондой эле Сууну, Айды, Жер-Эненин, жаралуунун башатын, убакытты, түбөлүктүүлүктү, берекени, муундун улануусун түшүндүргөн. Ал эми отко табынуучулук Алтай жана Сибирь элдеринде ушул учурга чейин жашап келет. Телеуттардын, хакастардын шамандары жана бүбү бакшылары Умайга - отко табынуучулук менен ага от аркылуу кайрылышат. Кыргыздарда болсо оттун культу, балдарды колдоочу Умай эненин культу менен айкалыштырылат. Умай энеге дагы ушундай функция тиешелүү болгондугу түрк элдеринин ичинен шорлордун архаикалык ынанымында сакталып калган. Эгерде шор элинде Умай (Май) эненин жан киргизүүчү, демек, жаратмандык кудурети ачык сакталып келе жаткан болсо, кыргыздарда курсактагы баланын кыз же уул болорун белгилейт деген ишеним жогорудагы Умай эненин функциясынын бүдөмүк калдыгы экендигин күбөлөйт. Алтайлык жана кеңири тараган түрк, ага жакын монгол элдеринин мифологиясы байыртадан биздин күндөргө чейин ыйык эненин, жер менен байланышкан Умай Эненин байыркы жер эне катары аталаары көптөгөн тарыхый маалыматтарда жана булактарда белгилүү. Тарыхый булактарда Умай Эненин түрк-монгол дүйнөсүнүн кудуреттүү Кудайы катары (Ума, Омай, Ымай, Убай, Сангай, Натигай, Начигай-эке, Отюкен, Этуген, Этуген-эхе, Итога, Ирога) аталаары белгилүү. Түрдүү элдерде аны Умай-иче, Ымай-идже, Май-иче, Май-ана, Пай-ана, Пай-идже – «бай, мээримдүү эне» жана Улуг ак ине – «Улуу ак эне» деп аташат [Бутанаев, 1984: 93-105]. Умай же Умайя – теңирчиликте Теңирден кийинки экинчи оорунду ээлеген байыркы Кудай. Кээ бир булактарда Умай энени Теңир менен эки бирдиктүү ыйык башатты жаратуучу катары карашат башкача айтканда Умай Теңирдин аялы болгон алар экөө чогуу түрк элин карашкан Ыйык Умайдын түрк пантеонунда байыркы түрк кылымдарынан баштап белгилүү оорунду ээлеп келген, бирок маалымат булактарнын мүнөзү лингвисттерге, этнографтарга, тарыхчыларга бул образдын келип чыгуусу жөнүндө бирдиктүү

[•]Улук окутуучу, Ош Мамлекеттик Университети E-mail: Elderbek@rambler.ru

жыйынтыктоолорду чыгарууга мүмкүн бербей келет. Теонимдин бир канча маанилери, түшүндүрмөлөрү жашайт: С.М.Абрамзондун аныктамасында Умай эненин образы иран мифологиясында – уламыштуу Хумай кушу менен генетикалык байланышы, ошону менен бирге ыйык эненин аталышы байыркы индиялык Ума кудайынын атынан же жалпы түрк «Куба», «Хуба» - «ак куу» аталыштарынан келип чыгуусу жөнүндө айтылат. Түрк каада – салттарында Умайдын аял башатынын жаратуучулугу бааланган, ал Саян – Алтай, Орто – Азия жана Казакстандын элдеринде (Шор, Кумандийлерде, Телеуттарда, Хакастарда, Кыргыздарда, Казактарда, Өзбектерде), өзгөчө кыргыз улутунда бүгүнкү күнгө чейин балдардын колдоочусу жана сактоочусу катары Умай эне жөнүндөгү мифтик түшүнүк бекем сакталып келет. Кыргыздарда жана башка түрк элдеринде Умай, аялдын калыптандыруучу органын (түйүлдүктү) жана аны менен бирге аба мейкиндигинде жашаган өзгөчөлөнгөн асман кушун түшүндүрөт, ал эми алтайлыктардын жазуу эстеликтеринде Умай - «эне куш» деп аталат. Иран жана Араб жазуу эстеликтеринде Хумай сырдуу, өзгөчөлөнгөн, бактылуулукту алып келүүчү куш сыяктуу маанисин берип «Хомаюн» - перс тилинен «Бактылуу» дегенди түшүндүрөт [Черемисин, 2002]. Орто – Азия элдеринде «Хумай» бул «бакыт кушу», «хума күн», «хума бакыт» деп баяндалат. Хумай, Хомай куштары менен байланышкан байыркы иран мифологиясы өз мезгилинде чыгышка да, батышка да тарап жана түрк, славян салттарында да пайда болгон. Умай эненин образы байыркы түрк элдеринин диний аң-сезиминде маанилүү оорунду ээлеген. Бул ыйык эненин түрк пантеонунда үч бөлүктүү өз ара байланышынын өзгөчө орду тууралуу руникалык жазуу эстеликтеринде анын атын эскерүүгө, ошондой эле Сибирь жана Орто – Азиянын жаңы түрк тилдүү элдеринин салттуу дүйнө таанымынын негизинде изилдөөгө болот. Ошону менен бирге Умай энени кандай көрүнүштө сүрөттөөрүн окумуштуулар ушул күндөргө чейин бир пикирге келе элек. Умай энени сүрөттөп көрсөтүүдө көптөгөн этнографиялык жана археологиялык изилдөөлөрдө алтындан, күмүштөн жасалган канаттуу аялдардын жана аларды коштоп жүргөн түрдүү жасалгалар кездешет. Умай эне - балдардын төрөлүшүн жана төрөлгөндөн кийинки убактарда колдоочу, сактоочу мифологиялык эне, төрөт учурунда аялдарды кырсыктан сактайт деген ишенич кеңири тараган. Умай эне жөнүндө түшүнүк Евразиянын түрк - монгол тилдүү элдеринде кенен таралган. Өзгөчө, бүгүнкү кыргыздарда, Энесай кыргыздарынын урпактары болгон хакас, тува, шор, алтайлыктарда, Саян – Алтайдын башка түрк – монгол тилдүү элдеринде Умай эне жөнүндөгү мифологиялык түшүнүк бекем сакталып келет. Энесайдагы (Хакасиядагы Алтын – Көлдөгү Барсбекке арналып тургузулган эстелик жазууда) кыргыз жазуу эстеликтеринде «Умай энеден тараганбыз», «Умай эненин тукумдарыбыз» деген маалыматтар бар. Кыргыз мифтеринде Умай эне жөнүндө көркөм элестүү баян айтылып, эненин жана баланын коргоочусу, үйдүн кутун жаратуучусу делген.



Түшүмдүүлүктүн кудайы Умай эненин элеси түшүрүлгөн, алтын коңгуролор илинип жасалган,күмүш чегерилген алтын сөйкөлөр. Койбалы көрүстөнү.
V-XIII кк. Хакасия.

Умай эне, эне жана баланы ooру – сыркоодон сактайт деген түшүнүктөн улам балдарды эмдегенде, дарылаганда «Менин колум эмес, Умай эненин колу» деген сөздөр айтылган. Үйгө бөбөктү жалгыз уктатып коюуга туура келгенде, «Умай энеге тапшырдым» деп камсыз болушкан. Жаш ымыркай баланын бетин Умай эне жууйт деген ишеним болгондуктан, анын бетин күнүгө жууй бербейт. Кыргыз мифтеринде Умай эненин образы, баяны жөнүндө көркөм чыгармалар жаралган. Байыркы кыргыздар табияттын төрт стихиясына: Асманга, Жерге, Отко, Сууга сыйынышкан. Асман эркектин башталышы деп эсептелип, ал эми Жер болсо

аялдын образын билдирген. Умай мифтик зат. Ал көптөгөн элдердин фольклорунда, уламыштарында, санжырасында кенен чагылдырылган. Ошентип Азияда бир нече миңдеген жылдар бою рухтун Кудайы – Умай айтылып келүүдө. Энелердин энеси улуу Умай эне мааниси жагынан жогоруда айтылгандай Көкө – Теңирден кийинки экинчи ыйык Кудай болуп саналган. Ал кошбойлуу аялзатынын, тукум улоочулуктун, коломтонун, түшүмдүн колдоочусу болуу менен Теңирдин зайыбы деп эсептелген. Кээде Умайды адамзаттын баштапкы энеси Обо менен бир карап жүрүшөт. Саян-Алтай тоолорунун байыркы көчмөндөрү Умайга, жоокерлердин колдоочусу катары Оттун Кудайына — От-Энеге сыйынышкан. Умай эне тууралуу булактар VI – VII - кылымдардагы руна жазууларында эскерилет. Байыркы түрк тилинде «Умай» — баланын тону, эненин жатыны. Тибетче «ума» - эне. Монголчо «курсак» деген маанини билдирет. Волга боюндагы татарларда да «ума» - «курсак» деген маанини берет. Мына ушул түшүнүктүн баары аялзатынын тукум улоочу касиети менен байланышкан. Кыргыз тилинде «Умай» жомоктогу асманда уялаган сыйкырдуу куштту билгизет [Скобелев, 1999: 162-167]. Ал перстердин дүйнөлүк даракта байырлаган кушту билгизген «хума» деген сөзүнөноп киргендиги белгилүү. Умай түшүнүгү качандыр бир кезде байыркы жалпы адамзаттык мотив менен бардык жандууну жаратуучу тукумчулдуктун, түшүмдүүлүктүн символу болгон.*Байыркы түрктөр Умай энени үч мүйүздүү баш кийим жана кенен мантия кийгизип сүрөттөшкөн. Алар таштагы оймо - чиймелерди, издерди «Жерге түшүп келе жаткандагы Умай эненин изи» дешкен.*

Адабияттардын тизмеси

Кляшторный С.Г., Памятники древнетюркской письменности, этнокультурная история Центральной Азии, Санкт-Петербург, 2006, стр. 254- 255.

Абрамзон С.М. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы боюнча тандалмалуу эмгектер, Бишкек, 1999 , 198 – 200 бет.

Дыренкова Н. П., Пережитки идеологии материнского рода у алтайских тюрков, Баку, 1928, стр. 123 – 144.

Потапов Л. П., Умай – божество древних тюрков в свете этнографических данных, Москва.: 1973. Стр. 265 – 286.

История. Древний Атли-Багуан – город Умай и Тенгри. «Вышка» стр. 8, 6 июля 2007года.

Бутанаев В.Я. Культ богини Умай у хакасов// Этнография народов Сибири.Новосибирск: 1984. -С. 93-105.

Черемисин Д. В. «К изучению ирано – тюркской связей в сфере мифологии». Сибирское археологическое обозрение, Вып. 6. Новосибирск: 2002.

Скобелев С. Г. «Иконография и принадлежности образа богини Умай в древнетюркскую эпоху». Евразия: культурное наследие древних цивилизаций. Вып. 2. Новосибирск: 1999. Стр. 162 – 167.

БАЙЫРКЫ ТҮРК МАМЛЕКЕТТҮЛҮГҮНҮН МИФОЛОГИЯЛЫК МААЛЫМАТТАРДА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Абдрахман АЛЫМБАЕВ

Көптөр "Туранды - миф" дешет. "Жок ал болгон, ал тарихий факты" дешет экинчилери. Булардын кимиси чындыкты айтып жатат? Аны азырынча так айтыш кыйын? Бирок биздин кийинки изилдөөлөр жана генетика илими сунуп жаткан кээ бир фактылар, Совет бийлиги учурунда орус окумуштуулары бизге окуткандан башка жаңы, талаш-тартыштуу жыйынтыктарды чыгарууга мажбурлоодо.

Мисалы кийинки мезгилдердеги генетика илиминдеги ачылыштар боюнча фактыларды анализге алган кыргыз окумуштуусу Ч. А. Тукембаев өзүнүн монографиясында мындай кызыктуу маалыматтарды жазды:

"Гаплогруппа Rla отвечает на хромосомном участке мутация SRY10831.1, где она содержит аденин. Гаплогруппа Rla произошла 20 тысяч лет назад в Центральной Азии, из которой происходят все арийские субклады Rlal и. т. д., среди которыхесть вымершие субклады"[1].

"Из данных о распределении гаплогруппы Rlal следует, что максимум гаплогруппы Rlal приходится на народ, граничащий с Индией. Этим народом являются кыргызы, содержащие 63,4% гаплотипа Rlal. Доля Rlal в таджиках Худжанда – 63,6%. В таджиках Самарканда (Согдиана) – 25%, таджиках Душанбе – 19%, ишкашимцах – 68%, но этот народ на Памире насчитывает всего около двух тысяч человек. ... Поляки содержат 56% гаплотипа Rlal, венгры одной области – 60%, но другой – 20%, лужичане – 63%, украинцы – 54%, хакасы Алтая – 53%.Русские содержат 43% гаплотипа Rlal в Европе, но Сибирь подтягивает их долю до 53%, белорусы – 52%, но в некоторых областях – 39%, татары – 25%, башкиры – 26%, но в Саратове и Самаре 48%, узбеки – 23% (8), уйгуры -28,6%. Доля Rlal в латышах равна 41%, в литовцах – 34%, чехах и словаках – 27%, хорватах – 29%, удмуртах – 37%, поморах – 36%." и.т.д.

"Рассмотренные народы арийской гаплогруппы говорят на разных языках, утеряли язык, обычаи и обряды арийцев. Десять лет назад приходили в ужас при упоминании об арийцах, так как ариец есть фашист. Теперь все претендуют на высокое звание арийца, кроме кыргызов и скандинавов. Согласно звездной религии, кыргызы и скандинавы применяли обряд кремации и свой род ведут от ассов: Манас, Асгара, Одина, так как ас – это бог мужского начала, а арья отвечает женскому началу"[2].

Ошентип бүгүнкү генетика илиминин берген маалыматы боюнча, кыргыздар 63,4% байыркы арий канын сактаган эл болуп саналат. Ал эми ушул убакка чейин өздөрүн "арийлердин урпактарыбыз" деп келатышкан тажиктерде (хожентиктер менен ишкашимдерди айтпаганда) бул байыркы табышмактуу элдин канынын катышы 25%, 19% экен. Мунун өзү - тарых илими эми өзүнүн кээ бир элдер жөнүндө берип келаткан маалыматтарын жана багыттарын өзгөртөт деген сөз.

А чынында, талаш-тартыштын көбү ал мифтердеги Түрк элдеринин түпкү мамлекеттүүлүгүнө байланышкан маалыматтарда жатат. Ушул жерде бир суроо пайда болот: "Эмне үчүн Иран мамлекети жашап турганы үчүн мифтеги Күр[3] негиздеген анын байыркы өлкөсү[4] "чындык" катары кабыл алынат да, ошол эле мифтеги экинчи каарман Тур негиздеген "Туран мамлекетинин" болгону чындык катары кабыл алынбайт? Же эмне үчүн ар кандай мезгилде ар кандай аталганына карабайИран мамлекетинин байыркы тарыхы "Авестада" айтылган мифтерден башталат да, ал эми ошолэле булакта айтылган турлар ("көчмөн арийлер") түрк элдеринин ата-бабалары катары айтылбайт?

Совет бийлиги да өз убагында Хакасиядагы бир уруунун аты[5], СССРдин аймагындагы бир нече жер-суу аталыштары "туран"[6] деп айтылып турганына карабай, ал сөздүн өзүн жана ага байланышкан тарыхты изилдөөгө тыйуу салган. Ошол үчүн бул сөзгө ("туран") байланышкан тарых али күнгө чейин белгисиз бойдон калууда. Анын себебин көбүбүз билебиз, бирок дайым эле ачык айта бергибиз келбейт. Түрк элдеринин түпкү тегине болгонмындай кайдыгер мамиле шовинисттик мүнөз күткөн евроборбордук көз караштагы окумуштууларга таандык. А болбосо, биздин кийинки кездеги салыштырып изилдөөлөр "тур" менен "түрктүн" түбү бир экенин көрсөтүүдө.

---

[1]Тукембаев Ч. А., Колыбель арийской расы, с-20, Бишкек, Национальная Академия наук КР, Институт физико-технических проблем и материаловедения; Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына, Научно-исследовательский центр Навье-Стокса, 2011.

[2]Тукембаев Ч.А., Колыбель арийской расы,...с-65., Бишкек, 2011.

[3]"Авестада" анын ысмы – "Арий", "Шах-намеде" – "Эраж" деп айтылат. Менин жеке пикиримде үч бир тууганын (Сар, Тур, Күр) эн кичүүсү болгон Күрдүн ысмы "семиттешкен" байыркы перс тилинде бузулуп: "Арий", кийин орто кылымдагы перс тилинде - "Эраж" деп айтылып калган. А чынында анын туура айтылышы "Күр" сыяктанат? Мисалы, казак тилинде "к-х" тыбыштары менен башталып: "хазыр", "хайдар", "хурметти" деп сүйлөнгөн сөздөр, кыргыз тилинде "х" тамгалары түшүп: "азыр", "айдар", "урматтуу" деп сүйлөнөт. Дал ушул сыяктуу эле байыркы тектеш эки элдин биринин "күр" деген сөзүн экинчиси – "үр", "кэр" деп айткан сөзүн – "эр", "кар" деп айткан сөзүн – "ар" ж. б. деп айтканы шексиз? Менин жеке пикиримде Иран мамлекетинин аталышы "Арьяна-Вайжа" деген сөзгө эмес, мифтик үч бир тууганын бири - Күрдүн (Үр - Ир) ысмына байланыштуу келип чыгат. Б.а. "Күр-ан", "Үр-ан", "Ир-ан" делип өзгөрүлгөн (?). Анткени, биздин изилдөөлөр "Арьяна-Вайжа" – Күрдүн эмес, үч бир тууганын атасы болгон Тур Атанын (Авеста – Трайтаона, Фирдоуси - Феридун) мекени экенин көрсөтүүдө. Андыктан биз, "Арьяна-Вайжа" түпкү тилде (байыркы огуз - Б.Т.) "Араттар Байтагы" деп айтылып, ал: "араттар өлкөсү", "араттар мекени" дегенди билдирген деп ойлойбуз? - Б.Т.

[4] "Авеста" боюнча ал өлкөнүн аты – "Арьяна-Вайжа" – Б.Т.

[5] Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И., Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых, с-174., "Кыргызстан-Сорос" фонду, Бишкек, 2002. Кыргызчага которгон О.К.Каратаев.

[6]Татаринцев Б., макала: "Туран и Уюк" – откуда произошедшие слова?", журнал "Улуг Кем", 1994ж

***

Перс мифтеринде байыркы улуу державалар болгон Туран менен Ирандын тарихий байланыштары жөнүндө айтылган көп маалыматтар бар. Мисалы, “Авеста” боюнча Трайтаона дегендин Сайрима[7], Тур жана Арий[8]деген балдары болот. “Шах намэде” Трайтаонанын ысмы – Феридун[9], ал эми анын балдарынын аттары: “Сальм, Тур жана Эраж”[10]деп жазылган. Б. а. Фирдоуси боюнча, Трайтаонанын ысмы – “Феридун”, Сайриманын ысмы – “Сальм”, Арийдин ысмы – “Эраж”.

Биз “Авестада” айтылган алардын ысымдары түпкү айтылышына жакын деп ойлойбуз, андан улам алардын ысымдарын мындан ары кыргызча: Тур ата (Трайтаона), Сар (Сайрима), Тур (Тур), Күр (Арий) деп жазабыз. Анткени, биринчиден, биз алардын ысымдары алгач, түпкү тилде (байыркы огуз – Б.Т.) ушундай формада (Сар, Тур, Күр) айтылган деп эсептейбиз.

Экинчиден, үч бир туугандын ысымдары ушундай “формада” айтылган учурда гана биз алардын ысымдары аркылуу ушул убакка чейин бизге белгисиз доорлордо “кудайларга” айланып кеткен улуу инсандардын жашап өткөнүн далилдейбиз. Үчүнчүдөн, бизге чейин алардын ысымдары бир нече жолу өзгөргөнүн эске алып, өз илимий болжолубуздун чындыгын далилдөө үчүн Фирдоуси сыяктуу эле биз дагы алардын аттарын өз тилибиздин мыйзамына ылайык өзгөртүп, изилдөөгө алабыз.

Анткени, кыргыз тилинде “күр” деп айтылган сөз иран ж.б. тилдерде “хур-хор” формаларында сүйлөнгөн. Тарыхта батыш элдери ирандыктарды жалпы жонунан “хорлор”, ал эми скифтер аларды “хорзарлар” деп айтышканы белгилүү. Мисалы, бул тууралу байыркы Рим тарыхчысы - Плиний мындай деп жазган: «Дарыянын (Яксарттын) бул жагында скиф уруулары жашашат. Перстер өздөрүнө жакын жашаган уруунун аты боюнча аларды сагдар (сактар) деп аташат, илгерки жазуучулар – аромийлер дешкен. Скифтер болсо, перстерди хорзарлар дешет… Скиф элдеринин саны сансыз, калкынын саны боюнчаалар парфяндар менен теңеше алат[11].

Бирок эмнегедир бул сөздүн (хор же хорзар) этимологиясы жана Иран мамлекетинин аталышы ушул сөзгө байланыштуу келип чыгышы мүмкүн экени илимий изилдөөгө алына элек. Бул сөз тууралу түрк-монгол окумуштууларынын изилдөөлөрү бир топ кызыгууну туудурат. Алардын айткандары боюнча: “В основе многих центральноазиатских этнонимов прослеживается корень “хор” (кор). Например: хор – тибетское название тюрко-монгольских номадов[12], хор – подразделение народа юйгу, хоро – обозначение предков якутов, хори – подразделение бурятов, уйгур, курыкан, хонгоройд – монгольское произношение имени кунгират и.т.д.[13]”. По всей видимости, и этноним “хонгорай” также восходит к этой основе”[14].

Дал ушул уңгу сөз байыркы иран этносу жашаган жерлерде да кеңири тараган. Айталык,перстердин улуу кудайынын ысмы – Ахура Мазда (Хор – Маз, Хурмуз, Кырмыз), шаарлар: Хорезм, Хоросан, Хуркент (Ургенч), Герат ж.б.

Фирдоуси боюнча, карыган Феридун (Тур ата) өзүнүн империясына тиешелүү аймакты үч уулуна бөлүп берет. Сальмга (Сарга) - Европа элдери, Турга - Орто Азия жана Чыгыш Түркстан, ал эми Эраждын (Күрдүн - Хордун) энчисине- Иран (Күр+ан, Үран - Иран) жана Арабстан (Хорабстан – Орабстан)тиет. Балдардын атынан улам кийин алардын ээлеген жерлери да: “Сарматия”, “Иран” жана “Туран” деп аталат.

***

Илимий изилдөөлөрдө, “Авестадагы” “күлүк ат минген турлардын” этнонимдик аталышы перс булактарында - “сактар”, грек булактарында -“скифтер”[15] деп берилерин жогоруда айттык. Б.а. перс булактарындагы “сактар” менен грек булактарындагы “скифтер” бир эле эл, алар Авестада“турлар” деп айтылган. Ал эми жогоруда кеп кылгандай, иран мифи боюнча “турлар – Турдун урпактары”. Демек,“Авестада” “турлардын өлкөсү” деп аталган – “Туран”, кийинки айтылган перс булактары боюнча – “сактардын”, грек булактары боюнча “скифтердин өлкөсү”.

Л. Гумилевдин жазганына караганда,тарыхка “арий” деген ат менен түшкөн Орто Азиянын байыркы элдери “турандыктар” жана “ирандыктар” деп диний ишенимине карата ушундай аталышкан. Т.а. эски ишеним менен калгандар “турандыктар”, Заратуштураны ээрчип, жаңы динге өтүп кеткендер “ирандыктар” деп аталышкан[16]. Бирок, ирандык элдер, бир убакта түпкү ата журт – “Арат байтагы” жайгашкан Туран аймагынан“сүрүлүп барган” көчмөн арийлер экенине карабай, батыш жана иран окумуштуулары турандыктарды (сак, сармат, скиф) - “иран тилинде сүйлөгөн элдер” деп жазып келатышат. Бул, белгилүү тарых иликтөөчү Мурад Ажы жазгандай: “...чындыкка такыр коошпогон миф. Эгер, так айта турган болсок, анда

[7] Окумуштуулар аны көбүнчө “Сар” формасында жазышат. Биз да ушул ойго кошулабыз.

[8] Менин жеке пикиримде бул каармандын ысмынын туура айтылышы – “Күр”. Ал бузулуп, Арий, Эраж ж.б. формаларда берилип жүрөт- Б.Т.

[9] Мифы народов мира, т-2, М.,СЭ., 1992 г., 523-бет.

[10] Ошол эле жерде.

[11] Бичурин, 111, стр. 66-67.

[12] Дамдинсурен Ц, Исторические корни Гессериады, с-61, 154, 216, М.,1957; Дугаров Р.Н., Этноним хор в Тибетской историографии // Исследование по ономастике Бурятии, с-98, 100, Улан-Удэ, 1987.

[13] Юсифов Ю.Б., К этногенезу азербайжанцев // Фольклор, литература и история Востока, с-336, Ташкент, 1984.; Рерих Ю.Н., По тропам Срединной Азии, с-207, Хабаровск, 1982.; Румянцев Г.Н., Происхождение хоринских бурят, с-121, 125, Улан-Удэ, 1962.; Тенишев Э.Р., Этнический и родоплеменной состав народности юйгу // Советская этнография №1, с-64, 1962.

[14] Бутанаев В.Я., “К вопросу о кыргызско-хакасских этнографических связях” деген статьясын караңыз // Кыргызы 2-1вв до н.э., Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, с-104, Бишкек, “Кыргызстан”, 1996.

[15] “История Казакстана”, Алматы, “Даур”, 1993ж., 30-бет.

[16] Гумилев Л.Н., Древняя Русь и Великая степь, М., Мысль, 1993ж., 46-бет.

байыркы ирандыктардын өзү “түрк тилинде сүйлөгөн элдер болгон” деп жазышыбыз керек[17]. Биз, евробордук көз караштагы окумуштуулар биринен бири көчүрүп, жазып келаткан бул терминди (“иран тилинде сүйлөгөн”)“арат (арий) тилинде” же ага чейинки жалпы аты менен “огуз тилинде” сүйлөгөн элдер” деген термин менен алмаштырып сүйлөөнү сунуш кылар элек. Бул учурда тарых илими “жаңы багытка” бурулат. Анда,тарыхка жалпы “арий” деген аталыш менен түшкөн байыркы көчмөндөрдүн “ирандыктар” менен “турандыктарга” канчалык деңгээлде тиешеси бар экени же тагырак айтканда,кимиси “чыныгы арийлер” экени же турандык араттар кайсы тилде сүйлөшкөнү ачыкка чыгат эле.

Л. Гумилевдун оюн улантып айтсак, анда: Туран - мурункудай эле “Турга[18] сыйынган элдердин өлкөсүн”, ал эмиИран - жаңы ишенимдин башкы кудайы болгон - “Күргө[19] сыйынган элдердин өлкөсүн” билдирген.

Күргө (орус: Хур же А-Хура) сыйынуу салтын биринчи болуп Зарастура[20] пайгамбар киргизгени тарыхта жакшы белгилүү. Ал эми элдик оозеки чыгармаларда айтылган маалыматтарга таянсак, анда Турга (Теңирге) сыйынуу салты алгач улуу Угуз хан бабабыздан башталат[21]. Санжыраларда айтылган маалыматтар, Угуз хан бабабыздын диний даражасы – “кыдыр” болгонун кабарлайт. Эн кызыгы, кыргыз же жалпы түрк тилдеринде бирдей айтылган бул сөз (“кыдыр”) байыркы арийлердин ыйык китептеринде “ходар”[22] жана “зодар”[23]формаларында айтылып, “башкы бакшыны”, “башкы жрецти” түшүндүргөн. Демек, мындан Угуз кагандын диний даражасы – “башкы бакшы” же “чоң бакшы” болгонун билебиз. Эски Сөздүктөрдө “Кыдыр - “байыркы арий ишенимине таандык кудайлардын биринин ысмы” катары берилет. Кийин бул ысым ислам булактарына “хызыр” деген ат менен кирген. Ал диний мазмундагы адабияттарда кудайдан берилген касиети[24] боюнча Муса пайгамбардан да жогору турган.

Фирдоуси турларды - “түрктөрдүн ата-бабалары” катары карап, Туранды – “түрктөрдүн өлкөсү” деп жазган. Ал эми көпчүлүк окумуштуулар болсо, “Туранды”“Түркстандын” синоними катары кароо туура эмес”[25] дешет. Гениалдуу акындын айтканы тууралы же орус тарыхчы окумуштууларынын жазгандары тууралы? Эмне үчүн өмүрүн Ирандын байыркы тарыхын изилдөөгө алган жана аны поэзияга айлантып, улуу чыгарма жараткан перс акыны: “Турларды – түрктөрдүн ата-бабалары”, ал эми “Туранды - түрктөрдүн өлкөсү” деп айтты экен!? Балким анын түпкү негизинде бир чындык бардыр? Бир нерсени эске алыш керек: бул жөн эле бир акындын сөзү эмес, бул Ирандын байыркы уламыш, мифтерин жыйнаган жана тарыхын изилдеген улуу, гений акындын сөзү! Бул - кечеги эмес, миң жыл мурунку сөз! Бизге жеткен маалымат боюнча, ал өзүнүн атактуу “Шах намесин” жаратууга дээрлик 40 жылдык өмүрүн арнаган.

***

Жогоруда белгилегендей, байыркы перс булактары турларды “сактар” деп атайт да, сактар өзү үч бөлүктөн турарын кабарлайт. Ал маалымат боюнча сактар: “парадарайа сактары”, “хаумаварга сактары” жана “тиграхауда сактары” деп үчкө бөлүнүшкөн. “Казакстан тарыхында”: парадарайа сактары - Сыр менен Аму дарыянын этектеринде, Арал деңизинин жээктеринде, хаумаварга сактары - Мургаб өрөөнүндө, ал эми тиграхауада сактары - Сыр Дарыяны бойлоп, Теңир-Тоо аймагында[26] жашашканы жазылган.

Жогорку маалыматка караганда, “Туран” - Алтай, Орол жана Памир тоолорунун ортосундагы аймак. Л.Гумилев, Туран деп азыркы Орто Азия жана Ооганстан территорияларын бириктирип айткан[27]. Ю. Якубовдун жазганы боюнча “географиялык түшүнүктөгү Туран” ар кайсы учурда ар кандай кендикти билдирген. Мисалы байыркы замандарда “Туран” деп азыркы Иранга тиешелүү Хоросандан тартып, Ооганстан, Орто Азия жана Казакстан, Тибетке чейинки аймакты камтыган. Бара-бара бул түшүнүк тарып, ал Орто Азияны эле түшүндүрүп калды[28]. Б.а. анын айтканы боюнча, бүгүн “Борбордук Азия” деп айтылып жаткан аймак байыркы замандарда “Туран” деп аталган.

В. Бартольдун көз карашы боюнча “ахамениддердин жана араб бийлигинин мезгилинде Иран менен Турандын саясий чекарасы бир нече жолу өзгөрүүгө дуушар болгон. Адегенде Алдыңкы Азия менен бир бүтүн саясий мамиледе болгон Маверанхр, X кылымдан баштап Орто Азия элдеринин бийлигине баш ийип калды. Андан улам тынч мезгилдерде иран жана туран элдеринин чекарасы катары негизинен Аму-Дарыя эсептелген”[29].

Логашова Биби-Рабиганын жазганы боюнча да, Туран - Орто Азия жана Казакстан регионун билдирет. Ал өз көз карашын Авестадагы: “Арианам-Вайжа, Гава Сугда, Моуру, Бахди, Нисайя, Харойва, Вайкарта, Урва Вехркана, Хареквати, Хайтумант, Рага, Чахра, Варена, Хапта-Хинду, Рангха” өлкөлөрүнүн жайланышкан

---

[17]Аджи Мурад, Тюрки и мир: сокровенная история., с-190, М., изд “АСТ”, 2004.
[18] Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча, Тур – Теңирдин праформасы экени белгилүү.
[19]Күр – Хүр – Хур (Хор) – А-Хур-а (Ахура Мазда) – Б.Т.
[20]Бул пайгамбардын ысмын: гректер – “Зараостра”, перстер – “Зурдушт” же “Заратуштра” деп жазышканы илимде белгилүү.
[21] “Огуз наме” дастанында Угуз хан төрөлгөндө эле кудайга ишенген адам болуп төрөлөт. Кудайга сыйынмайынча энесинин эмчегин эмбей коёт. Кийин теңирчиликтин дуалисттик негизине таянып, саясий башкаруунун: “оң” – “сол” (“бозок”, “үчок”) принцибин түзөт. Ал эми Рашид ад-Дин менен Абулгазынын санжыраларында Угуз хан “мусулман” болуп төрөлгөнү жана ал сыйынган кудайдын ысмы – “Алла” экени баяндалат.
[22]Ригведа - “ходар” – Б.Т.
[23]Авестада - “зодар” же “зоадар”-Б.Т.
[24]Хызырга кудай “илим-билимди” алып жүрчү касиетти берген.
[25]Худокулипур А., макала: “Географические и культурные границы кипчаков”, Материалы круглого стола: “Историко-культурные взаимосвязи Ирана и Дашт-и-кипчака в XIII-XVIII вв.”, Алматы, 2004ж.
[26]“История Казакстана”, Алматы, “Даур”, 1993ж., 30-бет.
[27]Гумилев Л.Н., География этноса в исторический период, Ленинград, Наука, 1990ж, 215-бет.
[28]Якубов Ю., Религия древнего Согда, Душанбе, “Дониш”, 1996ж., 5-бет.
[29]Бартольд В.В., Туркестан в эпоху монгольского нашествия, , т-1, с-114, изд-во Восточной литературы, М., 1963.

ордуна карата негиздеген[30]. Чынында аттары аталган жогорку арий өлкөлөрү дээрлик баары ушул Борбор Азия аймагында жайланышкан.

Түшүнүктүүрөк болушу үчүн ал өлкөлөрдүн жайланышкан орду жана аларга берилген комментарийлерди кошо мисал тартaлы.

«Арий Байтагы». Тексте минтип айтылат: «Первая обитель благословения и изобилия, которую я, Аура-Мазда, в чистоте сотворил, была Эериэне – Ваэдьо (чистый Иран). Ничто в мире не равнялось ее прелести. Тогда пришел чреватый смертьюАхриман, приготовил в реке, напоившей эту обитель, великую змею зиму, которая происходит от Дева. И стало здесь десять месяцев зимы и два –лета (прежде было семь зимных и пять летних). Зима разливает холод на воду, на землю и на деревья. Очень жестока она посреди Эериэне – Ваэдьо, но бич этот обращается во благо человеку: едва зима появилась, все дары земли стали произрастать в изобилии»;

Бирок, дал ушул, алгач "Арий Байтагы" деп аталган түпкү ата журт Туран аймагында жайланышкан. Алгачкы арий коому чачылган кезде, дал ошол жерден алардын бир бөлүгү азыркы Иран жерине ооп келген.

Ахура Мазда жараткан «элге жана малга бай» экинчи өлкө «Согдо» деп аталат. Ал азыркы Эки Дарыя (Сыр менен Амунун) аралыгында жайланышкан, кийинки адабияттарда «Согдиана» деген аталыш менен белгилүү мамлекет;

Үчүнчү, «зор жана ыйык Муру» өлкөсү. \Түшүндүрмөдө: «Маргиана», Түркмөниядагы азыркы "Мары шаары" деп берилген\;

Төртүнчү, «туулары бийик көтөрүлгөн» Багди өлкөсү \Түшүндүрмөдө: «Бактрия»\;

Бешинчи, «Муру менен Багдинин ортосунда жайланышкан Нисаим» өлкөсү \Түшүндүрмөдө: байыркы Парфия мамлекетинин борбору – Ниса шаары (Түркмөния)\;

Алтынчы, «калкы көп Харойя» өлкөсү \Түшүндүрмөдө: Ария, борбору Герат шаары болгон азыркы Батыш Ооганстан аймагы\;

Жетинчи, Вэкеретем өлкөсү \Түшүндүрмөдө: Арахозия же Сеистан. Балким, Кабулдун батыш чөлкөмдөрү болушу да мүмкүн?\

Сегизинчи, Оруан өлкөсү \Түшүндүрмөдө: ушул убакка чейин орду тактала элек белгисиз?\;

Тогузунчу, Вэркана өлкөсү \Түшүндүрмөдө: Гиркания, азыркы Каспий деңизинен чыгышты карай Ашхабад менен Красноводдун ортосундагы чөлкөм\;

Онунчу, «таза Хараканти» өлкөсү \Түшүндүрмө берилген эмес\;

Он биринчи, «Хэтумат» өлкөсү \Түшүндүрмө берилген эмес\;

Он экинчи, «Раган» өлкөсү \Түшүндүрмө: балким Мидиядагы Раги болсо керек?\;

Он үчүнчү, «Чекре» өлкөсү \Түшүндүрмө берилген эмес\;

Он төртүнчү, «атактуу Феридун төрөлгөн, төрт бурчтуу, бейиш жер Вэрэне» өлкөсү \Түшүндүрмө берилген эмес\;

Он бешинчи, «жети Индиянын үстүнөн бийлеген Хапта Хенду» өлкөсү \Түшүндүрмө берилген эмес\;

Он алтынчы, «башчысы жок, атчан адамдар каптаган Ренгай…[1]» өлкөсү \Түшүндүрмөдө: Жогорку Ассирия деп берилет. Вамбери боюнча, Ренгай же Рагу – ал Яксарт дарыясы\. Ахура Мазда жараткан өлкөлөр мына ушулар. Дээрлик баары байыркы Туран жана Чыгыш Иран жеринин отурук эл жайгашкан аймактарында пайда болгон мамлекеттер[31]

***

Биздин бул макалада айта турган максатыбыз: Турандын этимологиясынкыскача изилдөөгө алып, анан "Туран" менен "Түркстан" аталыштарынын "айырмасы" жана "окшоштугу" эмнеде экенин, анан ушул убакка чейин "чыгыш иран элдерине" тиешелүү болуп келаткан байыркы Туран өлкөсүнүн түрк элдерине кандай тиешеси бардыгын айтуу. Орус жана иран окумуштууларынын айткандарына караганда: "Турлар – "түрк" эмес, Туран – "Түркстан" эмес"[32]. Демек, байыркы Туран өлкөсүнүн азыркы түрк элдерине эч кандай тиешеси жок!? Бүгүнкү күнгө чейин калыптаган көз караш боюнча айтканда, байыркы Туранды түрк тилинде эмес, чыгыш иран тилинде сүйлөгөн элдер негиздеген.

Бирок, биздин изилдөөлөр, тотем маанисинде: Түркстан – "бөрүлөрдүн"[33], Туран – "өгүздөрдүн өлкөсү"[34] дегенди түшүндүрөрүн айтууда. Биз, "түрк" этноними: "бөрү", "карышкыр" дегенди түшүндүрөрү тууралу айткан илимий макалада "түрктүн" "бөрү" мааниси кыргыз тилиндеги анын "күчүгүн" билдирген "бөлтүрүк" деген сөздө сакталганын жазганбыз. Башкача айтканда, биздин илимий изилдөөбүз боюнча: Бөлтүрүк – "бала түрүк", "бала карышкыр"[35] деген сөз.

Туран аталыш да биздин оюбузча этнотопонимдик мааниге ээ. Индоевропа элдеринин көбүнүн тилдеринде "тур" – "талаа букасын"[36] билдирет. Эң кызыгы, бул сөз кыргыз тилинде да ушул мааниде айтылат. Мисалы, кыргыздын бир бөлүгү бодо малдын музоосун "торпок" дейт. Ал: "тур + бука", "тур+бак" деген сөздөрдөн куралган. Бул сөз тилден тилге өткөндө ошол элдин тил мыйзамына жараша: "тор-бука", "тор-бык", "тор-бог",

[30]Логашова Биби-Рабига, макала- "Из истории персидского эпоса (Туран)", Иранда "иран жана Туран дүйнөсү" аттуу конференцияда окуган макаласы.

[31]Древние авторы о Средней Азии, Хрестоматия, с-15, Ташкент, гос. Изд. Научно-технический и социально-экономический литературы Уз.ССР., 1940.

[32]Масов Р., Таджики: история с грифом "совершенно секретно", с-14, 28, Душанбе, 1995.

[33]Турал Б., Огуздар, Бишкек, "Бийиктик" басмасы, 2008ж., "Түрк этнониминин этимологиясы" деген макала.

[34]Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В., Индоевропейский язык и индоевропейцы, 515-бет, Тблиси, 1984г., изд. Тблисского университета,

[35]Байас Турал, Огуздар, 197-бет, Бишкек, 2008.

[36]Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В., Индоевропейский язык и индоевропейцы, 515-бет, Тблиси, 1984г., изд. Тблисского университета,

“торпок” ж. б. болуп өзгөрүлүп айтыла берет. Андай болсо, Туран – “торпоктордун өлкөсү” же “өгүздөрдүн өлкөсү” дегенди түшүндүрөрүнөн шек кылууга болбойт. Ал эми “өгүз” же “тур” орто кылымдарда “огуз” деген ат менен белгилүү болгон элдин тотеми экени илимде көп эле айтылып келатат. Кыргыз санжыраларындада түрк элдеринин түпкү жалпы аты – “огуздар” деп айтылат. Ошондон улам Туран адегенде “талаа букасын” тотем катары ыйык туткан байыркы көчмөн огуздардын өлкөсүн түшүндүргөнүн билебиз.

Эгер тарыхка “арий” деген аталыш менен түшкөн байыркы көчмөн араттардын[37] да башкы тотеми “бука” болгонун эске алсак, анда бул элдин этникалык өз аты – “огуздар” болгон деген жыйынтыкка келебиз. Андан улам мындан кийин түшүнүктүү болуш үчүн ыгына жараша көчмөн огуздарды – “араттар”, отурукташкан огуздарды – “арийлер” деп айтсак туура болот. Араттардын тотеми – “тур”, арийлердин тотеми – “өгүз” болгон.Отурукташкан огуздардын же арийлердин тилинде тотем катары сыйынган “ыйык бука” – “гош” деп айтылган. Биз кыргыздар бодо малды - “ош” деп, өзбектер – “хош” деп, анын байыркы арий тилиндеги атын айтып айдайбыз. Биздин тилде “өгүз” – “бычылган буканы” түшүндүрсө, өзбек тилинде “хөкүз” – “буканы” билдирет. Ошентип: “гош” – “гуш” – “гуз”– “огуз” – “өгүз – “хөгүз” – “хөкүз”деп,түрк тилдеринин ар кайсы диалектилеринде да өзгөрүп айтыла берген.

Индияга кирген арийлер “ат” менен “уйду” ыйык тутушса, Иранга кирген арийлер “уй” менен “итти” ыйык жаныбарлар деп эсептешкен. Мындан биз көчмөн огуздар же араттар“тур” (“бука”) менен “түрктү” (“бөрүнү”), ал эми отурукташкан огуздар же арийлер “гош” (“өгүз”) менен “сэкти” (“итти”) ыйык тутушканын билебиз.

Аягында, “үч элдин” түпкү ата-баларына айланган үч бир туугандын (Сар, Тур жана Күр) ысымдары азыркы түрк-монгол тилдеринде “бодо малды” түшүндүрөрүн айтмакчымын. Мисалы, “тур” тууралу жогоруда айттык, “сар” жөнүндө кеп кылсак, туба тилинде “шар” формасында сүйлөнөт да “музоону” түшүндүрөт. Бул сөз алтай тилинде “сарлык” деп айтылып “топозду” билдирет. Дал ушул сыяктуу эле “күр” да: “үкүр” (калмак), “үхэр” (монгол), “үкр” (венгер)формаларында айтылат, мааниси – “бодо мал”. Демек, үчөөсү тең – “огуздар”.

Бул үч бир туугандын ысымдары астрологиялык түшүнүктөр менен байланышы да мүмкүн? Мисалы, монгол тилинде сар - “айды”, ал эми байыркы тилдерде Тур – “күндү”, Күр – “жылдызды” билдирген учурлар да бар.

Махмуд ибн Валинин айтканы боюнча, Түркестанда жашаган эл ар заманда ар кандай аттар менен аталып келишкен. Мисалы, Яфастын уулу Турдун заманынан Могул хандын заманына чейин бул аймакта жашагандар өздөрүн «түрктөр» деп айтышкан. Могул хандын бийлиги орногондон кийин бул аймакта жашагандар «могулдар» деп атала башташты[38].

Батыш элдеринин окумуштууларынын башын айланткан маселе ушул. Түптөн келаткан салт боюнча, баш ийген элдер өзүн башкарган уруунун ысмы менен атала беришкен. Ак сөөк уруулар«хан уруу»менен кыз алып, кыз беришип, анан ошого карата да санжыраларынбайланыштырып кайра түзүп чыгышкан.

А чынында, Угуз хан – «огуздардын», Түрк ата – «түрктөрдүн», ал эми Магул хан – «моголдордун» түп атасы. Б. а. «огуз санжырасында»[39]Угуз – «каган», «түп ата», ал эми Түрк ата[40] – билги, хандын акылман кеңешчиси[41].

«Түрк санжырасында» «түп ата» - «Түрк»[42], ал эми Угуз хан анын«9-муундагы урпагы», Могол хан болсо, Угуз хандын «чоң атасы»[43] ж.б.

Негизи санжыра боюнча, жогорку үч династиянын түбү бир. Түрк санжырасынын маалыматына каратаүчөөнүн тең түп атасын«Яфес»деп айтсак болот.

Бирок, «тотемдик» белгилери боюнча, үчөө үч башка калк. Мисалы, огуздардын тотеми – «өгүз», б.а. атасы – «бука», энеси – «Ай хан» деген аял;түрктөрдүкү – «бөрү», б.а. энеси – «бөрү», атасы – «хандын уулу», монголдордуку – «бугу», б.а. энеси – «марал», атасы – «бөрү».

Ушул үч элдин ичинен биз-кыргыздар огуздарга көбүрөөк тиешелүүбүз. Ошол үчүн«огуз санжыраларында» «Кыргыз Угуз кагандын «небереси», «Кыргыз эли ошондон тарайт» деп айтылат. Биз Энесай кыргыздарынын келип чыгышы тууралу мифти чечмелеген учурда да Угуз кагандын түпкү тегине байланышкан санжыраны алабыз.

Дал мына ушул маанисиндегана биз “тур – түрк эмес, Туран – Түркстан эмес” деген сөзгө кошулабыз. Ал эми түрктөр менен огуздар түбү бир эл экенин эске алсак, анда улуу Фирдоуси жазгандай: “Туранды - “түрктөрдүн өлкөсү” деп түшүнүү ката эмес. Сөзүбүздүн акырында: “Турлар кимдер, Туран – кимдердин өлкөсү?” деген суроого: “Турлар – “көчмөн огуздар”, Туран – “көчмөн огуздардын өлкөсү” деп жооп беребиз.

Сыягы огуз дөөлөтү тууралу биринчи кеп кылган араб саякатчысы – Аль Якубинин огуздарды - “падышалар”деп айтканы жөн жеринен эмес окшойт? Чын эле, байыркы көөнө замандарда алардын бийлиги Алтайдан батышка карай Скандинав аралына, түштүк-батышка карай Египетке, түштүккө карай Инди деңизине, чыгыш-түштүккө карай Миң Аралга, чыгышка карай Жапан өлкөсүнө чейин таралган. Аны археологиялык казуулардан табылып жаткан ар кандай көлөмдөгү буканын айкелдери, бука баштуу таажылар жана мүйүздүү баш кийимдер далилдеп турат. Бул тууралу өз убагында окумуштуу Бернштам да баса белгилеген жери бар. Кыргыз ичинде “айры калпакты” туура кийгендер - багыш (бугу), ал эми айры калпакты

---

[37] Менин жеке пикиримде бул сөз (“арий”) түрк-монгол элдеринде “арат” формасында сакталган-Б.Т.

[38] Махмуд ибн Вали, Море тайн(География), Введение, перевод, примечания и указатели Б.А.Ахмедова, Ташкент, 1977г., с.32.

[39]“Огуз наме” дастанында

[40] Эпосто ысым – “Түрүк ” деп берилет

[41] Огуз наме, дастанда минтип айтылат: «Кагандын кеңешчиси бар эди ысмы улуу Түрүк, жайкалган аксакалы, буурул кары, кылымды билген кыраа эле,сүйлөгөн кеби мураа эле».(кырг.которгон Ч.Өмүралиев, Өгүз каган, Кыргыздар, 1-том, 368-бет.)

[42] Мисалы, О.Сыдык уулунун санжырасы: «Яфастан төрт уул болуп, улуусу Түрктүр» деп башталат. // Кыргыздар, 1-том, 54-бет.

[43] Ошол эле жерде, 55-бет.

алды-артын каратып кийгендер бука тотемине сыйынган уруулар болгону тууралу илимий болжолдор бар. Андай болсо, алар негизинен кыргыздын Сол Канатына кирген: Саруу, кытай, кушчу (кутчу), мундуз, басыз, төбөй уруулары болуп саналат.

Дагы бир кошумча айтып кете турган кабар -ал молдо Сабыр ажы менен белгилүү окумуштуу Омор Сооронов которгон «Насаб-наама» аттуу 1855-жылы Кудаяр хан жаздырган санжырага байланыштуу. Анда, Кара хан Могол хандын уулу катары берилип, кыргыздардын теги мындай делет: «Нух пайгамбардан Йафас, андан Түрк, андан Түтөк, андан Элже хан, андан Дебоку хан, андан Күйүк хан, андан Аланча хан, андан Могол хан, андан Кара хан, андан Угуз хан, андан Тоо хан, андан Кыргыз хан"[44].

Санжырада жазылган маалыматтарды сүрүштүрө эсептеп чыкканда, Түрк атанын тукумдары (анын бири Кыргыз хан) Ысык-Көлдүн жээгине келгенине 2839 жыл болгону айтылат. Бул маалымат китептин аннотациясында да жазылган.

Ал эми китептин ичиндеги маалымат - 3461 жыл мурун Йафастын уулу Түрктүн балдары көбөйүп, Ысык-Көлдүн айланасынан батышты карай тарап, көбү Дашти-Кыпчак талаасына кеткенин кабарлайт[45].

Биздин кийинки кездеги илимий изилдөөлөр - түрк элдеринин түпкү ата-бабалары болгон жана мифологиялык маалыматтарда эң алгачкы түрк мамлекеттерин түзгөн Угуз хан, Түрк ата жана Эр Манастын түпкү теги “огуздар” деп аталган көчмөн араттарга (турларга) барып такаларын көрсөтүүдө. Мунун өзү - “турандык Таргитай” сыяктуу эле “ирандык Трайтаона” да “огуздардын” бир бутагынан чыккан түп ата болгон” деген жыйынтыкты алдыга жылдырат.

Колдонулган Адабияттар:

Авеста, Избранные гимны, Душанбе, Адиб,1900./ пер. с авестийского и комментарии проф. И.М. Стеблин-Каменского.

Аджи Мурад, Тюрки и мир: сокровенная история., М., 2004.

Байас Турал, “Түрк этнониминин этимологиясы”, макала // Огуздар, “Мегамедиа”, Бишкек, 2008.

Бартольд В.В., Туркестан в эпоху монгольского нашествия, , т-1, изд. Восточной литературы, М., 1963.

Бутанаев В.Я., Бутанаева И.И., Энесай кыргыздары: фольклор жана тарых, “Кыргызстан-Сорос” фонду, Бишкек, 2002. Кыргызчага которгон проф. О.К.Каратаев.

Бутанаев В.Я., “К вопросу о кыргызско-хакасских этнографических связах” деген статьясын караңыз // Кыргызы 2-1вв до н.э., Этногенетические и этнокультурные процессы в древности и средневековье в Центральной Азии, Бишкек, “Кыргызстан”, 1996.

Гамкрелидзе Т.В., Иванов В.В., Индоевропейский язык и индоевропейцы, Тблиси, 1984г.

Гумилев Л.Н., Древняя Русь и Великая степь, М., Мысль, 1993.

Гумилев Л.Н., География этноса в исторический период, Ленинград, Наука, 1990.

Дамдинсурен Ц., Исторические корни Гессериады, М.,1957.

Дугаров Р.Н., Этноним хор в Тибетской историографии // Исследование по ономастике Бурятии, Улан-Удэ, 1987.

Древние авторы о Средней Азии, Хрестоматия, Ташкент, гос. Изд. Научно-технический и социально-экономический литературы Уз.ССР., 1940

История Казакстана, Алматы, “Даур”, 1993.

Логашова Биби-Рабига, “Из истории персидского эпоса (Туран)” // Иран ислам Республикасында “Иран жана Туран дүйнөсү” аттуу конференцияда окулган макала.

Масов Р., Таджики: история с грифом “совершенно секретно”, Душанбе, 1995.

Махмуд ибн Вали, Море тайн(География), Введение, перевод, примечания и указатели Б.А.Ахмедова, Ташкент, 1977.

Мифы народов мира, т-1, М., СЭ., 1992.

Мифы народов мира, т-2, М., СЭ., 1992.

Насаб-наама, Мамлекеттик тил фонду, Бишкек, 2003. Чагатай тилинен которгондор: молдо Сабыр, Омор Сооронов.

Огуз наме, М., 2000. Байыркы уйгур тилинен орус тилине которгонА.М. Щербак.

Татаринцев Б., макала: “Туран и Уюк” – откуда произошедшие слова?”, // журнал “Улуг Кем”, 1994.

Тенишев Э.Р., Этнический и родоплеменной состав народности юйгу // Советская этнография №1, 1962.

Тукембаев Ч.А., Колыбель арийской расы, Бишкек, Национальная Академия наук КР, Институт физико-технических проблем и материаловедения; Кыргызский национальный университет им. Ж.Баласагына, Научно-исследовательский центр Навье-Стокса, 2011.

Рерих Ю.Н., По тропам Срединной Азии, Хабаровск, 1982.

Ригведа, М., Наука, 1989. \издание подготовила Т.Я.Елизаренкова\.

Румянцев Г.Н., Происхождение хоринских бурят, с-121, 125, Улан-Удэ, 1962.

Худокулипур А.,макала: “Географическиеи культурные границы кипчаков” // Материалы круглого стола: “Историко-культурные взаимосвязи Ирана и Дашт-и-кипчака в XIII-XVIII вв.”, Алматы, 2004.

Якубов Ю., Религия древнего Согда, Душанбе, “Дониш”, 1996.

Юсифов Ю.Б., К этногенезу азербайжанцев // Фольклор, литература и история Востока, Ташкент, 1984.

[44] Насаб-наама, 20-бет., Мамлекеттик тил фонду, Бишкек, 2003ж. Чагатай тилинен которгондор: молдо Сабыр, Омор Сооронов.

[45]Насаб-наама, 20-бет.

ЕНИСЕЙ ЖАЗМА ЭСТЕЛИКТЕРИНДЕ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮКТҮ ЧАГЫЛДЫРГАН ТИЛДИК КАРАЖАТТАР

Нурдин УСЕЕВ[*]

Белгилүү болгондой Енисей жазма эстеликтери байыркы түрк мамлекеттеринин бири болуп эсептелген Енисей кыргыз кагандыгынан калган жазма эстеликтер. Бул жазма эстеликтердин басымдуу бөлүгү эл башкарган кагандарга, бектерге, аскер башчыларына арнылып тургузулгандыктан мамлекеттүүлүккө байланыштуу маалыматтарды камтыбай коюшу мүмкүн эмес. Биз бул билдирүүбүздө аталган жазма эстеликтерде учураган жана мамлекеттүүлүктү чагылдырган *эл-кан, теңридеки күн-ай, йердеки эл-кан, эл төрүси, эл тутмак* жана *бодун башламак, эл ичреки* жана *эр санймак* ж.б.у.с. тилдик каражаттарды тилдик маданият таанымдын, когнитивдик лингвистиканын методдору менен анализге алып, тарыхчыларга жардам берүүнү көздөдүк.

Ачкыч сөздөр: Енисей жазма эстеликтери, Енисей кыргыз кагандыгы, мамлекеттүүлүк, эл-кан, тилдик каражат.

1. Жазма эстеликтерде мамлекет

Енисей жазма эстеликтеринде мамлекет түшүнүгү **эл** деген сөз менен берилген[1]. Ошол эле учурда **эл** сөзү аркылуу 1. уруулар бирдиги; 2. эл, калк; 3. мамлекет, админстративдик бирдик деген маанилер да чагылдырылган (Надельяев жана башк., 1969: 168-169). Бул сөз азыркы кыргыз тилинде *эл, калк* деген гана маанисин сактап калган. Бул жерде көңүлдү бура турган нерсе эл, калк жана мамлекет түшүнүктөрүнүн бир сөз менен берилиши. Тагыраак айтсак, бул түшүнүктөрдүн бири-биринен ажырагыс түшүнүктөр экендиги бир сөз менен берилип, белгилениши. Демек, Енисей кыргыздарынын түшүнүгүндө эл менен мамлекет бири-биринен ажыратылып каралган эмес. Башкача айтканда, мамлекеттин ээси, булагы эл, калк экени белгиленип, мамлекеттин келип чыгышы боюнча айтылган марксисттик пикир төгүнгө чыгып отурат. Жогоруда айтылгандай бул жазма эстеликтерде кыскача өмүр-баяны чагылдырылган адамдар Улуу кыргыз дөөлөтүнүн курулушунда жана өнүгүп-өсүшүндө жигердүү эмгек өтөгөн адамдар болгон. Бирөө бек, бирөө кан, бирөө жөнөкөй адам болсо да ар биринин эстелигинде *мамлекет* маанисине келген **эл** сөзү бар. Бул сөз **теңри** жана **кан** сөздөрүнүн коштоосунда, же өз алдынча38 жазма эстеликте 69 жолу жазылган. Бул жагдай ал адамдардын жашоосунда мамлекеттин канчалык даражада маанилүү экенин көргөзгөн көрсөткүч.

Төмөн жакта мамлекетти чагылдырган **эл** сөзүнүн кайсы сөздөр менен бирге колдонулуп, кандай сөз айкаштарын түзгөнү жана бул сөз айкаштарынын Енисей кыргыздарынын, түрк элдеринин мамлекет түшүнүгүндөгү кандай өзгөчөлүктөрдү чагылдырганы иликтенди.

Эң алгач **эл** сөзүнүн берген маанилери менен этимологиясын чыгарып, кандайча *мамлекет* деген маанини билдирип калганынын аныктоо зарыл. Себеби философтордун айтканы боюнча белгилүү бир нерсени же кубулушту билдирген сөздүн өзүн эле тереңирээк изилдеп чыгуу менен ал нерсе же кубулуштун өзгөчөлүктөрүн; физикалык сын-сыпатын, адамга тийгизген таасирин, ошону менен бирге адамдардын ага берген баасын аңдап түшүнүү мүмкүн (Маслова, 2001: 3). Е.В.Севортьян **эл** сөзүнүн *кол, бармак, алакан, күч, кудурет, башкаруу, карамагындагы аймак* жана башка маанилерге келгенин белгилегенден кийин эң башкы, өзөк мааниси *кол* экенин жазат (Севортьян, 1974: 260-261). М.Ескеева да бул пикирге кошулуп, казакчада *кол* маанисине келген **кол** сөзүнүн *аскер, армия, кол* маанилерине келгенин белгилегенден кийин адам колунун маанисине токтолот (Ескеева, 2007: 305). Биздин оюбузча *мамлекет, эл* маанисине келген **эл** сөзү менен *кол, адамдын кармоого ылайыкталган мүчөсү* деген маанини берген **эл** сөзүнүн ортосундагы байланыш чындыкка жакын.Себеби төмөн жакта айтыла тургандай жазма эстеликтерде *башкаруу* маанисинде **эл тут-** татаал этиши колдонулат. Бул татаал этиш *мамлекет* маанисине келген **эл** зат атоочу менен *тутуу, кармоо* маанилерин чагылдырган **тут-** этишинин жалганышынан куралып, *мамлекетти башкаруу, мекен кылуу* маанилерин берет. Аталган татаал этишти сөзмө-сөз которгонубузда *мамлекетти тутуу, кармоо, мамлекеттин бар болушун улантуу, кармап туруу* деген маанилерди берет. **Тут-** этишинин лексика-семантикалык мааниси *кандайдыр бир нерсенин кандайдыр бир нерсе менен кармалышы, тутулуусуна* байланыштуу. Муну менен бирге кыргыз тилинде **эки тизгин, бир чылбыр** фразеологизми *башкаруу, бийлик* деген маанилерди берет (Осмонова жана башк., 2001: 506). Тизгин менен чылбырдын аттын башын бурууда, башкача айтканда, башкарууда колдонулган жана кол менен кармалган ат жабдыктары экенин эске алсак, байыркы кыргыздарда, түрктөрдө башкаруу, бийлик тутулушу, кармалып турушу керек болгон түшүнүк катары кабыл алынган деп айта алабыз. Тутуу, кармоо, кармап туруу иш-аракетин ишке ашыруу үчүн эң керектүү нерсенин кол экенин эске алсак, мамлекетти билдириш үчүн **эл** сөзүнүн колдонулганы логикага каршы келбейт.

1.1. Теңри эл

Теңри сөзү жазма эстеликтерде *көк жүзү, асман* жана *кудай, теңир* маанилерине келет (Надельяев жана

---

[*]Доц.м.а., докт., Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Түркология бөлүмү, Бишкек, Кыргызстан.

[1] Тилекке каршы бул сөз советтик адабиятта идеологиялык максатта ачык көрүлгөн чыныгы мааниси бурмаланып, карапайым элге каршы коюлган, өкүмдардын жана бектердин укум-тукумунун өкүлдөрүн, башкача айтканда, аристократияны билдирген сөз катары аныкталган. Мисалы, “*Кыргызстандын тарыхы*” аттуу эмгектин I томунун 134-бетинде ушундай деп берилген.

башк., 1969: 544): **теңрим** чөк бизке (*Кудайым бизге түш (жардам бер)*) (Е 36, 2); буңусуз улгаттым, буң бу эрмиш: **теңридеки** күнке, йердеки элимке бөкмедим (*Муң-кайгысыз улгайдым (жашадым), муң-кайгы бул экен: асмандагы күнгө, жердеги мамлекетиме тойбодум*)(Е 7, 2-3). Булардан башка **теңри эл** сын атоочтук сөз айкашында *ыйык* деген да маани берет (Надельяев жана башк., 1969: 544).

Мамлекет маанисине келген **эл** сөзү жазма эстеликтерде 69 жолу учураса, булардын он бешинде **теңри** (ыйык) сөзү менен сыпатталган: бен **теңри элимке** (теңри) элчиси эртим, алты баг бодунка беги эртим (*Мен ыйык мамлекетиме кудайдын элчиси элем, алты уруу элиме беги элем*) (Е 1, 2); куйда кунчуйым, эки огланыма, эсизиме, йаңус кызыма, **теңри элимке**, башда бегимке бөкмедим (*Ак өргөөмдөгү ханышама, эки уулума, кайрандарыма, жалгыз кызыма, ыйык мамлекетиме, башымдагы бегиме тойбодум*) (Е 16, 1-2) жана башкалар. Башкача айтканда, мамлекеттин бул адамдар үчүн ыйык болгону **теңри** сөзү аркылуу баса белгиленген. Кыргыз, түрк мамлекет түшүнүгүнүн изилдениши боюнча абдан кызыктуу жагдай – бул жазма эстеликтерде мамлекеттин башка айрым элдерде көрүлгөндөй улуу, чоң, бай сыяктуу сыпаттар менен эмес, *ыйык* маанисине келген **теңри** сөзү менен сыпатталышы. Мамлекеттин ыйык деп сыпатталышы байыркы кыргыздардын, түрктөрдүн мамлекетке болгон аяр, назик жана сезимтал мамилесин көргөзүп турат. Демек, байыркы кыргыздар, түрктөр мамлекеттин ыйык экендигине ишенишкен жана муну өздөрүнүн жашоосу чагылдырылган эстеликтеринде белгилешкен. Жөн гана белгилеп койбой, аялы, балдары сыяктуу ал үчүн баалуу, маанилүү болгон жакындарынын жанына жайгаштырып жазып, ага тойбой аркы дүйнөгө кетип бара жатканына кайгырган. Мамлекетти ыйык деп эсептеп, дин менен бир бүтүндүктө кароо башка байыркы элдерде да учурайт(Политическая энциклопедия I, 2000: 270-271). Н.М.Тукешева кагандардын теңир, кудай тарабынан дайындалышын кагандын бийлигин легалдаштыруу, мыйзамдаштыруу үчүн да керек болгонун белгилейт (Тукешева, 2007: 13).

1.2. Эл-кан

Эл сөзү **теңри** сөзүнөн башка *өкүмдар, падыша* маанисине келген **кан** сөзү менен биргеликте **эл-кан** кош сөзүн уюштуруп, он жети жазма эстеликте он тогуз жолу кезигет: **элиме-каныма** бөкмедим (*Мамлекетиме-ханыма тойбодум*) (Е 11, 7);алту(н) шоңа келип, **элим-каным** төрүсин бунтаур(т)ым(*Алту(н)-Соңага келип, мамлекетим-канымдын мыйзамдарын бул жерге орноттум*) (Е 38, 1-3); көк теңриде эсиз күн-ай эрмиш, йагыз йерде эсиз **эл-кан** эрмиш, бөкмедим, айыта, эсизе (*Көк асманда кайран күн-ай болгон экен, күрөң жерде кайран мамлекет-кан болгон экен, аларга тойбодум, аттиң ай*) (Е 148, 4); көк теңриде күн-ай эсизиме (б)өкмедим, ай(ыта),йагыз йерде **элим-каныма**, эсизиме, айыта,кадашыма, айыта, эсизиме, бөкмедим, айыта (*көк теңирдеги күн-ай кайрандарыма тойбодум, аттиң ай,күрөң жердеги мамлекетим-каныма, кайрандарыма, аттиң ай,туугандарыма, аттиң ай, кайрандарыма, тойбодум, аттиң ай*) (Е 149, 2-5)' ж.б.

Жогоруда берилген мисалдарда **эл** жана **кан** сөздөрү өздөрүнүн лексикалык маанилерин сактаган түрдө колдонулса да эки сөз маанилик жактан жуурулушуп жалпы *мамлекет* маанисин чагылдырууда. Мисалы, 'алту(н) шоңа келип, **элим-каным** төрүсин бунтаур(т)ым(*Алту(н)-Соңага келип, мамлекетим-канымдын мыйзамдарын бул жерге орноттум*) (Е 38, 1-3)' сүйлөмүндөгү *мыйзам, каада* маанилерин берген **төрү** сөзү **эл** сөзүнө да, **кан** сөзүнө да бирдей таандык. Мындан башка 'теңри каным-элим, эсизиме адырылтым (*Ыйык каным-мамлекетим, кайрандарымдан айрылдым*) (Е 50, 1)' сүйлөмүндөгү **теңри** сын атоочу аркылуу **кан** жана **эл** сөздөрүнүн экөөсү тең сыпатталууда. Анын үстүнө кош сөздөр эки же экиден көп сөздүн туруктуу айкашынан түзүлүп, жалпылаштырылган бир маанини билдирген тил бирдиги, бир нерсени, бир сыпатты, бир кыймыл-аракетти чагылдыруу үчүн бирдей милдетти аткарган эки сөздүн биригишинен келип чыккан сөз айкашы катары аныкталып, маанини күчтөндүрүү, жалпылоо, адабийлештирүү сыяктуу милдеттерди аткарганы белгиленет (Karahan, 2007: 60; Кудайбергенов жана башк., 1980: 109).

Мамлекет маанисине келген **эл** жана *өкүмдар, падыша* маанилерин берген **кан** сөздөрүнүн лексика-семантикалык жактан бир бүтүнгө айланып, жазма эстеликтерде **эл-кан** кош сөзү түрүндө учурашы байыркы кыргыз, түрк мамлекет түшүнүгүндөгү маанилүү бир жагдайды чагылдырып турушу өңүтүнөн маанилүү. Белгилүү болгондой, Чыгыш, анын ичинде түрк элдеринде, кыргыздарда мамлекеттин куралышы, өнүгүшү күчтүү бир лидерге, башкача айтканда, жазма эстеликтерде учураган канга байланыштуу. Мисалы, кытайлардан жеңилип, өздөрүнүн ата-журтунан сүрүлгөн кыргыздар Манастын эр жетип, чоңоюшунун жыйынтыгында кан болуп шайланышы менен кайрадан жанданып, бир мамлекет курушкан. Ал тургай, Бээжинге чейин жортуул жасаганга мүмкүнчүлүк түзгөн күчкө жетишкен. Бирок, Манастын каза болушунун айынан мамлекет колдон чыгып, Манас тарабынан бир бүтүн мамлекетке айланган элдер кайрадан чилдей тарашкан. Демек, жазма эстеликтерди тургузган кыргыздардын, башка түрк элдеринин мамлекет түшүнүгүндө мамлекеттин курулушу жана өнүгүшү күчтүү лидерге, канга байланыштуу болуп, мамлекет менен өкүмдар бир бүтүн нерсе катары кабыл алынган. Муну "көк теңриде эсиз күн-ай эрмиш, йагыз йерде эсиз **эл-кан** эрмиш, бөкмедим, айыта, эсизе (*Көк асманда кайран күн-ай болгон экен, күрөң жерде кайран мамлекет-кан болгон экен, аларга тойбодум, аттиң ай*) (Е 148, 4)" сүйлөмүндөгү салыштыруу өтө так жана көркөм формада далилдөөдө. Аталган сүйлөмдө кара-күрөң жердеги мамлекет менен өкүмдар көк жүзүндөгү, асмандагы күн менен айга окшоштурулган. Ай менен күндүн дүйнө элдеринин күнүмдүк жана мифологиялык түшүнүгүндө ар дайым бир бүтүн нерсе катары кабыл алынганын эске алсак, кыргыздарда, башка түрк элдеринде мамлекет менен өкүмдар да ай менен күн сыяктуу бир бүтүн нерсе катары кабыл алынганын көрөбүз.

Бул жерде үстүндө турушубуз керек болгон башка бир жагдай өкүмдарды билдирген **кан** сөзүнүн этимологиялык курулушу жана лексика-семантикалык мааниси. Бул сөздүн кытайчадагы *өкүмдар* маанисине

келген **кван** сөзүнөн келип чыккандыгы айтылат (Махпиров, 1997: 128). Мунун жанында **каган** сөзүнүн ортоңку муун **га** муунунун түшүп калган варианты катары да белгиленет (Тенишев жана башк., 2006: 531). Биздин оюбуз боюнча аталган сөз М.Ердал жана Т.Текин тарабынан *үй-бүлө* маанисине келген **ка** уңгусуна атоочтон атооч жасоочу **+ң**мүчөсүнүн жалганышы менен курулуп, *ата* деген мааниге келгендиги айтылган (Erdal, 1991: 161) **каң** сөзү менен уңгулаш болуп, маанилик жактан да байланышта болушу мүмкүн. А.Н.Кононов байыркы түрк, кыргыз тилинде мурунчул **ң** тыбышынын **н** жана **г** тыбыштарына айланышын фонетикалык жол менен сөз жасоонун бир түрү катары кабыл алып, мисал катары **йа** уңгусунан **йан** (жан жак) жана **йак** (жака, чек) сөздөрүнүн келип чыкканын берет (Кононов, 1980: 103-104). Ушуну эске алсак, *ата* маанисине келген **каң** жана *өкүмдар, падыша* маанилерин берген **кан** сөздөрүнүн **ка** уңгусуна **ң** жана **н** тыбыштарынын жалганышы менен түзүлгөн уңгулаш жана маанилик жактан да байланыштуу сөздөр деп белгилей алабыз. Демек, тилде **кан** сөзү менен аталганына караганда өкүмдар, эл башчысы байыркы кыргыздар, түрктөр тарабынан үй-бүлө башчысы болгон ата сыяктуу кабыл алынган. Башкача айтканда, мамлекет делген чоң үй-бүлөнүн атасы. Бул пикирибизди колдоого алган пикир С.Кожага таандык. Аты аталган окумуштуу каганга башкаруу бийлигинин, мүмкүнчүлүгүнүн кудай, теңир тарабынан берилгенин, түрк кагандары да өзүнө берилген бийликти, күчтү элдин жакшылыгына колдонгонун, жыйналган, табылган материалдык байлыкты элге акыйкат тараткандыгын белгилегенден кийин кудай, теңир тарабынан түрк каганына өзүнчө эле бир "аталык" милдети жүктөлгөнүн жазат (Koca, 2003: 67).

Байыркы түрк түшүнүгү боюнча кагандар кудай, теңир тарабынан шайланып, каганга мамлекетти башкаруу милдети кудай, теңир тарабынан берилет (Koca, 2003: 66-67). Бул жагдай Билге Каган жана Көл Тигин жазма эстеликтериндеги "теңри тег теңриде болмыш түрк билге каган бу өдке олуртым (*Мен теңир сыяктуу Теңирден болгон Түрк Билге Каган бул заманда (тактыга) отурдум*)" сүйлөмүндө көрүлөт. Белгилүү болгондой, Енисей жазма эстеликтеринин арасында Көл Тигин же Билге Каган жазма эстеликтери сыяктуу тарыхта терең из калтырган чоң империяны башкарган адамдарга арналып тургузулган көлөмдүү, тарыхый окуяларды деталдуу түрдө чагылдырган жазма эстеликтер жокко эсе. Ошентсе да, изилдөөгө алынып жаткан жазма эстеликтердин ичинде Барс Бек сыяктуу кагандарга арналган бир канча орто көлөмдөгү жазма эстеликтер менен бирге жергиликтүү уруулардын башында турган бектерге, эрдиги менен эл оозунда калган баатырларга арналып тургузулган чакан жазма эстеликтер да бар. Ошол жазма эстеликтерде кандын кудай тарабынан шайланганы тууралуу кыйыр маалыматтар жок эмес. Мисалы, Е 53 Элегешт III жазма эстелигинде учураган "көк теңриде болтик эр ол кан уры төремиш (*Көк асмандан болгон(жаралган) эр,ал канданэркек(тукум) жаралды (тарады)*) (Е 53, 1)" сүйлөмүндө кандын көк жүзүнөн, асмандан, башкача айтканда кудай тарабынан жаратылганы айтылууда. Демек, байыркы кыргыздар да өкүмдарларга башкаруу күчүнүн, бийликтин кудай тарабынан берилгенине ишенишкен.

Башка бир көңүл бурулушу керек болгон нерсе жазма эстеликтерде кандын, башкача айтканда, өкүмдардын белгилүү бир адамга байланбашы. Жогоруда да белгиленгендей **кан** сөзү бир топ жазма эстеликте орун алып, байыркы кыргыздардын, түрк урууларынын коомдук турмушундагы орду, чоң мааниси көргөзүлгөн. Ал тургай Е 47 Сужи жазма эстелигинде маркум "огланым, эрде марымынча бол, **канка** тап, катыглан (*Уулдарым, эрлердин арасындаустатыбыз сыяктууболгула, канга кызмат кылгыла, кайраттангыла*) (Е 47, 9)" деп канга кызмат кылууларын бир ата насааты, керээзи катары жазып калтырган. "илимке, **канымка**бөкмедим (*Мамлекетиме, каныма тойбодум*) (Е 32, 14)" сүйлөмүндө болсо маркум мамлекети менен өкүмдарына тойбой аркы дүйнөгө кетип бара жатканын айтат. Бирок, негизгиси, бул мисалдардан көрүнгөндөй кандын, өкүмдардын ысымы аталган эмес. Ошондуктан байыркы кыргыздарда, түрк элдеринде кан/өкүмдар институтунун бир кишиге байланбай, коомдук институт катары калыптанып калганын айта алабыз.

Сужи жазма эстелигиндеги "огланым, эрде марымынча бол, **канка** тап, катыглан (*Уулдарым, эрлердин арасындаустатыбыз сыяктууболгула, канга кызмат кылгыла, кайраттангыла*) (Е 47, 9)" сүйлөмүндө өкүмдарга, канга кызмат кылуунун бир ата насааты, керээзи экени, өкүмдарга, канга кызмат кылуунун маанилүү, ыйыкмилдет болгону көрүнүп турат. Себеби байыркы түрк элдеринде, анын ичинде кыргыздарда өкүмдарга, канга кызмат кылуу бир эрдин, эркектин ата-мекенди сүйүү, эр жүрөктүк жана баатырдык сыяктуу негизги жана маанилүү сапаттарынын бир катары эсептелген (Угдыжеков, 1998: 34-35).

1.3. Теңридеки күн-ай, йердеки эл-кан

"көк теңриде эсиз **күн-ай** эрмиш, йагыз йерде эсиз **эл-кан** эрмиш, бөкмедим, айыта, эсизе (*Көк асманда кайран күн-ай болгон экен, күрөң жерде кайран мамлекет-кан болгон экен, аларга тойбодум, аттиң ай*) (Е 148, 4)"; "көк теңриде **күн-ай** эсизиме (б)өкмедим, ай(ыта),йагыз йерде **элим-каныма**, эсизиме, айыта,кадашыма, айыта, эсизиме, бөкмедим, айыта (*көк теңирдеги күн-ай кайрандарыма тойбодум, аттиң ай,күрөң жердеги мамлекетим-каныма, кайрандарыма, аттиң ай,туугандарыма, аттиң ай, кайрандарыма, тойбодум, аттиң ай*) (Е 149, 2-5)"; "буңусуз улгаттым, буң бу эрмиш: теңридеки **күнке**, йердеки **элимке** бөкмедим (*Муң-кайгысыз улгайдым (жашадым), муң-кайгы бул экен: асмандагы күнгө, жердеги мамлекетиме тойбодум*)(Е 7, 2-3)"сүйлөмдөрүндөгү үстүндө токтолушубуз керек болгон нерсе – бул жердеги мамлекет менен өкүмдардын, кандын көк жүзүндөгү, асмандагы күн менен айга салыштырылып колго алынышы. Бул сүйлөмдөрдө бир жагынан көк жүзү, асман – кара-күрөң жер салыштырмасы, экинчи жагынан күн/ай – мамлекет/өкүмдар байланышы курулган. Орто кылымдардагы адамдар үчүн көз жүзүнүн, асмандын түбөлүк асман телолору катары кабыл алынган күн менен айдын адамзаттын жашоосундагы ордунун чоң экендиги талашсыз чындык. Ушундан улам айрым элдердин ишениминде күн кудай катары кабыл алынып, аска бетиндеги сүрөттөрдө,

петроглифтерде көп тартылган[2]. Байыркы түрк ишениминде да ай менен күн өзүндө рух камтыган барлыктардын башында турган. Мына ошондуктан түрк кагандары эртең менен жаңы чыккан күнгө, кечинде болсо айга салам беришчү (Коса, 2003: 165-166). Булардан мындай жыйынтыкка келүү мүмкүн. Байыркы кыргыздардын, түрк элдеринин түшүнүгүндө мамлекет менен өкүмдар күн менен ай сыяктуу маанилүү, кымбат деп эсептелип, асман күн менен айсыз болбогондой эле жер жүзү да мамлекет менен өкүмдарсыз элестетилбеген. Башкача айтканда, адамдардын турмушунда, күнүмдүк жашоосунда, адамзат делген түрдүн жашоосунун уланышында мамлекет менен өкүмдар ай менен күн сыяктуу эле зарыл, маанилүү болгон. Өкүмдардын күнгө салыштырылышы, окшоштурулушу өкүмдардын баардыгына бирдей карашы зарыл деген ойду, башкача айтканда, адилеттүү болушу керектигин белгилөөдөн улам келип чыкса керек. Кошумчалай кетчү башка бир нерсе Байыркы Чыгыш элдеринде жана Байыркы Египетте күн ааламдагы жалгыз кудай, өкүмдар да анын уулу болуп эсептелген (Мифы народов Мира, 1998: 461-462).

“буңусуз улгаттым, буң бу эрмиш: теңридеки **күнке**, йердеки **элимке** бөкмедим (*Муң-кайгысыз улгайдым (жашадым), муң-кайгы бул экен: асмандагы күнгө, жердеги мамлекетиме тойбодум*)(Е 7, 2-3)” сүйлөмүндө көрүлгөндөй көк асмандагы күн жердеги мамлекетке туура келет, башкача айтканда, жердеги мамлекет асмандагы күнгө салыштырылууда. Демек байыркы кыргыздар, түрк элдери үчүн мамлекет күн сыяктуу эле өтө маанилүү жана адамдардын жашоосу үчүн эң керектүү нерсе катары кабыл алынган. Дагы бир көңүл бурулушу керек болгон жагдай, бул сүйлөмдө маркум муң-кайгысыз чоңойгонун белгилегенден кийин каза болгонунан улам көк жүзүндөгү күнгө жана жердеги мамлекетке тойо албай, канааттана албай калганын, моокуму канбай аркы дүйнөгө кетип бара жатканын, бул окуянын да ал үчүн өтө кайгылуу болгонун жазып, кайгы-муңун билдирип жатат. Көңүл бурсак, ал жашоосундагы кайсы бир маселеге кайгырган жери жок, ал жердеги мамлекети менен көктөгү күнгө тойбой кетип бара жатканына кайгырууда.

Ушуну менен бирге Кутадгу Билигте өкүмдар Күнтогды (Күнтууду), башкы вазир да Айтолды (Айтолду) деген аттар, ысымдар менен аталган. Демек, байыркы кыргыздардын, түрк элдеринин күн/ай – мамлекет/өкүмдар байланышы, салыштырмасы, параллели ислам кабыл алынгандан кийин да улантылган. Ушундан улам Кутадгу Билиг байыркы кыргыз, түрк мамлекет түшүнүгүн чагылдырган эмгек дей алабыз.

1.4. Эл төрүси

Башка көктүрк тамгалуу жазма эстеликтерде да болгондой Енисей жазма эстеликтеринде да мыйзам, токтом, мамлекеттик эрежелер **төрү** сөзү аркылуу берилген. Аталган сөз Енисей жазма эстеликтеринен үч жазма эстеликте учурайт: уйар үчүн **төрүңин**эте бердим (*Кудуреттүү болгонум үчүн мыйзамыңды (бул жерге) орноттум*) (Е 92, 2), алту(н) шоңа келип, элим-каным **төрүсин** бунта ур(т)ым (*Алту(н)-Соңага келип, мамлекетим-канымдынмыйзамдарынбул жерге орноттум*) (Е 38, 1-3), кара бодуным катыгланың, эл **төрүсү** ыдмаң (*Калайык калкым кайраттан, мамлекеттин мыйзамдарын бузба*) (Е 10, 7).

Жогоруда берилген мисалдардан көрүнгөндөй **төрү** сөзү эки сүйлөмдө **эл-кан** жана **эл төрүси** түрүндөгү сөз айкаштарынын курамында орун алып, мамлекет менен өкүмдардын чыгарган мыйзамдарын, эрежелерин чагылдырууда. Белгилүү болгондой байыркы түрк мамлекеттеринде ар жылы үч жолу той, кеңеш, курултай деп аталган элдик жыйналыш өткөзүлгөн. Бул жыйналыштарда мамлекеттин түрдүү маселелери каралып, жаңы мыйзамдар жана эрежелер кабыл алынчу (Коса, 2003: 78-79). Төрү сөзү да мына ушул той, кеңеш, курултай деп аталган элдик жыйналышта кабыл алынган мыйзам жана эрежелерди билдирген. Жогоруда айтылган сөз айкаштардан **эл төрүси** сөз айкашын азыркы тилибизге оодарсак *мамлекет мыйзамдары*, башкача айтканда, *конституция* деген маани келип чыгат. **Элим-каным төрүси** сөз айкашы да *мамлекет менен өкүмдарымдын мыйзамдары* деген маанини берет.

Төрүнүн эмне экенин жакшылап түшүнүү үчүн жогоруда берилген сүйлөмдөрдөгү **төрү** сөзүнүн колдонулуш өзгөчөлүктөрүнө көңүл буруп, ар бирин талдоого алуу кажет. Е 92 жазма эстелигинде маркум “уйар үчүн **төрүңин**эте бердим (*Кудуреттүү болгонум үчүн мыйзамыңды (бул жерге) орноттум*) (Е 92, 2)” деп өзү кудуреттүү, күчтүү болгону, колунан келгени үчүн мамлекетинин мыйзамдары менен эрежелерин ишке ашырганын жазат. Демек төрү ишке ашырылышы, аткарылышы, колдонулушу керек болгон, ишке ашырылышында, колдонулушунда күчтү, жасай алуучулукту, кудуретти талап кылган бир түшүнүк. Мындан чыгарыла турган жыйынтык – мамлекеттин мыйзамдарын ишке ашыруу, сактоо байыркы кыргыздар үчүн өмүрүнүн эсеби берилген жазма эстелигинде чагылдырыла тургандай ыйык жана сыймыктуу милдет болуп эсептелген.

Е 38 жазма эстелигиндеги “алту(н) шоңа келип, элим-каным **төрүсин** бунта ур(т)ым (*Алту(н)-Соңага келип, мамлекетим-канымдынмыйзамдарынбул жерге орноттум*) (Е 38, 1-3)” сүйлөмүндө болсо маркум басып алган, каратып алган бир аймакка мамлекети менен өкүмдарынын мыйзамдарын, эрежелерин орнотонун айтып жатат. Демек, жаңы бир жерди мекендеген же башка бир элди карамагына алган байыркы кыргыздар ишти ал жерге, элге мыйзамдары менен эрежелерин орнотуудан башташкан.

Е 10 жазма эстелигинин ээси “кара бодуным катыгланың, эл **төрүсү** ыдмаң (*Калайык калкым кайраттан, мамлекеттин мыйзамдарын бузба*) (Е 10, 7)” деп калкына кайрылып, алардын кайраттанышын, мамлекет менен өкүмдардын мыйзамдарын, эрежелерин бузбашын, сактышын суранып жатат. Муну айтуу менен ал мамлекеттин түбөлүк калышы, элдин жакшы жашоосу үчүн мыйзам менен эрежелердин канчалык маанилүү экенин көргөзгөнгө аракет кылган.

---

[2]Крңз.: Солярные мифы, мифы народов мира, ред., С. А. Токарев, 1998, Москва, 461-462-беттер.

1.5. Эл тутмак жана бодун башламак

Енисей жазма эстеликтеринин ичинде ары көлөмү, ары мазмуну жагынан көңүлдү бурган жазма эстеликтердин бири болгон Е 45 Көжөлииг-Хову жазма эстелигинде маркум "беш йашымта каңсыз калып, токуз йегирми йашымга өгсүзболуп, катыгланып, отуз йашымга өге болтум. кырк йыл **эл тут(т)ум**, **бодун башладым**, таш йагыг йагыладым, элледим (*Беш жашымда атасыз калып, он тогуз жашымда энесиз болуп, кайраттанып, отуз жашымда өге болдум. Кырк жыл мамлекетти башкардым, элди бийледим, тышкы жоолор менен согуштум, мамлекет курдум*) (Е 45, 2-3-3-4)" түрүндөгү сүйлөмдө төмөнкүлөрдү белгилейт. Ал өзүнүн ата-энесиз калганына карабастан баардык кыйынчылыктарга туруштук берип, кайраттануу менен аракет кылып отуз жашында өге, башкача айтканда, премьер-министр болгонун, кырк жыл бийликте туруп, душмандар менен согушканын жазат. Бул сүйлөмдө жазма эстеликтердеги мамлекет түшүнүгүнүн изилденишинде пайдалуу боло турган эки татаал этиш бар. Алар **эл тут**- жана **бодун башла**- татаал этиштери. **Эл тут**- татаал этиши *мамлекет* маанисине келген **эл** жана *тутуу, кармоо* маанилерин берген **тут-** этишинен жасалып, *мамлекетти башкаруу, тутуу* деген маанини чагылдырат. Кожа мамлекетти башкаруунун **ил тут-** сөзү менен берилгенин белгилейт(Коса, 2003: 57). Аталган татаал этишти сөзмө-сөз которсок, *мамлекетти тутуу, башкаруу; мамлекеттин бар болушун улантуу, кармап туруу* деген маанилер чыгат. Мындан чыга турган жыйынтык – мамлекеттин уланышы, жашоосун сүрдүрүшү бийликтеги адамдардын жана элдин колунда болгон, башкача айтканда, тутулушу, кармалышы керек болгон нерсе.

Бодун башла- татаал этиши *эл, калк* маанисин берген **бодун** сөзүнөн жана *бир нерсени аткара баштоо; башында болуу, башкаруучу болуу, башкаруу* маанилерине келген **башла-** этишинен куралып, түз маанисинде *элди баштоо, элдин башында болуу, элге башкаруучу болуу*, өтмө мааниде *элди башкаруу* деген маанини чагылдырат. Бул жерде айта кетчү дагы бир нерсе **башла-** этиши аркылуу атка минерлердин элди кайсы бир жакка бурган, алдыңкы катарда туруп, аркасынан ээрчиткен, туура же туура эмес жолду көргөзгөн, ошону менен элди башкарган адамдар экени когнитивдик-семантикалык түрдө берилген.

1.6. Эл ичреки жана эр санймак

Е 41 Хемчик-Чыргаакы жазма эстелигинде орун алган "эл ичрегиңе эгидмишим эршин йок. эшим сеңүм канта. эр санймак не эргей (*Мамлекет кызматына тарбиялаганым аскер талапкерлерижок. Эшим генералым кайда? Эр саноо не болот (ким аскерлерди тарбиялайт)?*) (Е 41, 8)" сүйлөмүндө маркум мамлекеттин кызматы, мамлекетке кызмат кылуулары үчүн өзү тарбиялаган аскер талапкерлеринин жок болгонун белгилегенден кийин досу болгон генералдын кай жерде болгонун сурап, бул суражылоо менен алардын кайсы бир согушта каза болгондуктарын айтууда. Саптын аягында да "*Эр саноо не болот (ким аскерлерди тарбиялайт)?*" деп бир жагынан өзүнүн аскерлерди, эрлерди тарбиялаган, өстүргөн устаты болгонун, экинчи жагынан анын өлүмүнөн кийин бул ишти ким жасайт деген жапа чегип жатканын билдирген. Бул сүйлөмдө жазма эстеликтердеги мамлекет түшүнүгүн изилденишинде маанилүү болгон сөз айкаштары – бул **эл ичреки** изафети жана **эр санй-** татаал этиши.

Эл ичреки изафети *мамлекет* маанисине келген **эл** сөзү менен *сарай кызматчысы* деген маани берген **ичреки** сөздөрүнөн түзүлүп,*мамлекеттин сарай кызматчысы, мамлекет кызматы* деген маанилерди берет. Демек, мамлекетке кызмат кылуу атайын айтым, сөз менен берилип, бул кызмат кылуу үчүн өзгөчө даярдыктар керек болгон. Муну биз *аскерди, эрди тарбиялоо* деген маанини чагылдырган **эр санй-** татаал этшинен билсек болот. Аталган жазма эстеликтин ээси тирүүлүгүндө мамлекетке кызмат кылсын деп аскер талапкерлерин, эрлерди тарбиялачу. Ошол мезгилде азыркы учурдагыдай атайын билим-берүүчү мекемелердин болбогонун эске алсак, байыркы түрк, кыргыз коомчулугунда бул иш, тагыраак айтканда, мамлекетке кызмат кыла турган адамдарды, аскерлерди тарбиялоо иши устат-шакирт мамилеси аркылуу ишке ашкандай.

2. Бег

Жазма эстеликтердеги мамлекет түшүнүгүн аныктап изилдөөдө маанилүү болгон башка бир түшүнүк бул - **бег** сөзү аркылуу берилген уруу башчысы, бир уруунун же бир канча уруунун бирикмесинен турган элдин башында турган башчы. Бег көбүнесе бир канча уруунун бирикмесинен түзүлгөн кичине элдин башында турган жетекчи болгон. Муну биз "бен теңри элимке (теңри) элчиси эртим, алты баг бодунка **беги**эртим (*Мен ыйык мамлекетиме кудайдын элчиси элем, алты уруу элиме беги элем*) (Е 1, 2)" жана "элим-каныма адырылдым, бег эркиме, эсизиме адырылдым (*Алты уруу/бөлүк элде, жыйырма алты (жашымда) мамлекетим-канымдан айрылдым, бек эркимден, кайрандарыман айрылдым*) (Е 5, 4-5)" сүйлөмдөрүнөн билсек болот. Биринчи сүйлөмдө жазма эстеликтин ээси алты уруудан куралган элдин беги болгонун айтса, экинчи сүйлөмдө маркум бектик бийлигинен айрылганын жазып өзүнүн бек болгонун айтуу менен бирге мамлекети менен канынан айрылганын да белгилейт. Демек, бек болуп кызмат өтөгөн бул адамдын үстүнөн караган кан, өкүмдар болгон. Ушундан улам **бек** сөзү аркылуу бир уруунун же бир канча уруунун бирикмесинен түзүлгөн чакан элдин башында турган адамдар берилгенин айта алабыз.

Бег сөзүнүн *күчтүү, бек, бекем* маанисине келген **берик** сөзү менен байланыштуу болгону, ошондуктан башкаруучулардан күч талап кылынганы белгиленет(Тенишев жана башк., 2006: 530).

И.В.Кормушин айрым жазма эстеликтерде маркумдардын кандарынан эмес, бектеринен айрылгандыктарын белгилегендиктерине көңүл буруп, муну менен бектер өздөрүнүн көз карандысыздыктарын жарыя кылганын айткандан кийин бул жагдайдын мамлекеттин бир бөлүгү өзүнчө бөлүнүп кеткенинен уламбы, же бийликтин бир үй-бүлөдөн башка бир үй-бүлөгө өтүшүнөн уламбы деген суроону коет (Кормушин, 2008:

272). Чындыгында эле жазма эстеликтерге көз жүгүрткөнүбүздө айрым жазма эстеликтерде **кан**дын болушу керек болгон жерлерде **бег**тер турат: куйда кунчуйымка, оглымка, **бегимке**, кадашымка бөкмедим (*Ак өргөөдөгү ханышама, уулдарыма, бегиме, туугандарыма тойбодум*) (Е 22, 3), элимке, **бегимке** бөкмедим (*мамлекетиме, бегиме тойбодум*) (Е 23, 2). Жогоруда көрүнгөндөй бул сүйлөмдөрдө жазма эстеликтердин ээлери бегине тойбой калгандарын жазып жатышат. Өзгөчө экинчи сүйлөмдө **бег** сөзү **эл** сөзү менен тыгыз байланышта болуп, бир бүтүндү түзүүдө. Жогоруда айтылгандай *мамлекет* маанисине келген **эл** жана *өкүмдар, падыша* маанилерин берген **кан** сөздөрү маанилик жактан бир бүтүн болуп биригип, жазма эстеликтерде **эл-кан** кош сөзүн түзөт. "элимке, **бегимке** бөкмедим (*мамлекетиме, бегиме тойбодум*) (Е 23, 2)" сүйлөмүндө болсо кандын ордун бег алган. Демек, **бег** сөзү И.В.Кормушин белгилегендей мамлекеттин башчысын, эң жогорку башкаруучуну да билдирген. Ал тургай көктүрк кагандары тарабынан каган катары жарыяланып, бүтүн бир кыргыз мамлекетин курган Барс Бег да каган титулун албастан, бег деген титул менен эскерилген. Ошону менен бирге Орхон жазма эстеликтеринде каган-бектер-бодун иерархиясы чагылдырылган (Кляшторный, 1984: 145). Мына ушулардан улам Енисей жазма эстеликтерин мурас катары калтырган байыркы кыргыздардын тарыхында борбордук башкаруу болбогон жана баштарында бег турган уруулардын, чакан элдердин бөлөк бөлөк көз карандысыз бектиктер түрүндө жашаган мезгилдердин болгонун белгилөө мүмкүн.

Бег сөзү азыркы кыргыз тилинде *бийликти, башкарууну* билдирген **бийлик** сөзүнүн уңгусун түзөт. Башкача айтканда, **бег** зат атооч уңгусуна абстрактуу түшүнүктөрдү жасаган **+лик**мүчөсүнүн жалганышы менен *бектик, бек башкаруусу* маанисине келген **беглик** сөзү жасалган. Убакыттын өтүшү менен сөз ичиндеги жана аягындагы **г** тыбышынын жумшарып **й** тыбышына өтүшүнүн (тег- > тий-; андаг>андай) жыйынтыгында андан мурунку кең **э** тыбышы тар **и** тыбышына өтүп кеткен. Натыйжада **бийлик** сөзү келип чыккан. Мындан чыгарыла турган жыйынтык – байыркы кыргыздарда, түрктөрдө бийлик харизмалуу, бекем, билимдүү жана адилет кишилер аркылуу жүргүзүлгөн.

2.1. Башда бег же башкаруучулардын эл башында болушу

"куйда кунчуйым, эки огланыма, эсизиме, йаңус кызыма, теңри элимке, **башда бегимке** бөкмедим (*Ак өргөөмдөгү ханышама, эки уулума, кайрандарыма, жалгыз кызыма, ыйык мамлекетиме, башымдагы бегиме тойбодум*) (Е 16, 1-2)" жана "куйда кунчуйымка, өзде оглымка бөкмедим, эсизиме, теңри элимке, **башда бегимке** бөкмедим, эсизиме (*Ак өргөөдөгү ханышама, өрөөндөгү уулдарыма тойбодум,кайрандарыма, ыйык мамлекетиме, баштагы (бийликтеги) бегиме тойбодум, кайрандарыма*) (Е 14, 2-3)"сүйлөмдөрүндө **башда бег** сын атоочтук сөз айкашы жайгашкан. Бул сын атоочтук сөз айкашы түз маанисинде *баш, адамдын мээ жайгашкан мүчөсү*, өтмө маанисинде *бийлик, башкаруу* деген мааниге келген **баш** сөзүнө **+да** жатыш жөндөмө мүчөсүнүн жалганышы менен түзүлүп, *башта, бийликте* маанисине келген **башда** жана **бег** сөздөрүнөн куралып *баштагы, бийликтеги бег* деген маанини берет. Бул сын айтоочтук сөз айкашынын мааниси боюнча аталган сүйлөм жайгашкан жазма эстеликтин ээсинин уруусу же уруулар биримдиги кандын башкаруусундагы борбордук бийликке баш ийбеген, башында бег турган бир коомчулук. Көңүлдү бурган башка жагдай ушул эле сүйлөмдө *ыйык мамлекет* маанисине келген **теңри эл** сын атоочтук сөз айкашы жайгашып **башда бег**ке параллелдик түзүүдө. Мындай параллелдик башында бег турган уруу же уруулар биримдигинин бир мамлекет деңгээлинде болгонун көрсөтөт. Биздин оюбузча бегтердин башкаруусундагы уруулардын көз карандысыз мамлекеттер түрүндө жашоолорун сүрдүргөн мезгил башында кыргыздар турган Түштүк Сибирь түрк элдеринин Көктүрк жана Өтүкен уйгур кагандыктарынын карамагында болсо да айрым жагдайларда көз карандысыздыктарын сактаган мезгил болушу мүмкүн.

2.3. Эдгү бег же башкаруучулардын жакшы болушу

Е 71 Подкунинский жазма эстелигинин экинчи сабы "... төрки **эдгү** бегиме. (*...төркү ийги бегиме)* (Е 71,2)" деген сүйлөмдөн турат. Бул сүйлөмдө орун алган **бег** сөзү **төрки** жана **эдгү** сөздөрү аркылуу сыпатталган. **Төрки** сөзү *үйдүн сыйлуу бөлүгү* маанисине келген **төр** сөзүнө **+ки** жалпы таандык мүчөсүнүн жалганышы менен куралып, *төрдө отурган, кадыр-барктуу* деген маанини берет. **Эдгү** сөзү да *жакшы, ийги* маанилерин чагылдырат. Демек, бектер кадыр-барктуу жана жакшы адамдар катары сыпатталган. Бул жерде көңүлдү бурган жагдай – бул байыркы кыргызча, түркчө **эдгү** сөзүнүн азыркы кыргыз тилиндеги уландысы катары эскептелген **жакшы**сөзүнүн эл ичиндеги кадыр-барктуу кишилерди, бийликтеги адамдарды, эл башындагы бекти да билдириши. Мисалы, "Жамгырчынын ордуна жакшы кылып алалы" сүйлөмүндө **жакшы** сөзү *элди башкарган, бийликте турган адам* деген мааниге келет (КТС, 2010: 392). Мындан төмөнкүдөй жыйынтыкка келүү мүмкүн. **Эдгү** сөзү алгач бег, кан сыяктуу бийликте турган адамдарды сыпаттаган бир сөз катары колдонулган, кийин сын атоочтун затташуусу кубулушунун натыйжасында жалгыз башына бийликте турган адамдарды билдире баштаган. Демек, байыркы кыргыз, түрк мамлекет түшүнүгүндө бийликтеги адамдар ары келип чыгышы, түп-теги жагынан, ары жеке кишилик сапаттары жагынан жакшы адамдар болгон же ошондой болуш керек деп эсептелген.

2.4. Бег эрки же байыркы кыргыздарда, түрктөрдө бийлик жана эркиндик түшүнүгү

Е 5 Барык I жазма эстелигиндеги "алты огуш бодунда эң йегирми алты элим-каныма адырылдым, **бегэркиме**, эсизиме адырылдым (*Алты уруу/бөлүк элде, жыйырма алты (жашымда) мамлекетим-канымдан айрылдым, бек эркимден, кайрандарыман айрылдым*) (Е 5, 2-3)" жана Е 98 Уйбат VI жазма эстелигиндеги "эр **буңайун**, казгандыңыз, бөкмедиңиз **бег эрким** бег(*Эрдем*) *эрлер муңайууда, (анткени, сиз эмгектенип)*

таптыңыз, (бирок) тойбодуңуз бек эрким бек)(E 98, 1)" сүйлөмдөрүндө **эрк** сөзү жайгашкан. Аталган сөз *эрк, бийлик, сөзү жана буйругу өтүмдүү, кудурет, күч, күчү жетүү* деген мааниледри берет(DLT, I; 43). Демек, **бег эрки** сөз айкашы *бек бийлиги, харизмасы, кудурети, күчү жетүүсү* маанилерин чагылдырып, байыркы кыргыздардагы бийликтин өзгөчөлүктөрүн белгилөөдө.

Эрк сөзү Р.Рамстедт тарабынан сино-корейчедеги **ижек-нжек** "күч", монголчо **эрке** "күч", "кудурет" сөздөрү менен байланыштырылган. К.Брокельманн *эр, эркек* маанисине келген **эр** уңгусуна **–к** мүчөсүнүн жалганышы менен түзүлгөн сөз деп белгилесе, А.Вамбери байыркы уйгурча **эр** "эмгек, иш", "кыйынчылык", **эрик** "күч", "кудурет", "таяныч", чагатайча **эр, эрен** "эр", "эркек", **ирик** "күчтүү", "улуу", алтайча **эркин** "эркин, көз карандысыз" сөздөрү менен байланыштырган (Севортьян, 1974: 296). **Эрк** сөзү түрк тилдеринде *эрк, бийлик, сөзү жана буйругу өтүмдүү, кудурет, күч, күчү жетүү*маанилеринен башка *каалоо, укук, күч, пикир* жана *намыстуу, дурус* маанилерине да келет (Севортьян, 1974: 295-296). Мындан башка азыркы түрк тилдеринен кыргыз, казак, татар тилдеринде **эркин** түрүндө учурап, *эркин, көз карандысыз* деген маани берет. Белгилүү болгондой, тилдик маданият тааным, когнитивдик тил илими тармактарында сөздүн маанилик алкагы, тагыраак айтканда, чагылдырган башка маанилери, бул маанилердин ортосундагы байланыш да өтө маанилүү.Ошондуктан **эрк** сөзүнүн *эрк, бийлик, сөзү жана буйругу өтүмдүү, кудурет, күч, күчү жетүү*маанилеринен башка *каалоо, укук, күч, пикир* жана *намыстуу, дурус* маанилерине келиши, *эркин, көз карандысыз* деген маанини берген **эркин** сөзүнүн уңгусун түзүшү байыркы кыргыздардагы, түрктөрдөгү бийлик түшүнүгүн, бийликтен келип чыккан түшүнүктөрдү чагылдырышы боюнча чоң мааниге ээ. Булардан төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарсак болот. Байыркы кыргыздарда, түрктөрдө бийлик намыстуу, адилет жана харизмалуу адамдардын колунда болгон, күчкө, эркке ээ болуп, чыгарган адилеттүү чечимдерин башкабирөөлөргө жасата алган социалдык институт катары эсептелген. Алгачкы мааниси *эрк, бийлик, сөзү жана буйругу өтүмдүү, кудурет, күч, күчү жетүү*болгон **эрк** сөзүнөн кийин *эркин, көз карандысыз* деген маанинин келип чыгышы бир элдин өзүнүн бийлиги, башкаруусу, күчү болгондо гана эркин боло ала турганын чагылдырат.

Колдонулган адабияттар

Divanü Ligat-it-Türk Tercümesi I, II, III, IV (çev. Besim Atalay), 1998, Ankara, 4. baskı.

Erdal, Marcel, (1991), *Old Turkic Word Formation, A Functional Approach to the Lexicon*, Vol. I, Wiesbaden.

Ескеева, М., (2007), *Көне түрки жане казирги кыпшак тилдеринiң моносиллабтык негизи*, Алматы.

Karahan, Leyla, (2007), *Türkçede Söz Dizimi*, 12. baskı, Ankara.

Koca, Salim, (2003), *Türk Kültürünün Temelleri*, II. Cilt, Ankara.

Кляшторный, С.Г., (1984), Каган, беги и народ в памятниках тюркской рунической письменности, *Востоковедение, 9. Филологические исследования*/ *УЗ ЛГУ,* № 412. Серия востоковедческих наук.Вып. 25. Ленинград. с. 143-153.

Кононов, А. Н., (1980), *Грамматика языка тюркских рунических памятников (VII-IX вв.)*. Ленинград.

Кормушин И. В., (2008), *Тюркские Енисейские эпитафии: грамматика и текстология*, Москва.

КТС: *Кыргыз тилинин сөздүгү*, 2010, Бишкек.

Кудайбергенов, С. жана башк., (1980), *Кыргыз адабий тилинин грамматикасы, I бөлүм, фонетика жана морфология*, Фрунзе: Илим.

Маслова, В. А., (2001), *Лингвокультурология*, Москва.

Махпиров В. У., (1997), *Имена далеких предков*, Алматы.

Наделяев жана башк., (1969), *Древнетюркский словарь* Ленинград.

Осмонова Ж. жана башк., (2001), *Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү*, Бишкек, КТМУ.

Политическая энциклопедия, I, Москва, 2000.

Севортян, Е. В., (1974), *Этимологический словарьтюркских языков, Обшетюркские и межтюркские основы на гласные*, Москва: Наука.

Солярные мифы, *Мифы народов мира* (редактор: С. А. Токарев), 1998, Москва, с. 461-462

Тенишев Е. Р.жана башк., (2006), *Сравнительно-историческя грамматика тюркских языков, пратюркский язык-основа. Картина мира пратюркского этноса по данным языка*, Москва: Наука.

Тукешева, Н. М., (2007), *Эволюция представлений оверховной власти в обшествах тюркского периода (VI-XII вв.)*,Автореферат на соискание ученой степени кандидата исторических наук, Уральск.

Угдыжеков, С. А., (1998), О сакральном характере власти правителя в Хакасии VI-X вв., *Вестник ХГУ им. Н. Ф. Катанова*, Вып. VII. Серия 7. Общественно-политические науки, Абакан, с. 34-45.

DEDE KORKUT OĞUZLARINDA DEVLET TEŞKİLATI

Üçler BULDUK*

Dede Korkut hikâyeleri veya destanları Batı Türklerinin en büyük kolu durumundaki Oğuzların siyasi, sosyal ve edebi hayatlarını anlatan temel bir kaynak durumundadır[1]. Dede Korkut hikâyelerinde işlenen konular, aslında derin tarihi kökleri olan gerçek olayları, edebi bir üslupla anlatmaktan ibarettir. Bu nedenle, destanların verdiği bilgiler ile biz, Oğuzların nasıl bir devlet anlayışı ve yapılanışı sergilediklerini rahatlıkla izleyebiliriz.

Bize göre Dede Korkut veya Korkut Ata, tarihi şahsiyeti ile bütün Türk boylarında saygı duyulan bir kişi olduğundan, ismi de ona karşı gösterilen saygı ve alaka ile ilgilidir. Tarihi kaynaklarda daha çok Korkut Ata olarak bilinen Dede Korkut, Reşideddin Oğuznamesinde Peygamber devrinde 295 yıl yaşamış bir kişi olarak tanıtılır. Yine Reşideddin'e göre Onun babasının adı Kara Hoca olup, Bayat Boyu'ndan zuhur ettiği ileri sürülür[2]. Ebu'l-Gazi'nin Şecere-i Terakime'sinde ise Kayı Kara Hoca'nın oğlu olarak 3 padişaha vezirlik yaptığı söylenir[3]. Z. Velidi Togan, Reşideddin ve Şecere-i Terakime'deki kayıtlarda, Dede Korkut'un vezirlik ettiği Oğuz hanlarının isimlerindeki "Yavı =Yavkay" benzetmelerinden hareket ederek buradaki yavı kelimesinin "yabgu"dan bozma olabileceğini düşünmüş ve buna dayanarak Korkut Ata'nın Oğuzların müslüman olmalarından evvel, Göktürkler çağında yaşamış Oğuz yabguların nezdinde bulunmuş bir Türk hakimi olabileceğini iddia etmiştir[4]. Daha sonraki tarihlere ait verilen bilgilerden anlaşılıyor ki, Korkut Ata veya Dede Korkut, 8. Yüzyılda Hz.Muhammed zamanında yaşamış ve Oğuz hükümdarlarının veziri olarak 295 yıl ömür sürmüştür. Nitekim o birçok Türk boyunda hem hâkim, hem evliya hem de Oğuzun müşküllerini çözen ve gaibden haberler veren bir aksakallı ihtiyar olarak tanınmıştır[5].

Dede Korkut Kitabı veya Hikâyeleri Oğuz Türkleri'nin tarihi ve içtimaî hususiyetlerini ele alan abidevî bir eserdir. Hikâyeler Türk ve Dünya ilim âleminde büyük yankılar uyandırmış ve ortaya çıkarılışından bu yana kitap üzerinde birçok tetkikler yapılmıştır.[6] İlim âlemine tarih, edebiyat ve sosyoloji gibi alanlarda yeni belgeler katmakla beraber hikâyeler, akademik tartışmaların da ortaya çıkmasını beraberinde getirmiştir. İlmî araştırmaların artmasına vesile olan bu münazara ve tenkidler, Türk tarihinin önemli bir kısmının ve döneminin daha iyi ve şümullu tetkîkine de katkıda bulunmuştur. Bu sebeple Dede Korkut Kitabı Türkolojinin eskimeyen ve tükenmeyen konularından birisidir.

Bilindiği gibi destanlar, efsaneler ve masallar, bir cemiyetin standart kültür normlarını belirleyen folklorun önemli bir kısmını ortaya koyarlar. Efsane, sadece ilmî tecessüsü tatmin maksadıyla bir inceleme olarak ele alınmamalı, derin dinî istekleri, ahlakî özlemleri, içtimaî tabiyet ve hâkimiyet ihtiyaçlarını, hatta en önemlisi hayatın taleplerini tatmin etmek maksadıyla mütalaa edilmelidir.[7] Bu açıdan değerlendirdiğimiz zaman Dede Korkut hikâyelerinin büyük bir kaynak ve kültür mirası olduğunu hemen müşahade edebiliriz.

Dede Korkut destanlarında Oğuzların boylar halinde yaşayan, siyasi ve içtimai açıdan oldukça gelişmiş bir toplum oluşturdukları görülür. Bu anlamda baktığımızda Dede Korkut Oğuzlarının, bugünün modern devletleri için de geçerli olan, belirli devlet teşkilatı unsurlarına sahip olduklarını rahatlıkla söyleyebiliriz. Kısacası Dede Korkut Oğuzlarının sınırları belli bir ülkesi (Oğuz Eli), teşkilatlı bir halkı (Kalın Oğuz), siyasi hâkimiyet anlayışı (Han/Kut) ve siyasi teşkilatlanması (Kengeş/Divan) bulunmaktadır[8].

Oğuz ve Oğuz Eli

Reşidüddin'in Oğuznamesinin birinci bölümünde, Oğuz Eli'nin 24 boydan meydana gelmesi ve bunların da Boz-ok ve Üç-ok adları ile iki kola ayrılması tarihi bir gerçekliğe dayanmaktadır ve bu gerçek "Oğuz Eli"nin eski zamanlarda teşkilatlanmış bir "*el (il)*" olduğunun da ifadesidir[9].

Siyasi bir düzene sahip, belirli bir ülkede yaşayan halkın "Oğuz" adıyla anıldığını bilmekteyiz. Ancak destanlarda bu isim başka manaları ile de karşımıza çıkmaktadır ki, şu şekilde bir tasnif yapılabilir.[10]

1. Oğuz; el, oba manasına işlenmiştir. "Oğuz otururiken üstüne yağı geldi.""Oğuz gene eyyamla yurduna kondu." "Oğuz bir gün yaylaya göçdü."
2. Oğuz, "Türkmen sözü gibi halkın adını bildirir: "Oğuzun arsızı Türkmenin delisine benzer." Bazen "Oğuz", halkın adı olmakla onun fertlerine de şamildir. "Bir gün Ulaş oğlu Kazan Bey yerinde turmuş idi… Doksan tümen genç Oğuz sohbetine dirilmişti."
3. Oğuz, hükümdarın adıdır, şahıs adıdır; "Oğuz Han'ın ılkıcısı gelip, haber getirdi."

---

* Prof. Dr., Ankara Üniversitesi, Dil ve Tarih-Coğrafya Fakültesi, Tarih Bölümü, Genel Türk Tarihi Anabilim Dalı. Ankara, Türkiye.

[1] Dede Korkut yayınları için bkz.: M. Ergin, *Dede Korkut Kitabı-I* (Giriş-Metin-Faksimile), Ankara 1958, s. 1; O. Ş. Gökyay, *Dedem Korkut'un Kitabı*, İstanbul 1973; Ş. Cemşidov, *Kitab-ı Dedem Korkut*, Bakü 1977 (Tarafımızdan çevrilmiştir.); F. Kırzıoğlu, *Dede Korkut Oğuznameleri*, I. Kitap, İstanbul 1952.

[2] Reşideddin'den naklen; F. Sümer, "Oğuzlara Ait Destani Mahiyette Eserler", *DTCF Dergisi*, C. XVII, sayı 3-4, s. 371; Z. V. Togan, *Reşideddin Oğuznamesi, Tercüme ve Tahlili*, İstanbul 1982, s. 144; Togan'ın da belirttiği gibi Kara ve Kayı kelimeleri karıştırılmış görülmektedir.

[3] Ebu'l-Gazi Bahadır Han, *Şecere-i Terakime*, (Haz. M. Ergin), Tarihsiz, s. 58.

[4] P. Naili Boratav, "Dede Korkut Hikâyelerindeki Tarihi Olaylar ve Kitabın Telif Tarihi", *Türkiyat Mecmuası*, C. XIII (1958), s. 115.

[5] "Resul aleyhisselam zamanına yakın Bayat Boyundan Korkut Ata dirler bir er kopdı. Ol kişi Oğuzun tamam bilicisiydi. Nedir ise olur idi. Gayibden dürlü haberler söyler idi". Bkz.: M. Ergin, *Dede Korkut Kitabı I*, s. 9.

[6] Yapılan tetkikler için en derli toplu çalışmayı bibliyografya denemesiyle Süleyman Tülücü vermiştir; Süleyman Tülücü, "Dede Korkut Hikâyelerinin Kitap Halindeki Neşirleri Üzerine", *Türk Dünyası Araştırmaları*, sayı 25, Ağustos 1983, s. 149-168.

[7] Orhan Türkdoğan, "Dede Korkut Destanında Sosyal Hareketler", *Türk Kültürü*, Sayı 269, Yıl XXIV, s. 565.

[8] Devleti oluşturan unsurlar ve Türklerde devlet kurma geleneği için bkz.: Üçler Bulduk, "Türktördö Mamleket Kuruu Salltı", *Türk Tsivilizatsiyası Cana Mamlekettik Saltı, Uluslar arası Sempozyum Bildirileri Kitabı*, Bişkek 2004, s. 101-117.

[9] Faruk Sümer, "Oğuzlara Ait Destanî Mahiyette Eserler", *D.T.C.F. Dergisi*, C. XVII, sayı 3-4, s. 367.

[10] Şamil Cemşidov, *Kitab-ı Dede Gogut*, Bakü 1977, s. 39-40, (Hamid Araslı Neşrinden faydalanılmıştır.).

4. "Oğuz" yer adı olarak kullanılan, mesken, vilayet ve mahal şeklinde coğrafi bir objedir; "Dirse Han dişi ehlinin sözü ile ulu toy eyledi… hacet diledi. İç Oğuz ve Taş Oğuz beyleri üstüne yığnak etti."[11]

"Banu Çiçek Yaşmaklandı haber sordu, aydur;

- Yiğit gelişin handan (nereden)?

Beyrek aydur; İç Oğuz'dan

- İç Oğuz'dan kimin nesisen? Dedi
- Bay Büre Bey oğlu Bamsı Beyrek dedikleri menem" dedi.[12]

"Kanlı Koca… ağ sakallı, pir kocaları yanına çağırdı, bırakdı, İç Oğuz'a girdi, kız bulamadı, dolandı. Taş Oğuzu'na girdi bulamadı."[13]

Demek ki, "İç Oğuz" ve "Taş Oğuz" birbirinden farklı malum yaşayış yerlerinin adıdır. Dede Korkut'ta yaşayış yerlerinen biri de "Oğuz" şeklinde ifade olunur; "Mere Oğuz'dan bir bölük atlı geldi.", "Tepegöz Oğuz'dan çıkdı." Kitapta adı geçen "Kalın Oğuz" yahut "Oğuz Elleri" ise daha geniş ve şumüllü kavramlardır. O bütün ülkenin adıdır; "Yıkılsın Oğuz elleri, bana yarar kız bulamadım."[14]

Dede Korkut'ta geçen Oğuz Eli ile tarihi Oğuz Eli arasında da ortak yer adları bulunmaktadır[15]. Örneğin, Şecere-i Terakkime'de Oğuzların bu vatanı açıkça sınırlandırılmaktadır; "Oğuz ilinin yurtlarının gündoğusu Isık Göl ve Almalık, kıblesi Sayram ve Kazgurt Dağı ve Karaçık Dağı ve Demir Dağı, Uluğ Dağ ve Kiçik Dağdı ki, bakır menbaadır ve günbatısı Sir Suyu'nun ayağı "Yangıkent (Yenikent)"[16] ve Karakurum, bu söylenen yerlerin içinde, üzerinde 4 bin ve 5 bin yıl oturdular ve hangisinin kabilesi çoksa ondan padişah seçtiler[17]

Destanlardan Oğuz Eli'nin sınırlarının en güzel şekliyle Uşun Kocaoğlu Segrek boyunda görebiliriz; Ters Uzamış'ın Egrek'i; Mere Uşun Koca oğlu, bu oturan beyler, her biri oturduğu yeri kılıcı ile etmeğiyle alubdur. Mere sen başını kestin, kan mı dükdün, ac mı doyurdun, yalıncak mı donatdun" diye kızdırması üzerine, Egrek Kazan'dan akın dileyip "Şürügün[18] ucundan Gökçe Denize değen il çarpdı, galaba doyum oldu. Yolu Alınça kalasına uğramışdı. Kara Tekür orda bir koru yapdurmuşdu"[19] Segrek kardeşi Egrek'in esir edildiğini öğrenince "üç gün dünlü günlü yortup, Dereşum ucundan geçerek, ol kardaşa tutulan koruya geldi."[20] Kâfirleri yenen iki karder "Gelüp yine ol koruya girdiler. Yundları taşra çıkardılar. Davlumbaz urub yundları önlerine katdılar. Dereşam suyunu depüp geçdiler. Dün katdılar, Oğuz'un serhaddine yetdiler."[21]

Hakimiyet ve Han

Dede Korkut Hikâyelerinin görünürdeki konusu, Oğuz beylerinin kendi aralarında, tabiatla veya kâfirlerle yapmış oldukları mücadelelerden ibaret gibi düşünülebilir. Bu özelliği ile destan bir "kahramanlık hikâyesi" görüntüsü arz eder. Lakin Dede Korkut hikâyelerinin konu olarak ortaya koyduğu olaylar birer vesileden ileriye gitmez. Asıl anlatılmak istenen; Oğuz topluluğunun siyasi ve sosyal bünyesi ve teşkilatıdır. Kısacacı Oğuz kavminin hayatı bu hikâyeler aksetmiştir.[22] Konar-göçer hayat ile yerleşik hayat olaylarının birbirine karıştığı destanlarda Orta Asya Oğuzlarının toplum yapısını da aydınlatan yönler bulunmaktadır.

Toplum yapısının en üstünde "Hanlar Hanı Bayındır Han" durmaktadır. Fakat hikâyelerde doğrudan doğruya onunla ilgili olarak işlenmiş bir konu yoktur. O burada, büsbütün ikinci planda bir hükümdar olarak gösterilmiştir ve yerini Oğuz Alplerinin başı sıfatıyla, onun beylerbeyisi ve güveyisi olan Salur boyundan Kazan Alp almıştır. Alpler başı olması, birçok masal ve destanlarda rastlanan bir toplum özelliğidir. Devlet idaresinden tamamiyle uzak duran hükümdarın, kimi kez memleketin en kuvvetli bir hükümdarı olarak ortaya çıkması, Türk tarihinde de görülmektedir.[23]

"Tekebbürlik eyleyeni Tanrı sevmez, könlin yüce tutan erde devlet olmaz."

"Devletlü oğul kopsa ocağının közüdür. Oğul dahi neylesin baba ölüp, mal kalmasa, baba malından ne faide başda devlet olmasa, devletsiz şerrinden Allah saklasun hanum sizi."

Yukarıdaki ifadeler gösteriyor ki, devlet, adaletin nizamın saadetin bir sembolüdür. Devletin olmadığı yerde bir kargaşa, bir bozukluk ve huzursuzluk mevcuttur. Eski Türk devlet anlayışına göre devlet, halka hizmet etmek için vardır. Onun en basit ihtiyaçlarını dahi karşılamak devletin asli vazifesidir. Orhun Kitabesinde Göktürk Kaganı "Zengin bir millete gönderilmedim, Türk milleti az idi çoğalttım, açtı doyurdum, çıplakdı giydirdim, kuşattım."[24] Diye hizmetlerini sıralar. Aynı örneği Dede Korkut'ta da görmekteyiz. "Dirse Han dişi ehlinin sözüyle ulu toy eyledi, hacet diledi. Atdan aygır, deveden buğra, koyundan koç kırdırdı. İç Oğuz, Taş-Oğuz beglerin üstüne yığınak etdi; aç görse doyurdu; yalınç görse donatdı; borçluyu borcundan kurtardı; depe gibi et yığdurdu; göl gibi kımız sağdurdu."[25]

---

[11] Orhan Şaik Gökyay, *Dedem Korkudun Kitabı*, İstanbul 1973, s. 6.
[12] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s. 35.
[13] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s. 84.
[14] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s. 83.
[15] Dede Korkut coğrafyası ile ilgili olarak bak.: Üçler Bulduk, "Dede Korkut Destanları'nda Ortak Kültür Unsuru Olarak Yaşatılan Coğrafya", *Yeni Türkiye*, yıl 3, sayı 15 (1997), C. I, s. 466-471.
[16] Yenikent Oğuzların "Kışlak Merkezi" idi; Faruk Sümer, "Oğuzlara Ait", s. 378; Victor, M. Jirmunskiy, "Sir Derya Boylarında Oğuzlara Dair İzler", *Belleten*, 1961, C. XXV, s. 471-483.
[17] Ebulgazi Bahadır Han, *Şecere-i Terakime*, s. 56.
[18] M. Ergin, *a.g.e.*, s. 108; Bu kelimeyi "Şirögüven" olarak okumuştur.
[19] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s.125; M. Ergin, *a.g.e.*, s. 108.
[20] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s.129; M. Ergin, *a.g.e.*, s. 112.
[21] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s.1335; M. Ergin, *a.g.e.*, s. 115.
[22] M. Ergin, *Dede Korkut Kitabı*, s. 54.
[23] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s. CCXXXVI.
[24] M. Ergin, *Orhun Abideleri*, s. 39.
[25] O. Ş. Gökyay, *a.g.e.*, s. 6.

Beyliğin kazanılması, içtimai hayatın düzenlenmesi için bu eski anlayış canlı tutulmuştur. Kendisini doyuran, giydiren, refah ve mutluğa erdiren bir devleti kutlu kabul etmek pek tabiidir. Bu sebeple onlar, devletin başındakini de kutlu addetmişlerdir. Diğer Türk devletlerinde de bu anlayışı görmek mümkündür.[26]

Hanlar Hanı Han Bayındır

Dede Korkut Oğuzlarının başında hikâyelere göre Bayındır Han bulunmaktadır. F.Sümer, Bayındır Han'ın Akkoyunlu hanedanına yaranılmak için sonradan destana eklendiği ihtimalinden bahisle, "böyle bir durum olsaydı, Bayındır Han'ın babasının adının Kam Gan değil, Reşideddin Oğuznamesinde belirtildiği gibi "Gök Han" ismi ile anılması gerekirdi" demektedir[27].

Tarihi kaynaklar, Bayındır Boyunun, Üç Ok kolunun en asil soyu, mevkii bakımından en yüksek orunda bulunduğu fikrine iştirak ederler.[28] Bu boy, Yakın-doğu'da XIV-XV. yy'lar arakında güçlü bir devlet kuran Akkoyunlu Türkmenlerinin hanedanını meydana getirmekle tarihteki rolünü oynamıştır.[29]

Tarihi kaynaklarda verilen bilgileri bir tarafta bırakıp Dede Korkut kitabına dönersek, O'nun destanlarda geçen şekliyle, kimliğini açıklıkla müşahade edebiliriz. Basat'ın Depegöz'ü öldürdüğü boyda, devlet içinde Bayındır Han'ın ve Kazan Bey'in mevkileri gözler önüne serilmiştir.

Basat Tepegöz'e seslenir;

"Konduğumda göçtüğümde yerim gün ortaç
Karanlık gecede yolumu yitirsem umudum Tanrı
Büyük bayrak (âlem) taşıyan hanımız Bayındır Han
Savaş günü önden giden alpımız Ulaş oğlu Salur Kazan"[30]

Bayındır Han'ın maiyeti genel olarak bütün Oğuz beylerinden müteşekkildir. Nitekim Han, Kazılık Koca'nın kâfir elinden kurtulması için 24 sancak beyini Yigenek'in yanına verir. Kıyan Selçuk oğlu Delü Tundar, Eylik Koca oğlu Dülek Evren, Yağrınçı oğlu İlalmış, Deli Evren ve Soğan Saru ile bütün Oğuz erenleri, "Yigenek"e yoldaşlığa koşar.[31]

HÂKİMEYETİN TESİSİ VASITALARI

(Devlet Törenleri)

Hanlık Vazifeleri veya Hâkimiyet Alametleri:

1. Toy ve Yağma

Biz şölenin daha çok, eğlence, düğün gibi halkın iştirak ettiği, yeme-içme ağırlıklı bir toplantı olduğunu kabul ediyoruz. Ancak şölenlerde olsun, toy'larda olsun beylerin oturacağı yerler, yani orun ve mevkîleri belirli bir nizam çerçevesinde belirlenirdi. Ulaş oğlu Salur Kazan'ın vermiş olduğu toy'da yakınlarının orunları şu şekilde tasvir edilmiştir

